**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**

**Б.Осмонов атындагы  Жалал-Абад мамлекеттик университети**

**Профессор Ш.М.Ниязалиев атындагы философия жана гуманитардык илимдер кафедрасы**

ТОКОЕВА ГҮЛДАНА САМИДИНОВНА

**ОКУУ-УСУЛДУК КОМПЛЕКС**

# ФИЛОСОФИЯ

(“Экономика” жана “Юриспруденция” багытынын бакалавр квалификациясы үчүн)

Жалал-Абад, 2022

УДК: 101.3 (073)
ББК: 87. 4я73

Окуу-усулдук комплекс Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин усулдук кеңешинде талкууланып, бекитүүгө сунушталды. Протокол № __3__, 2022-жылдын 23-декабры.

**Рецензенттер:**
Шерматов А.О. – Ш.М.Ниязалиев атындагы философия жана гуманитардык илимдер кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу, улук окутуучу Б.Осмонов атындагы ЖАМУ.
Анарбекова В.Э. – тарых илимдеринин кандидаты, ИИМСИнин табигый-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын башчысы, доцент.

**Түзүүчү:**
**Токоева Гүлдана Самидиновна** – философия илимдеринин доктору, Ш.М.Ниязалиев атындагы философия жана гуманитардык илимдер кафедрасынын профессору.

"Философия" Окуу-усулдук комплекс. - Жалал-Абад, 2022. – 137 б.

Окуу-усулдук комплекс "Философия" курсун окуган студенттер үчүн ЖАМУнун "Окуу-усулдук комплекси" жөнүндөгү жобосуна ылайык даярдалды. Окуу-усулдук комплекс предмет боюнча лекциялык, практикалык сабактардын жана өз алдынча иштердин тематикаларын, студенттердин өз алдынча даярдануусу үчүн суроолордун топтомун, тесттик тапшырмалардын жыйнагын камтыйт.

Окуу-усулдук комплекс "Юриспруденция", "Экономика" багытынын студенттерине арналат.

© Токоева Гүлдана Самидиновна

## Киришүү

“Философия” предмети бакалавр квалификациясы үчүн 1-2-курстары окуучу базалык бөлүктөгү предмет болуп саналат. Окуу-усулдук комплекс экономика жана юриспруденция багытынын студенттери үчүн даярдалган. Окуу-усулдук комплекстин мазмуну, коюлган компетенциялары, студенттер эмнени билүү керектиги экономика жана юриспруденция багыттын Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык даярдалды. Окуу планына ылайык 4 кредитке эсептелип, белгиленген сааттарга дал келет.

Даярдалган окуу-усулдук комплекстин түзүмү Б.Осмонов атындагы ЖАМУда бекитилген окуу-усулдук комплекс жөнүндөгү жобого туура келет. Окутулуучу лекциялык, практикалык сабактардын темалары жана сааттары, студенттер өз алдынча аткаруучу темалардын мазмуну жана сааттары бөлүп көрсөтүлгөн.

Окуу-усулдук комплексте лекциялык темалардын кыскача мазмуну берилген. Ар бир темадан кийин студенттер өз алдынча даярдануусу үчүң суроолор жайгаштырылган. Ошондой эле окуу процессинде колдонулуучу ыкмалар, окуу-усулдук куралдар, баалоо каражаттарынын фонду берилген.

Философия предмети боюнча тарыхый-философиялык блок байыркы дүйнөдөн баштап азыркы учурга чейинки философиялык ойлорду камтыйт. Диалектикалык метод студенттерге философиялык ойлордун жана идеялардын өнүгүү эволюциясын тарыхый процесстин жалпы жүрүшү менен байланыштуу кароого мүмкүндүк берет. Методологиялык бөлүктө онтология, гносеология, аксиологиялык маселелер жана коомдун философиясы талдоого алынат.

## I. Дисциплинанын аннотациясы:

Философия, анын предмети, негизги маселелери жана функциялары. Байыркы дүйнө философиясы. Орто кылымдар философиясы. Кайра жаралуу доорунун философиясы. Жаңы доор философиясы. Немецтик классикалык философия. Кыргызстанда философиянын илим катары калыптанышы жана өнүгүшү. Заманбап философия. Болмуш жөнүндөгү окуу. Болмуштун өзүнөн өзү уюшулушу. Материя философиянын баштапкы категориясы катары. Диалектика жана анын альтернативалары. Дүйнөнүн диний, илимий жана философиялык түзүлүшү. Аң сезим жөнүндөгү философиялык окуу. Таанымжөнүндөгү философиялык окуу. Чындык теориясы. Адам, коом жана маданият. Коом система катарында. Жарандык коом жана анын тутуму. Адам философиясы. Баалуулуктар жөнүндөгү философиялык окуу. Диний жана эстетикалык баалуулуктар жана алардын адам жашоосундагы ролу. Адамзаттын келечеги. Учурдагы глобалдуу маселелер. Цивилизациялардын өз ара карым-катнашы жана келечектин сценарийи.

## II. Предметтин түшүндүрмөсү

### 1. “Философия” предметинин максаты жана милдеттери

Жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын студенттери окуп жаткан “Философия” предметинин негизги максаты катары мамлекеттик билим берүү стандарттарында каралган билим тутумуна жана зарыл болгон билимге жана билгичтикерге ээ болуу эсептелет. Коюлган максатка жетүү үчүн белгиленген компетенцияларды калыптандырууга багытталат. Ошондой эле философиялык билимдин өнүгүүсүнүн негизги тенденцияларын терең андап билүүгө, заманбап коомдогу жүрүп жаткан процесстерди түшүнүүгө арналган.

Философия предметинин тутуму философиялык ойлордун өнүгүүсүнүн картинасын гана үйрөнүүгө мүмкүндүк бербестен, заманбап философиянын актуалдуу маселелерин таанып билүүгө, илимий дүйнөтаанымдын калыптануусуна жол ачат.

Жогорку окуу жайынын студенттерине окутулуп жаткан “Философия” предметинин негизги милдеттери катары төмөндөгүлөр эсептелет:

- философиялык ойлордун негизги багыттары жана агымдары менен таанышуу;
- негизги философиялык категориялар жана жалпы илимий түшүнүктөр боюнча туруктуу билимдерди пайда кылуу;
- философиялык ой жүгүртүүнүн алгачкы көндүмдөрүн калыптандыруу;
- философиялык адабияттар менен иштөө көндүмдөрүн өркүндөтүү.

Философияны окуп-үйрөнүү илимий адабияттарда жана жогорку билим берүү системасында камтылган билимдердин ар түрдүүлүгүнө багыт берүүнүн негизги принциптерин да камсыз кылат.

Философия предмети философиялык билимдердин тарыхын изилдөөдөн башталат. Тарыхый-философиялык блок өзүнүн структурасында дүйнөлүк тарыхтын кеңири таралган мезгилдештирүүсүн кайталайт. Алсак, байыркы дүйнө, орто кылымдар, кайра жаралуу доору, жаңы доор жана соңку жаны

доордогу философия деп бөлүнөт. Бул бөлүктө философия тарыхындагы белгилүү мектептер, философиялык багыттар, агымдар жана окуулар жөнүндө сөз болот. Диалектикалык метод студенттерге философиялык ойлордун жана идеялардын өнүгүү эволюциясын тарыхый процесстин жалпы жүрүшү менен байланыштуу кароого мүмкүндүк берет.

Экинчи бөлүм жалпы философиялык проблемаларга арналат. Мында студенттерге мурда биринчи бөлүмдө алган материалдар боюнча алган билимдерин колдонууга мүмкүндүк берүүчү проблемалык-диалектикалык метод колдонулат.

2. **Негизги билим берүү программасынын түзүмүндөгү дисциплинанын орду**

"Философия" предмети мамлекеттик билим берүү стандартындагы жана ага ылайык түзүлгөн окуу планындагы гуманитардык жана социалдык-экономикалык циклдын базалык бөлүгүндөгү окуу дисциплинасы болуп саналат.

**3. Дисциплинанын өздөштүрүүгө карата коюлган талаптар:**

"Философия" предметин окуп-үйрөнүү процесси төмөндөгү компетенцияларды калыптандырууга багытталган:

**- жалпы илим компетенциялар (ЖИК)**

- курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдерди сын көз менен баалай жана колдоно алат, жашоонун, маданияттын баалуулуктарына багыт алат, жигердүү жарандык позицияны ээлей алат, адамдарга сый-урмат жана толерантуулукту көрсөтө алат (ЖИК-1);

**- социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК):**

- жеке адамдын же топтордун кесиптик ишмердүүлүгүндө максаттарга жетүүгө жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алат (СИЖМК-1);

**Философия предметин окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөндөгүлөрдү** ***билиши керек:***

- философиянын өзгөчөлүгү жана анын маданияттагы орду, дүйнөнүн илимий, философиялык жана диний сүрөттөлүшү, адам жашоосунун маңызы, максаты жана мааниси жөнүндө;
- адамдагы руханий жана физикалык, биологиялык жана социалдык жактардын байланышын, адамдын жаратылышка болгон мамилесин жана андагы адамдын жашоосунун биримдигин жана карама-каршылыктарын түшүнүү;
- адамзат билиминин көп түрдүүлүгүн, чындык менен жаңылыштыктын, билим менен ишенимдин, адам жашоосундагы рационалдуу жана иррационалдык байланыштарды, азыркы коомдогу билимдин өзгөчөлүктөрүн, руханий баалуулуктар жана алардын чыгармачылыктагы жана күнүмдүк турмуштагы мааниси жөнүндө.

***Билгичтикке ээ болуу /жасай алат:***

- интеллектуалдык жактан өнүгүүсү, маданий деңгээлин жогорулатуу, кесиптик компетенциясын жогорулатуу үчүн таанып билүүнүн ыкмаларын жана каражаттарын колдонот;
- маданияттын маңызын, анын адамдын жана коомдун жашоосундагы ордун жана ролун мүнөздөй алат.

***Көндүмгө ээ болуу/ ээ болот:***

- философия жөнүндө жана анын маданияттагы орду, дүйнө түзүлүшүнүн илимий, философиялык жана диндик сүрөттөлүшү, адам жашоосунун маңызы, багытталышы жана мааниси жөнүндөгү билимдерге;
- инсандын калыптануу шарттары, анын эркиндиги, жашоону, табиятты, маданиятты сактоо үчүн жоопкерчилиги жөнүндө көз караштарга; тарыхтын өнүгүүсүндөгү жана адамдын жүрүм-турумундагы зомбулук менен зомбулуксуздук маселесин, адамдын өзүнө жана башкаларга карата адеп-ахлактык милдеттерин түшүнүү;
- цивилизациянын өнүгүшүндө илимдин ролун, илим менен техниканын өз ара аракетин жана алар менен байланышкан азыркы социалдык-этикалык проблемалар жөнүндөгү идеяларды түшүнө билүү; илимий рационалдуулуктун баалуулугун жана анын тарыхый типтерин, илимий таанымдын структурасын, формаларын жана методдорун, алардын эволюциясын түшүнүү.

## III. Дисциплинанын түзүмү

### 1. Лекциялык жана практикалык сабактардын мазмуну

| Катар № | Лекциялык жана практикалык сабактардын темалары | Лек-циянын саны | Практика-лык сабактын саны | Өз алдынча иштердин темалары | Сааты | Өз алдынча ишти текше-рүү формасы | Учурдагы текшерүү-нүн формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Философия, анын предмети, негизги маселелери жана функциялары | 2 | 1 | Ф. Энгельс: «Л.Фейербах жана немецтик классикалык философиянын аягы | 4 | жазуу | |
| 2 | Байыркы дүйнө философиясы | 2 | 2 | Байыркы Чыгыш философиясы | 2 | оозеки | |
| 3 | Орто кылымдар философиясы | 1 | 1 | | | | |
| 4 | Кайра жаралуу доорунун философиясы | 1 | 1 | Кайра жаралуу доорундагы натурфилософия | 2 | оозеки | |
| 5 | Жаңы доор философиясы | 2 | 2 | Ф.Бэкондун философиясы | 2 | оозеки | |
| 6 | Немецтик классикалык философия | 2 | 2 | И.Кант, Г.Гегель жана Л.Фейербахтын философиясы | 4 | жазуу | |
| 7 | Кыргызстанда философиянын илим катары калыптанышы жана өнүгүшү | 2 | 2 | Ж.Баласагын жана М.Кашгаринин философиясы | 4 | жазуу | |
| 8 | Заманбап философия | 2 | 2 | XX кылымдагы философия | 4 | жазуу | |
| 9 | Болмуш жөнүндөгү | 1 | 1 | Онтология философиялык | 2 | оозеки | тест |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | окуу. Болмуштун өзүнөн өзү уюшулушу | | | окуу катары | | | |
| 10 | Материя философиянын баштапкы категориясы катары | 1 | 1 | В.И.Ленин: “Материализм и эмпириокритицизм” | 4 | жазуу | |
| 11 | Диалектика жана анын альтернативалары | 2 | 2 | Диалектиканын категориялары жана мыйзамдары | 4 | оозеки | |
| 12 | Дүйнөнүн диний, илимий жана философиялык түзүлүшү | 1 | 1 | Дүйнөнүн табигый-илимий сүрөттөлүшү | 2 | оозеки | |
| 13 | Аң сезим жөнүндөгү философиялык окуу | 1 | 1 | Аң сезим жана өздүк аң сезим | 2 | оозеки | |
| 14 | Тааным жөнүндөгү философиялык окуу | 1 | 1 | Илимий таанып билүү жана анын белгилери | 4 | оозеки | |
| 15 | Чындык теориясы | 1 | 1 | Практика чындыктын критерийи | 4 | жазуу | |
| 16 | Адам, коом жана маданият | 1 | 1 | | | | |
| 17 | Коом система катарында. Жарандык коом жана анын тутуму | 2 | 2 | Коом система катарында | 2 | оозеки | |
| 18 | Адам философиясы | 1 | 1 | Философиялык антропология | 4 | оозеки | |
| 19 | Баалуулуктар жөнүндөгү философиялык окуу | 1 | 1 | Аксиология философиялык окуу катары | 4 | оозеки | |
| 20 | Диний жана эстетикалык баалуулуктар жана алардын адам жашоосундагы ролу | 1 | 1 | | | | |
| 21 | Адамзаттын келечеги. Учурдагы глобалдуу маселелер | 1 | 1 | Учурдагы глобалдуу маселелер | 4 | оозеки | |
| 22 | Цивилизациялардын өз ара карым-катнашы жана келечектин сценарийи | 1 | 1 | Цивилизация жана маданият | 2 | оозеки | тест |
| | | 30 | 30 | | 60 | | |

## IV. Билим берүү технологиялары

«Философия» предметин окутууда биринчи кезекте окутуунун информациялык-коммуникативдүү технологиялары колдонулат. Бул аталган предметтин койгон максатына жетүүдө, сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууда, инсандын ар тараптан өнүгүүсүнө жетишүүдө негизги ролду ойнойт. Студенттердин коммуникативдик ишмердүүлүгүн калыптандырууга, окутуучунун заманбап технологияларды колдонуп, сапаттуу билим берүүсүнө шарт түзөт.

Окутуу процессинде сынчыл ойломду өнүктүрүү технологиясы колдонулат. Бул тигил же бул ой корутундуга карата сынчыл болууга, ага карата өзүнүн далилдерин айта билүүгө, жалган же адашууларга карата сынчыл болууга мүмкүндүк түзөт. Альтернативалуу варианттардын ичинен туурасын

тандоого, келечекке карата ой-пикирин билдирүүгө жана болжолдоолорду жүргүзүүгө шарт түзөт. Ошондой эле жеке өзүнүн пикиринде бекем туруугa, чечимдерди чыгарууга жана аны өзүндө кармана билүүгө жардам берет.

Саламаттыкты сактоо технологиялары предметти окутууда коюлган милдеттерди чечүү үчүн зарыл болуп саналат. Студенттин коопсуз жашоосун камсыз кылуу жана сергек жашоо образын уюштуруу үчүн көндүмдөрдү калыптандырууда ушул ыкма маанилүү болуп саналат.

Проблемалуу окутуу технологиясы философияны окутууда маанилүү ролго ээ. Студенттердин сапаттуу билим алуусу үчүн окутуучу тигил же бул маселе боюнча маалыматтын булагын гана айтып, алардын ой жүгүртүүсүнүн туура багытталуусуна, өз алдынча изденүүсүнө түрткү берет. Бул ыкма студенттердин тигил же бул маселени чечүүгө болгон аракетин жогорулатат, активдүүлүгүн жаратып, коюлган көйгөйдүн үстүндө иштөөгө багыттап, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн жогорулатат.

Философия предметин окутууда оюн технологиясы да колдонулуп, студенттин физикалык, интеллектуалдык, эмгек, социалдык жана психологиялык жактан калыптануусуна чоң түрткү берет. Оюн технологиясын колдонууда сюжеттик, ролдук, ишкер, имитациялык жана драмалаштыруу сыяктуу технологиялар колдонулуп, студенттердин ар тараптуу өнүгүүсүнө, белгиленген компетенциялардын калыптануусуна мүмкүндүк түзөт. Бул технологияны колдонуу билимдерди эркин жана жөнөкөй формада текшерүүгө, студенттердин тигил же бул кыйынчылыктарды жеңүүдөгү тоскоолдуктарын жана коркунучтарын жокко чыгарууга жардам берет.

**http://ktgs.ru/upload/ReznikovaAA/Infa/MetodicheskoePosobieLasuchenkova.pdf**

## V.Студенттердин билимин текшерүү системасы

"Философия" курсу боюнча студентердин билимин баалоо ар түрдүү формада жүрөт. Лекциялык жана практикалык сабактарда студенттердин билими алардын активдүүлүгү, сабактарга катышуусу, өз алдынча иштерди аткаруусу жана компетенциясынын калыптанышы менен бааланат. Студенттердин билимин текшерүүнүн жолу болуп учурдагы текшерүү эсептелет. Мында студенттердин ар бир лекцияга жана практикалык сабактарга катышуусу, өздөштүргөн билими, компетенциялары бааланат. Студенттердин учурдагы билимин баалоо оозеки айтып берүүсү, жазуу иштери, практикалык сабактардагы активдүү иш-аракеттери аркылуу да бааланат. Жумушчу программада белгиленген темаларга ылайык студенттер өз алдынча иштерди оозеки жана жазуу жүзүндө тапшырышат. Ушул багыттагы аткарган иштери реферат жүзүндө, конспект жазуу же оозеки формада болушу мүмкүн. Алар күтүлүүчү натыйжага ылайык бааланат. Семестр ичинде студенттер эки модул тапшырышат. Мында студенттер тесттик тапшырмаларды АВН программасына жүктөлгөн суроолорго жооп берүү менен чектелишет. Философия боюнча жыйынтыктоочу текшерүү ЖАМУнун студенттердин билимин текшерүү жөнүндө жобого ылайык АВН информациялык системасында окуу предмети

соңуна чыкканда, бекитилген графикке ылайык жүргүзүлөт. http://tkmp.narod.ru/pdf/konferen/2010feb7.pdf

## VI. Баалоо каражаттары

Баалоо каражаттары Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 22.06.2018-жылдагы № 8 токтому менен бекитилген «Студенттердин учурдагы жетишүүсүн жана аралык аттестациясын текшерүүдө баалоо каражаттарынын фондун түзүүнүн тартиби» жөнүндөгү жобосун жетекчиликке алып иштелип чыкты. Жобого ылайык студенттердин билимин баалоонун негизги формасы болгон тесттик тапшырмалар жана өз алдынча даярдануусу үчүн суроолор берилди.

## VII. Философия предметинин окуу-усулдук жана маалыматтык жактан камсыздалышы:

### 1 а) Негизги адабияттар


1. Введение в философию: Учебное пособие/под ред. И.Т. Фролова и др. - М.:Республика, 2005.
2. Алексеев П.В., Панин А.В. Философия: Учебник.- М.: Проспект, 2020. – 592 с..
3. Боженов А.Э. Основы философии. Учебное пособие. – М.: Аспект Пресс, 2019. – 608 с.
4. Демина Л.А., Малюкова О.В., Бучило Н.Ф. Философия: Учебник. - М.: Проспект, 2020. – 360 с.
5. Канке В.А. Философия. Курс для бакалавров: Учебник. - М.: Логос, 2005.
6. Миронов В.В. Философия. - М.: Проспект, 2019. – 240 с.
7. Спиркин А.Г. Философия. - М.: Гардарики, 2006.
8. Философия. Учебник / ред. Чумаков А.Н. – М.: Вузовский учебник. Инфра-М, 2016. – 432 с.


### 1б). Кошумча адабияттар


1. Губин, В.Д. Философия: учебник / В.Д.Губин. – М.: Проспект, 2017. – 332 с.
2. Марков, Б.В. Философия: для бакалавров и специалистов / Б.В.Марков. – Санкт-Петербург [и др.]: Питер, Питер Пресс , 2017. - 426 с.
3. Нижиков, С.А. Философия: учебник: по дисциплине «Философия» для студентов-бакалавров всех специальностей и направлений / С.А.Нижиков. – Москва: Инфра-М, 2017. – 459 с.
4. Философия: Учебник / Под ред. Лавриненко В.Н. - М.,2004.
5. Философия: Учебник/Под ред. Миронова В.В. - М.: Норма, 2005.
6. Алексеев В.О. Философия. Конспект лекций. - М.,2008.
7. Алексеев П.В. Социальная философия: Учебное пособие. - М., 2004.
8. Барковская А.В., Хомич Е.В. Философия: ответы на экзаменационные вопросы. - М., 2009.
9. Бокошов Ж.Б. Философия. Окума. – Жалал-Абад, 2001.

10.Ильин В.В. и др. Философия: экзаменационные ответы для студентов ВУЗов. - М.,2009.
11.Канке В.А. История философии: Учебное пособие. - М.: Логос, 2005.
12.Миронов В.В.,. Иванов А.В. Онтология и теория познания: Учебник.- М.: Гардарики, 2005.
13.Орлов С.В. История философии. Краткий курс. -М., 2009.
14.Хрестоматия по философии: Учебное пособие/Сост. Абдуллин А.Р. -М., 2003.
15.Рассел Бертран. История западной философии. -М., 2006.
16.Токоева Г.С. Философия тарыхы. Окуу куралы. – Бишкек, 2009.

**1в). Сөздүктөр жана маалымат берүүчү булактар**

1. Новейший философский словарь / Сост. Грицанов А.А. М., 2003.
2. Философский энциклопедический словарь. – М., 1989.

**2.Программалык жактан камсыздалышы:** Философия боюнча аудиториялык сабактарды өтүүдө Microsoft Word, Excel, Point Power программалары, ZOOM платформасы колдонулат

**3. Маалымат базасы, маалымат-сурап билүүчү, издеп табуучу системалар:**

Дисциплина боюнча «Кирлибнет» китепканасынын базасы, интернет ресурстар ж.б. колдонулат. Мындан сырткары төмөндөгү интернет материалдары сунушталат:

1. Борисов С. В. Основы философии : рек. научно-метод. советом по философии Минобрнауки России в качестве учеб. пособия для студентов вузов / С. В. Борисов - М.: Флинта, 2010. - 424 с. -URL: http://www.biblioclub.ru/54540_Osnovy_filosofii_uchebnoe_posobie.html
2. Борисова Е. М. Философия : Учеб.-практ. пособие / Борисова Е. М. Джохадзе Н. И. - М. : Евразийский открытый институт, 2011. - 414 с. - URL: http://www.biblioclub.ru/90885_Filosofiya_Uchebno-prakticheskoe_posobie.html
3. Вечканов В. Э. Философия : Курс лекций / Вечканов В. Э. - М. : Ай Пи Эр Медиа, 2010. - 209 с. - URL: http://www.biblioclub.ru/book/78814/
4. Канке В. А. Современная философия : Учеб. / Канке В. А. - М. : Омега-Л, 2010. - 336 с. - URL: http://www.biblioclub.ru/book/54702/
5. Чуешов В. И. Философия : Курс лекций / Чуешов В. И. Таркан И. И. - Минск : ТетраСистемс, 2012. - 272 с. - URL: http://www.biblioclub.ru/111909_Filosofiya_Kurs_lektsii.html
6. Якушев А. В. Философия : Конспект лекций : Учеб. пособие / Якушев А. В. - М. : А-Приор, 2009. - 241 с. - URL: http://www.biblioclub.ru/book/56282/

**4.Дисциплинанын материалдык-техникалык жактан камсыздалышы:**

Философия предметин окутууда университеттин компьютердик класстарындагы компьютерлер, мультимедиялык презентациялоочу жабдыктар, атайын слайддар колдонулат.

## VIII. Дисциплинанын кыскача мазмуну

### Тема 1. Философия, анын предмети, негизги маселелери жана функциялары

1. Философия илим катары. Философиянын универсалдуу проблемасы
2. Философия жана дүйнөтааным. Дүйнөтаанымдын тарыхый формалары жана формалары
3. Философиянын жалпы маселелери. Философия методология катары.
4. Билим системасында философиянын орду жана ролу. Философиянын негизги функциялары

Бул теманын алкагында философиянын илим катары пайда болушу, анын жалпы маселелери, философиянын дүйнөтаааанымдын бир формасы катары көрүнүшү, философия жалпы методология катары кызмат аткарышы, анын билимдер системасындагы орду жөнүндө сөз болот. Андан сырткары дүйнөтааным деген эмне, анын типтери жана формалары кайсылар деген сыяктуу маселелер, философиянын жалпы илими катары аткарган кызматы каралат.

Ар бир философияны окуган же ага кызыккан инсан бул терминдин келип чыгышы жана ал эмнени билдире тургандыгы жөнүндөгү суроолорду коет. Ошондуктан ушул термин эмнени билдирет. Ал качан пайда болгон, кайсы жерде колдонулгандыгы жөнүндөгү маселеге токтоло кетели. «Философия» термин катары Антикалык Грецияда пайда болгон. Философ деген сөздү алгачкылардан болуп колдонгон ойчул байыркы грек ойчулу Пифагор (болжол менен б.з.ч. 580-500жж.) болгон. Ал философиянын маңызы чындыкка жетүү экендигин айтат. “Философия” - гректердин и phileo (сүйөмүн) жана sophia (акылмандык) деген эки сөзүнөн келип чыгып “акылмандыкка болгон сүйүү” дегенди билдирет. Ал эми сүйүүнү акылмандыкка карата алганда билимге болгон умтулуу, акылмандыкка болгон сүйүү деп түшүнүшкөн. Гректердеги дагы бир “софисты” ( грекче sophistes – чебер, устаз, сүрөтчү) деп аталган философиялык багыты философиянын башкы милдети катары шакирттерин акылмандыкка үйрөтүү деп түшүнгөн. Бирок акылмандыкты чындыкка жетүү катары эмес, ар ким өзү туура жана пайдалуу деп эсептегенди далилдөө чеберчилиги деп кабылдашкан. Ал эми белгилүү ойчул Платон (жашаган мезгили – б.з.ч.- 428/427 – 347 жж.) адам үчүн түбөлүктүү жана абсолюттук болгон чындыкты таанууну философиянын негизги милдети катары түшүнгөн. Ал эми гректердин дагы бир ойчулу Аристотель (б.з.ч. 384-322-жж. жашаган) философиянын милдети болуп жалпы болмушту таануу, ал эми предмети катары болмуштун себеби эсептелерин билдирет.

Демек, философия – бул дүйнө, адам жана адамдын дүйнөдөгү орду жөнүндөгү илим. Ушул эле түшүнүк менен биз бүтүндөй бир толук, ар тараптуу мүнөздөмө бере алдык деп айтууга болбойт. Дагы тереңирээк карасак, философия – бул табият, коом, адам жана алардын өз ара карым-катнашы, өсүп өнүгүп турушунун жалпы мыйзам-ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илим деп айтабыз. Ошол эле учурда философия – бул дүйнөкараш; дүйнөкараштын эң жогорку деңгээли жана формасы болуп саналат. Ал гана эмес, философия – бул методология деп да айта алабыз. Анда эмесе кеп ушул багытта болсун.

Ошентип, байыркы мезгилде  пайда болгон философияны бүгүнкү күндө илим, жогорку окуу жайдын студенти окуган предмет катары окутуп жатабыз. Философия илиминин предмети кайсы, эмне маселелерди изилдейт деген суроо бардык ушул предметти окугандарда пайда болот. Андыктан ушул маселеден баштасак.

Дегеле ар бир илимдин изилдей турган башкы, маанилүү, өзөктүү маселеси болот. Ошондой маселени философияда универсалдуу деп коет. Философиянын андай маселеси катары бар болуп, реалдуу жашап турган дүйнө жана адам маселеси кабылданат. Аалам деген эмне, адам деген эмне жана “дүйнө-адам”карым-катнашы кандай жолдор менен болот деген суроо эң башкы ,жалпы маселеси.

Ушул эле өтө жалпы маселенин алкагында **рух менен табияттын, ой менен чындыктын карым катнашы** кандай жүрөт деген суроо да түйшөлтүп келген. Бул философиядагы негизги маселе катары философтордун ой жүгүртүүсүнүн негизин, талаш-тартышынын суроосун, талкуунун жана кайчы пикирлердин жаралуусунун себеби болгон. Натыйжада философия тарыхында бири бирине карама-каршы турган көз караш жаралат. Биринчилери руханийликти, ойломду, ой чындыгын алгачкылык катары кабылдап, аны негизги деп эсептеген философтор. Аларды философияда **идеалисттер** деп аташкан. Ал эми буларга каршы пикирде туруп, табиятты, материалдык дүйнөнү биринчилик катары карагандар **материалисттер** деп аталган. Ошентип, *рухтун табиятка, ойдун материалдыкка карата болгон мамилеси философиядагы негизги маселе катары эсептелет*.

Инсан катары калыптанып, коомдо белгилүү бир социалдык ролду аткарып, өзүнүн ордун тапкан ар бир адам өзүнүн жеке турмушуна байланыштуу гана маселелерди чечүү менен алектенбестен, жалпы терең мааниге ээ болгон суроолорду коюп ойлонот, пикирин билдирет, пикир келишпөөчүлуктөр болсо, талаш-тартыш жолу менен көз карашын бекемдейт. Мына ошондой суроолор катары: Дүйнө деген эмне?, Адам деген эмне?, Киши жашоосунун маңызы эмнеде? Бар, реалдуу болуп турган нерселердин негизин эмне түзөт? ж.б. эсептелет. Бул суроолордун үстүндө ой жүгүрткөн адам алган билиминин негизинде, турмуштан алган тажрыйбасына ылайык ой жүгүртөт. Башкача айтканда анын дүйнөтаанымы кандай болсо, ошол формада же деңгээлде ойлонот жана пикирин билдирет. Ушуга байланыштуу дүйнөтааным деген эмне деген суроо жаралат.

Бириинчи теманын алкагында биз дүйнөтаанparam жана анын типтери, формалары жөнүндө маалыматка ээ болобуз. Эмесе, дүйнөтааным деген эмне? – деген суроого жооп берели.

Дүйнөкараш же дүйнөгө болгон көз караш (мировоззрение) – адамдын кимдигин, кандайлыгын аныктаган башкы белги. Философиялык окуу китептерде дүйнөтаанымга түшүндүрмөлөр берилип келген. Биз да анын маани маңызына токтоло кетели.

Дүйнөтааным – бул адамдын жалпы дүйнө жөнүндөгү, анын дүйнөдөгү орду жөнүндөгү көз караштарынын жыйындысы; адамдын дүйнөгө карата мамилеси, ишенимдери, сезимдери жана идеалдары, жүрүм-туруму жана баалуулуктары.

Дүйнөтааным бир нече элементти өзүнө бириктирип турган бүтүндүк. Ал адамдын турмуштук-практикалык, кесиптик, илимий жана башка билимдеринин топтомун камтыйт. Жакшылык жана жамандык, кооздук жана сулуулук, адилеттик жана адилетсиздик жөнүндөгү баалуулуктардын системасы калыптанат жана жүрүм-турумга ээ болот. Ушуга жараша дүйнөтааным калыптанат. Практикалык ишмердүүлүгү адамдын дүйнөтаанымынын көрүнүшүн шарттайт, б.а. моралдык, этикалык, эстетикалык баалуулук позицияларынын көрүнүшү аркылуу дүйнөтаанымдын чагылдырылышы ишке ашат. Жөнөкөй сөз менен айтканда, адам кандай жүрүм турумга ээ болсо, ошого жараша анын дүйнөтаанымы көрүнөт же реализацияланат Башкалар анын кимдигин билет, аны тааныйт, көрөт жана баа берет.

Дүйнөкараш тарыхый жактан калыптанган жана адамзаттын коомдук өнүгүүсүндө өнүгүүгө дуушар болгон реалдуулук. Ушуга жараша анын типтери айырмаланат. Философия илиминде дүйнөкараштын типтери катары **мифология, дин жана философия** эсептелет.

Мифология – коомдук өнүгүүнүн алгачкы мезгилинде пайда болгон, кандайдыр бир сырткы же жогорку күчкө ишенүү үстөмдүк кылган, адамдардын жашоосун, табияттагы кубулуштарды алардын аракети менен тыгыз байланыштырып караган дүйнөнү түшүнүүнүн бир тиби. Мифтик дүйнөкараш эмпирикалык билимдердин топтому, диний ишенимдери, саясий, этикалык ж.б. көз караштары топтоштурулуп, аң сезимдин формасы катары болгон. Ал кайсы мезгилде жаралса, ошол доордун дүйнөкараштык позициясын чагылдырган.

Миф бир нече кызматты аткарган, алардын негизгиси катары: муундардын байланышын камсыз кылуусу; өткөн мезгил менен келечекти байланыштыруу; жүрүм-турумдун, баалуулуктардын калыптануусунун негизи катары кызмат кылуусу; тигил же бул реалдуулук жөнүндө жамааттык көз караштын калыптануусу эсептелет.

Философия илимин окуп, анын маселелерин үйрөнүп жаткан ар бир адамдын оюнда миф тигил же бул деңгээлде коомдук аң сезимдин пайда болушунда ролу чоң экендигине ынанат. Дүйнө, адам жана анын дүйнөдөгү

орду жөнүндөгү маселе кийинчерээк динди да кызыктырып, ал тууралуу ой жүгүртүүсүн шарттаган.

Дин дүйнөкараштын бир тиби катары калыптанып, жогорудагы маселелерге карата философиядан айырмаланган көз караштЫ берет. Анын пикиринде дүйнө бул жана тиги деп аталган эки бөлүккө ажырайт да, бул дүйнө – азыр адам жашап тиричилик жүргүзүп жактан убактылуу жалган дүйнө; тиги дүйнө – адам өлгөндөн кийин кеткен түбөлүктүү чын дүйнө. Дүйнөнүн, адамдын бар болуп, жашап турушунун себепкери – Кудай – жогорку күч; ал баарын жаратат, баарын орду-ордуна коет жана каалоосу боюнча бул дүйнөдөгү жашоосунун бүтүүсүн шарттайт.

Дин жалпы дүйнөкараштык маселелерди талдоого алып, адам жашооосунун жалпы нормаларын жана адеп-ахлактык принциптерин, жакшылык жана адилетттик, сабырдуулук жана чыдамкайлык сапаттарды жогору баалайт. Диндин тарыхый-маданий ролун адамдарды руханий, адеп-ахлактык сапаттарга чакыргандыгынан, биримдикке тарбиялагандыгынан, ар түрдүү тилдик жана маданий жактан айырмачылыгына карабастан жалпы адамзаттык баалуулуктарга чакыргандыгынан көрөбүз.

Дүйнөкараштын дагы бир тиби катары философия эсептелет. Миф менен динден айырмаланып, философия дүйнөнү акыл менен логикалык ой жүгүртүүнүн негизинде таанып билүүнү шарттайт. Ал дүйнө, адам жана адамдын реалдуулуктагы орду жөнүндөгү маселени теориялык жана логикалык жактан терең талдоого алып, илимий негизде берүүгө аракет кылат.

Дүйнөтаанымдын түзүмүндө чындыкты чагылдыруунун маңызы, тереңдиги боюнча анын деңгээлдери айырмаланат. Философия илиминде белгилүү болуп калган төмөндөгүдөй деңгээлдери көрүнөт:

1. Дүйнөнү туюп сезүү; бул болмуштун, реалдуулуктун кээ бир сырткы, бир караганда көрүнчүдөй болгон жактарынын гана таанылышы; бул дүйнөнүн калыпка салынбаган көрүнүшү; мында дүйнө эмоционалдуу- образдуу чагылдыруу табат.
2. Дүйнөкабылдоо – сезимдер менен туюмдар үстөмдүк кылган, дүйнөнүн кандайдыр бир жалпыланган түспөлүнүң, өң-турпатынын, түзүлүшүнүн берилиши; дүйнө жөнүндө белгилүү бир тутумдук көз караштын пайда болушу.
3. Дүйнөтааным – чындыкты чагылдыруунун эң жогорку деңгээли, ал логикалык ой жүгүртүү жана теориялык таанып билүү менен тыгыз байланышкан.

Демек, ар бир адамдын тигил же бул реалдуулукка карата көз карашы терең ой жүгүртүлүп таанылган, же үстүртөн кабылдоо менен чектелген болушу мүмкүн; ушуга жараша анын дүйнөкарашы калыптанат.

Философиялык дүйнө караш – дүйнөтаанымдын жогорку деңгээли, жана формасы, рационалдуу ой жүгүртүүгө, логикалык жактан далилдөөгө негизделген дүйнөкараштын теориялык мүнөздөгү тиби.

**Философиянын жалпы маселелери. Философия методология катары.**

Философия башка илимдер сыяктуу өзүнүн изилдөө предметине ээ. Философиялык билимге таандык болгон болгон маселе кайсы, анын предмети эмне деген суроо жаралат.

Философия – дүйнө, адам, коом жана адамдын дүйнөдөн алган орду жөнүндөгү жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү окутуучу илим. Анын изилдөө предмети кайсы экендигин философиянын жалпы жана өтө жалпы маселелерин талдоодо аркылуу ачык көрүүгө болот. Эмесе философиянын жалпы маселелери кайсылар, ошого токтололу:

1. **Болмуштун жалпы маселелерин изилдөө**. Мында болмуш деген эмне, ал кантип бар болуп турат жана кантип таанылат, тескерисинче, болмуш эмес деген эмне ж.б. у.с. суроолорго жооп берилет. Ошондой эле бар менен жоктун диалектикалык байланышы, бар кантип жокко айланат деген суроолор менен бирге табияттын болмушу, адам болмушу, руханий болмуш жана социалдык болмуш сыяктуу болмуштун формалары изилдөөгө алынат. Философияда ушул маселелерди караган атайын окуу бар, аны **онтология** деп айтабыз.

Онтология гректин ontos – барлык, болум жана logos – окуу деген сөздөрүнөн куралып, “болмуш жөнүндөгү окуу” дегенди билдирет. Бул болмуш жөнүндөгү философиялык окуу жана анын бир бөлүгу катары эң чоң мааниге ээ.

Онтологиянын алкагында **монизм, дуализм жана плюрализм** деп аталган агымдар айырмаланат. Монизмде (гректердин monos – “бир”, “жалгыз” деген сөзүнөн алынган) дүйнө бир гана башбашталмадан турат деген көз караш үстөмдүк кылат. Бул окуу боюнча аалам, дүйнө, реалдуулуктун башбашаты катары де материалдык же идеалдык башбашат кабылданат. Буга мисал катары идеалисттик көз караштагы философтордун дүйнө рухтан башат алган же кудурети күчтүү Кудай баарынын себепкери болуп саналат деген көз караштты айтууга болот. Же болбосо материалисттик көз караштагы ойчулдардын табият алгачкылык касиетке ээ, ал бардык нерсенин башаты, негизи, баары ушул табият аркылуу бар болуп турат деген пикири монизмге мисал боло алат. Тагыраак айтканда монизм материалисттик же идеалисттик деп аталган эки түрдө көрүнөт. Философия тарыхында табиятты алгачкы баш башат катары кабылдап, негиз катары материалдыкты талдоого алган багыт материализм деген атка ээ болгон. Ал эми идеяны, рухту биринчилик, негиз, башбашталма катары тааныган багыт философия тарыхында идеализм деген аталышта белгилүү болуп келүүдө.

Дуализм (гректердин dualis – “экилтик”, “кош” деген сөзүн билдирет) эки башбашталманы бирдей тең кабылдаган, дүйнөнүн негизин бири бирине көз каранды болбогон эки – материалдык жана рухий башбашат түзөт деп ырастаган философиялык окуу.

Философияда ушул эки көз караш менен катар эле плюралисттик пикир да орун алган. Плюрализм (латынча pluralis –“көптөгөн” “көп сандаган” дегенди билдирет) – дүйнөтүзүлүшүнүн негизинде көптөгөн, бир нече башбашат турат деп ырастаган философиялык окуу. Мында болмуштун

көрүнүшү катары жер, суу, аба, от ж.б. у.с. эсептелет да, дүйнөтүзүлүшүнүн негизи катары кабылданат.

Демек, философия изилдей турган бирден бир предмети болуп болмуш жана формалары, анын ар түрдүү абалда көрүнүшү сыяктуу маселелерди талдоо эсептелет.

2. Философиянын изилдөөсүнүн предмети катары **таанып билүүнү жалпы маселелерин талдоо** турат. Дүйнөнү таанып билебизби же билбейбизби, таанымдын мүмкүнчүлүктөрү кандай деген суроолор, анын ыкмалары, максаты жөнүндөгү ойлор да философиянын өтө кызыккан маселелеринен. Ошол эле учурда таанып билүү деген эмне, ал кантип жүрөт, анын маңызы эмнеде, таанып билүүнүн объектиси жана субъектиси дегенде эмнени билебиз, чындыкка жетүүнүн жолу кандай жана ал эмнелер аркылуу тастыкталат деген сыяктуу суроолор философиянын изилдөөсүнүн башкы суроолору. Философияда ушул маселелерди изилдеген окуу **гносеология** деп аталат. Ал гректердин gnosis жана logos деген эки сөзүнөн туруп, тааным жөнүндөгү, билим жөнүндөгү окуу дегенди түшүндүрөт. Демек, гносеология да философиянын изилдөөсүнүн дагы бир маанилүү бөлүгү.

3. Жогоруда белгилеп кеткендей философияны адам жөнунөгү илим деп да айтууга болот. Ошондуктан анын изилдөөсүнүн бир багыты адам маселесине арналган. Башкача айтканда философия **адам болмушунун жалпы жана маанилүү маселелерин изилдөөгө** багытталган. Философия илим катары калыптанып жатканда эле адам деген эмне, ал кантип жашайт, жашоосунун маңызы эмнеде, анын бактысы эмне менен аныкталат, жакшылык жана жамандык дегенди кантип баалайт ж.б. суроолор түйшөлткөн. Философиянын бул маселелерди изилдеген бөлүмү **философиялык антропология** деп аталат.

**4.** Адам кайда жашайт, ал ким менен карым-катнашта болот, анын социалдык талаптары кайсы жерде орундалат деген суроолор жаралышы мүмкүн. Анан албетте, ал маселелер коом аркылуу байланышта болорун айтабыз. Ошондуктан философянын изилдөөсүнүн дагы бир багыты **коомдун жашап жана өнүгүп туруусунун жалпы маселелерин изилдөө** болуп саналат. Анткени адамдын инсан катары калыптанып, социалдык ролдорду аткаруусу коом аркылуу жана коомдо жүрөт. Философиянын коом маселесин изилдеген бөлүгү социалдык философия деп аталат.

Философия илими башка илимдер менен байланышы кандай жана эмнеси менен айырмаланат деген да суроо жаралышы мүмкүн. Ооба, философия башка илимдерден өзүнө тиешелүү ыкмалары бар экендиги менен айырмаланат. Ошондуктан философиялык ыкмаларды билүү да маанилүү. **Философиялык ыкмалар** – философиялык маселелерди изилдөөнүн жолдору, тигил же бул жактары жана жол-жобосу. Мындай философиялык ыкмалар катары **диалектика, метафизика, эклектика, догматизм, софистика, герменевтика** ж.б. эсептелет.

Диалектика байыркы грек сөзү “диалетике” – сүйлөшө, аңгемелеше билүүнүн өнөрү же искусствосу деген мааниде. Учурда бул термин философиялык изилдөө ыкмасы катары колдонулат. Дүйнөдөгү бардык

нерселер өз ара карым-катнашта, байланышта жана бири бири менен шартталгандыгын тааныган окуу. Диалектика боюнча карама-каршылык өнүгүүнүн булагы катары кабылданып, бардык кубулуштар, процесстер кыймылда жана өнүгүү абалында турат.

Метафизика да философиянын бир ыкмасы катары таанылат. Бул терминдин мааниси кандай деген суроо жаралышы ыктымал. "Метафизика" сөзүнүн келип чыгышы байыркы грек ойчулу Аристотелдин ысмы менен байланыштуу. Анын философиялык чыгармасынын аталышы ушундайча аталган деген пикири орун алган. Ал эми философиялык ыкма катары метафизика дүйнөнү жана андагы бардык нерселерди бири бири менен байланышсыз, карым-катнашсыз кабылдайт. Бул окууда сандык жактан өзгөрүүлөргө гана басым жасалып, өнүгүү көмүскөдө калат. Кыргызда айтылып жүргөндөй бар-жок, өйдө-ылдый деп аталган байланыштар бири-бирисиз, байланышсыз өзүнчө каралат. Философияда бул ыкманы диалектикага каршы турган, анын альтернативасы болгон көз караш катары талдашат.

Догматизм да жогоруда белгиленгендей философиялык ыкма катары көрүнөт. Бул көз караш боюнча чындык же башка реалдуулук баштатан эле берилген же орнотулган абсолюттук түрдөгү чындык түрүндө кабылданат. Мында "догма" деген терминге маани берүү керек. Бул байыркы грек тилинен которгондо "пикир", "окуу", "чечим" дегенди билдирет. Сынга алууга болбогон, түбөлүктүү өзгөрүлбөс деп эсептелген принциптерге таянган ой жүгүртүүнүн ыкмасы.

Эклектика – философиялык ыкмалардын бири; мында ар түрдүү бири бирине окшобогон жана жакындашпаган, ал турсун карама каршы, бири бирин жокко чыгарып танган теорияларды, көз караштарды, идеяларды жана окууларды жасалма түрдө бириктирүүгө аракет жасалат.

Философиялык ыкмалардын дагы бири – софистика. Ал кандайдыр бир так эмес, ачык көрүнбөгөн логикалык маалыматтарга таянып, жеке пайдасы үчүн гана өзүнүн тууралыгын далилдөө ыкмасы дегендикти туюндурат. Байыркы гректердин "софисттер" деп аталган философиялык агымы менен байланыштуу келип чыккан. Бул талаш-тартыш, дебат (заманбап термин менен айтканда) учурунда чындыкты далилдебестен өзүнүн тезисин, жеке пикирин билдирүүнүн жолу, талаш тартышта жеңишке жетишүүнүн ыкмасы болуп саналат. Көпчүлүк учурда эл алдында чыгып сүйлөөнүн чеберчилиги, оратордук тажрыйбанын өнүгүүсү үчүн колдонулат.

Герменевтика да учурдагы философиялык ыкмалардын бири катары кабылданат. "Герменевтика" байыркы грекчеден которгондо "талдоо жүргүзүүнүн чеберчилиги" дегенди туюндурат. Байыркы гректердин классикалык мааниге ээ болгон чыгармаларынын маани маңызын, б.а. тексттердин маңызын талдоонун чеберчилиги, интерпретациялоонун жолу катары таанылат. Ал эми заманбап философияда философиялык чыгармаларды, тексттерди туура окуунун жана анын маанисин туура кабылдоонун ыкмасы катары билебиз.

**Философи илиминин башка илимдер менен байланышы жана орду. Философиянын негизги кызматы.**

Философия илим катары б.з.ч. I миңинчи жылдыктын орто ченинде калыптанат, тагыраагы, б.з.ч. VI кылымда Байыркы Египет, Кытай, Индия жана антикалык Грецияда пайда болот. Учурда анын онтология, гносеология, аксиология, социалдык философия, этика философиялык антропология деп аталган негизги бөлүмдөрү айырмаланат. Заманбап философияда анын илим философиясы, билим берүүнүн философиясы, табияттын философиясы, техника философиясы ж.б. бөлүмдөрү да пайда болду.

Ошондой эле философия башка илимдерди окуп-үйрөнүүдө методологиялык кызматты аткарат. Билимдердин интеграциясы, өтө жалпы синтездин болушун шарттаган жагдайлар бар. Алсак, тигил же бул илимде жаралган көйгөй башка илимдердин жетишкендиктерине кайрылууга, аны билүүгө түрткү берет. Ошондой эле таанымдын тигил же бул маселесинде адамзат коомунун бардык сферасына комплекстүү мамиле жасоону талап кылат. Же болбосо, бир нече илимдин тармагы биргелешип чечүүнүн жана жалпы универсалдуу диалектикалык (философиялык) ыкмаларды колдонуу менен чечүүнү талап кылат. Мындай учурда сөзсүз түрдө философия башкы ролу ойнойт. Саясий процесстердин жүрүшүндө, глобалдашкан маселелердин жаралышында тигил же бул илимдин өкүлдөрү жалпы дүйнө, жалпы мыйзам-ченемдүүлүктөр жөнүндөгү методологияга муктаж болот. Бул учурда философиянын жалпы байланыш жана өнүгүү мыйзам-ченемдүүлүктөрү манилүү роль ойнойт. Демек, философия башка бардык илимдер үчүң мтодологиялык ролу аткарат. Булардын баары философиянын аткарган кызматынан көрүнөт. Бул теманын алкагында философиянын аткарган кызматына токтолу да маанилүү. Анын негизги кызматы катары төмөндөгүлөр эсептелет:

1. Дүйнөкараштык кызматы. Бул адамдын өзү жана анын дүйнөдөн алган орду жөнүндөгү маселени чагылдырып, илимий түшүнүктөрдү колдонуп, абстрактуу-логикалык ой жүгүртүү аркылуу дүйнөнү теориялык жол менен түшүңдүрүү.
2. Методологиялык кызматы. Философия адам тарабынан дүйнөнү жана өзүн таанып билүүсүнүн жалпы методу катары болот. Ошондой эле философия өзү ыкмалар жөнундөгү окуу болуп эсептелет.
3. Прогностикалык кызматы. Дүйнө, адам жана анын ой дүйнөсүнүн жалпы өнүгүүлөрү жөнүндөгү гипотезаларды калыптандыруу. Мында философия канчалык деңгээлде жеке илимдердин жетишкендиктерине таянса, божомолдоо ошончолук акыйкатка жакын болот. Философия учурда азамзат цивилизациясынын келечеги жана жер бетиндеги жашоонун болжолу жөнүндө ой жүгүртөт. Мындай учурда ал башка илимдердин изилдөөлөрүңө таянат.
4. Сындоо кызматы. Мында тиги же бул билим-илимдин тармагында жаралган жаңы ой корутундулардын чындыкка дал келүүсү же келбөөсү сынга алуу аркылуу аныктыгы ачылат. Бул ой жүгүртүүнүн жолу катары байыркы

мезгилде эле пайда болуп, бардык нерселерге карата күмөн саноолор аркылуу ачыктоо процесси жүргөн.

5. Аксиологиялык кызматы. Аксиология байыркы грек термини (axios – баалуу), баалуулуктар жөнүндөгү окуу дегенди билдирет. Мындай аспектиде философиянын кызматы катары бул эсептелет: ар кандай философиялык окуу, көз караш же багыттар түрдүү баалуулуктардын алкагында баа берилет; ал же социалдык, же идеологиялык, же болбосо этикалык-эстетикалык нормалардын алкагында бааланат.

6. Социалдык кызматы. Философия коомдун келип чыгышы, жашап турушу жана өнүгүшү жөнүндөгү маселелерди түшундүрүү аракетин жасайт. Ошондой эле коомдогу социалдык түзүм, анын курамына кирген этникалык жалпылыктар менен топтордун ортосундагы карым-катнаштын мыйзам ченемдүүлүктөрүн, коомдун эволюциялык процесстерин түшүндүрөт.

7. Гуманитардык кызматы. Философия ар бир инсанда гуманитардык баалуулуктардын жана идеалдардын калыптанышына түрткү берет. Философиялык окууларда, көз караштарда жашоонун маңызын түшүнүү, дүйнөдөгү жана коомдогу өзүнүн ордун аңдап билүүсү жана ага жараша жашоосун уюштура билүүсү сыяктуу көз караштарды калыптандыруу идеялары бар.

8. Тарбиялоочу кызматы. Философия адамда идеалдардын жана моралдык баалуулуктардын калыптанышына, курчап турган чөйрөгө жана нравалык принциптерге ыңгайлашуусун аныктайт жана аны бекемдейт.

Ошентип, философиянын кызматтары анын теориялык жактан маани-манызын жана практикалык маанисин чагылдырат. Булар аркылуу философия илим катары көрүнөт жана анын предмети, максат-милдеттери ишке ашат.

**Тема боюнча суроолор:**

1. Философиянын илим катары калыптанышы качан жүргөн?
2. Философиянын универсалдуу проблемасы катары эмне эсептелет?
3. Философия жана дүйнөтаанымдын карым-катнашы кандай?
4. Дүйнөтаанымдын тарыхый формалары кайсылар?
5. Дүйнөтаанымдын деңгээлдери кайсылар?
6. Философиянын жалпы маселелерин атагыла.
7. Философия методология катары эмнеден көрүнөт?.
8. Билим системасында философиянын орду кандай?
9. Билим системасында философиянын ролун аныктагыла.
10. Философиянын негизги функциялары кайсылар?

**Бул тема боюнча төмөндөгүдөй адабияттар сунушталат:**

9. Введение в философию: Учебное пособие/под ред. И.Т. Фролова и др. - М.:Республика, 2005.
10. Алексеев П.В., Панин А.В. Философия: Учебник.- М.: Проспект, 2020. – 592 с..

11.Боженов А.Э. Основы философии. Учебное пособие. – М.: Аспект Пресс, 2019. – 608 с.
12.Демина Л.А., Малюкова О.В., Бучило Н.Ф. Философия: Учебник. - М.: Проспект, 2020. – 360 с.
13.Канке В.А. Философия. Курс для бакалавров: Учебник. - М.: Логос, 2005.
14.Бокошов Ж.Б. Философия. Окума. – Жалал-Абад, 2001.
15.Чуешов В. И. Философия : Курс лекций / Чуешов В. И. Таркан И. И. - Минск : ТетраСистемс, 2012. - 272 с. - URL: http://www.biblioclub.ru/111909_Filosofiya_Kurs_lektsii.html
16.Якушев А. В. Философия : Конспект лекций : Учеб. пособие / Якушев А. В. - М. : А-Приор, 2009. - 241 с. - URL: http://www.biblioclub.ru/book/56282/

## Тема 2. Байыркы дүйнө философиясы

1. Чыгыш жана Батышта философиянын пайда болуусунун жана өнүгүүсүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү
2. Байыркы Индия философиясы
3. Байыркы Кытай философиясы.
4. Байыркы грек философиясынын космогониялык мүнөзү. Байыркы Греция философиясындагы атом жөнүндөгү окуу. Байыркы грек философиясында болмуштун идеалисттик көз караште талдоого алынышы .
5. Платондун философиялык окуусу. Аристотелдин философиясы.
6. Сократ тарабынан адам болмушунун талдоого алынышы

Биринчи темада белгилүү болгондой ар кандай процесстин, кубулуштун, предметтин пайда болуп, өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү бар. Ал эми философиянын тарыхый типтеринин пайда болуп, өнүгүүсүнүн алгачкы этабы катары байыркы дүйнө философиясы эсептелет. Бул теманы баштоодон мурда Батыш жана Чыгыш философиясынын пайда болушунун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн анализге алалы.

- Байыркы дүйнөдөгү философия коомдук аң сезимдин алгачкы формасы катары болгон мифологиянын негизинде пайда болот. Мифологиялык аң сезимге ылайык адам өзүн курчап турган чөйрөдөн бөлүп көрсөтө алган эмес, кубулуштардын жана процесстердин жүрүшүнүн табигый себептерин түшүндүрүүдөн алыс болушкан. Дүйнөнү жана анда жүрүп жаткан бардык кубулуштарды кудайлардын жана легендага айланган баатырлардын иш-аракети катары кабылдашкан. Бирок ага карабастан биринчилерден болуп адамзат тарыхында дүйнө кантип жаралды жана ал кантип өнүгөт, жашоо жана өлүм деген эмне ж.б. у.с. философиялык маселелер коюлат.
- Чыгыш жана Батыш философиясы коомдук аң сезимдин формасы катары таптык коомдун жана мамлекеттин пайда болушу менен жаралат. Философиянын пайда болушу кул ээлөөчүлүк доор мезгилине туура келет. Байыркы Египет, Кытай, Индия жана антикалык Грецияда алгачкы кулчулук мамлекеттер катары гана белгилүү болбостон, философия пайда болгон маданият борбору да таанылган.

- Байыркы дүйнө философиясы жалпы адамзаттык баалуулуктарды изилдөөгө багытталган. Батыш жана Чыгыш философиясы жакшылык жана жамандык, сулуулук жана көрксүздук, сонундук жана ирээнжигендик, адилеттүүлүк жана адилетсизидк, достук, сүйүү жана көрө албастык, бакыт, кубануу жана кайгыруу ж.б. маселелер кызыктырат. Буларга карата ой жүгүртүп, өз пикирлерин билдирүү аракети жасалат.
- Байыркы дүйнө философиясы дүйнөкараштык мүнөздө болгон. Философиялык идеялар, көз караштар, теориялар, системалар же идеалисттик же материалисттик ,кээ бир учурда эклектикалык мүнөздө болгон.
- Байыркы дүйнө философиясы чыныгы билимди илимий жол менен талдоого алуу аракетин жасайт. Философиялык окуулардын, концепциялардын, идеялардын жардамы менен түрдүү кубулуштар, процесстер талдоого алынып, практикалык сунуштар берилет.

Мына ушундай жалпы окшоштукка ээ болгон Батыш жана Чыгыш философиясы байыркы доордо кандайча өнүктү, ушул маселеге талдоо жасоону баштайлы.

## Байыркы Индия философиясы

Байыркы Индия философиясы элдик оозеки чыгармачылыктын негизинде келип чыккан, анын мисалы болуп Веды эсептелет. Веды – "билим", "ведачылык" дегенди билдирет. Бул б.з.ч. II миң жылдыктын орто ченинде көчмөн элдер – арийлер тарабынан Индияга алынып келинген. Веды – бул байыркы индустардын диний гимндеринин, ритуал, миф жана социалдык мамилелеринин жыйындысы. Веданын негизинде пайда болгон философиялык окуулар экиге бөлүнгөн: 1) ортодоксалдуу (Веданын авторитетин таанып жана аны менен талаш-тартышка барбагандар), 2) ортодоксалдуу эмес (Веданын авторитетин таанывагандар). Ортодоксалдуу (астика) философиялык системага төмөндөгүлөр кирет: санкхья, йога, вайшешика, нъяя, миманса, веданта. Ортодоксалдуу эмес (настика) системага жайнизм, буддизм жана чарвак локаята.

**Жайнизм**. Жайнизм б.з.ч. VI кылымда пайда болгон. «Джина» деген сөз «жеңүүчү» дегенди түшүндүргөн. Бул ат менен жайнизмдин негизги 24 окутуучусу аталган, анткени алар бардык жерде жеңишке жетишишкен. Ушундан улам окуусу да жайнизм деп аталган. Жайнисттер кудайларга ишенишпейт, бирок өздөрүнүн окутуучуларын, насаатчыларын ыйык тутушат. Алардын оюу боюнча ар бир Жан (джива) көз карандылыкта туруп, джинага таянып чыныгы билимге, күчкө жана бакытка жетет.

Онтологияда жайнизм беш субстанциянын жашай тургандыгын белгилейт: материя (пудгала), убакыт (кала), мейкиндик (акаша), кыймыл шарты кыймылды пайда кылат (дхарма), тынчтыктын шарты (а-дхарма). Материя төрт элементке ажырайт: жер, суу, от, аба. Бул элементтер атомдордон (ану) турат, алар өтө майда, ошондуктан сезимдер менен таанылбайт; алар жаралбайт жана бузулбайт. Ар кандай эле буюм ушул элементтердин аралашмасынан турат жана элементтердин атомдору татаал түзүлүштөрдү жаратат.

Жайнисттердин оюу боюнча дүйнө эки түрдөгү материалдык түзүлүштөн турат: жандуу жана жансыз. Жандуулар рухка бар. Кээ бир учурда калыптанбаган жандар да бар, алар жерде, сууда, отто, абада жана өсүмдүктөрдө. Жөнөкөй калыпта турганда Жан материяга баш ийет. Ушуга байланыштуу жайнисттер материя өзүнүн катмары боюнча ар түрдүү деп айтышат. Кээ бир жерде көрүүгө, туюуга гана болгон материя турса, анын каршысында туюлуп сезилбеген материя жатат. Ал карманын аракетинин механизмин шарттайт, карманын мыйзамынын натыйжасында жан бир телодон экинчисине өтүп турат. Адамдардын рухтун жана башка буюмдардын жаратылышын билбегендиги каарданууга, ач көздүккө алып келет.

Гносеологияда жайнисттер аң сезим – жандын негизги маңызы деген ойго келишет. Кийинчерээк жайнизмдин философиясы динге айланган. Бул кудайга ишенүүнү чакырбаган өзгөчө дин. Кудайдын ордуна жайнисттер боштондукка чыккан жанга табынышат. Жайнисттер боюнча ар бири өзүн сактоо мүмкүндүгүнө ээ, ошондуктан жайнизм күчтүүлөр менен эрктүүлөрдүн идеологиясы жана өзүнө өзү жардам берүүнүн дини.

**Буддизм.** Б.з.ч. VI-IV кылымдардагы ортодоксалдуу эмес окуулардын ичинен буддизм өзгөчө бөлүнүп көрүнөт. Ал көптөгөн түрдүү концепцияларды ичине камтыган. Негиздөөчүсү Сиддхартха Гаутама болгон. Гаутаманын окуусундагы идея «ортоңку жол». Ал ортолуктан сырткары чет жакасы бар, ага барбоо керек дейт. «Төрт жакшылык чындык» жана «сегиз ченемдүү жол» деп аталган идеясы чоң мааниге ээ. Биринчи идеясы төмөндөгүлөрдү белгилейт:

1. дүйнөдөгү жашоо азап-тозокко жык толгон.
2. ушул азап-тозоктун себеби бар
3. азап-тозокту токтотууга болот
4. азап-тозоктуу токтотууга алып келүүчү жол бар.

Биринчи «чындык» боюнча жашоодо азап тозок бар. Төрөлүү, карылык, оору, өлүм, азап, кайгыруу, каалоо, иренжүү жер бетинде болот жана азап-тозок болуп эсептелет. Азап-тозок кокустан эле болбостон ал бардык жерде бар, ал турсун канааттануунун булагы болуп да азап-тозок эсептелет. Экинчи «чындык» боюнча азап-тозоктун себеби бар. Азап-тозок – бул дүйнөдөгү төрөлүүнүн натыйжасы, анткени төрөлүү жер бетиндеги калыстыктын жоктугу менен байланыштуу. Биздин каалоолорубуз билбегендиктен улам келип чыгат. Дүйнө түзүлүшүн жана азап-тозоктун себебин билсек анда жерде калыстыктын жоктугу болмок эмес. Үчүнчү «чындык» азап-тозокту пайда кылат. Шартты жок кылсак азап тозок да жок болот. Азап-тозоктон бошонсо болот, ал үчүн бир шартты аткарыш керек. Эгер зарыл болгон шарттар аткарылса бошонуу абалына – нирванага келет. Бул каалоонун жок болушу жана аны менен кошо азап-тозок да жок болот. Нирвана – бул козголоң кылбоочулук, каршы болбоочулук. Будда өзү нирвана абалына келип, ойлонот да өзүнүн окуусун улантуу керек же андан баш тартуу жөнүндөгү суроону коет. Төртүнчү «чындык» – азап тозоктон бошонуу жолун сүрөттөп көрсөтөт. Будданын окуусу нирванага кантип жетсе болот? деген суроого жооп берүү болуп саналат. Бул үчүн «сегиз ченемдеги жолду» басып өтүш керек, алар төмөндөгү этаптар:

1. Туура көз караштар – төрт жакшылык чындыкты тура түшүнүү.
2. Туура чечимге келүү – жашоону кайра түзүү жөнүндөгү максат коюусу (ойлоосу).
3. Туура сүйлөө – сүйлөгөн сөздүн үстүнөн текшерүү жүргүзүү, жалган сүйлөө, жалаа, катуу сүйлөөдөн кармануу.
4. Туура жүрүм-турум – жандыктарды жок кылуудан, уурулуктан, сезимдерди туура эмес канааттандыруудан баш тартуу.
5. Туура жашоо образы – жашоо үчүн каражаттарды таза жол менен табуу.
6. Туура аракет кылуу - акылда жаман ойлордун жок болушуна жана жакшы идеяларын бекемдешине дайыма аракет жасоо.
7. Ойдун туура багытталышы – бардык буюмдар жаратылышы боюнча өтмө экендигин билүү ошондуктан буюмдарга байлануу, эгер алар жоголуп кетсе кайгыруу болбош керек.
8. төрт баскычты камтыган өзүңдү туура топтоштуруу:
а) кубанууга кумардануу жана туура ойлом;
б) ойду, кубанууну жана тынчтыкты аңдап билгенди пайда кылган кубаныч, тынчтык жана ички тынчтык;
в) капарсыз ойдон өтүп козголоңсуздукка баруу жана телонун туюп сезүүдөн бошонуусу;
г) бардык кубанычты сезүүдөн, козголоңсуздуктан аң сезимди бошотууга болгон аракет.

Буддизм боюнча ушундай жолдорду басып өткөн адам жан дүйнөсүнүн тынчтыгын камсыз кылат. Мындай абалга жеткендер азапка дуушар болбойт. Буддизмде жалпы себеп-натыйжалык байланыштар айтылат. Бардык нерселер кандайдыр бир нерсеге көз каранды жана өзү менен өзү такыр жок болуп кетпейт. Буддизм концепцияны Дхамма деп атайт. «Кимде ким себептик байланышты көрсө ал Дхамманы көрөт, аны көргөн себептик байланышты көрөт».

Экинчи дагы бир концепция – жалпы өзгөрүү жана туруксуздук жөнүндөгү окуу. Будда мындай дейт: түбөлүк болуп сезилген – жок болот, жогору турган төмөндөйт; кайсы жерде жолугушуу болсо – ажырашуу болот; бардык төрөлгөндөр – өлөт. Дхарма – бул кээ бир субстрат, мамиле жана сапат. Дхарма – болмуштун өтмө элементтеринин агымы. Дхарма тынымсыз жаралат жана өлөт, алар бири бири менен байланышта жана биргелешип аракеттенет.

Үчүнчү концепция – адам жөнүндөгү окуу. Адам бул – материалдык тело жана материалдык эмес акыл менен аң сезимдин жыйындысы. Бир нече физикалык элементтердин (жер, суу, от, аба) аралашмасы телону түзөт. Психикалык абалдын айкалышы жан болуп эсептелет. Жан – бул өз алдынча субстанция эмес, ал бири бирин алмаштырып турган психикалык абал. Буддизмдеги дагы бир окуу – адамдар табияты боюнча тең укуктуу экендиги жөнүндөгү окуу. Жөнөкөй жашоодо жрецтер менен аскер адамдары жогорку баскычтагы социалдык катмар болсо, руханий жашоодо мындай бөлүштүрүү болбойт. Биринчи орунга адамдын «нравалык кызматы» коюлат. Будданын оюу

боюнча брахмандар жаратылышы боюнча жөнөкөй адамдардан эч бир айырмачылыгы жок.

**Чарвак-локаята.** Бул б.з.ч. VI кылымдагы Байыркы Индиядагы материалисттик агымдардын бири. Бул мектептин мифологиялык түзүүчүсү болуп Брахиспати эсептелет. Индияда «Чарвака» деген сөз материалист дегенди билдирет. «Локаята» – «элге таандык», «элде жайылган» дегенди туюндурат да кадимки адамдардын көз карашы катары кабылдоого болот. Локаятиктердин оюу боюнча акыл тело бар жерде байкалат, ошондуктан акыл телонун эң жөнөкөй атрибуту. Чарвактардын оюу боюнча изилдөөнүн предмети болуп сезимдик жактан кабылданган дүйнө эсептелет. Материалдык дүйнө төрт элементтен турат: аба, от, жер, суу. Ушул элементтердин айкалышынан бардык объектилер түзүлөт. Жандуу организмдер да ушулардан пайда болуп, өлгөндөн кийин кайрадан ушул элементтерге айланат. Өзгөчө түрдө комбинация болгон материалдык элементтер аң сезимге ээ болгон жандуу телону пайда кылат. Жер, суу, аба, от өзүнчө турганда аң сезимге ээ эмес, алар чогуу телону жаратат, өзгөчө процесстин негизинде аң сезим пайда болгон. «Адам өлгөндө, эч кандай аң сезим калбайт». Чарвактар Карма законуна каршы чыгышып, мындай суроо коюшкан: «Эгер жан бир телодон экинчисине өтсө, анда эмне себептен өткөн жашоосун эстей албайт?» Телонун жашоосу кумардануу жана азап тозок менен байланышкан. Биз азап-тозокту мүмкүн болушунча аз кылып, максималдуу ырахат алууга аракет жасайбыз. Азап-тозоктон толук кутулуу бул – өлүмгө алып келет. Чарвактар боюнча кумардануу менен азап-тозок алмашып турат; азаптан кийин кубаныч келет ж.б.у.с.

**Санкхъя**. Бул эң кеңири таралган окуу. Негиздөөчүсү Капила (б.з.ч. VII к. жашаган). Анын окуучулары – Асури, Панчашикха. «Санкхъя» термини «сан», «эсеп», «калыптанган билим» дегенди билдирет. Бул мектеп өз алдынча 7 реалдуулукту таануу максатын коет жана бактысыздык менен азап тозокту жок кылуу идеясы менен чыгат. Санкхья себептүүлүк жөнүндөгү окуу негизин түзгөн онтологиялык концепцияны сунуштайт.

Санкхъяда – жараткан кудай четке кагылат. Үзгүлтүксүз кыймылда болгон түбөлүк материя гана бардык нерсенин башбашталмасы, башсебепчиси. Санкхъя окуусунун өкүлдөрүнүн оюу боюнча пракрити үч гундан турат: *саттва, раджас, тамас*. Гундар – бул бир аркандын үч жиби. Аларды кабылдап биле албайбыз. Саттва – пракритинин элементи катары жаратылышка канааттануу тартуулайт, ал жалтыраган, тазалоочу, жеңил касиетке ээ. Раджас – кыймылдуу, ишкер, кыймылга келтирүүчү башталыш. Раджас отту пайда кылат, шамалды жаратат, акыл да тынч эмес абалда болот. Адам үчүн ал аң сезимдин жаратылышы. Тамас – саттва менен раджаска каршы турган пассивдүү карама-каршы башталыш. Ал акылдын өнүгүүсүнө каршы турат, адамды уйкуга тартат, жалкоолукту жаратат. Гундар белгилүү бир түскө каршы коюлган: саттва – акка, раджас – кызылга, тамас – карага. Пракритиден сырткары пуруша («Мен») жашайт. Ал аң сезимде ээлик кылган дух, таза аң

сезим. Пурушанын жашоосу жөнүндөгү ойду айтып, Санкхъя дуалисттик философияга айланган.

**Йога.** Байыркы Индиянын дүйнөтаанымында йогага жеткен адамдын өзгөчө идеалы жөнүндө айтылат. «Йога» термини «кошулуу», «катышуу», «тартип», «терең ой», «топтоштуруу» дегенди билдирет. Йоганын түзүүчүсү болуп Патанджали эсептелет. Ал б.з.ч. II кылымда жашап «Йога-сутра» деген чыгарма жаратат. Патанджали түзгөн йоганын системасы төрт бөлүктөн турат. Биринчисинде (Санадхипада) йоганын жаратылышы, максаты жана формасы жөнүндө айтылып, йогага жетүүнүн түрдүү ыкмалары айтылат. Экинчи бөлүгүндө (Садханапада) топтоштурууга жетүүнүн каражаты, бактысыздыкта пайда кылып, рухий абал, азап-тозоктун себеби, аны жок кылуунун жолдору айтылат. Үчүнчү бөлүгүндө  (Вибхутипада) йоганын ички абалы, жогорку күч жөнүндө айтылат. Төртүнчү бөлүгү (Кайвальяпада) азаптан бошонуунун жаратылышы жана формасы, трансценденттүү Мендин реалдуулугун сүрөттөп жазууга багытталган.

**Вайшешика.** Вайшешика мектебинин негиздөөчүсү – Канада (б.з.ч. III кылымда жашаган). Ал дербиштик турмуш өткөргөн жана жыйналып бүткөндөн кийин талаада калган жүгөрүнүн даны менен тамактанган. Өзүнүн ысмы – Улукта болгон. «Вайшешика» деген сөз кыргызча которгондо «өзгөчөлүк», «айырмачылык», «жекелик», «бөлүк», «башбашталма» дегенди билдирет. Вайшешика адамдын алдына төмөндөгүдөй максат коет – индивидуалдуу Менди бошотуу. Мектептин өкүлдөрүнүн оюу боюнча ар кандай кайгы-муңдун жана оорунун себеби болуп билбегендик эсептелет. Бошонуу азаптын абсолюттук жактан токтотулушу, буга реалдуулукту туура түшүнүү аркылуу жетүүгө болот. Таанымдын эки булагы бар: кабылдоо жана логикалык жыйынтык. Вайшешика системасында падартха деп аталган түшүнүк колдонулат. Бул байыркы грек философиясындагы «категория» терминине мааниси боюнча жакын.

Вайшешикада субстанциянын тогуз түрү көрсөтүлөт: жер, суу, жарык, аба, эфир, убакыт, мейкиндик, жан, акыл. Жер, суу, жарык жана аба субстанциясы атомдордон турат, алар дүйнөнүн акыркы элементтери. Атомдор түбөлүк, эч ким тарабынан жаратылган эмес, жок болуп кетпейт. Атомдордун өзгөчө касиеттери бар, ар кандай даамга, түскө, жытка, температурага ээ, бирок формасы жана чоңдугу боюнча бирдей. Атомдордун башка кошулмаларга аралашуусу жансыз предметтерди жана жандуу жандыктарды пайда кылат. Вайшешика окуусу циклдүүлүк идеясын айтат.

**Байыркы Кытай философиясы**

Кытай цивилизациясы дүйнөдөгү эң байыркылардан болуп саналат. Мифологиялык дүйнөкараш боюнча байыркы мезгилден баштап эле дүйнө туңгуюк, формасыз, хаос катары кабылданат. Андан кийин гана эки рух – Инь жана Ян пайда болуп асман менен жерди жараткан. Инь – аялзаттык башталыш, ал эми Янь болсо эркектик башталыш деп билинген.

**Натурфилософия.** Философия тарыхы көрсөткөндөй башка мамлекеттердегидей эле Кытайда да философиянын илим катары калыптанышында көптөгөн мифологиялык образдар жана элестөөлөр колдонулган. Б.з.ч. I миңинчи жылдыктын башында Кытайда натурфилософиялык концепция пайда болот. Мифологиядан Инь жана Янь түшүнүктөрү кабылданат. Мында Янь – жарык башбашталма болуп, асман, түштүк, күн, жарык, жашоо, күч, эркектик маңыз, так сандардын символу болгон. Инь – аялдык башбашталма, түндүк, караңгы, өлүм, жер, ай, алсыздык, жуп санды билдирген. Инь жана Янь бири бирине каршы турат жана көз каранды, бири экинчисине өтүп турат. Булардан сырткары эфир да жашайт, ал материалдык бөлүкчө – Циден турат. Инь менен Яндын эфирге таасир этүүсүнүн натыйжасында оор аялдык бөлүкчө Инь-ци жана жеңил эркектик бөлүкчө Янь-ци пайда болот. Бул бөлүкчөлөрдүн өз ара таасир этүүсү беш башбашталманы жаратат. Алар: суу, от, жыгач, металл, жер. Булардын ар бири туюмдарда чагылуучу өзгөчөлүктөргө жана сапаттарга ээ. Жогорудагы элементтердин ичинен жер өзгөчө бөлүнүп көрсөтүлөт. Башбашталмалар бири бирине өтүп турат: дарак отту, от жерди, жер металды, металл сууну жаратат. Ал эми суу болсо кайрадан даракты жаратат.

**Даосизм.** Негиздөөчүсү Лао-цзы (карыган окутуучу) уламыш боюнча б.з.ч. 604-жылы туулган. Чжоу доорунда тарых жазуучу болуп эмгектенет жана негизги идеялары «Дао дэ цзин» деген китепте берилген. Бул окуунун борбордук түшүнүгү – **Дао**. Дао дүйнөнүн жалпы закон ченемдүүлүгү, бардык нерсенин башбашталмасы. «Адам жердин законуна баш иет, жер асмандын законуна, асман даонун законуна баш иет, ал эми дао болсо өзүнө өзү иет». Мында асмандын ролу жөнүндөгү традициялуу ойлом жогору коюлат, асман жаратылыштын бир бөлүгү катары түшүндүрүлөт жана жерге каршы коюлат. Асман жеңил бөлүкчөлөр – Ян-циден түзүлөт жана даого байланыштуу өзгөрүлөт.

Дао – «асман менен жердин башаты», «бардык буюмдардын энеси». «Дао бирди жаратат, бир экини, эки үчтү, ал эми үч болсо бардык жандыктарды жаратат». Бул айтылганды кантип түшүнсө болот? «Бир» - бул алгач берилген хаос, «эки» - жарык жана караңгы башталмалардын бөлүнүшү, «үч» - бул башталыштардын гармониясы. Эки башталманын байланышы гармонияны жаратат, андан кийин бардык нерселер пайда болот.

Даодон сырткары **дэ** да жашайт. Дао – бул дэ аркылуу конкреттештирилген жана материалдашкан башбашталма. «Дао буюмдарды жаратат, дэ аларды азыктандырат». Дао үзгүлтүксүз түгөнбөгөн жип сыяктуу түбөлүк жашайт, анын аракети чексиз. Даонун аракети жөнөкөй өзгөрүүлөргө гана алып келбестен, анын каршысына да айланат. Даосизм төмөндөгүдөй карама каршы түшүнүктөргө кайрылат: жогору-төмөн, кайгы-муң, бакыт-бактысыздык, сулуулук-көрксүздүк, жакшылык-жамандык, жашоо-өлүм, бийик-жапыз, чоң-кичине, кожоюн-конок, эрте-кеч, адилеттүүлүк-амалкөйлүк, жеңил-оор, алды-арты, катуу-жумшак, күчтүү-алсыз, акылдуу-акылсыз, байыркы-азыркы, караңгы башталыш-жарык башталыш, болмуш-болмуш-эмес

ж.б. Лао-цзынын оюу боюнча бул түшүнүктөр бири бирине каршы коюлат, тең жашайт жана бири бирине өтөт.

**Конфуцианство.** Кун-фу-цы (Кун-фу-цзы) байыркы Кытайдагы конфуцианствонун негиздөөчүсү. (б.з.ч. 551-449-жж.). Кун-фу-цы Байыркы Кытай философтору сыяктуу эле Асманды ыйык көрүү принцибин бекемдеген. Асман – жогорку күч, бирдиктүү, жогорку табигыйлыктан бийик турган табигый башкаруучу. Ал жер бетиндеги адилеттүүлүктү көзөмөлдөйт, социалдык тартиптерин коргоону өзүнө алат. Асман – тагдыр, жазмыш. Ал ар бир адамдын коомдогу оордун аныктайт, сыйлайт жана аны жазалайт. Кун-фу-цы асман алдында коркуу сезимине, жазалоочу күчүнө, тагдырдын кайталанбастыгына таяныч жасайт. Кун-фу-цы жашап турган тартипке наараазы. Ошондуктан анын идеалы келечекте эмес – өткөн чакта. Ушул аспекте алып караганда анын «ысым жана ат ондоо» идеясы көңүл бурууну талап кылат. «Ысым оңдоо» Кун-фу-цыда өткөнгө чакырык жасоо идеясы болуп эсептелет. Өткөндү кайрып коюу зарыл: «башкаруучу-башкаруучу, кызматкер-кызматкер, ата-ата, бала-бала» деген аты эле болбостон иш жүзүндө болуш керек. Ченемден баш тартуу ага кайра кайрылууну талап кылат. Жүрүш-туруш эрежелеринин негизинде башкаруу – Кун-фу-цынын этикалык саясий идеясынын борбордук пункту болуп эсептелет. Жакшылыктын негизинде башкаруу теориясын сунуш кылуу менен жазалоо жана айып салуу маселесин да караган. Мыйзам менен айкалышта болгон жакшылык – Кун-фу-цы тарабынан түзүлгөн «мектептин» теориясынын негизги темасы.

Кун-фу-цыдин көз караштары Кытайдын андан кийинки рухий маданиятына жана саясий практикасына күчтүү таасирин тийгизген. Эки жарым миң жылдык ичинде Кунфуцычылык Кытайдагы үстөмдүк кылуучу идеология болуп калган. Бирок анын бардык эле идеялары практикалык жактан колдонууга ээ болгон эмес. Ритуал нормаларын сактоо, «ысым оңдоо», традиция аркылуу жаңыны кабылдоо жана башкаларга өзгөчө көңүл бурулган.

Кун-фу-цыдин окуусун улантуучулары болуп сегиз мектеп эсептелет. Алардын бирин негиздеген Мэн-цзы (б.з.ч. 372-289-жж.) болгон. Кун-фу-цы сыяктуу бул да көп саякаттаган жана окуусун жарыялоо менен мамлекет башкаруучуларга өзүнүн кызматын сунуш кылып да келген. Өмүрүнүн акыркы жылдарын өз окуучуларына арнаган. Дүйнөдөн өткөндөн кийин анын окуучулары «Мэн-цзы» трактатын жазып калтырышкан.

**Моизм.** Бул окуунун негиздөөчүсү **Мо Ди** (болжол менен б.з.ч. 475-395-жж.) Лу падышачылыгындагы майда менчик ээсинин үй бүлөсүндө туулган. Ал көп саякаттаган жана башкаруучуларга өз идеясын сунуш кылуу менен басып алуу согуштарынан баш тартууга чакырган. Ал Кунфуцычылыкты окуп үйрөнүү менен кээ бир позициялар боюнча ага каршы турган. Анын көптөгөн окуучулары жана улантуучулары болгон. Асмандын ролу жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү көңүл бурууну талап кылат. Анын оюнда Асман төрт жыл мезгилин башкарат: жаз, күз, кыш, жай; алардын алмашуу тартибин жөнгө салуу үчүн кар жаадырат, жамгыр, өсүмдүк ж.б. Ал «асмандын эрки» принцибин четке кагып, «асмандын каалоосу» принцибин киргизкен. Бул

принциптин маңызы эмнеде? «Асман адилеттүүлүктү сүйөт жана адилетсиздикти жек көрөт.

Моизмдин улантуучулары – Сяньян, Сяньфу, Дэн Лин гносеология, логика маселелерине кайрылышкан жана алардын диалектикалык ой жүгүртүүлөрү байкалат. Алардын эмгегинде билим төмөндөгүдөй бөлүнөт: жеке билимдер, угулган билимдер, ойломдун негизинде алынган билимдер жана ой жүгүртүүнүн натыйжасында пайда болгон билимдер. Алар буюм, болмуш жана болмуш-эмес, билим, акыл, себеп, зарылдык, мейкиндик жана убакыт, жалпы, жеке, бүтүн, окшоштук, айырмачылык, мамиле, аракет жана башка түшүнүктөргө аныктама беришкен.

**Минцзы, «Талаш-тартыштын мектеби».** Бул чындыкты издеген номиналисттер деп аталган мектеп б.з.ч. IV-III кк. пайда болгон. Анын философиялык негизги идеясы төмөндөгүдөн көрүнөт: коомдо өзгөрүү жүрөт, эски ысымдар жаңы мазмунга жооп бербей калат, натыйжада буюмдардын ысымы менен маңызынын ортосунда карама-каршы күрөш пайда болот. Инь Вэнь мындай дейт: «Ысымдар туура болгон учурда дүйнөдө тартип өкүм сүрөт; ысымдар маңызынан ажыраганда дүйнөдө баш аламандык пайда болот». Буюмдар жана анын ысымдарынын дал келбегендиги – тартипсиздиктин жана социалдык башаламандыктын булагы. Ар кандай тартипсиздиктин себеби болуп форма менен айтылып жаткан аттардын дал келбестиги эсептелет. «Качандыр бир убакта тура болгон – маңызы боюнча туура эмес, жакшылык деп аталган өзүнүн жаратылышы боюнча – жамандык».

Ошентип Байыркы Кытай философиясы философия тарыхында өзгөчө оригиналдуу ойлорду айтуу менен азыркы учурда да популярдуулугун сактап келүүдө.

## Антикалык Греция философиясы

Бул бөлүктө байыркы грек философиясынын космогониялык мүнөзү, атом жөнүндөгү окуусу, болмуштун идеалисттик көз карашта талдоого алынышы, Платондун философиялык окуусу, Аристотелдин философиясынын маани-маңызы, Сократ тарабынан адам болмушунун талдоого алынышы чагылдыруу тапты. Бул боюнча кыскача токтололу.

**Милет мектеби.** Грек философиясы алгач Иониянын колонияларында пайда болот. Эң алгачкы философия катары Милет мектеби эсептелет. Анын өкүлдөрү фалес ,Анасмандр жана Анаксмен.

**Фалес** – грек философиясынын баштоочусу, башкача айтканда, «Милет мектеби» деп аталган философиянын негиздөөчүсү. Грек акылмандуулугунун башатындагы бул философ жөнүндө тарыхый маалыматтар аз. Болжол менен б.з.ч. 625-жылы төрөлүп VI кылымдын орто ченинде дүйнөдөн кайткан. Фалес алгачкы философ катары гана эсептелбестен алгачкы илимпоз, мамлекеттик ишмер. Аристотелдин окуучусу Эвдем гректердин астрономиясы менен математикасынын тарыхын жазып жатып Фалес жөнүндө мындай дейт: «Фалес өзүнүн математикалык жана астрономиялык таанып билүүлөрүн Египеттен өздөштүргөн». Фалестин мындай таанып билүүлөрүнүн далили болуп күндүн

тутулушу жөнүндөгү алдын ала божомолдоосу эсептелет. Ал б.з.ч. 585-жылы 28-майда болгон. Фалес мындай кубулуштун болоорун эмпирикалык таанып билүүнүн жана мезгил-мезгили менен болуп турган күн тутулууну байкоонун негизинде айткан.

Ага төмөндөгүдөй учкул ой таандык: «Баарынан эмне кыйын? – Өзүңдү аңдап билүү». «Баарынан эмне жеңил? – Башкаларга кеңеш берүү». «Баарынан эмне жагымдуу? – Эмнени кааласаң ошого жетүү». «Баарынан мурда эмне чарчатат? – Текебердик». «Эмне жаман? – Тарбиясыздык».

**Анаксимандр.** Фалестин окуучусу Анаксимандр (болжол менен б.з.ч. 610-546-жж.) Милет мектебинин экинчи өкүлү. Ал алгачкы географиялык картаны түзгөн жана жердин үстүңкү катмары океандар менен капталып турарын айтат. Диоген Лаэрцийдин оюу боюнча Анаксимандр биринчи астрономиялык сфераны түзгөн. Анаксимандр дүйнө чексиз, көп деген идеяны айткан жана асмандын кыймылын түшүндүрүүгө аракет жасаган, жер чексиз аныкталбаган мейкиндикте турат. Апейрон – белгисиз, аныкталбаган «физис» (буюм, нерсе). Анаксимандр боюнча апейрондон бардык нерсе жаралат жана тынымсыз, түбөлүк кыймыл процессинде баары чечилет. Ал мындай дейт: «Бул башталыш суу да эмес, кандайдыр бир кубулуш да эмес, ал аныкталбаган табигый буюм, андан бардык асман телолору пайда болот жана андан дүйнө түзүлөт». Бул башбашталманын жаратылышы жөнүндө көп талаш-тартыш жүргөн. Кээ бирлердин оюу боюнча апейрон жөнөкөй гана «аралашма», андан ар кандай кубулуш пайда болот жана ал көптөгөн элементтердин аралашмасы болуп эсептелет. Кээ бир изилдөөчүлөр апейронду «аныкталбаган же сапатка ээ болбогон материя» дешкен.

**Анаксимен.** Милет мектебинин акыркы өкүлү – Анаксимен. Анаксимандрдын таасири анын көз карашынан ачык байкалат. Бардык нерселердин башталмасы катары Анаксимен абаны эсептейт. Аба – жер менен эфирдин ортосунда, суу менен оттун ортосундагы «ортолук». Бул – буу же туман, ал кээде ачык, жарык болот, кээде караңгы, жамгыр болот. Аба от болот, шамал – булут, суу, жер, таш болот. Коюлган, уюган аба жерди пайда кылат. Аба ажырап отко айланат.

**Пифагор жана пифагорчулар.** Пифагор б.з.ч. VI кылымда жашаган. Пифагордук философия б.з.ч. V кылымда пайда болуп б.з. III кылымына чейин созулат. Б.з.ч. IV кылымдын экинчи жарымында пифагордук философия платонизм тарабынан сиңирилип алынат, мектептин өзү мистикалык секта жана диндик уюм катары сакталып калат. Б.з.ч. II кылымдан баштап пифагорчулук кайрадан жанданат, бирок бул «жаңы пифагорчулук», маңызы боюнча жаңы окуу болуп калат. Ал Платон, Аристотель жана стоиктерди чогултууга (жараштырууга) аракет жасаган окуу болгон. Пифагор биринчи жолу «философия» деген терминди пайдаланган жана өзүн философ деп атаган. Математикалык дүйнө түшүндүрүүсүндө ал геометрияга чоң маани берген. Анын атын алып жүргөн теорема баарыбызга маалым.

Пифагорчулар дүйнө чоңдуктардан, чектен жана чексиздиктен пайда болот; дүйнө чексиз боштуктан турат, ал бирдиктүү жана кыймылдуу,

борборунда от турат дешет. Өзүнө апейронду тартып боштукту жаратат. Борбордук отту Филолай «Гастия» деп атаган. Анын тегерегинде улуу он тело жайгашкан. Космос телолору борбордук телодон пайда болот.

Пифагорчулар жер өз огунда айланып тура тургандыгын божомолдойт. Филолайга чейинки пифагорчулар жердин тоголок формада экендигин айтышат. Күндүн тутулушун айдын күн менен жердин ортосунан өтүшү деп түшүндүрүшкөн. Жыл мезгилдеринин алмашышын жердин күнгө карата эңкейип турган абалы катары кабылдашкан. Пифагорчулардын философиясы дуалисттик. Ал гармониянын жашоосун карама каршылык менен айкалыштырат. «Космос» жашагандан кийин гармония да жашайт.

**Гераклит.** Б.з.ч. VI кылымдагы дагы бир ойчул Гераклит. Ал Иониянын саясий жактан алсырай баштаган доорунда Эфесте жашаган. Гераклит көпчүлүк учурун жалгыз өткөргөн.

Гераклиттин философиясынын биринчи абалы болуп жалпы өзгөрүү же кыймыл мыйзамы эсептелет: «баары агат» («панта рей»), «все движется и ничто не пребывает» - бул бардык бар нерселердин жалпы мыйзамы. Баары убакытта өзгөрөт. Асман кыймылда, стихия да кыймылда, жандуу жандыктардын мууну бирин экинчисине алмаштырат. Ааламдын кыймылында өзгөрбөс, кыймылдабас, эч нерсе жок. Анын оюу төмөндөгүдөн көрүнөт: «Нельзя войти дважды в одну и ту же струю, нельзя дважды коснуться одного и того же тела: наши тела текут, как ручьи». Биз дем алган аба сыяктуу буюмдар алмашып турат. Өзгөрүү, пайда болуу, жок болуу болмуш эместен болмушка өтүүнүн табышмактуу жолу. Мурда болбогон нерсе (эч нерсе эмес) пайда болот. Мында болмуш эместен болмушка өтүүдө парадокс келип чыгат: ал адам акылы менен жете албаган карама каршылык. Гераклит боюнча өзгөрүү, кыймыл болмуштун чыныгы формасы. Шартсыз өзгөрбөгөн, кыймылсыз эч нерсе жок. Бирөөнүн өлүмү – экинчинин төрөлүшү дегенди билдирет. Күн жана түн, кыш жана жай, ачкачылык жана токчулук, оору жана саламаттык биринен экинчисине өтүп турат. Баары пайда болот, кыймылдайт, өзгөрөт. Аны Гераклит «түбөлүк кыймылдуу» от деп түшүндүрөт. От – кыймылдуу, жогорку стихия деп билсе болот. «Бардык буюмдар отко өзгөрөт, айланат жана от бардык буюмдарга айланат». От ченеми менен күйүп, ченеми менен өчүп турат.

**Элей мектеби.** Элей мектебинин негиздөөчүсү катары Ксенофан эсептелет. Калыптануусу б.з.ч. VI-кылымга таандык. Анын улантуучулары Парменид, Зенон болгон. Ксенофан Пифагордун замандашы болгон жана б.з.ч. VI-кылымдагы башка диндик кыймылдын өкүлү эле. Ал Кичи Азиядагы Иониялык колония болгон Колофондо төрөлгөн. 25 жашында ал шаарды таштап көп жылдар бою тентип жүргөн. Б.з.ч. V-кылымда өтө карыган убагында дүйнөдөн кайтат. Ксенофандын окуусун пантеисттик монизм деп түшүнсө болот. «Баары бирдиктүү» жана ал «бирдиктүүлүк кудай болуп саналат». Бул анын бардык окуусунун жыйындысы. Чыныгы кудай бирдиктү, түбөлүктүү, чексиз башталыш. Ал баарын көрөт, жөнгө салат. Экинчи жагынан ал бардык нерсени түшүндүрөт. Ал асмандын бардык буюмдардык биримдиги деп белгиленет. Дүйнө чексиз жогорку – аба жана төмөнкү – жер катары

таанылат. Жер тереңдиги жана жайылып жатышы боюнча чексиз, бардык тарапка созулуп жатат. Жер жана суудан баары пайда болот, алар бирдиктүү, аба менен күндүн отторунун таасири менен ажыратылган.

Ошентип Ксенофанда өтө тыкан түрдөгү философиялык окуу жок болгонуна карабастан элей философиясына программа сунуш кыла алган. Аны Парменид уланткан. Пармениддин философиялык чыгармачылыгы б.з.ч. V-кылымдын биринчи жарымына таандык. Ал пифагорчулар менен да тыгыз байланышта болгон. Парменид философиялык көз карашын өзүнүн поэмасында чагылдырат. Ал эки бөлүктөн турган: 1. чыныгы болмуш жөнүндө, 2. жашоо жөнүндө. Пармениддин окуусу боюнча таанымдын эки жолу бар, болмуш-эмес жөнүндө айтууга болбойт, анткени кичине болсо да ал бар; эгерде ал башка мазмунга ээ болсо анда ал эч кандай барлык болуп эсептелбейт. Парменид боюнча дүйнө бөлүнгүс, өзгөрүлбөс жана таанылбас сфера, сезимдик кабылдоо бул бирдиктүү болмуш ажыратылып кабылданат, ал көптөгөн, өзгөрүлмө кыймылдуу буюм болуп кабылданат, ал жок болот жана кайра пайда болот. Ошондуктан, кубулуш дүйнөсү болмуш жана болмуш-эмести өзүнө кошуп турат. Болмуш-эмес бул жалган көрүнүш, бирок бул көрүнүш бирдиктүү болмушни көптөгөн буюмдарга ажыратат, мейкиндиктеги боштукка бөлөт, аны убакытка ажыратат.

**Зенон.** Пармениддин идеяларын Зенон уланткан (б.з.ч. 490-430-жж.). Зенон оюунун оригиналдуулугун анын диалектикасынан көрүүгө болот. Ал акылга сезимдерди каршы койгон тенденцияны андан ары уланткан. Зенон Пармениддин каршыларынын тезисин анализдеп келип бардык тезистер карама-каршылыкка алып келерин айтат. Зенондун кыймылга байланыштуу апориялары кеңири белгилүү. Анын мазмуну төмөндөгүчө: кыймылдагы тело белгилүү бир аралыкка кыймылдайт. Бирок ар кандай аралык чексиз бөлүнөт, кыймылдагы тело зарылчылыкка байланыштуу ал аралыктын жарымын өтүш керек, андан кийин гана калган экинчи бөлүгүн өтөт. Бирок ошол жарым аралыктын жарымын, акыркы жарымдын дагы жарымын (акыркы аралыкка чейин) өтүш керек. Ошондуктан аралыктын жарымы саны боюнча чексиз, бул апория («дихотамия») боюнча тело эч качан оордунан жылбайт, максатка жетпейт, анткени аралыктын бөлүнүшү чексиз жүрө берет.

Зенондун экинчи апориясы «Ахиллес». Бул апория төмөндөгүдөн көрүнөт: ташбаканы кууп жетиши үчүн кууп кетип жаткан старт башталган чекке барыш керек бул убакта качып кетип жаткан булл чектен бир топ аралыкка жылып кетет, кууп бара жаткан ошол чекти өткөндө качып кетип жаткан жай жүрсө да ордунда турбай жылып турат. «Ошентип ар бир жолу бул аралык улам аз калып отурат, качып кетип жаткан кандай гана болбосун кандайдыр бир аралыкты басып өтөт, анткени ал кыймылда. Натыйжада чоңдуктун чексиз бөлүнүшүнө байланыштуу аралык чексиз бөлүнүп отурат да Ахиллес ташбаканы кууп жете албайт.

«Жебе» деп аталган апорияда жебенинннын учуусунун траекториясы каралат жана ар бир убакыт жебе тынч абалында турат. Натыйжада жебенин кыймылы тынч абалдын суммасы катары эсептелет. Ошондуктан учуп бара

жаткан жебе тынч, кыймылсыз абалда болот. Апорияларда кыймылдын мүмкүн эмести айтылат.

**Эпикур.** Б.з.ч. 341-340-жылдары Самос аралында төрөлгөн. Анын алгачкы окутуучусу Самос аралындагы Памфилий болсо, Афинага келгенде Ксенократтан окуган. Ал 300 дөн ашык китептин автору болгон. Алардын ичинен «Жаратылыш жөнүндө», «Атомдор жана боштук жөнүндө», «Физиктерге карата кыскача макул эместик жөнүндө», «Критерий же канон жөнүндө», «Жашоо образы жөнүндө», «Түпкү максат жөнүндө» деген чыгармаларынын аталыштары гана сакталып калган.

«Буюмдардын жаратылышы жөнүндө» деген чыгармасы Эпикурчулук жөнүндө кеңири маалымат берет. Эпикурдун оюу боюнча философия менен алектенүү бакытка карай жол болуп эсептелет. Жаратылышты үйрөнгүсү келген адам таанымга муктаж болот. Аны Эпикур «Каноника» деп атаган. Ошондуктан анын тааным теориясынын негизинде критерий же канон жөнүндөгү («канон» - ченем, үлгү, критерий) окуу жатат.

Телолор өзү жөнөкөй же татаал болушат, мында татаал телолор жөнөкөй телолордон турат, ал эми жөнөкөй телолор жөнөкөй, анткени алар бөлүнгүс. Алар атомдор. Атомдор бекем жана бөлүнгүс, анткени атомдор абсолюттук тыгыздыкка ээ, боштук жок. Эпикур боюнча атомдор чоңдугу, формасы жана салмагы боюнча айырмаланышат. Атомдун чоңдугу чектелген, аны көрүүгө мүмкүн эмес. Атомдордун формасынын саны чексиз эмес, эсепсиз көп эмес. Бул жерде Эпикурдун кыйыр түрдөгү Демокрит жана Левкипп менен болгон полемикасы байкалат.

**Атомисттер.** Атомизмдин негизги идеялары Левкипп тарабынан айтылып, системага салынган. Ал Милет шаарынан чыккан жана Зенондун окуучусу болгон деген маалыматтар болгон. Левкипп б.з.ч. V-кылымдын орто ченинде Милетте төрөлгөн. Левкипптин чыгармалары: «Чоң дүйнөтүзүлүшү» «Акыл жөнүндө». Ал эми Демокрит болсо аны андан ары өнүктүргөн.

**Демокрит** (б.з.ч. 460-370-жж.) – байыркы грек философ-материалисти, ар тараптан өнүккөн инсан. Энциклопедиялык мүнөздөгү акылман окумуштуу катары Байыркы Грециядагы атомистик илимдин негиз салуучусу жана Левкипптин окуучусу.

Демокриттин материалисттик илиминин негизинде атомистик окуу жатат, ошондуктан ал атомистик окуунун да негиз салуучусу. Демокриттин оюу боюнча ааламдагы, бүтүндөй дүйнөдөгү болгон нерселердин, жашоо-тиричиликтин негизинде атом жатат. Ошону менен катар «боштукту» да атом катары карап нерселердин негизинде атом жана боштук жатат деп түшүнгөн. Демокриттин айтуусу боюнча, атомдор эч бөлүнбөйт, алар материянын бөлүнгүс негизи. Атом бөлүнөт деген нерселер эң кичине майда бөлүктөргө бөлүнүп олтуруп, жок болуп кетет дегендикке жатат. Ошондуктан атомдор эң кичине майда бөлүкчөдөн турат да, бардык нерселердин негизин түзөт. Атомдор ар дайым кыймылда болот, ошого байланыштуу кыймыл атомдун ажырагыс бөлүгү, атом түбөлүк кыймылда болот.

Атомдор бири-биринен өздөрүнүн сырткы түзүлүшү чоңдугу, өзүнүн орду жана жайгашуу катары боюнча айырмаланып турушат. Атомдор, Демокриттин оюу боюнча, баш аламан, ар тарапты көздөй жулкунуп, силкинип, тынбай, эң чоң ылдамдыкта, бардык тарапты көздөй «куюндай» болгон түбөлүк кыймылда болушат. Демокрит, жаратылышты диалектикалык мүнөздө түшүнгөн, анткени, ал Ааламдын «үстү», «асты», «ортосу», «чети», «түгөнүүсү» жок деп эсептеген. Бул анын оюунун философиялык тереңдиги.

**Скептицизм.** «Скептицизм» термини байыркы грек сөзү «скепсис» дегенден келип чыгат жана карап чыгуу, байкоо, талдоо, солкулдоо дегенди билдирет. Ал гносеологиянын бир багыты катары ар кандай эле билим чындыкка дал келбейт деп билдирет. Скептицизм толук жана толук эмес, чектелген жана мээлүүн болушу мүмкүн. Толук скептицизм ар кандай чыныгы билимди четке кагат, толук эмес скептицизм кандайдыр бир белгилүү болгон чыныгы билимдин мүмкүндүгүн танат. Чектелген скептицизм эки карама каршы ой жүгүртүүдөн бирөө чындык эмес деп белгилейт. Мээлүүн скептицизм пробабализм (латынча probabalis – «мүмкүн болгон», «чындыкка окшогон») деп аталат.

Скептицизмди агностицизмдин бир түрү деп айтса болот. Байыркы доордо агностицизм скептицизм формасында өнүккөн. Скептицизмдин негиздөөчүсү Пиррон (болжол менен б.з.ч. 360-275, 270-жж.) болгон. Анын окуучулары Тимон, Аркесилад, Карнеад, Энезидем, Агриппа, Секст Эмпирик ж.б. болгон. Пиррондун көңүлүнүн борборунда бакыт жөнүндө проблема турган. Кантип бактылуу боло алат? Бул проблеманы чечүү үчүн төмөндөгү үч суроого жооп берүү зарыл: Бизди курчап турган нерсе эмне? Бизди курчап турган нерселерге кандай мамиле жасаш керек? Бул мамиледе эмнеге көңүл буруш керек? Биринчи суроого жооп берип жатып өзүнө чейинки өнүккөн философияны жыйынтыктап, бардык философтор иш жүзүндө бири бирине каршы турушкан дейт. Биз дүйнө деген эмне экенин, анны түзгөн буюмдар, андагы болуп жаткан процесстер жөнүндө биле албайбыз деген ойду айтат. «Сен өлүп калган жоксуңбу?» деген суроого Пиррон «билбейм» деп жооп берет. Дүйнөдө бардык нерсе салыштырмалуу, бардык буюмдар бирдей жана бирдей эмес туруктуу жана туруксуз, башкача айтканда таанып биле албайбыз.

**Сократ** (б.з.ч. 470-399жж.) Байыркы грек философу, анын философиялык көз карашы, окуусу натурфилософиялык философиядан идеализмге бурулуш катары эсептелинет. Философиялык көз карашы боюнча объективдүү идеализмдин баштоочусу катары да саналат. Сократ философиялык ой пикиринин тереңдиги менен өзүнүн замандаш философторунан айырмаланган. Афинада биринчи философиялык мектепке негиз салып, баштоочулардын бири. Сократ Афинада жашаган, кылган иши боюнча жөнөкөй ширетүүчү болгон. Өзүнүн жүрүш турушу, мүнөзү боюнча философко окшобогон, ал көбүнчө жөнөкөй эле акылман адамга окшогон. Анын күндөлүк турмушта жүрүш турушу, кылган иши адамдарга айткан ой пикири, накыл сөздөрү катары эле чоң таасирин тийгизген. Сократ көп убагын Афина шаарынын ачык аянттарында, тосулган дубалдардын жанында өз ой пикирлерин адамдар менен

бөлүшкөнгө кетирген. Ким аны менен маектешип, пикир алмашкысы келсе, Сократ бардыгы менен, адамдарды тандабай алар менен сүйлөшкөн, оюн түшүндүрүп бөлүшкөн. Биринчи жолу Афинада угуучуларды топтоп, аларды ой жүгүртүп, өзүнүн түшүнүгүн далилдей билүүгө үйрөткөн.

Сократ философиялык көз карашы боюнча натурфилософияга каршы болгон. Философиянын негизги максаты – адамдардын жашоосундагы негизги маселени чечүү болуп саналат деп эсептеген, б.а. адамдарды жашоого үйрөтүү – философиянын негизги максаты. Сократ бүтүндөй табиятты таанып билүүгө каршы болгон, ошондуктан, адамдын сезүү органдарын керектүү деңгээлде баалаган эмес. Сократтын айтуусу боюнча адам өзүнүн кол алдындагысын гана биле алат, ал эми адамдын кол алдында табият эмес, аалам эмес анын жаны. Ошондуктан, адамдын чыныгы билими – жан жөнүндөгү гана билим. Ушуга байланыштуу, Сократ билимдин эң негизги максаты өзүн өзү таанып билүү, б.а «Өзүңдү өзүң таанып бил» деген накыл сөздү айткан. Бул учкул сөз мааниси боюнча өтө терең. Билимге түшүнүктү аныктоо аркылуу гана жетүүгө болот деп эсептеген. Сократ философияда диалектикалык принципте ой жүгүртүүнүн негиз салуучуларынын бири болуп саналат, анткени, ал өзүнүн маектешип жаткан адамын чындыкка жетиш үчүн терең ой жүгүртүүгө, ар кандай маселени талдай билүүгө, алардын ичинен керектүүсүн тандап алууга жана өзүнүн оюн ар кандай далилдер менен бекемдөөгө чакырган.

**Платон** (б.з.ч. 427-347-жж.) **б**айыркы Грек өлкөсүндөгү философ-идеалист, Сократтын окуучусу объективдүү идеалисттик көз караштын негиз салуучусу, 30дан ашык илимий эмгектердин автору. Платон Сократтын мектебинде философиялык маалымат алып, Сократтын көз карашында тарбияланып, анын негизги идеясын улантткан. Афинада грек элинин легендарлуу баатыры Академдин атынан аталган бактын ичинде өзүнүн «Академия» деп аталган философиялык мектебин түзгөн. Бул мектеп ошол мезгилдеги идеалисттик көз караштагы философтордун борбору болуп калган. Идеалисттик көз карашына карабай, ал дүйнөдөгү эң гениалдуу окумуштуу-философтордун бири болуп саналат. Платондон баштап философияда идеалисттик көз караш өз башатын баштайт. Философияда идеалисттик багыт Платондун ысымы менен байланыштуу.

Платондун объективдүү-идеалисттик көз карашы анын «Пир», «Театет», «Федон», «Мамлекет», «Протагор», «Парменид», «Софист», «Политик». ж.б. чыгармаларында кеңири орун алган.

Платон, Сократтын оюн улантып, диалектика деген – баарынан мурун, суроо коюп жана ага жооп берип, философиялык маселелерди чечүүнүн зарыл курамы экендигин баса көрсөткөн. Платондун диалектикасы, Сократтын методу менен тыгыз байланышта болуп, жандуу пикирлешип, ар ким өз оюн далилдөөнүн куралы экендигин көрсөтүшкөн. Бул Платондун философия илимине кошкон чоң салымы.

Бирок Платондун философиялык окуусунун негизин түзгөн маселе анын оюу боюнча биз көрүп, сезип турган аалам, дүйнө «материя» менен «идеянын» ортосунан жаралган. Бирок материя биринчи же болбосо өзүнчө эмес, биринчи

себепчи, жаратуучу – булл «идея». «Идеялар» түбөлүктүү «ааламдан тышкары», алар пайда болбойт, өлүшпөйт, түбөлүктүү, убакытка, мейкиндикке көз карандысыз. Биз көрүп, сезип турган нерселер, убактылуу, ченемдүү, мейкиндиктен жана убакыттан көз каранды. Реалдуу болмушнин, кыймылдаткычы – бул «идея». Идея биринчи, материя экинчи орунда турат. Бул жашап турган дүйнө, аалам – бул жалган дүйнө, бул дүйнө чыныгы дүйнөнүн көлөкөсү, ал эми чыныгы дүйнө тигил жакта, биз көрүп, сезип турган нерселер идеянын көлөкөсү. Таанып билүүбүздө биз табияттын кубулуштарын гана таанып билебиз. Көлөкөнү гана көрөбүз, чындык, күндүн жарыгы – биздин сезим ага жетпейт.

**Аристотель –** (б.з.ч. 384-322 жж.) – байыркы грек философу, логика илиминин, ошондой эле көптөгөн илимдердин негиз салуучусу, илимдин бардык тарабынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон, ар тараптан өнүккөн терең ойчул. Кийинки доордогу окумуштуу-ойчулдардын (К.Маркс) аныктоосу боюнча Аристотель – «байыркы доордун эң улуу ойчулу», «Байыркы Грек философиясынын туу чокусу» болуп саналат. Аристотель изин калтырбаган, өз салымын кошпогон илим жок, анын ысымы илимге кошкон салымы аркылуу ушул күнгө чейин адамзаттын тарыхында сакталып келе жатат.

Аристотель Грецияда, Стагиритте грек колониясы болгон Франциянын жээгинде Халкидикидада туулган. Ошондуктан Аристотель Стагирит деп аталган. Аристотелдин атасы Никомах Македония падышасы Аминта II нин падыша сарайындагы дарыгер болгон. Ал 20 жыл бою Платондун Академиясында окуган, анын окуучусу болгон. Аристотель Македония падышасы Филипп II нин чакыруусу боюнча, анын баласы Александр Македонскийдин тарбиячысы болгон.

Аристотелдин көптөгөн илимий чыгармалары нукура нуска түрүндө жана кийинки анын окуучулары аркылуу бизге чейин жеткен. Аристотель Платондон кийин Афинада философиялык илимий мектепти уюштурган. Ал мектеп Ликей деп, же болбосо «перипатетика мектеби» деп аталат. (Перипатетиктика – сейилдеп басып жүрүүчүлөр дегенди билдирет, анткени, Аристотель өзүнүн окуучулары менен басып жүрүп маектешип, ойлонуп, ой-жүгүртүп ар кандай маселелерди талдашкан).

Аристотель өзүнүн изилдөөсүндө ошол убактагы бардык илимдерди өз кучагына алган. Аристотелдин философиялык окуусунун эң негизгиси болуп анын материя менен форманын (тышкы көрүнүш, кебете түрү, түзүлүшү) өз ара байланышы болуп саналат. Философтун оюу боюнча, материя өз алдынча болот, бардык нерселердин биринчи негизи, биринчи себеби, ар кандай нерсенин пайда болушунун негизи катары каралат. Бирок, материя активдүү ролдо эмес, ал пассивдүү абалда болот – пассивдүү башталыш. Ар кандай нерсенин активдүү башталышы, анын активдүү түрдө кыймылда болуп турушу жана материяга жан берип турушу – анын формасы, б.а. анын түзүлүшү, кебете түрү, көрүнүшү болуп саналат. Материя формасыз, жансыз деп эсептеген. Аристотелдин оюу боюнча форма түбөлүктүү, эч өзгөрүлбөс абалда болот. Материя ар кандай нерсенин бар болуп турганы, мүмкүнчүлүгү, ал эми анын

чыныгы жашоо негизи болуп формасы – түзүлүшү, түрү, сырткы көрүнүшү саналат. Ар кандай кыймылдын булагы болуп, ордунан кыймылдабаган, бирок бүтүндөй кыймылдын башы болгон – кудай эсептелет. Аристотелдин ушул философиялык оюнда бир эле убакта материалисттик жана идеалисттик ой камтылган. Философтун материалисттик ой-пикири келечекте философияда материалисттик көз караштын калыптанышына, прогрессивдүү идеялардын өсүшүнө чоң таасирин тийгизген, ал эми идеалисттик ой пикири, орто кылымда диндик окуулардын өсүп пайда болушуна өбөлгө түзгөн

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Байыркы дүйнө философиясынын Батышта жана Чыгышта пайда болуусунун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү кайсылар?
2. Байыркы Индия философиясында ортодоксалдуу мектептер кайсылар?
3. Байыркы Индия философиясында ортодоксалдуу эмес мектептер кайсы негизде бөлүнгөн?
4. Жайнизмде башбашат катары эмне берилет?
5. Буддизмдеги «төрт чындык» жана «сегиз ченемдик жол» эмнени түшүндүрөт?
6. Нирвана» деген эмне?
7. Байыркы Кытай философиясында Ян жана Инь эмнени түшүндүрөт?
9. Дао философиясында дао кандай мүнөздөлөт?
10. Кун-фу-цы окуусунда «ысымдарды оңдоо» дегенди кантип түшүндүрсө болот?
11. Кун-фу-цзынын этикалык окуусунда өзөгүн эмне түзөт?
12. Моизмде таалим процесси кантип түшүндүрүлөт?
13. Легизмдеги жаза жана сыйлык кантип дал келет?
14. Милет мектебинин философиядагы орду кандай?
15. Эмне себептен Гераклит диалектиканын негиздөөчүсү болуп эсептелет?
16. Логосту Гераклит кантип түшүндүргөн?
17. Атомисттер дүйнөнү кантип түшүндүрүшөт?
18. Сократ чындыкка жетүүнүн кандай ыкмасын сунуштайт?
19. Платондун дүйнөнү экиге бөлүшүн анализде.
20. Аристотелдик илим классификациясына анализ жүргүз.

**Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси**


1. Антология мировой философии: Древний Восток. – Мн.: Харвест; М.: ООО «Издательство АСТ», 2001. – 992 с.
2. Аристотель. Политика. / Древнегреческая философия. От Платона да Аристотеля. – М.: ООО “Фирма “Изд-во Аст”, 1999. – 832 ч
3. Введение в философию: Учебное пособие/под ред. И.Т. Фролова и др. - М.:Республика, 2005.
4. Дао: гармония мира. / Антология мысли – М.: ЗАО Изд-во ЭКСМО-Пресс; Харьков: Изд-во Фолио, 2000
5. История философии в кратком изложении. – М.: Мысль, 1994. – 590 с.

6. Конфуций. Я верю в древность. – М.: Терра-книжный клуб. Изд-во «Республика», 1998
7. Конфуций. Беседы и суждения. – СПб.: ООО Изд-во «Кристалл», 1999. – 1120 с.
8. Платон. Государство / Древнегреческая философия. – М., 1999. – 832 с.
9. Токоева Г.С. Философия тарыхы. Окуу куралы. –Б., 2009. – 324 б

## Тема 3. Орто кылымдар философиясы

1. Орто кылымдарда Чыгыш менен Батышта философиянын өнүгүүсүнүн жалпы белгилери
2. Орто кылымдагы Европада философиялык ойлордун өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү. Фома Аквинский – орто кылымдагы схоластиканын систематизатору. Орто кылымдарда реализм менен номинализмдин полемикасы
3. Орто кылымдардагы араб-ислам философиясы.

Батыш Европада XI-XII кылымдарда орто кылым шаарларынын калыптанышы башталат. Бул кол өнөрчүлүктүн айыл чарбасынан бөлүнүшүнүн негизинде жүрөт, кол өнөрчүлүк цехтери пайда болгон, акча-товар мамилелери өнүгөт, орто кылымдагы жаңы тап – шаардык бай граждандар-бюргерлер табы калыптана баштайт. 1054-жылы Левь IX тушунда христиандык чиркөөдө ажырым же бөлүнүү жүрөт: батыш жана чыгыш. Экөө көптөгөн үрп адаты, сыйынуу тили, башкаруу системасы жагынан айырмаланган.

Ал эми Чыгышта философия араб-ислам философиясы деген ат менен белгилүүболот. Эки маданиятта тең философия дин менен тыгыз байланышта өнүгөт. Батышта – христианчылык, ал эми Чыгышта – ислам дини. Орто кылым философиясы теоцентриттик мүнөздө. Кудай (тео) дүйнө борборунда туруп, бардык нерсе ага гана байланыштуу каралат.

XIII-кылымдан баштап Аристотелдин чыгармалары латын тилине кеңири которула баштаган. Аристотелдин философиясын чиркөөнүн керектөөсүнө ылайыкташтырууга аракеттенишет. Анын окуусун Христиандык догматикага ылайыкташтыруунун ири өкүлү болуп Фома Аквинский эсептелет.

**Фома Аквинский (1225-1274-жж.)** орто кылымдагы философ жана теолог, католик динине өтө берилген жактоочусу (ортодоксалдык көз караштa болгон) – схоластиканы системалаштырган, томизм агымынын негиз салуучусу, доминиканчы монах. Ал 1323-жылдан баштап католик-христиан дининин ыйыктарынын эсебине киргизилген, ал эми католик-христиан динине сиңирген эмгеги үчүн 1567-жылы «чиркөөнүн бешинчи окутуучусу, мугалими» болуп таанылган. Ф.Аквинский Улуу Альберттин окуучусу. Ф.Аквинскийдин объективдүү идеалисттик философиялык көз карашы Аристотелдин философиялык окуусун бурмалоо аркылуу, христиан дининин талабын калыптандыруу менен калыптанган. Фома Аквинскийдин оюу боюнча адамдын жаны (душа) материалдуу эмес жана негиздүү бирок аягына чейин өзүнүн ишке ашырылышында дене аркылуу болот. Адамдын жаны – дененин

«кыймылдаткычы» эмес. Бирок анын биринчи негизги формасы (түзүлүшү). Инсандык (личностук) Ф.Аквинскийдин оюу боюнча табияттын бардыгынын эң акыл эстүүсү жана асылы, интеллектиси. Интеллект – бирөөгө гана тиешелүү, анткени абсолюттук башталыш эмес, бирок бүтүндүн бөлүгү. Жалгыз гана кудайда интеллектин маңызы бар, ал эми адамда – маңыздын потенциясы болот, ошондуктан «интеллект ойлобойт», бирок адам интеллект аркылуу, анын жардамы аркылуу ойлонот, ой жүгүртөт.

Фома Аквинскийдин философиялык принцибинин негизин ишеним менен акыл эстин бири бирине жарашкан байланышы түзөт жана анын оюу боюнча акыл эс кудайдын бар экендигин рационалдуу түрдө далилдейт жана ишеничтин чындыкка болгон каршылыгын четке кагат. Бардык ааламдагы болгон нерселер кудай жараткан биринен кийин экинчиси болгон тепкичтердеги тартипке сыйынышат. Фома Аквинскийдин бул схоластикалык-философиялык концепциясы официалдуу түрдө «католицизмдин» жалгыз гана чыныгы философиясы болуп жарыяланат.

**Орто кылымдагы араб-ислам философиясы**

Араб-ислам философиясынын калыптанышынын булагы болуп «Калам» (Куранды талдоо) эсептелет. Каламдын жактоочулары мутакалимдер деп аталган. Мутакалимдердин бир бөлүгү диний окууларды эркин талдашкан, мындай ортодокстарды мутазилиттер (традициялуу ишенимден бөлүнгөндөр) деп аташкан. Мутазилиттер Кудай атрибуттарынын көптүгүн четке кагышкан, Кудай абсолюттук биримдик деп айтышат. Мутазилиттер боюнча кудайдын «телосу жок, руху, формасы, тыгыздыгы, каны, субстанциясы же акциденциясы» жок. Ал бөлүнгүс, орду жана убактысы менен аныкталбайт. Ал бардык жерде бар, боло берет. Башка нерселерге салыштырмалуу алгачкы болуп эсептелет. Ал бирден бир түбөлүктүү болмуш. Мутазилиттерге **Аль-Ашари** (873-935-жж) каршы чыккан. Анын улантуучулары жана өзү (Ашариттер) ортодоксалдуу ишенимди кайра кайтарып алуу жана бекемдөөгө умтулушкан. Мутазилиттерге каршы туруп, алар Аллах дүйнөнү эле жараткан, анын бардык кубулуштарына өз таасирин тийгизет. Ошондуктан кубулуштар кудайдын эркине негизделет, анын эркине адам жашоосу да көз каранды. Көптөгөн күрөштөн кийин ашариттер исламдагы үстөмдүк кылуучу концепция болуп калган. Ушул эле тарыхый мезгилде араб дүйнөсүндө мистик-суфиттер кыймылы жаралат. Алар аскетизмди жакташкан. Теология менен катар арабдык-аристотелдик философия өнүккөн. Ал логика, табигый илимдер, математика, медицинага кызыккан. Араб философиясынын өкүлдөрү болуп чыгышта Аль-Кинди, Аль-Фараби, Ибн-Сина, Батышта – Ибн-Баджа, Ибн Туфайль, Ибн Рушд эсептелет.

**Аль Кинди** – чыгыш аристотелизминин алгачкы өкүлү. 200 гө жакын эмгектин автору. Ал Античтик философияны чыгышка тарата баштаган жана философиялык чыгармаларды араб тилине которгон. Аль-Кинди метафизика, логика, математика, астрономия, медицина, метеорология ж.б. кызыккан.

Экинчи дагы бир ойчул **Аль-Фараби** (870-950-жж) чыгыш элдеринде Аристотелден кийинки «Экинчи окутуучу» деген ат менен белгилүү. Философ 870-жылы Сырдарыянын Фараб деген районунда төрөлгөн. Ал жер азыркы Казакстандагы Түштүк-Казакстан областынын Шаульдер районуна таандык. Абу-Наср Аль Фараби оокаттуу түрк уруусунан чыккан, анткени, анын толук атын айтканда «тархан» деген сөздөн белгилүү: Абу-Наср Мухаммед Ибн-Мухаммед, Ибн-Тархан, Ибн-Узлаг, Аль-Фараби ат-Турки. Аль Фараби жашаган жер тарыхчылар тарабынан өзгөчө жер экендиги белгиленген. Маданий жана тарыхый жактан ал Орто Азиядагы отурукташып дыйканчылык менен алектенген уруулар. Борбордук Казакстандын көчмөн уруулары менен чектеш болгон. Анда ар түрдүү деңгээлдеги маданияты жана салты бар, ар кандай диндик ишенимдерди тутушкан (шаманизм, зороастризм, несторианство, манихейство, буддизм) уруулар жана элдер жашаган.

Аль Фараби дүйнөнүн философиялык концепциясын түзүп ошол учурдагы традиция боюнча метафизика деп атаган. «Илимдердин классификациясы» деген эмгегинде ойчул метафизика маанилүү орунда дейт. Ал тил илими, логика, математика, физика илимдеринин катарында турган, б.а. ал башка бардык теориялык илимдердин синтези болуп саналган. Метафизиканы 3 бөлүккө бөлгөн. Биринчиси жашап, бар болуп турган предметтер жана буюмдар. Экинчиси теориялык жеке илимдердин далидөөлөрүнүн негизин үйрөтөт. Үчүнчү бөлүм болсо жашап турган материалдык эмес, телого ээ болбогон предметтерди изилдейт. Аль Фарабинин онтологиялык окуусу боюнча субстанция – бул болмуш жөнүндөгү окуунун чечүүчү категорясы. Субстанция форма менен материянын биримдиги. Форма – буюмдардын маңызы жана келбет түзүлүшү, алар түздөн түз берилет. Материя – сакталып турган субстрат, кыймыл, өзгөрүү жүрүүчү фон.

Аль Фарабинин тааным теориясында материалисттик жана идеалисттик тенденциялар ачык байкалат: биринчиден адам - дүйнөнү таанууга алып келүүчү чыгармачыл башатты алып жүрүүчү; экинчи жагынан таанымдын негизги, аяккы пункту – бардык нерселердин алгачкы себепчисинде. Таанып билүүдө туюп сезүү негизги ролду ойнойт, анткени ал дүйнөнү таануунун бирден бир учуру абстракция же түшүнүктөрдү алууга алып келет. Аль Фараби таанып билүү процессин «Бакытка жетүү жөнүндө» деген трактатында ачык көрсөтөт. Анда башка эмгектериндегидей эле билим алуу бакытка жетүү деп түшүндүрүлөт. Ал эми бакытка жетүү, бактылуу болуу – бул адам жашоосунун максаты, ал адам тарабынан курчап турган дүйнөнү жана этикалык нормаларды таануу аркылуу ишке ашат.

**Ибн Сина** (980-1037-жж). Европада аны Авиценна деп айтышкан. Борбор Азия жана Иранда жашаган чыгыш-араб маданиятынын көрүнүктүү өкүлү. Ал врач, ар түрдүү башкаруучулардын тушунда вазир болуп эмгектенген. Ага 400дөн ашык чыгарманы таандык кылышат. «Канон врачебной науки» негизги эмгеги. Анын беш китебинде медициналык билимдер жана өзүнүн тажрыйбасынын жыйындысы жалпыланып, системага салынган. Бул эмгеги араб дүйнөсүндөгү жана ага чейинки Европада медицина боюнча методикалык

көрсөтмө болуп калган. Ибн Синанын негизги философиялык эмгеги – «Книга исцеления» («Шыпаа китеби») 18 томдон туруп «Логика», «Риторика», «Поэтика», «Физика», «Метафизиканы» камтыган. Чыгармада акыл билими менен практиканын ортосундагы байланышты түзүүгө аракет кылган. Бул позициясы анын илимдерди классификациясынан көрүнөт. Ибн Сина илимдердин баарын экиге бөлөт: теориялык жана практикалык. Теориялык илимдер адам ишмердигине көз каранды болбогондорду изилдейт, практикалык илимдер ишмердиктин өзүн изилдейт. Теориялык илимдердин максаты чындыкка жетүү, ал эми экинчиси жыргалчылыкка жетүүгө умтулат. Логика бул классификацияга кирбейт, ал «инструменталдык» илим катары бардык башка илимдерден кабар берет. Теориялык билимдерге физика, математика, метафизика кирет. Бул илимдердин ичинде алгачкы (таза) жана экинчилик (колдонмо) илимдер бар. «Таза» физика – материя, форма, кыймыл, минералдар, жаныбарлар, өсүмдүктөр, жаныбар жана адамдардын жаны жөнүндөгү маселелерди камтыйт. Прикладдык физикага медицина, астрология, физиогномика, түш жору, талисман жөнүндөгү илим, сыйкырчылык жөнүндөгү окуу, ошондой эле алхимия да кирет. «Таза» математика – арифметика, геометрия, астрономия жана музыка теориясын камтыйт. Ибн Сина боюнча акыл жаны өлбөс, түбөлүктүү. Акыл – субстанция, ал өз болмушунда телого көз каранды эмес. Тело өлгөндөн кийин жан өз алдынча жашайт. Жандын башкага өтүшү жөнүндөгү идеяга Ибн Сина каршы болгон. Адам жанында теориялык жана практикалык акыл бар. Теориялык акыл билимди, практикалык акыл нравалык принциптерди иштеп чыгат.

**Ибн Рушд** (1126-1198-жж.) араб философиясын жыйынтыктап, схоластикага күчтүү таасирин тийгизген ойчул. Европада ал Аверроэс деген ат менен белгилүү болгон. «Төгүндөөнү төгүндөө» («Опровержение опровержение») деген чыгармасында Аль Газалиге каршы чыгып мындай дейт: «Бул ой жүгүртүүнүн максаты – диний көз караш менен кароо». Мында дин философияга тыюу салбастан, тескерисинче аны менен алектенүүгө чакырат.

Ибн Рушд боюнча дин – чындык, далилдөөгө (философияга) таянган изилдөө дин бекемдеген каршылыкка алып келбейт. Бирок диндин кандайдыр бир ойлому далилдөөчү билимге (философия) каршы турса, анда «ыйык» тексти анализдөөнүн аллегориялык зарылдыгы келип чыгат. Натыйжада, Ибн Рушд философиянын теологияга көз каранды эместиги жөнүндөгү жыйынтыкка келет; философия гана чындыкка жетет. Чындык бирөө гана, ал акыл-эстүү. Ошол эле учурда Ибн Рушд диндин өзүнө каршы болгон. Ал кудайга ишенүү нравалуулуктун негизинде жатат, элдер диний көз караштa кала бериши керек, элге философиянын кереги жок. Философ өзүнүн көз карашын өзүндө гана кармашы зарыл. Практикалык проблемаларда, мораль жана укук жаатында философ динге тутунуп аракеттениши керек.

Онтологиялык окуусунда Ибн Рушд маңыз жана жашоону айырмалайт; маңыз жашоону улайт. Жеке субстанцияда маңыз жана жашоо бири-бирин улайт, жеке субстанцияда маңыз жана жашоо биримдикте болот. Дүйнө жаратылганбы же ал түбөлүктүүлүкпү, материя жаратылганбы же жаратылган

эмеспи? деген суроодо ал экинчи көз караште болгон. Анын оюу боюнча асман, жер «жок нерседен келип чыккан эмес, ал аны улаган кандайдыр бир болмуштан келип чыккан». Ибн Рушд боюнча материя – обьективдүү түбөлүк башбашат, форма түзүлбөйт, ал жаратылбаган материяга таандык; материяга форма сырттан келет. Ал Аристотелдик жан жөнүндөгү идеяны өнүктүрөт. Ошондой эле жеке өлбөстүктү таанубайт. Жеке жан тело менен тыгыз байланышкан; бир гана акыл түбөлүктүү. Ибн Рушд боюнча жалпы себептик байланыш, дүйнөдөгү гармония – адам акылы тарабынан дүйнөнү таанып билүүнүн обьективдүү булагы. Тааным процесси – туюмдар аркылуу берилген жана акыл менен таанылган жогорулоо болуп саналат. Илимий тааным гана максатка жеткирет. Мында туруктуу, чарчабаган акыл эмгеги талап кылынат.

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Орто кылымдардагы философиянын өзгөчөлүгү эмнеде?
2. Батыш Европадагы алгачкы схоластиканын пайда болушу эмне менен байланыштуу?
3. Схоластика менен мистиканын күрөшү жөнүндө эмне билесиң?
4. Номинализм менен реализмдин ортосундагы күрөш эмне жөнүндө болгон?
5. Ф.Аквинскийдин философиясынын маңызы эмнеде?
6. Эмне себептен Ф.Аквинский схоластиканын систематизатору деп аталат?
7. Орто кылымдардагы араб-ислам философиясынын өзгөчөлүгү эмнеде?
8. «Чыгыш Ренессансы» деген эмне?
9. Чыгыш Перипатетикасы менен Аристотелдин окуусунун байланышы барбы?
10. Аль Фарабинин илим классификациясына анализ жаса.
11. Аверроизм дегенди кантип түшүнөсүң?

**Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси**


1. Ильин В.В. История илософии. СПб: Питер, 2003. – 732 с.
3. История философии в кратком изложении. – М.: Мысль, 1994. – 590 с.
4. Касымжанов А.Х., Мажиденова Д. Очарование знания. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – 154 с.
5. Общественно-философская мысль народов Средней Азии. – Б.: Илим, 1991. – 282 с.
6. Сагадеев А.В. Ибн-Рушд (Аверроэс). – М.: Мысль, 1973.
7. Сагадеев А.В. Ибн-Сина (Авиценна). – М.: Мысль, 1980.
8. Токоева Г.С. Философия тарыхы. Окуу куралы. –Б., 2009. – 324 б


## Тема 4. Кайра жаралуу доорунун философиясы

1. Кайра жаралуу доорундагы философиянын негизги белгилери. Антропоцентризм жана гуманизм.
2. Кайра жаралуу доорундагы Натурфилософия
3. Кайра жаралуу доорундагы пантеисттик көз караштын өзгөчөлүктөрү. Кайра жаралуу доорундагы социалдык-саясий философия

Кайра жаралуу доору – капиталисттик мамилелердин пайда болушу, улуттук мамлекеттердин жана абсолюттук монархиянын түзүлүшү, терең социалдык келишпестиктердин: Германиядагы дыйкандардын көтөрүлүшүнүн, Франциядагы диний көтөрүлүштүн, Нидерландыдагы буржуазиялык төнкөрүштүн түзүлүү убагы. Бул доор коомдун жана маданияттын бардык тармагында маанилүү жетишкендиктер менен мүнөздөлөт. Бул убактагы италиялык шаар-республикалардын турмушу эң активдүүлүгү менен айырмаланган Европанын башка өлкөлөрүнө мүнөздүү болгон феодалдык-айылдык турмуштун атмосферасы айырмаланган. Бул шаарларда соода менен банк иштери өнүгүп өнөр жай мануфактуралары пайда болгон. Кайра жаралуу маданияты табият таануу, улуу географиялык ачылыштар менен тыгыз байланышкан.

Кайра жаралуу доорунун философиясын ачык көрүнгөн антропоцентризм айырмалап турган. Эгерде адам Орто кылымда өзүнчө каралбастан өзүнүн кудайга болгон мамилесинин айланасында каралса, Кайра жаралуу дооруна жер жүзүндөгү образда, башкача айтканда, адамды таануу мүнөздүү. Формалдуу түрдө бул доордун ойчулдары дүйнөнүн борборуна Кудайды коюшкан, бирок айрыкча адамга көңүл бөлүшкөн. Адам саясатта, искусстводо, техникада ж.б. жекече чыгармачыл ишкер катары каралган. Феодалдык аскетизмге, чиркөөнүн кадыр-баркына, аркы дүйнөгө ишенүүгө ак сөөктөрдүн кызыкчылыктары менен жер жүзүндөгү активдүү жашоо карама-каршы коюлган.

Кайра Жаралуу дооору философиясын изилдөөчүлөр негизинен эки мезгилге бөлүшөт: 1. Античтик доордогу философиянын жаңы доордун талабына ылайыктанышы жана калыбына келтириши – XV кылым (Гуманизм мезгили). 2. Өзгөчө өзүнө таандык болгон философиянын калыптанышы – Натурфилософия – XVI кылым.

Кайра Жаралуу доору философиясында өзгөчө орун **гуманизмге** таандык. Гумандуулук концепциясынын мазмунуна кайрыла турган болсок, кайра жаралуу доорунда акыл эмгегинин мааниси өсүп, эркин кесиптердин түрү көбөйдү, ак сөөктүк интеллигенция пайда болду. Гуманисттер эреже катары профессионал философтордон болбостон, алар жаңы социалдык чөйрөнүн өкүлдөрү – саясий ишмерлер, дипломаттар, филологдор, акындар болушту. Гуманисттер байыркы авторлордун чыгармаларын жаңыдан которуп, жоголуп кетүүдөн сактап калышты. Айрыкча Лукрецийдин «Нерселердин жаратылышы жөнүндө», Диоген Лаэртскийдин «Философтордун жашоону сүрөттөөсү» аттуу поэмалары табылып, которулган. Гуманизм мезгилиндеги белгилүү инсан **Никколо Никколи** (болжол менен 1364-1437-жж.) гуманисттердин бири, соодагер, байыркы буюмдарды чогултуучу, байыркы авторлордун 800 кол жазма чыгармаларынан турган китепкананы түзгөн.

Гуманисттер чиркөөлүк-схоластикалык рухтун официалдуу түзүлүшүнө терс мамиле жасашты. Мүнөздүү түрдө гуманисттердин университеттерге мамилеси менен чиркөөнүн кызыкчылыктары менен байланышы жок болду. Гуманисттер орто кылымда калыптанган концепциялардын измек-катарына

оппозицияда болушкан. Эгерде Орто кылымда адамдын жаны биринчи орунга коюлуп, денеге болгон барктабас мамиле өкүм сүрсө, гуманисттер дене башбашат экендигин, анын толук реабилитацияланышына умтулушкан. Рухий – денелүү адам сонун. Эгерде адам жан менен дененин ажырагыс биримдиги болсо, анда анын дене менен күрөшүнүн кереги жок, жаратылыш тарабынан күнөлүү жаратылышты жеңип чыгуунун кереги жок: тескерисинче адамдын денелик түзүлүшүн өнүктүрүү керек. Адамга мындай мамиле антиаскетикалык болгон. Бекеринен гуманисттер алар аркылуу кайра жаралган байыркы эпикуреизмге кайрылышпайт.

Гуманисттер адам табиятынын жакшылыгын жана бардык адамдардын туулушуна жана кайсы катмарга таандыктыгына карабастан теңдигин айтышкан. Адамда касиеттүү болу мүмкүнчүлүгү бар.

Гуманизмдин көрүнүктүү өкүлү болгон **Данте Алигьери** (1265-1321-жж.) Флоренцияда туулуп, көп жылдар бою ушул шаарда жашаган, анын чыгармаларынан («Божественная комедия», «Пир», «О монархии») гуманисттер өздөрүнүн маанайын жана идеяларынын булагын көрүшкөн. Данте «кудайдын акылмандыгынын көрүнүктүүлөрүнүн ичинен адам – улуу керемет» - деп белгилейт. Ал адамдын эки ролу жөнүндөгү жаңы идеяны айткан. Адам «түбөлүктүү» өлүмдүү өмүрдүн ырахатына арналган, бирок андан да кем эмес баалуулукту анын жер жүзүндөгү өмүрү ээлейт. Данте «жакшы адамдын» тагдыры мурдатан анын ал же бул катмарда туулгандыгында аныкталбастан «эрдикке жана билимге» болгон умтулуусунун негизинде калыптанышы керектигин айткан.

Италияда гуманизмге негиз салуучу, акын жана философ **Франческо Петрарка** (1304-13374) болгон. Ал байыркы маданиятты пропагандалап, эски кол жазма менен эстелик маданиятын чогултуп, изилдеген. Петрарканын чыгармалары үчүн индивидуализм, жаратылышка суктануу, сүйүнүү даңктоо мүнөздүү. Бул көрүнүштөр анын сүйгөнү Лаурага арналган ырларында өзгөчө ачык чагылдырылган. Петрарка теология, кудайды таанып билүү – адамдын иши эмес жеп эсептейт. Ал адамга пайдасыз схоластикалык окумуштуулукту «диалектиктердин бекер айтылган сөзү» катары кабыл албайт. Диалектикада, схоластикалык окумуштуулукта алектенбей адамдын маселелерине кайрылуу керектигин айткан. Биз кимбиз, каяктанбыз жана кайда барабыз. Петрарка биринчи планга моралдык философияны койгон. Анын көз караштары официалдуу философиянын салттарынан жарылууну, ажыроону түшүндүргөн. Петрарка сөздүн маанилүүлүгүн жана жакшы жагын айткан. «Сөз аркылуу адамдын жүзү сулуу болот». Петраркада XIV кылымдын экинчи жарымынан тартып латын жана грек маданиятына көбүрөөк көңүл бөлүүгө жана байыркы маданият аракеттеринин үлүгүсү катары кабыл алуу тенденциясы түзүлгөн.

Гуманизмдин түзүлүшүнө **Джованни Боккаччо** (1313-1575-жж.) чоң таасир тийгизген. «Декамерон» деген чыгармасында ал дворяндыкка сөз тийгизип, республиканы жактаган, көптү билген аң сезимди жана сөздүн жайын табуучулукту, жаңы типтеги шаар

тургунунун ашып-ташкан энергиясын жана активдүү жашоосун даңктаган. Боккаччо сатылган, жалган, бузулган рухчулукту айрыкча монархтарды шылдыңдаган.

Гуманисттердин катарына Петрарка менен Боккаччонын жолдошу Флоренциянын канцлери **Калюччо Салютати** (1331-1406-жж.) кирген. Салютати активдүү жашоонун артыкчылыгы байкоонун алдындалыгын далилдейт. «Ишенбе, о Пилигрим, чогулган адамдардан качуу менен аларды түртүүгө, изоляцияда болуу менен алыстап кетүүгө сен ушулар менен касиеттүүлүккө жол табасың. Тескерисинче мен бай болуу үчүн, сен байкоодо болосуң. Өзүндүн ырахатыңды ойлоо, а мен тескерисинче дайыма кыймылда болом, «бийик максатка багытталган, менин аракеттерим өзүмө жана үй бүлөмө, эң маанилүүсү менин досторума жана мекениме пайдалуу болсун үчүн, ошондо гана ал адамдын коомуна мисал катары кызмат кылышы мүмкүн». Бул анын гуманистик көз карашынын негизин түзөт.

**Леон Батиста Альберти** (1404-1472-жж.) – архитектор, живописчи, акын, музыкант, турмуштун активдүүлүгү жөнүндөгү теманы улантат. Активдүү деп алар көптөгөн ар түрдүү аракеттердин: көркөм, мамлекеттик, согуштук, соода, кызматты түшүнүшкөн. Альберти тагдырга моюн сунууга каршы чыккан. Биздин тагдырыбыз биз тездик жана аракет менен киргизген чечим, биз далилдеп жана колдогон нерсе экенин көпчүлүгүбүз моюнга албайбыз? Жеңилбегенди каалабаган кыйынчылыксыз жеңет. Моюн сунуп көнүп калган гана тагдырдын эзүүсүнө чыдайт. Альберти ошондой эле метафизикалык акылдуулукка каршы чыккан: анын оюу боюнча адамдар тажрыйба аркылуу берилгендерди гана билет.

Көрүнүктүү гуманист **Лоренцо Валла** (1407-1457-жж.) тексттерди илимий сындоого, ыйык китептерди түшүнүү үчүн филологиялык ыкманы колдонууга негиз салуучулардын бири болгон. Ал эпикурчулукту мактап, ырахаттанууга болгон умтулуу жаратылыштын талабы, ошондуктан салтсыз ырахаттануу жок экендигин айтат. Валла адамдын өмүрү толук болууга тийиш: адамдын сезимдеринин ар тараптуу аракетинде рухий өмүрү денесинин сак-саламатта болушу мүмкүн эместигин негиздейт. Ал бир жолу элүү да эмес, беш жүз да эмес, болгону беш гана сезим адамда бар экендигине кайгырган. Ырахаттануу «дененин жана жандын ырахаты» катары бийик жыргалчылык, жакшылык. «Ырахаттануу жөнүндө» китебинде: «Ар түрдүү курактагы жана ар түрдүү жыныс үчүн ишеничтүү жана такай ырахаттануу, бар болсун!» - деп үндөгөн. Валла индивидуализмди колдогон: анын түшүнүгүндө жеке өмүрүң башкалардын өмүрүнө караганда – эң бийик жыргалчылык. 1440-жылы Валла «Константиндин Дарствендик сабаттуулугунун жалгандыгы жөнүндө сөз» деген трактатын жазат. Гуманисттер аркылуу иштелип чыккан тарыхый жана филологиялык ыкма менен булактарды сыноосун кабыл алуу менен ал булактардын калп жана ак сөөктүк бийликке болгон капалыктын ашкересинин юридикалык негизине кызмат кыларын далилдеген.

**Пико делла Мирандола** (1463-1499-жж.) адам ай астындагы, асман астындагы, асман дүйнөсү менен катар өзгөчө төртүнчү дүйнөнү түзөрүн

далилдеген. Адам – улуу керемет. «Адамдын рухий кереметi асмандын кереметинен өтөт. Жер жүзүндө адамдан улуу эч нерсе жок, адамда анын акылы менен жанынан улуу эч нерсе жок» «Адамдын жетишкендиги жөнүндө сөз» чыгармасы буга мисал боло алат. Кудай адамды космостун борборуна, аны акылмандыктын, дүйнөнүн улуулугунун жана сулуулугунун соту катары коет. Адамдын улуулугу, анын өзүн жарата ала тургандыгында. Мирандола магиянын оригиналдуу концепциясын өнүктүрөт. Ал эски «сыйкырдуулук» маанисине жаратылыштын сырына жетүү менен байланышкан «табигый магия» идеясын карама-каршы койгон.

## 2. Кайра жаралуу доорундагы Натурфилософия

Кайра жаралуунун маданияты адамга гана эмес, дүйнөнү жаңыча талкуулоого да багытталган. Орто кылым биринчи кезекте Аристотелдин пассивдүү материя жана анын формасы жөнүндөгү концепциясына негизделген. Орто кылымдын кээ бир философтору формалар материянын өзүнүн күчүндө камтылат деп эсептешти. Кайра жаралуунун натурфилософиясы үчүн төмөнкү негизги өзгөчөлүктөр мүнөздүү:

- пантеизм, Кудай менен жаратылышты терең түшүнүү идеясы;
- микро менен макрокосмостун ажырастыгы идеясы, натыйжасы башкалардан бөлөкчө органикалык жаратылышты аналогия боюнча адам аркылуу караган көз караш;
- Гилозоизм бардык болмуштун тирүүлүгүнө жана жандуулугуна ишенүү;
- Жаратылышты сапаттуу интерпретациялоо;
- табигый илимдер менен тыгыз байланыш.

Кайра жаралуунун натурфилософиясынын борбордук идеясы материянын өз аракетинин идеясы. Италиянын натурфилософиясынын башатында **Николай Кузанский** (1401-1463-ж.) турган. Эгерде Орто кылымда дүйнө чектүү, кыймылсыз жылдыздардын чөйрөсү, борбордо жайгашкан Жер менен чектелген катары каралса, Кузанский дүйнө жөнүндө эч кандай борбору жок чоң космостук машинадай экендигин айтат. «Дүйнөнүн машинасынын ар жерде өзүнүн борбору бар, айланасы болсо эч жерде эмес, же болбосо ал ар жерде жана эч жерде болбогондуктан Кудайдын өзү айлана жана борбор. Бул космостук механизмдин башталышы бар, бирок аягы жок. Кузанскийдин дүйнөнү машина деп атагандыгы, жаратылышты механикалык талкуулагандыкты түшүндүрбөйт, тескерисинче Кузанский жаратылышты органикалык түшүнөт. Ал жер жүзүндөгү жашоону жаныбарлардын организмине окшоштурат анда таштар – сөөктөр, дарыялар – кылдар, өсүмдүктөр – чачтар, жаныбарлар болсо – курт-кумурскалар. Кузанский дүйнөнүн «үч түзүлүшү» жөнүндө айтат: «кичине дүйнө» – адам, «чоң дүйнө» – универсум, «максималдуу дүйнө» – Кудай абсолют. Ошондо да «кичине чоңуна, чоңу максималдуууга келет».

XV-XVI кылымдарда табият таанууда орчундуу өзгөрүүлөр болуп өтөт. Илимдин философиялык негиздерин кайрадан кароо маселеси келип чыгат. **Леонардо да Винчи** чындыкты «түбүнө жетүүдө» акыл көрөгөчтүк

чыгармаларга каршы чыгууда «бардык шексиздиктин атасы тажрыйба аркылуу пайда болбогон жана тажрыйба менен аякталбаган» илимдерде адашкандыктар көп экендигин белгилейт. «Биздин таанып билүүбүздүн баары сезимден башталат» деп, Леонардо чечкиндүү түрдө Ыйык жазуудан алынган же мистикалык билимди макул таппайт.

Леонардо да Винчинин түшүнүгүндө жаратылыш чыгармачыл, аракеттүү башат катары турат, ал аныкталган мааниде жаратылыштын кубулуштарынын зарылдыгынын гаранты болгон Кудай менен шайкештелет. Жаратылыш адамдын денесин жана адамдын жанын жаратат. Жан дене менен ажырагыс байланышкан, ал ансыз жашай да, кыймылдай да албайт.

Кайра жаралуунун натурфилософиясынын чоң фигурасы **Джордано Бруно** (1548-1600-жж.) болгон. Жаратылыш Брунонун түшүнүгүндө факт түрүндө толук өз алдынчалыгын алат, Кудай болсо биримдигинин синоними катары ойлонулат. Аритотелдик-схоластикалык концепция болгон материя – форма деген көз карашка каршы чыгуу менен, Бруно материя өзүндө формаларды камтыйт, «формаларды өзүнүн колунан өндүрөт» деп эсептеген. Материянын формаларды түзүүгө болгон жөндөмү дүйнөнүн жаны деп аталат. Ал материянын ичинде жайгашкан менен аны башкарат. Ушул негизде Бруно жаратылыш жалпы жандуу деген ойго келет. Нерсе канчалык билинбес жана кичине болбосун, ал өзүндө жандуу субстанциянын мүчөсүнө ээ, эгерде туура келүүчү субъект, өсүмдүк болууга, жаныбар болууга умтулса жана дененин каалаган бөлүгүн алышса, ал ар качан жандуу зат деп аталат. Брунонун оюу боюнча, дүйнө өзүнчө бир организмди элестет. Бардык касиеттүүлүктүн ээси катары түшүнүлгөн материя болмуштун жана кыймылдын сырткы себебине муктаж эмес, жаратылыштын өзүнүн кыймылы. Брунонун жаратылыштын жандуулугу жөнүндөгү окуусунун негизги идеясы ушундай. Бруно дүйнөнүн түгөнгүстүгүн, чексиздигин далилдейт жана Коперниктин гелиоцентризминен маанилүү жыйынтыктарды чыгарат.

**Галилео Галилей** (1546-1642-жж.) Кайра жаралуу доорунун натурфилософиясын бир жагынан аяктайт, башка жагынан Жаңы мезгилдин табият таануусуна негиз салуучулардын бири болуп калат. Галилей механиканын принциптерин иштеп чыккан, бир канча астрономиялык ачылыштарды жасады. Галилей жаратылышты түшүнүүдө антропоморфтук моменттерден баш тартат. Жаратылыш жөнөкөй жана тизмектелген жана анын бардык көрүнүштөрү тынымсыз болуп турат. Жаратылыштын рационалдуулугунун булагы – Кудайдык аң-сезим. Кудай дүйнөнү жаратууда адамдар эмгек аркылуу жетишүүчү катаал математикалык зарылдыкты салган.

Галилей жаратылышты түшүндүрүүдө атомисттик концепцияда тутунат. Ал материянын өлчөөгө мүмкүн болгон, андан кийин алардын ортосуна математикалык закондор аркылуу айтылган көз карандылыкты тургузуучу мүнөздөмөлөрдү бөлүп көрсөтүүгө аракет кылган. Мындай мүнөздөмөлөр мейкиндик убакыт, күч, импульс, тартылуу, ылдамдык, ылдамдануу, инерция болуп саналат.

### 3. Кайра жаралуу доорундагы пантеисттик көз караштын өзгөчөлүктөрү. Кайра жаралуу доорундагы социалдык-саясий философия

Кайра жаралуу дооруна жаңы социалдык-саясаттык көз караштар калыптанат. Ошол мезгилдин көрүнүктүү ойчулдардын бири **Никколо Макиавелли** (1469-1527-жж.) болгон. Ал ээлеген жерлеринен түшкөн пайдага чиренип бекерчилик турмуш кечкен феодалдык-дворяндык жашоого каршы мамиле кылган. Н.Макиавелли католиктик дин өзүнүн жашоосун жашап бүттү деп эсептеген. Ал баштапкы христианчылык үндөгөн идеалдарды жактабаган. Макиавеллини чыныгы жашоодон иренжиген, моюн сунган жоош адамдарды идеалдуу адам катары диний элестетүүлөр канаттандырбады.

**Мамлекеттин жаңы концепциясы**. Макиавелли ошол мезгилде өкүм сүргөн мамлекеттик теократиялык концепциясына карама-каршы келген мамлекеттик жаңы концепциясын иштеп чыккан. Ал адамдын кыймылынын эң кубаттуу стимулу – бул кызыгуу экенин айткан. Анын көрүнүштөрү көп образдуу, бирок ал баарынан көбүрөөк адамдардын өзүнүн байлыгын, өзүнүн менчигин сактоону каалоосунда көрүнөт. Мамлекет Кудайдын эрки менен эмес, адамдардын өзүн бири-биринен коргонуу керектигинен пайда болгон. Макиавелли бийлик ортоңку камтардагы кызматчы жана соодагердин мүлкүнө таандык болуш керек болгон кубаттуу борборлоштурулган улуттук мамлекеттин жактоочусу.

Макиавелли саясатчыларга чыныгы жыйынтыкка жетишүү үчүн иш жүзүндөгү насыяттарды берет. Макиавеллинин оюу боюнча бардык цивилизацияланган адамдар принципсиз, өзүмчүлдөр болуп эсептелет. Макиавелли саясаттын максаты – башкаруучунун жекече кызыкчылыгы эмес, «жалпы жыргалчылык күчтүү жана бирдиктүү улуттук мамлекетти түзүү» – деп белгилейт. Макиавеллинин кеңештери менен көрсөтмөлөрү чечмелөөдө туура келүүчү башкаруучуларга абсолюттук жана тоталитардык режимде кабыл алынган. XV кылымдын аягында гуманисттик кыймыл жалпы европалык мааниге өсүп чыккан. Гуманизм идеясын жайылтуу китеп басуучулукту, транспорт менен байланышта техникалык жаңылыктарды колдонууга мүмкүндүк берген. Эреже катары гуманисттер өкүм сүргөн диний көрүнүштөр жана аларды схоластика менен камсыз кылгандар менен чыр-чатакта болушкан.

**Эразм Роттердамский** (1469-1536) – Дезидерий XVI кылымда гуманизмдин бүткүл Европага таанымал лидери болгон. Анын чыныгы аты – Рерхард Рерхардс) Эразм грек тилинен латын тилине котормолорду, ошолордун катарында жаңы осуят котормосун жасады. Бул котормо эски Вульгата деп аталган көп каталары бар эски котормонун ордун ээледи. Котормо кеңейтилген түшүндүрмөлөр менен коштолгон. Өзүнүн окуусун Эразм көбүнчө «Христостун философиясы» деп атаган. Ушул «Христостун философиясында» католик чиркөөсү тарабынан унутулган алгачкы христиандыктын идеалдарынын жана идеяларынын жаралышына чакырган. Эразм чиркөөнүн радикалдык реформасынын керек экендигин көрсөтөт. Ал булганган чиркөөлүк бекерчиликти, евангельдик окууга кайтаруу менен боордонтууга ишенет. Адамды ыйыктарга баш ийбеген христианин кылышат, Кудай айткан

схоластика эмес, анын нравалык, христиандык жашоосу. Эразм сонун, жыргалчылык жана ырахат үчүн жаралган дүйнөнүн сүрөтүн тартат.

Эразмдын жакын досу, лондондук колунда бар үй бүлөдөн чыккан **Томас Мор** (1478-1535-жж.) доордун каршылыгын мүнөздөөгө аракет кылып жана идеалдуу коомдук түзүлүштү сунуш кылган. 1516-жылы «Пайдалуу, орундуу, чындыгында мамлекеттин эң жакшы түзүлүшү жаңы Утопия аралы жөнүндөгү алтын китеби» пайда болгон. Китептин биринчи бөлүгү учурдагы Англиянын Моруна болгон сынчыл сүрөттөсүн элестеткен. Ага Англиядагы «чек аралоо» мезгилинде койлор «элдерди жеди» деген белгилүү фраза тийиштүү. Ал учурдагы мамлекет жөнүндө байлардын «сүйлөшүп алуулары» катары айтат. Адамдар «эң керектүү эмгек менен иштеген, ансыз бир да коом бир жыл да жашай албайт» ушундай шарттарда жашашат, аларга караганда малдын жашаган жери жакшыраак. Бир жагынан жалкоолордун өмүрү «жыргалчылыкта өтүп жатат». Куу жана урматы жок адамдардын колуна бардык жыргалчылык бар, эмгекти сүйгөн жана жөнөкөй массанын тиешесине бүтпөгөн муктаждык калат. Жамандыктын түбү эмнеде? Бардык элдердин балекеттерин Мор жеке менчиктин болушунда деп эсептейт. Туура коом жалпы менчикке негизделиш керек. Мындай коомдун керектигин ыйык жазуунун маалыматтарынан негиздеген. Китептин экинчи бөлүгүндө Утопия аралында болгон жашоо жөнүндө айтылат. Бул жерде жеке менчик жок. Жеке менчиктин жоктугу акчанын жоктугу менен белгиленет. Акчанын кызматын аткарган алтын жана күмүштү утопиялыктар кооздук үчүн да колдонушпайт. Нак ушул металлдардан кул болгондор үчүн жынжырлар жасалган.

Идеалдуу мамлекет байлыктын жалпылуулугуна, бардык граждандардын иштеп чыгаруучу эмгекте милдеттүү түрдө катышууга, паразиттик катмарлардын болушун жок кылууга, коомдун байлыгын тең бөлүштүрүүгө негизделет.

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Кайра жаралуу доорунун философиясы кандай мүнөздө?.
2. Гуманизмдин маңызы эмнеде?
3. Дж.Брунонун философиялык көз карашы эмнеси менен айрымаланат?
4. Н.Макиавеллинин мамлекеттин жаңы концепциясы окуусу эмне жөнүндө?
5. Т.Мордун идеалдуу мамлекети дегенде эмнени түшүнөсүнөр?
6. Натурфилософиянын өзгөчөлүгү эмнеде?
7.Г.Галилейдин философиялык көз карашынын маңызы эмнеде?
8. Н.Коперниктин окуусунун негизги идея кайсы?
9. Италиядагы кайра жаралуунун маданияттагы орду кандай бааланат?

**Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси**

1. Валла Л. Об истинном и ложном благе. О свободе воли. – М.: Наука, 1989.
2. История философии в кратком изложении. – М.: Мысль, 1994. – 590 с.
3. . Макиавелли Н. Государь / Жизнь Макиавелли. –Спб.: лениздат, 1993.

4. Ойзерман Т.И. Проблемы историко-философской науки. – 2-е изд. – М.: Мысль, 1982.
5. Соколов В.В. Европейская философия XV-XVII веков. – М.: Высшая школа, 1984.
6. Философия. Уч пособие. Под ред. В.И.Лавриненко. -М., 1996.
7. Философия. Учебное пособие. Жалалабат, 2003.
8. Токоева Г.С. Философия тарыхы. Окуу куралы. –Б., 2009. – 324 б

## Тема 5. Жаңы доор философиясы

1. Жаңы доор философиясынын табигый-илимий өбөлгөлөрү
2. Ф.Бэкондун философиясындагы форма жана кыймыл. Т. Гоббстун философиялык көз караштары. Р. Декарттын дүйнөгө карата дуалисттик түшүнүгү. Б. Спинозанын дүйнөгө карата монисттик көз карашы
3. Агартуу философиясынын жалпы белгилери. Гольбахтын философиясы. Д.Дидронун философиялык идеялары. Лейбництин монадологиясы Д.Юмдун скептицизми. Ж. Локк тарабынан субстанцияны талдоого алышы

Англия жаңы доордогу философиянын мекени катары белгилүү болгон. Ал эми ошол доордогу философиянын баштоочусу катары англис философу **Френсис Бэкон** (1561-1626-жж.) эсептелет. Френсис Бэкондун көз караштары Кайра жаралуу доорунун философиясы менен жаңы доордун философиясын байланыштыруучу звено болуп эсептелет. Гуманисттер адамды аракетке келтирүү билимди орто кылымдагы билим идеалына каршы коюшкан болсо, ал эми Бэкон бул идеяны өнүктүрүп аягына чыгарган. Ф.Бэкон боюнча философиянын негизги үч предмети бар. Алар: Кудай, жаратылыш жана адам. Ал чындыктын эки жактуулугу жөнүндөгү концепцияга таянган. Теология – кудай таануучу ыйык китепке жана чиркөөгө таянат. Философия – жаратылыштын закондорун үйрөнөт, жаратылышты таанып билүүнүн методдорун иштеп чыгат жана ой менен чындыктын дал келиши болуп эсептелген чындыкка негизделет. Бирок Ф.Бэкон жаратылышты изилдөө менен алектенген. Билим жөнүндө ой жүгүртөт. Билим же асмандан берилет, же жерден суу сыяктуу атып чыгат. Билим же кудай тарабынан берилет, же сезүү органдары аркылуу башталат деп ой жүгүртөт. Ф.Бэкон боюнча билим экиге бөлүнөт: теология жана философия. Анын оюу боюнча ушул эки билимдин аракеттенүү мейкиндигин айырмалоо зарыл.

Ф.Бэкондун философиясынын негизги мотиви болуп жаратылышты таанып билүү жана адамдын бийлигине баш ийдирүү. Ал жаратылышты таанып билүүгө чоң маани берген, анткени чындык жаратылыштан алынат, бул адам үчүн эң жогорку зарылдык. Ф.Бэкондун ишмердүүлүгү илимди даңазалоого багытталган. Ал билимдин түзүлүшүн, классификациясын, изилдөөнүн максаты жана методдору жөнүндөгү көз карашты далилдөөгө аракет жасаган. Ф.Бэкондун оюу боюнча табигый илимдер адам турмушуна анчалык аралаша

алган жок. Философия болсо илимдердин башатында туруп оор абалга келди, кызматчылык милдетти аткарып калды. Ошондуктан философия азыркы формасын алып таштап табигый илимдер менен тыгыз байланышта өнүгүшү зарыл.

Ф.Бэкон боюнча илимий таанымдын жаңы ыкмасын түзүү зарыл. Ушул маселеге анын «Жаңы органон» деп аталган эмгеги жана «Илимдин улуу калыбына келиши» деген эмгегинин айрым бөлүктөрү арналган. Бэкондун оюу боюнча жаңы философиянын айрым оң мааниге ээ болгон бөлүгүн экинчи бир талкалоочу мүнөздөгү терс маанидеги бөлүгү толуктап туруш керек. Бул бөлүк себепке каршы багытталып акыл жактан прогрессти кечеңдетет. Анын себеби толуп ар түрдүү «идолдор», «призрактар» ой жүгүртүүлөр эсептелет, булар адамдын акылын ажырымга алып келет. Бэкон 4 түрдөгү «идолдор» менен «призрактарды» айтат. Алар: 1. «Урук» идолу (idola tribus). 2. «Үңкүр» идолу (idola specus). 3. «Аянтча» же базар идолу (idola fori). 4. «Театр» же «теория» идолу (idola theatri).

**Индуктивдүү ыкма.** Ф.Бэкон өзүнүн индуктивдүү ыкманы түшүнүүсүн жаратылышты иликтөөдөн, жылуулуктун «формасынан» издейт. Изилдөө төмөндөгүчө жүрөт: Үч таблица түзөт. Биринчи таблицада («катышуу таблицасы») изилдене турган кубулуш катышкан (күндүн нуру, чагылган, жалын, сынык металлдар) предметтер чогултулуп берилет. Экинчи таблица («жоктоо таблицасы») биринчи таблицага окшош бирок жылуулук жок (ай, жылдыз нурлары, фосфордун жарыгы ж.б.) предметтер көрсөтүлөт. Үчүнчү таблицада (таш, металл, жыгач ж.б.) жылулуук сезимин пайда кылбаган, бирок баскычка ээ болгон предметтер көрсөтүлүп, булл предметтердин жылуулугунун баскычы белгиленет. Индуктивдүү ыкманын жардамы менен изилдөө Ф.Бэконду төмөндөгүдөй жыйынтыкка алып келет: «форма» жашайт алар: тыгыздык, оордук (салмак) ж.б.

**Рене Декарт** (1596-1650-жж.) Рене Декарт жаңы доордогу илимдин жаратуучуларынын бири болуп саналат. Ал алгебрага, латын алфавитине, башкаруу теориясынын негизине, геометрияга чоң салым кошкон. Рене Декарт Френсис Бэкон сыяктуу илимий ойломду реформалоо зарыл деп белгилеген. Рене Декарт Френсис Бэкондун индуктивдүү метологиясы менен тааныш болуп аны колдогон. Бирок Р.Декарт өзү рационалисттик методологияны иштеп чыгат.

Таанып билүүө Декарт боюнча, үч түрдөгү идея катышат: тубаса, сезимдик тажрыйбадан келип чыккан, «ойлонуп табылган» (адамдын ойлом ишмердигинен келип чыккан). «Cogito» - баштапкы чындык. Ой жүгүртүүнүн факты экендигине таянып Рене Декарт ой жүгүртүүчү субъект жашай тургандыгы жөнүндөгү жыйынтыкка келет. «Cogito ergo sum» («Мыслю, следовательно, существую»). Бул күмөндү жаратпайт. Ошентип, «мен деген эмне?» Ой жүгүртүүчү буюм. «Ой жүгүртүүчү буюм» деген эмне? Бул кандайдыр бир күмөн саноочу, түшүнүүчү, бекемдөөчү, таануучу, каалоочу, каалабаган, кыялдануучу жана сезүүчү нерсе» деп жыйынтыкка келет. Р.Декарттын философиясы экиге бөлүнөт: физика жана метафизика, физика –

жаратылыштын жалпы теориясы, ал эми метафизика болсо жан жана кудай жөнүндөгү жалпы окуу.

**Адамдагы эки субстанция.** Рене Декарт адамды түшүндүрүүдө дуалисттик позицияда турган. Биринчиден, адамда жаныбарлар сыяктуу эле күтүлбөгөн рефлектордук кыймыл аракеттер болот, мында адам кандайдыр бир механизм, автомат болуп эсептелет. Экинчи жагынан, анда эрктүү аракеттер болот, бул жаныбарларда жок. Адамда акыл менен байланышкан эрк бар. Натыйжада, адамда эки субстанция кошулат алар: материалдык жана рухий. Бул эки субстанция ар кандай белгилер менен мүнөздөлөт. Алар бири-бирине көз карандысыз. Тело жанга таасир эте албайт жана тескерисинче.

**Томас Гоббс** (1585-1679-жж.). Анын негизги чыгармалары: «Философия негиздери» 3 бөлүктөн турган: «Тело жөнүндө», «Адам жөнүндө», «Гражданин жөнүндө», «Левиафан» ж.б. Томас Гоббс Френсис Бэкондун идеяларын уланткан. Ал: «билим бул күч, ал философия башында турган илимдерге жеткирет», - деген. Философия адамдардын практикалык кызыкчылыгына жана керектөөлөрүнө кызмат кылышы керек. Ал тааным теориясында эмпирикалык жана рационалисттик ыкмалардын карым катышын аныктоо милдетин койгон. (Мында Ф.Бэкондун эле эмес Р.Декарттын да таасири көрүнөт). Анын оюу боюнча философиянын негизги милдети болуп жаңы ыкманы түзүү эсептелет. Томас Гоббс философияны экиге бөлөт: 1) «табигый философия» - жаратылыш телолорун изилдейт; 2) «граждандык философия» - адам коомун (жасалма телолор) изилдейт. Философия акылга гана таяныш керек. Ар кандай тааным – бул материалдык дүйнөнү таанып билүү. Ал философия менен теологияны кескин айырмалайт.

**Томас Гоббстун социалдык-саясий концепциясы**. Томас Гоббс коом жөнүндө илимди түзүүдөгү тоскоолдуктар жана кыйынчылыктарды айткан. Адамдардын жаратылышы – керектөөлөрдүн, кызыгуулардын, жөндөмдүүлүктөрдүн жана күчтөрдүн жыйындысы. Т.Гоббс боюнча биринчи планда адамдын эгоисттик жаратылышы турат. Т.Гоббстун оюу боюнча, **коомдук келишим** аркылуу орнойт. Адамдар коомдук келишимди түзүп, алар жогорку органды шайлашат, анткени ал бардыгына каршы багытталган жалпы согушту токтотот. Гоббстун оюу боюнча табигый абалда деле табигый мыйзамдар болот. Ал мыйзамдарды Томас Гоббс 19 түргө бөлүштүрөт.

**Джон Локк** (1632-1704-жж.) Джон Локк боюнча тубаса идеялар концепциясы жетишсиз деп белгилейт. Бул идеянын жактоочулары теориялык жана практикалык (нравалык) негиз бар дешет. Тубаса идеялар жөнүндөгү концепцияны четке кагып, Джон Локк төмөндөгүдөй 3 негизги идеяны айтат:

1. Тубаса идеялар жок, бардык билимдер тажрыйбада болот жана тажрыйбадан жаралат;
2. Адамдын «жаны» (же акыл) төрөлүп жатканда tabula rasa («таза такта»);
3. Эгерде сезимдерде, туюмдарда мурда болбосо анда акылда эч нерсе жок.

Джон Локк **«биринчи» жана «экинчи» идеялар**. Жөнүндөгү идеяны улантат жана жыйынтыктайт. Локктун оюу боюнча «телодон такыр бөлүп каралбаган» сапаттар, «алгачкы» же «биринчи сапаттар болуп эсептелет, алар

бизде жөнөкөй идеяларды, башкача айтканда, тыгыздыкты, жайылышты, форманы, кыймылды, тынч абалды, эсепти пайда кылат». Анын ой жүгүртүүсүндө татаал идеялар төмөндөгүчө пайда болот: 1. Идеяларды түздөн түз суммалаштыруу. 2. Жөнөкөй идеялар салыштырылат, анализденет, бири-бири менен окшоштурулат. 3. Жыйынтыктоо. Бул мындайча жүрөт. Бир түргө кирген жеке предметтер жөнөкөй касиеттерге бөлүштүрүлөт, кайталанганы бөлүнөт жана алынып салынат. Андан кийин кайталанганы суммаланып татаал жалпы идеяны берет.

Джон Локк таанымдын 3 баскычын көрсөтөт: төмөнкү, биринчи, алгачкы: Бул сезимдик тааным – биринчи жана экинчи сапаттардын идеясын берет. Сезимдик тааным сырткы дүйнө жөнүндө чыныгы билимди берет. Бирок бул таанымга кандайдыр бир үмүтсүздүк таандык. Ишенимдүү таанымдын жогорку деңгээли болуп – интуиция эсептелет. Локк боюнча интуиция – сезимдик же жөнөкөй рационалдык идеялардын бири-бирине дал келишин же келбешин акыл тарабынан түздөн түз кабылдоо. Таанымдын үчүнчү баскычы – демонстративдик тааным. Бул түздөн түз идеянын жардамы менен эки идеянын дал келишин жөнгө салуу. Таанымдын жүрүшүндө чындыкка жетилет. Джон Локк социалдык-саясий көз карашында табигый укук концепциясында болгон. Анын педагогикалык идеясы жаңы көз караштарды сунуштаган.

**Барух Спиноза.** 1663-жылы «Декарттын философиясынын негизи» деген эмгеги жарык көрөт. Бул анын тирүү кезинде жана өз аты менен чыккан эмгек. 1670-жылы «Диндик саясий трактаты» деген анонимдүү эмгеги жарык көргөн. Дин кызматкерлери бул чыгарманы курч сынга алып, аны динден алыстоо катары кабыл алышкан. Автору ким экендиги такталып, китепке тыюу салынган. 1675-жылы Спиноза эң негизги эмгеги – «Этикасын» аяктаган. Аны жарыкка чыгара алган эмес. Спиноза жаңы доордогу философиянын рационалисттик линиясын уланткан. Ал Декарттан айырмаланып тубаса идеяларды четке кагат да, адамда билим алууга карата тубаса жөндөмдүүлүк болорун айтат. Адамдын дүйнөнү изилдөөсү сезимдик, чектелген жана буюмдарды ачык эмес элестетүүдөн башталат. Сезимдик тааным субъективдүү ассоцияларга, так эмес, бир жактуу идеяларга, «универсалийлерге» алып келет.

**Субстанция, атрибуттар, модустар**. Субстанция мейкиндик менен убакытта чексиз, жеке буюмдарга кээ бир убакыт жана мейкиндик таандык. Субстанция болсо жеке убакыт жана мейкиндиктен сырткары турат. Субстанциянын түбөлүктүүлүгү Спиноза тарабынан өзгөрүлбөс, чексиз реалдуулук катары кабылданат, ал пайда болбойт жана жок болбойт. Субстанцияда өткөн чак, учур чак жана келер чак тыгыз байланышкан. Өткөн чак учур чак үчүн жок болбойт, келечек сөзсүз өз убагында боло турганды билдирет. Спинозанын ой жүгүртүүсүндө субстанция бирден бир жана жалгыз. Эгерде субстанция көп болсо, анда алар кээ бир белгилери боюнча бири-биринен айырмаланмак, натыйжада, ар бир субстанцияга болмуш эмес, жетишпестик же чек таандык болот, бул анын чексиздигин жана өзүн да жок кылат.

Жаратылыш субстанциясы – анын атрибутунан көрүнөт. Атрибут маанилүү, жалпы касиеттерден көрүнөт. Субстанция чексиз көп атрибутка ээ. Бирок Спинозанын оюу боюнча эки гана атрибут белгилүү – созулуш жана ойлом. Субстанция жана атрибут түшүнүктөрүнө модус түшүнүгү да кошулат. Субстанция өзүнө өзү себеп катары биринчилик мааниде, шартталбаган, чексиз. Субстанция түшүнүгүнө модус түшүнүгү каршы коюлат: модус – бул башкалар аркылуу шартталган, чектелген, чеги бар. Ар кандай чеги бар касиет чексиздиктин белгилүү жана чектелген көрүнүшү, ошондуктан модустар – атрибуттардын кээ бир жекече формасы. Созулуш атрибутунун модусу болуп тигил же бул конкреттүү созулуш эсептелсе, ойломдун атрибуту болуп тигил же бул жеке ой, идея же жеке адамдын акылы эсептелет.

**Готфрид Вильгелм Лейбниц** (1646-1716-жж.) Рационализмдин дагы бир өкүлү болуп Г.В.Лейбниц эсептелет. Лейбниц философиялык системаны түзүү үчүн колдонулуучу бир нече принциптерди калыптандырган, философ үчүн дүйнөнүн байланыштары жана карым-катнашы өзүнүн түзүлүшү боюнча логикалык байланышка окшош. Ал мындай принциптерди көрсөтөт: *1. Жалпы айырмачылыктар принциби.2. Үзгүлтүксүздүк принциби.*
*3. Дискреттүүлүк принциби. 4. Жалпы байланыш принциби.5. Максимум жана минимум принциби.*

**Монадология.** Лейбництин монадологиясынын маңызы төмөндөгүчө: дүйнөнүн негизинде субстанция жатат, ал монадалардын жыйындысы катары каралат. Монада – кээ бир рухий түзүлүш. Лейбниц мындайча ой жүгүртөт: «Кудай субстанцияны жаратты жана ага зарыл болгон күч кубат берди… андан кийин алардын өз алдынча аракеттенүүсүнө мүмкүндүк берди, ал эми өзү болсо аларды сактап турат жана алардын аракетинде эч кандай жардам бербейт». Кудай монаданы эле жаратпастан материяны да жаратат; материя монаданын сырткы кабыкчысы. Эгерде материянын принциби каршылык көрсөтүү, бөлүнбөстүк, механикалык кыймыл болсо, монаданын принциби болуп активдүүлүк, энтелехия эсептелет. Лейбництин оюу боюнча монадалардын 3 түрү бар: 1. Төмөнкү монадалар – буларды «жылаңач» монадалар деп атаган. 2. Монадалардын экинчи классы – туюм, сезимге ээ болгон монадалар. Буларга жаныбарлар кирет. 3. Монадалардын үчүнчү классы – адамдардын жаны. Бул монадалар – эс тутум, ой жүгүртүүгө жөндөмдүү, өзүн өзү аңдап билүүгө ээ болгон активдүү аң сезим. Ар бир монада өзүнчө алыстап турат, өз алдынча аракеттенет.

Ошентип, Лейбництин ой жүгүртүүсүндө акыл чындыгы факт чындыгынан жогору турат. Чындыктын 3 критерийи бар: идеянын карама-каршы эместиги; тажрыйбага дал келүү; чыныгылыгы аныкталган идеядан жаңы идеянын келип чыгышы. Мындан сырткары Лейбниц маңыз жана жашоо жөнүндө, теодицея проблемасынын үстүндө ой жүгүртөт. Анын философиясы кийинки доорлордо негизги окуу катары кабыл алынган.

**Агартуу философиясы**

Англис буржуазиялык революциясынан кийин Англияда материализмден баш тартуу жана идеализмге багыт алуу ачык көрүнөт. XVIII кылымдагы материализмге жана атеизмге каршы чыккан ойчулдардын бири Джордж Беркли болгон.

**Джордж Беркли** (1685-1753-жж.) Ж.Берклинин философиясынын негизинде – «биз жалаң гана өзүбүздүн сезүүбүздү билебиз» деген идея турат. Материалдык нерселерди жана ошол нерселер чагылдырган сезимдин ортосунда айырма жок деп карап, материалдык нерселер өзүнчө, адамдын сезимине байланышсыз болбойт деп караган. Ж.Берклинин субъективдик–идеалистик философиясынын борбору болуп – ар кандай нерсенин бар болушу – бул «субъекттин аны кабыл алып чагылдыруусу» болот деген тезис жатат.

Ж.Берклинин идеясы боюнча окумуштуунун негизги максаты – бул «бардык нерселерди бир гана материалдык себептер аркылуу түшүндүрүүгө аракет кылбастан, жараткандын тилин түшүнүп үйрөнүүдө». Ж.Беркли өмүр бою материализмге жана атеизмге каршы күрөшкөн субъективдүү идеалист философ, ал субъективдүү идеализмдин негиз салуучуларынын бири, мына ушундай ой жүгүртүүсү аркылуу философия илиминде өз изин калтырган.

**Дэвид Юм** (1711-1776-жж.) Дж.Берклинин философиясына таянып субъективдүү идеализмди агностицизм духунда өнүктүрөт. Д.Юмдун философиясындагы негизги ой – факт туюмдар жана эмоционалдык кыйноолор аркылуу берилет. Адамдар өздөрүнүн тубаса инстинктинин негизинде туюмдарга ишенет, буюмдардын жашап тургандыгына ишенет. Бирок, Д.Юмдун оюу боюнча инстинктивдүү ишенимди рационалдуу негиздөөгө болбойт. Д.Юм материя түшүнүгүн сындоодо Беркли менен макул болот. Ал мындай дейт: «Материянын жашап турганын же жашабаганын далилдөө мүмкүн эмес». Мындан суроо келип чыгат: Материалдык субстанция жөнүндөгү биздин элестөөлөрүбүз кайдан келип чыгат? Бул биздин кабылдоолорубуздун себеби жөнүндөгү маселе менен байланышкан. Мисалы, лампа жөнүндө кыялдануу пайда болот, натыйжада «лампа» деп аталган материалдык объект аныкталат. Д.Юм мындай дейт: «Сезимдик кабылдоо дүйнөсүнөн сырткары буюм дүйнөсү, материалдык субстанция жашайт. Субстанция идеясы дегенде акылга эч кандай туюмдар же сезимдер келбейт, ал ар түрдүү жана өзгөрүлбөс сапаттын кошулуш чекити катары кыялдануу болуп эсептелет».

Д.Юм биринчи кезекте динди сындайт. Ал диндин келип чыгышы жөнүндөгү маселени коет. Адамда толук бакытка жетүү каалоосу бар. Адамда бул ишке ашпаганда, анда канаттандырылбаган керектөөлөр келип чыгат, ал иллюзияларга, фантазияларга кайрылат. «Бакытка жана бактысыздыкка алып келүүчү себептер өтө эле ачык эмес белгиде жана өтө туруксуз, өзүнүн жеке тагдыры жөнүндө камкордук көрүү бизди аракеттенүүгө, себептер жөнүндөгү идеяларга алып келет.

Д.Юмдун бир нече чыгармалары этика жана эстетикага арналган. Өзүнүн этикасында нравалык нормалар жана иш аракеттер ой жүгүртүүгө гана эмес, интуиция жана сезимге таянат деген ойду айтат. «Моралдын эрежелери биздин

акылдын жыйынтыгы эмес, биздин аракеттерибиздин баалуулугу акыл менен макулдукта турбайт». Д.Юмдун чыгармаларында төмөнкү үч мотив үндөшөт: гедонистик, утилитаристик, альтруистик.

**Француз агартуучулугу**. Франциядагы революциянын болор алдында Агартуучулук калыптанат. Ал феодализмге каршы багытталган коомдук-саясий агым. Анын өкүлдөрү коомдогу үстөмдүк кылып турган кемчиликтерди жок кылууга, анын нравасын, саясатын, турмуш-тиричилигин өзгөртүүгө жана жакшылык, адилеттүүлүк, илимий билимдерди жайылтууга аракет жасашкан. Агартуучулук алгач Францияда пайда болот жана ал Англияда, Германияда, Россияда, Польшада, Америкада жайылат. Агартуу кыймылынын баштоочулары болуп Пьер Бейл жана Жан Мелье эсептелет. П.Бейл (1647-1706-жж.) динге ишенүүдө чыдамкайлыкты талап кылат. Табигый акылдын жардамы менен жаратылыш инстинктери жана адам эркинин аракет закондору адамды чыныгы моралга алып келет, ал диндик көз караштарга көз каранды эмес. Атеист адам нравалык касиеттерге ээ. Атеистердин коому, – П.Бейлдин оюу боюнча, – өздөрүнүн граждандык жана моралдык милдеттерин так аткарат. П.Бейл ишеним менен акылды каршы коөт. Акылдын көз карашы менен айтканда рухий кутулуу жөнүндөгү догмат сынга туруштук бере албайт. Ал жандын өлбөстүгү жана эрктин эркиндиги жөнүндөгү окууга скептикалык көз караш менен караган. Ошондой эле ал субстанция, кыймыл жөнүндөгү философиялык окууларга да скептиктик көз карашта караган.

Ал эми Жан Милье (1664-1729-жж.) өзүнөн кийин «Менин осуятым» деген эмгегин калтырып кетет. Анда христиандык окуну сынга алат да, андагы көп сандаган келишпес пикирлерди, карама каршылыктарды белгилеп көрсөтөт. Анын сырынын ири предмети болуп кудай жөнүндөгү окуу жана дүйнөнүн кудай тарабынан жаратылгандыгы эсептелет. Ал кудай болмушун четке кагат. Ж.Мелье Б.Бейл сыяктуу акыл менен ишенимди каршы коюп, динди четке каккан да атеистик жана материалистик дүйнөтаанымды чыныгы тааным деп эсептеген. Ал эми адам тарыхы азап-тозоктун тарыхы деп кабылданат. Ж.Милье идеалдуу коомдук түзүлүштүн картинасын сүрөттөп көрсөтөт. Адамдар жаратылышы боюнча баары тең, теңчилик коом – адептүү коом. Француз Агартуучулугу XVIII-кылымдын экинчи чейрегинде калыптанган. Ал алдынкы көз караштагы табият таануучуларды, философторду, искусство кызматкерлерин, юристерди жана башкаларды өзүнчө бириктирген.

Француз агартуучулугунун көрүнүктүү өкүлдөрү болуп Вольтер жана Монтескье эсептелет. Франсуа-Мари Аруэ-Вольтердин (1694-1778-жж.) философиялык көз караштары (1716-жылдан баштап өзүн Вольтер деп атаган) Дж.Локктун таасири астында калыптанган. Ал тубаса идеялар, тубаса принциптер жок деген жана Локктун гносеологиялык концепциясын жактаган. «Күмөнсүз, чындыгында биздин алгачкы идеябыз – туюмдар. Акырындык менен биз идея алабыз, алар биздин органдарыбызды дүүлүктүрөт; эс тутум кабылдоону кармайт. Андан кийин аларды жалпы идеялар аркылуу бөлүштүрөбүз. Мындай

табигый жөндөмдүүлүктөн адамдын кеңири түрдөгү таанымы келип чыгат», – дейт.

**Жан-Жак Руссо** (1772-1778-жж.) – француз агартуу философиясынын көрүнүктүү өкүлү. Жан-Жак Руссо – тарых философу, моралист, педагог жана психолог болгон. Аны түйшөлткөн эң негизги маселе – жамандыктын булагы жөнүндөгү проблема, теңсиздик проблемасы. Эгерде башка агартуучулар күнөөнү жаман закон чыгарган закон чыгаруучулардан издесе, Руссо адамдар өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө өздөрүн боштондукка жана азап-тозокко алып келишти деген ойду айткан. Ал айтат: «Адам! Сырттан күнөөкөрдү издебе, ал күнөөкөр сен өзүң». Коомдо прогресс бар, бирок ал карама каршылыктуу. Адамдар өздөрү, адамдардын каалоолору, кулдукка алып келет жана жамандык кылат. Ал өзүнүн «Теңсиздиктин себеби жөнүндө» деген чыгармасында теңсиздиктин келип чыгышы жана цивилизациянын кемчиликтерине жооп берүүгө аракет жасаган.

**Теңсиздиктин проблемасы**. Руссо физикалык, саясий жана мүлктүк теңсиздикти көрсөткөн. Физикалык теңсиздик жаратылыштан келип чыгат, аны жок кыла албайбыз. Саясий теңсиздик коомдогу сословиялык абал жана юридикалык привилегиялар менен байланышкан. Аристократтар жакшы турмушта, ал эми эл массасы зарыл нерселерге муктаж абалда. Руссо ошол цивилизацияны теңсиздик цивилизациясы деп, аны сындаган. Руссо боюнча түбөлүк болгон эки башбашталыш – кудай жана материя бар. Бирөө активдүү, экинчиси пассивдүү жана өзгөрүлүүнүн обьектиси. Ошондой эле ал мындай дейт: Кудай материяны жараткан эмес жана аны жок кыла албайт. Адам жаратылышы эки жактуу: ал телодон жана жандын биримдигинен турат. Таанып билүүдө Руссо сезимдерге чон маани берген. Сезимдер гана күмөнсүз чындыкты берет. Ал эми ой жүгүртүү адашууларга алып келет. Руссо динге каршы чыкканы менен башка динди сунуш кылган. Ал дин храм, ырым-жырымы жок моралдык жана граждандык милдеттерди алып жүргөн дин болуш керек деген ойду билдирет.

**Француз материализми.** Агартуучулардан айырмаланып XVIII-кылымдагы ойчулдар болуп эсептелген Ламетри, Гельвеций, Дидро, Гольбах туруктуу материалисттер жана атеисттер болушкан. Алардан көз караштары XVIII-кылымдын 30-40-жылдарында калыптанган.

**Жюльен Офре де Ламетри** (1709-1751-жж.) 1745-жылы псевдоним менен «Жандын табигый тарыхы» деген эмгегин жарыялайт. Анын автордугу билинип, өзү куугунтукка алынат, кызматынан бошотулат, китеби өрттөлөт. Ал Голландияга качып кетет. 1747-жылы Ламерти «Адам – машина» деген эмгегин жарыкка чыгарат. Анда материализм бирден бир туура философиялык багыт экенин, спиритуализмге (башкача айтканда идеализмге), динге каршы экендиги айтылат. Мындан сырткары ал «Адам – өсүмдүк», «Анти Сенека, же Бакыт жөнүндө ой толгоолор» жана башка эмгектерин жараткан.

**Дени Дидро** (1713-1784-жж.) Алгачкы чыгармасы «Философиялык каттар» (1746) деп аталып христиан динине каршы туруп, деисттик позицияда жазылат. Бул эмгеги өрттөлөт. 1749-жылы анонимдүү түрдө чыккан

«Көрүүчүлөргө арналган сокурлар жөнүндө кат» басмадан чыгат. Бул чыгармасында Дидро атеизм позициясына өткөнүн жазган. Акыркы жыйырма жылда Дидро «Энциклопедия, же илим, искусство жана кол өнөрчүлүктүн түшүндүрмө сөздүгүн» басмадан чыгаруу менен алектенет. 1751-1790-жылдары анын 35 тому жарыкка чыгат. Анын 28 тому Дидронун редакциясы менен жарыкка чыгат. Ал өзүнүн Энциклопедиясына агартуу өкүлдөрүн, табигый илим изилдөөчүлөр, адабиятчылар, экономистерди тарткан. Анын оюу боюнча системалуу түрдөгү билим коомдук чындыкты өзгөртүүгө алып келет. Дидро бир топ философиялык чыгармаларды жараткан. «Жаратылышты түшүндүрүү жөнүндө ойлор», «Д.Аламбердин Дидро менен болгон аңгемеси» жана башкалар. Бул эмгектери ал өлгөндөн кийин жарыкка чыккан. Дидро 1773-жылы Екатерина IIнин чакыруусу менен Россияга келген да, 1774-жылдын жазына чейин болгон. Ал өмүрүнүн акыркы он жылын Парижде өткөргөн. Атеистик көз караашта туруу менен чиркөөгө каршы болуу көз карашында туруп дүйнөдөн кайткан.

**Поль Анри Тири (Гольбах** фамилиясы эне тарабынан абасынын атынан алынган, 1723-1789-жж.) Германияда төрөлгөн. Гольбахтын ири философиялык чыгармасы – «Жаратылыш системасы» 1770-жылы жарык көрөт.

**Онтология.** Француз материалистери жаратылыш түбөлүктүү, ал жаратылбаган деген ойду айтышат. «Жаратылыш кандайдыр бир буюм, нерсе эмес; ал дайыма өзүнчө эле жашап келген; анын негизинде баары жаралат; ал – өтө чоң өнөркана, бардык материалдар менен жабдылган; ал өзү курал жарактарды даярдайт, алар өзүнүн аракетинде колдонулат; бардык буюмдар анын энергиясынын жана күчүнүн продуктысы же себепчиси, алар аракетти жаратат жана кыймылга алып келет» (Гольбах). Теологдор менен болгон талаш-тартышта материалисттер төмөнкүдөй ойду билдиришет: «Биз айтып жаткан жаратылыштан айырмаланып турган жана анын үстүндө турган жандыктар элес бойдон калат». Ал эми материя болсо реалдуу жашайт, «майда бөлүкчөлөрдөн» жаралган материалдык телолордун чексиз көп түрүнөн турат. Ал телолор мейкиндикте туруп кыймылда, бөлүнөт, салмакка ээ, инерция күчү бар». Ошондуктан материя – биздин сезимдерибизге таасир эткен бардык нерселер; ошондой эле ар түрдүү буюмдарга таандык болгон сапаттар (Гольбах). Материяга онтологиялык аспект да таандык; «Материя – кандайдыр бир жылдыз эмес, жаратылышта телолор деп аталган индивиддер бар, жана материя деп бардык телолорго таандык болгон касиеттердин жыйындысы деп түшүнсөк болот (Гельвеций). Француз материалистеринин оюу боюнча кыймыл – атрибут. Дидро деизимге каршы чыгып мындай дейт: «кыймыл – материянын башкы жана ажырагыс касиети». Ал эми Ламерти болсо «материя жандандыруучу жана кыймылдаткыч күчтү өзүнө камтып турат» дейт. Гольбах болсо «Бардык жаратылыш үзгүлтүксүз кеңейүү, аралашуу, өз ара алмашуу, молекулалардын кыймылынын негизинде жашап жана сакталып турат» деп айткан.

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. XVII кылымдагы философиянын өзгөчөлүгү эмнеде?
2. Ф.Бэкон философиясына индукция эмнени билдирет?.
3. Ф.Бэкондун «идолдору» деген эмне?
4. Р.Декарттын рационалисттик методологиясынын маңызы эмнеде?
5. Р.Декарттын философиясы кандай түрлөргө бөлүнөт?
6. Р.Декарттын адамдагы эки субстанциясы деген эмне?.
7. Т.Гоббстун социалдык саясий концепциясын анализде.
8. Дж.Локктун окуусундагы «биринчи» жана «экинчи» идеялар.
9. Б.Спинозанын рационализмин аныкта.
10. Б.Спинозанын модустары, субстанциясы.
11. Лейбництин монадологиясы.
12. Д.Юмдун этикасы жана эстетикасы.
13. Вольтердин тарых философиясынын маңызы эмнеде?
14. Жан-Жак Руссонун табигый тарбиялоо концепциясын анализде.
15. Гольбахтын онтологиясы жана гносеологиясын анализде.

**Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси**

1. Антология мысли. Немецкая классическая философия. в 2 –х томах. М., 2000. –Т. 1-2.
2. Введение в философию: Учебник для вузов. В 2-х частях. / Под ред. Фролова. – Ч. 1-2. – М.: Политиздат, 1989.
3 Кузнецов В.Н. Франсуа Мари Вольтер. – М.: Мысль, 1978.
4. Кузнецов В.Н. Французский материализм XVIII века. – М.: Мысль, 1981.
5. Лейбниц Г.В. Сочинения: В 4 т. – М.: Мысль, 1982-1989.
6. Локк Д. Сочинения: В 3 т. – М.: Мысль, 1985-1988.
7. Токоева Г.С. Философия тарыхы. Окуу куралы. –Б., 2009. – 324 б.

**Тема 6. Немецтик классикалык философия**

1. И.Кант тарабынан илимий билимдин жалпылыгынын жана зарылдыгынын негизделиши
2. И.Канттын окуусундагы мейкиндик жана убакыт "Өзүнчө болгон дүйнө" («Вещь в себе»).
3. И.Фихтенин субъективдүү идеализми. «Мен» ишмердүүлүгү бардык нерсенин башаты катары
4. В.Шеллингдин Натурфилософиясы.
5. Гегелдин диалектикалык методу. Гегелдин системасы.
6. Фейербахтын антропологиялык материализми

XVIII кылымдын экинчи жарымы XIX кылымдын башында Германия өзүнүн өнүгүүсүндө Англия жана Франциядан артта калган. Немец буржуазиясы көптөгөн себептерге байланыштуу алсыз болгон жана феодализм менен ачык күрөшүүнү ойлогон эмес. Ал эл массасынын активдүүлүгүнөн корккон. Бирок буржуазия феодалдык мамилелерден кутулууну ойлогон. Буржуазиянын мындай эки жактуулугу немец философиясында чагылдырылган, андан консервативдүү жана прогресивдүү жактарды көрөбүз.

Бул мезгилдеги Германиядагы философия көп жагынан XVIII кылымдагы француз философиясына окшошуп кетет. Анын негизи болуп абсолюттук бийликти, сословиялык артыкчылыктарды сындоо жана коомдогу мүчөлөрдүн граждандык укуктарын негиздөө эсептелет.

Немецтик классикалык философиянын негиздөөчүсү болуп **Иммануил Кант** (1724-1804-жж) эсептелет. Анын философиялык көз карашы эки мезгилден турат: - «Сынга чейинки» («докритический») 1770-жылга чейин жана «сынчыл» («критический»). И.Канттын «Сынчыл» мезгилиндеги негизги философиялык чыгармалары болуп: «Таза акыл-эсти сындоо» («Критика чистого разума»), «Практикалык акыл-эсти сындоо» («Критика практического разума»), «Ой жүгүртүүнүн жөндөмдүүлүгүн сындоо» («Критика способности суждения»). И.Канттын оюу боюнча таанып билүү «өзүнчө нерселердин» («вещи в себе») биздин сырткы сезүү органдарыбызга тийгизген таасиринен жана аны кабыл алуубуздан башталат. Бул көз карашында И.Кант материалист. Бирок таанып билүүнүн түрлөрү жана анын чеги жөнүдөгү пикири боюнча ал идеалист жана агностик. Башкача айтканда, И.Кант биздин түшүнүгүбүздө, элесибизге бизден көз карандысыз, бизден сырткары жаткан кандайдыр бир нерселер – «өзүнчө нерселер» дал келет дегени анын материалисттик позициясы. Ал эми И.Кант – ошол «өзүнчө нерселер» («вещи в себе») тигил жактык (потустороний), аны таанып билүүгө болбойт дегени – идеалисттик көз караш. Ошондуктан, И.Кант философия илиминин тарыхый өнүгүшүндө «агностиктик» окуунун өкүлү жана трансценденталдык идеализмди негиздеген философ катары белгилүү болуп калган.

**Иоганн Готлиб Фихте** (1762-1814-жж.) 28 жашында И.Канттын эмгектери менен таанышат. Анын анонимдүү түрдөгү «Ар кандай ачылышты сындоо тажрыйбасы» чыгармасын И.Канттын эмгеги катары кабыл алышкан. 1794-1799-жылдары Фихте Йен университетинде профессор болуп эмгектенген, атеизмди жайылткандыгы үчүн андан куугунтукталган. 1800-жылдан баштап Берлин университетинде иштей баштаган, 1810-жылы биринчи шайлоо жолу менен болгон ректор болуп эсептелет. Фихте өзүнүн философиялык окуусун «илим жөнүндөгү окуу» («Илим окуусу») деп атаган.

**Эң биринчи абал – «Мен-бармын».** Фихтенин оюу боюнча баарынан мурда биринчи абалды табыш керек, андан бардык башка нерселер чындык экенин алат. Мындай алгачкы абал болуп «Мен бармын» эсептелет. «Мен» адамдагы өздүктү билдирет, ал башталыш. «Мен» өзүнө өзү окшош экенин билдирет: Мен = Мен. Ошондуктан илим жөнүндөгү окуунун абсолюттук негизги абалы бул формула менен берилет: «Мен өздүк жеке алгачкы болмушту аныктайт». **«Мен мен эмести аныктайт».** Ар кандай ишмердүүлүк анын алып жүрүүчүсүн гана эмес, предметти, анын каршысын аныктайт. Мен биринчи аныкталат, ушул Менге гана багыталат. Мендин экинчи аракети (Өзүн өзү аңдап билгенден кийин) – өзүнө каршы турганды коюу. Мындан илим жөнүндөгү окуунун экинчи формуласы келип чыгат: «Мен – Мен-эмести аныктайт». Мен-эмес Менсиз жашабайт. Субьект бар жерде обьект бар. Обьект – бул аң сезимдин өзүнө каршы коюлушу жана өзүн айырмалайт. **«Мен өзүн**

**жана өзүнүн каршысын аныктайт».** Бул илим жөнүндөгү окуунун кийинки кезектеги кадамы. Мында биринчи жана экинчи формуласы синтездешет. Бирок бул абал карама каршылыктуу. Карама каршылык өз ара аныкталуу категориясында чечилет. Өз ара аныкталуу деген бул – Мен Мен-эмести аныктайт жана Мен-эмес Менди аныктайт. Анткени, ал ишмер, практикалык мүнөздө. Ошол эле учурда Мен Мен-эмес аркылуу аныкталат, Мен-эмес – элестетүүчү же теориялык дегендик. Ошондуктан илим жөнүндөгү окуу эки аспектиден көрүнөт – практикалык жана теориялык.

**Фридрих Вильгельм Йозеф Шеллинг** (1775-1854-жж). Фихте менен таанышып, бир нече чыгармаларын анын таасири астында жазган. 1794-жылы жарыкка чыккан «**Кандайдыр бир жалпы философиянын мүмкүн болгон формасы жөнүндө**» деген чыгармасында «илимдин илими» жөнүндө айтат жана төмөнкүдөй белгилүү триаданы билдирет: шартсыз, шартталган жана алардын биримдиги. (Мен, Мен-эмес, ал жана башка бирге). Анын «**Жаратылыш философиясына карата идеялар**» (1797), «**Дүйнөлүк жан жөнүндө**» (1798) деген эмгектери окумуштуулар дүйнөсүндө таанылышына алып келет. Ушул убакыта Шеллингдин жаратылыш философиясына болгон кызыгуусу күчөйт.

1800-жылы Шеллинг **«Транценденталдуу идеализмдин системасы**» деген эмгегин чыгарат. Бул чыгарма мындай суроодон башталат: эмне биринчи – жанбы же жаратылышпы? «Ар кандай эле философия: жаратылыш интеллигенция тарабынан түзүлөт, же интеллигенция жаратылыш тарабынан түзүлөт деген ойдон чыгыш керек». Эгерде табигый илимдер жаратылыштан рухийликке өтсө, анда трансценденталдуу философия субьективдүү рухий башталыш биринчи деген ойдо турат. Бул – «билим жөнүндөгү билим» болуп саналат. Ал «**Искусство философиясы**», «**Бардык философия системасы**» деген эмгектеринин үстүндө иштейт, псевдоним менен «**Түнкү кыраакылык**» деген романын чыгарат.

**Шеллингдин натурфилософиясы.** Шеллинг жаратылыш философиясына чоң көңүл бурат. Бул философия эмпирикалык табигый илимдерден алыстабашы керек. Анткени ал табигый
илимдерге пайдалуу боло алат жана болуш керек. Көптөгөн табигый илим изилдөөчүлөр бул идеяны кабылдашат «Акыл менен тажрыйба бири бирине сыртынан гана карама каршы болуп көрүнөт. Натурфилософия жаратылышты изилдөөнүн принциптерин билдирет. Баарынан мурда бул принцип – жаратылыштын биримдиги. «Бардык материя өз ара биримдикте». Жаратылыш – жандуу бүтүндүк. Жаратылыш өзгөрөт жана өнүгөт. «Ар кандай тынч абал, ар кандай туруктуу абал салыштырмалуу. Тело материянын белгилүү абалына карата салыштырмалуу тынч абалда болот», - дейт Шеллинг.

Окшоштук философиясы Шеллингдин философиянын көз караштарын жыйынтыктаган окуу болуп эсептелет. Анын оюу боюнча ой жүгүртүүнү да, болмушту да башбашталма катары кароого болбойт. Ал «Ой жүгүртүү – болмуштан эмес, болмуш – ой жүгүртүүдөн эмес» деген. Обьект менен субьектин толук бөлүнүшү гана бар. Рух материясыз жашабаган сыяктуу,

материя рухсуз жашабайт. Жалпысынан алганда окшоштук философиясы Кудай окуусунун эркиндиги болуп эсептелет да, натыйжада дин философиясына айланып калат.

**Гегель, Георг Вильгельм Фридрих (1770-1831-жж.).** Г.Гегель көз карашы боюнча объективдүү идеалисттик көз караштын негизинде тарыхта биринчи болуп философиялык ой жүгүртүүнүн диалектикасын системалуу түрдө иштеп чыккан. Гегелдин философиясынын прогрессивдүү жагы – анын диалектиканы иштеп чыккандыгы жана консервативдүү жагы – бүтүндөй философиялык системасы.

Гегель бардык табияттын жана коомдун кубулуштарынын негизинде кандайдыр бир чексиз, б.а. руханий башталыш жатат деп эсептеген. Бул руханий башталышты ар түрдүү терминдер менен атаган: «Дүйнөлүк жан», «Чексиз ой пикир». Муну «руханий башталыш» ааламдын, коомдун пайда болушуна чейин болот деп аныктаган. Бул башталыш мүнөзү боюнча өтө активдүү жана ишмердүү, болгондо да ишмердүүлүгү ой жүгүртүүнүн, ой-пикирдин чегинде, ичинде болот, тагыраак айтканда өзүн өзү таанып билет. Бул «Чексиз идея» (абсолютная идея) бир калыпта турбай, ар дайым өсүп өнүп турат, кыймылда болот. «Чексиз идея» өзүнүн өсүп өнүгүүсүндө үч тепкичти (этапты) басып өтөт: 1) ой-пикир өзүнүн ичинде бышып, өсүп-өнүгөт, ошол жерде өз мазмунун өзүнүн кучагында ачып, логикалык түшүнүктөр бири бирине системалык түрдө байланышат жана өтүшөт; 2) ой жүгүртүү «башкача болгон» түрдө өсүп-өнүгөт, б.а. табият түрүндө – табияттын философиясы, табият өсүп өнүкпөйт, болгону гана анын руханий негизин түзгөн логикалык түшүнүктөрдүн өзүнчө өсүп өнүгүшүнүн сырткы көрүнүшү катары кызмат кылат; 3) ой-жүгүртүүнүн ой-пикирдин ичинде жана тарыхый өсүп өнүгүүсү (руханий дүйнө) – руханий дүйнөнүн философиясы. Ушул деңгээлде «Чексиз идея» адамдын ар түрдүү аң сезими жана ишмердүүлүгү түрүндө кайра өзүнө кайрылып келет жана өз мазмунуна жетет.

Гегелдин пикири боюнча, «Чексиз идея» ушундай жол менен өзүнчө өсүп өнүгүү процессин жана өзүн өзү таанып билүүсүн аяктайт. Гегелдин философиясы өтө татаал, түшүнүшкө кыйын. Анын философиялык оюн жөнөкөйлөтүп айтсак: бардык реалдуу жашап жаткан табияттын, коомдун негизинде «руханий дүйнө», «чексиз идея», «дүйнөлүк аң сезим» жатат. Табият, коом өзүнчө өсүп-өнүгө албайт, тескерисинче «чексиз идея», «дүйнөлүк аң сезим», өсүп өнүгүп турат, табият, коомдук өсүп өнүгүүсү «чексиз идеянын», «Дүйнөлүк аң сезимдин» бир калыпта турбай өсүп өнүгүүсүн чагылдырып турат. Гегелдин оюу боюнча «Чексиз идея», «дүйнөлүк акыл эс» эч кимге, эч нерседен көз каранды эмес, бул идея объективдүү түрдө болот да табияттын, коомдун өсүп өнүгүшүн аныктап турат. Ушуга байланыштуу Гегель объективдүү идеалисттердин көрүнүктүү өкүлү болуп саналат. Бул Гегелдин философиясынын системасы.

Ошол эле мезгилде, Гегель диалектикалык көз караште болгон, диалектиканы ар тараптан иштеп чыккан. Анын диалектикалык көз карашы – ошол «чексиз идеяны», «дүйнөлүк аң сезимди», «руханий дүйнөнү» тынбай, ар

дайым кыймылда, ар тараптан өсүп өнүгүп турат, ошого байланыштуу табият жана коом өсүп өнүгүп турат – деген ой жүгүртүү. Ушул себептен, дүйнөлүк философия илимине кошкон салымы – Гегелдин диалектикалык методду иштеп чыкканы. Гегель философиянын үч мыйзамын иштеп чыккан. Айтсак: «Сандык өзгөрүүлөрдүн сапатка өтүү мыйзамы», «Биримдик жана карама каршылыктын ортосундагы өз ара күрөш». Болгондо да бул мыйзам ар кандай өсүп өнүгүүнүн булагы катары каралышында. Үчүнчүсү – «Танууну тануу мыйзамы». Гегель мындан башка философиялык түшүнүктөрдү иштеп чыккан: алсак, карама каршылык, сырткы түзүлүш менен ички маңыздын өз ара байланышы, ички маңызы менен сырткы көрүнүшү ж.б.у.с. Гегелдин философиясында анын философиялык системасы (бардыгын «Абсолюттук идея» аныктайт) менен илимде кошкон салымы өтө чоң жана ойчулдардын арасында татыктуу, көрүнүктүү орунда ээлейт.

**Фейербах, Людвиг Андреас** (1804-1872-жж.) 1828-жылы 13-декабрда Берлин университетин бүткөндөн кийин Эрланген университетинде Фейербахтын «Бирдиктүү жана чексиз акыл жөнүндө» деп аталган диссертациясынын ачык түрдө коргоосу болот. Диссертациясын ийгиликтүү коргогондон кийин жыйырма бештеги жаш философиянын доктору «Гегелдин философиясы» курсун Эрланген университетинде окутуу укугуна ээ болот. 1829-1832-жылдар аралыгында Людвиг логика, метафизика жана жаңы философиянын тарыхы боюнча лекция окуган. Окутуучу болуп иштей баштагандан бир жыл өткөндөн кийин 1830-жылы Нюрнбергде биринчи, алгачкы эмгеги жашыруун түрдө басмадан чыгат. Бул эмгек тез эле конфискация болуп, жашыруун жагы ачылып, анын автору Людвиг университеттен куулуп, окутуу мүмкүнчүлүгүнөн айрылат.

Окутуучулук мүмкүнчүлүктөн айрылгандан кийин Фейербах жаңы философиянын тарыхын окуй баштайт. Натыйжада 1833-жылы «Жаңы философиянын тарыхы» деген эмгегинин биринчи, 1837-1838-жылдары экинчи, үчүнчү томдору жарыкка чыгат. Фейербахтын оюу боюнча философия сезимдик белгилерден башталат жана ал табигый илимдер менен байланышта болуш керек. Философия динди алмаштырат, ал адамдарга бакытка жетүүдө өзүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүүгө түрткү берет. Философия антропология б.а. адам жөнүндөгү окуу болуш керек. Жаңы философия, Фейербахтын түшүнүгүндө, адамды да, жаратылышты да философиянын бирден бир предмети катары карайт. Фейербах идеализмди жана динди сындоочулардан болгон. Ал жаратылыштын стихиялуу күчтөрүнүн алдындагы коркунучтан жана адамдардын жер бетиндеги кыйынчылыктарынан, жапа чегүүлөрүнөн дин пайда болот дейт. Диндин маңызы – адам жүрөгү, ал таза жана муздак ой жүгүртүүдөн айырмаланат, ал ишенүүгө жана сүйүүгө аракет жасайт. Адамдын кудайга ишенгенинин себеби, анда фантазия менен сезим гана болбостон бактылуу болууга аракет да бар. Адам өзгөчө ырахатка ээ жандыкка ишенет, анткени анда жыргалчылык жөнүндө түшүнүк бар, ал өзү калыптанган адам болууну каалайт: ал өлбөс жандыкка ишенет, анткени ал өлүүнү каалайт.

Фейербахтын бул ойлорунда дин антропологиялык жол менен түшүндүрүлөт. Фейербах үчүн кудайдын образы – бул адамдын маңызын алыстатуу. Кудай адамдан алыстатылат. Ага өз алдынча жашоону таандык кылат жана бардык нерселердин баш башталмасы деп түшүндүрүлөт. Бул алыстатуу концепциясы Фейербахтын динди сындоого болгон негизги окуусу болуп эсептелет. Фейербах жашап турган дин тарабынан алынып келинген реакциячыл мүнөз менен зыяндуулукту белгилейт, ал адамдын жакшы турмушка болгон аракетин кесип салат да чыдамкай, ишенимдүү болууга мажбурлайт. Фейербах мындай жыйынтыкка келет: чыныгы дин – бул кудайы жок дин. Диндик сезим – адамдын индивидуалдуу психологиясына таандык, аны жеңүүгө болот.

Фейербах үчүн жаратылыш – эң жогорку реалдуулук, ал эми адам – жаратылыштын эң жогорку продуктысы. Адам менен, адам аркылуу гана жаратылыш өзүн туюмдайт, сезет. Жаратылыштан жогору турган жана төмөн турган эч нерсе жок, жаратылыш түбөлүк болгон сыяктуу эле чексиз, мейкиндик жана убакыт ар кандай болмуш менен маңыздын, ар кандай ой жүгүртүү менен ишмердиктин, ар кандай гүлдөп өсүш менен ийгиликтин негизги шарттары. Чындыгында эле сырткары турган эч нерсе жок, жаратылыш кубулуштары эки жактуу жашоого ээ эмес. Фейербах мындай дейт: «Жаратылышта башталыш да, аякташ да жок, баары өз ара аракетте жашайт, баары салыштырмалуу, баары бир эле убакта аракет жана себеп абалында, анда баары ар жактуу жана өз ара жооп кайтаруу абалында турат».

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. И.Канттын трансценденталдуу идеализминин маңызы эмнеде?
2. Фихтенин философиясынын маңызы эмнеде?
3. Шеллингдин натурфилософиясы жана трасценденталдуу философиясынын маңызы кайсы
4. Гегелдин философиялык окуусунун өзөгүн түшүндүр.
5. Фейербахтын антропологиялык материализминин маңызы эмнеде?
6. Канттын категориялык императив жөнүндөгү окуусу эмнени билдирет?
7.Шеллингдин философиясындагы обьективдүүлүк жана субьективдүүлүк.
8. Гегелдин окуусундагы абсолюттук идеянын маңызы.
9. Фейербахтын антропологиялык материализми.

**Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси**

1. Гулыга А.В. Немецкая классическая философия. –М.: Мысль, 1986.
2. История диалектики. Немецкая классическая философия. – М.: Мысль, 1978.
3. История философии в кратком изложении. – М.: Мысль, 1994. – 590 с.
4. Кант И. Критика способности суждения. – Спб., 1995.
5. Философия. Уч пособие. Под ред. В.И.Лавриненко. - М., 1996.
6. Кант И. Метафизика нравов / Антология мысли. Немецкая классическая философия. – Т. 1. –М.: Фолио, 2000. – 784 с.

7. Кант И. Критика чистого разума. / Пер И.О.Лосского – М.: Наука, 1999. - 655 с.
8. Токоева Г.С. Философия тарыхы. Окуу куралы. –Б., 2009. – 324 б

## Тема 7. Кыргызстанда философиянын илим катары калыптанышы жана өнүгүшү

1. Кыргыздардын дүйнөтаанымындагы социалдык-философиялык ойлордун элементтери (миф, исламга чейинки диний ишенимдер).
2. Орто кылымдардагы социалдык-философиялык ойлор.
3. Легендарлуу ойчулдардын дүйнөкарашы
4. XIX жана XX-кылымдын башындагы социалдык-философиялык ойлор.
5. Совет доорундагы философиялык ойлордун өнүгүүсү

Кыргыз эли эң байыркы элдердин бири катары 2200 жылдан мурда эле таанылып, өзгөчө өзүнө тиешелүү болгон материалдык, рухий маданиятты жараткан. «Кыргыз» деген этноним б.з.ч. 201-жылы эле кытай летопистеринен кездешет. Байыркы жана орто кылымдардагы социалдык-философиялык ойлорун талдоодон баштайлы.

Байыркы кыргыздырдын дүйнөтаанымы социалдык-экономикалык турмуш шартына ылайык калыптанган көчмөн жашоо образы үстөмдүк кылып, чарбасынын негизин малчылык түзгөн. Мына ушундай чарбачылык жүргүзүүнүн шартында кыргыз элинин дүйнө таанымы калыптанган. Анын калыптануусунун негизги булагы болуп мифология эсептелет. Байыркы убуктан бери кыргыздар жашоо тиричилигинде курчап турган обьективдүү реалдуулукту кабылдап, кубулуш, буюм, нерселердеги байланыштарды чагылдырышкан. Ушундай шартта миф пайда болгон. Миф дүйнөнү туюп сезүүнүн өзгөчө түрү, жаратылыш кубулуштары, коомдук турмуш жөнүндөгү өзгөчө, образдуу-сезимдик түрдө, синкреттикалык элестетүү болуп саналган. Ошондой эле миф коомдук аң сезимдин алгачкы формасы да болуп эсептелет. Мифологиялык аң сезим дүйнөнү түшүнүүнүн, аңдап билүүнүн натыйжасы жана дүйнөнү өздөштүрүүнүн, таануунун жолу, ыкмалары. Дүйнөнүн биринчи жолу бүтүндөй картинасын берген аң сезимдин көрүнүшү. Бул көз караш адамдын өзүн өзү аңдап билүүсүн, дүйнөдөгү ордун аныктоого мүмкүндүк берген. Бирок мифологияда адамдын өзүнө карата болгон көз карашын, анын дүйнөдөн алган орду жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрүн ачык түшүнүү кыйынчылыкты туудурат. Ага карабастан мифология – байыркы кыргыздардын дүйнө түшүнүшүнүн, аны таанып билүүсүнүн жыйындысы деп айтууга болот.

Мифологиялык дүйнөтаанымда космологиялык көз караштар кездешет. Аалам анын түзүлүшү, адам жашоосу жөнүндө ой жүгүртүүлөр бар. Бул көз караш боюнча адегенде «көк асман», «кара жер», адам пайда болон. Ал эми андан кийинки космологиялык мифтерде аалам түзүлүшү үч сферадан турары жөнүндөгү ойлорду айтышкан. Жогорку катмар болуп асман эсептелген, ортоңку катмарга жерди киргизишкен, ал эми төмөнкү катмарга жер алдындагы

катмар киререин божомолдошкон. Негизинен байыркы кыргыздардын дүйнө кабылдоосуна асманга, жерге, сууга, отко ж.б. сыйынуу сакталып кала берген. Кыргыз элинин космогониялык мифтеринде жөнөкөй-реалисттик дүйнө кабылдоо чагылдырылат. «Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулуу», «Ак Сары ат, көк Сары ат» деген мифтеринде жети каракчы Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулууну уурдап кеткендиги жөнүндө айтылат. Бул үчүн кыздын энеси жети каракчыны дайыма түнкүсүн аңдып артынан жүрөт, ал асмандын түндүк жагында. Андан ары жети каракчы эки атты Жетигенди аңдышат. Анын жибинин учунда Кут Жылдыз турат. Каракчылар аттарды уурдоого аракет кылышат бирок алардын тилеги эч качан ишке ашпайт, анткени ар дайым таң атып кетет. Бул дайыма түбөлүк кайталанат. Ушуга байланыштуу мындай жыйынтык чыгарууга болот: байыркы кыргыздар өздөрүнүн көз караштарында убакыт менен мейкиндиктин чексиздиги айтылат. Күн, жыл, ай, жылдыздар жана адам бүтүндүктүн бөлүгү катары каралат жана алар өз ара байланышта жана көз карандылыкта кабылданат.

Байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы диндин алгачкы формалары аркылуу да ачык көрүнүп, мифологиялык жана иллюзордук чагылтуу кездешет. Исламга чейинки диний ишенимдер ар түрдүү болгон. Кыргыздар шаманизимге ишенип, жаратылыш күчтөрүнө жана өлгөндөрдүн арбагына сыйынышкан. Тиги же бул жаныбарды ыйык туткан тотемизм да үстөмдүк кылган. Кыргыздардагы кеңири таралган тотем бөрү, бугу болгон. Бөрүнү ыйык тутуу көркөм образдуу формада «Манас» эпосунан көрүнөт. Эпосто Манас тотемистик белги менен «көк жал» деп айтылат. Мындан сырткары асманга – Теңирге сыйынышкан. Теңир жогорку күч, кудай катары кабылданган. Жашоодогу кыйынчылык, оор турмуш, кайгы-муң, ийгиликтер, жетишкендик, бакыт Теңирге байланыштуу болгон. Кыргыздар Теңирдин колдоосун тилешкен, теңир жалгасын деп алкашкан. Теңир – бул көк асман. Ал универсалдуу түшүнүк, бардык нерсенин себепкери. Теистик субстанция катары Кудайды түшүндүргөн, ал алгачкы башсебепчи, башкы булак, жакшылык менен жамандыктын булагы. Кыргыздар Умай-энени ыйык тутушкан. Байыркы кыргыздардын көз карашында жашоонун башаты, үй-бүлө, балдардын коргоочусу катары Умай-эне кабылданган. Ал жакшылыктын башаты жана кут-берекенин алып жүрүүчүсү.

### Орто кылымдардагы социалдык-философиялык ойлор

Орто кылымдардагы кыргыз элинин философиялык ой жүгүртүүлөрүндө белгилүү ойчулдар Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкаринин ролу жогору.

**Жусуп Баласагын (1018-1086-жж.)** болжол менен 1018-жылы азыркы Кыргызстандагы Токмок шаарына жакын жайкашкан Баласагын шаарында туулган. Алгачкы билимди алгандан кийин Кашкардан окуган. Ал «Кут алчу билим» дастанын элүүдөн ашып калган убагында жазган. Маалыматтарга караганда 1069-1070-жылдарда Кашкарда жазып бүтүргөн. Бул поэманы Харун Бугра ханга тартуулаган, ага улуу даражалуу «Хас-Хаджиб» б.а. «эшик алдындагы кызматчылардын башчысы» деген наам берет. Ж.Баласагын мындан

сырткары да эмгектерди жазган деп айтылат, бирок алар бизге жетпей калган. Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» поэмасы түрк элдеринин маданий мурастарынын ичинен көрүнүктүү адабий эстелиги. Бул энциклопедиялык эмгек деп аталган поэма дидактикалык гана эмес, табигый жана гуманитардык илимдер боюнча да маселелерди камтыйт. Хас-Хаджиб дастанында жалпы философиялык, социалдык, укуктук, саясий, этикалык жана эстетикалык көз караштары чагылдырылат.

Ойчулдун дүйнөгө карата пантеисттик көз карашы байкалат. Поэмада акын дүйнө түзүлүшүнүн негизи кудайга байланыштуу экендигин айтып келип, орто кылымдагы Күн Чыгыш философиясынын өкүлдөрү сыяктуу (Аль Фараби, Беруни, Ибн Сина) дүйнө кудай тарабынан пайда болуп, ошол эле учурда өз алдынча жашайт жана мыйзамга ылайык өнүгүп-өсөт. Жусуптун ааламдын түзүлүшү жөнүндөгү окуусу Аристотель, Птоломейдин системасына жакындашып кетет. Жердин шар формада экендигин, ал өз огунда айланып тураарын билдирет. Курчап турган дүйнө төрт материалдык телодон (жер, аба, от, суу) тураарын айтат жана алар дүйнө негизи жана жер бетиндеги жашоонун негизи дейт. Бул төрт элемент сапат жагынан, бири биринен өнүгүү касиети боюнча айырмалат жана алар тыгыз байланышта. Анын оюу боюнча Жер борбордук орунда болуп, ушул төрт элементтин башаты катары каралат. Жусуптун мындай материализми стихиялуу диалектикалык материализм менен байланышкан. Анын оюу боюнча жаратылыш менен коомдун бардык кубулуштары мыйзам ченемдүү түрдө өнүгүп, өсүп турат.

Тааным теориясында Жусуп Баласагын башка перипатетиктер сыяктуу рационалист катары белгилүү. Анын ой жүгүртүүсүндө акыл – материалдык дүйнөнүн предметтеринин байланышын таанып билүүнүн куралы жана чыгармачылык күчү. Жусуптун концепциясында акыл – билимдин жарыгы менен адамды жаркытат. Мында акын чындыкты таанууда сезимдик кабылдоонун ролун четке какпайт. Тааным билимсиз мүмкүн эмес: дүйнөнү тереңирээк билиш үчүн үзгүлтүксүз билим зарыл. Ден соолук, ички дүйнөнүн жарыгы, даанышмандык, бакыт ж.б. чоң роль ойнойт. Жусуп Баласагындын ой жүгүртүүсүндө адам жандыктардан акылы, билими менен айырмаланат. Даанышмандык, окуу жана билим, адам баалуулугунун жана аны урматтоосунун негизи, башаты; билимдин өзү байлык.

Ойчулдун социалдык-саясий көз карашы чындыкка жакындыгы, конкреттүүлүгү, социалдык болмушту, коомдук саясий надстройканы жакшыртууга болгон аракети менен айырмаланат. Коомду, мамлекетти башкарууну билим жана агартуу жолу менен гана өнүктүрүүгө боло турганына ишенет. Бул идеясы орто кылымдагы чыгыш акылмандарынын ой-пикирине жакындашып кетет.

**Махмуд Кашкари (1028-1117-жж.)** - орто кылымдагы окумуштуу, философ. Ал 1028-жылы (болжол менен) төрөлгөн. Махмуд Кашкаринин негизги эмгеги «Дивану лугат ат-түрк» («Түркий тилдер сөз жыйнагы»). Эмгектин үстүндө узак убакыт иштеген. Изилдөөчүлөрдүн айтуусу боюнча эмгегин жазуу үчүн он беш жыл материал жыйнаган. Ал түрк тилинде сүйлөгөн

уруулар жашаган кеңири аймактын баарын кыдырып чыккан. «Диванды» автор 1072-жылы 25-январда баштап, 1074-жылы 10-февралда аяктаган. Эмгегин 20 жылдын ичинде төрт жолу редакциялап чыккан. Бул 4 томдон турган чыгарма жөнөкөй гана түрк тилинин сөздүгү болбостон, түрк элдеринин тарыхын, маданиятын, турмуш чындыгын тааныштырган эмгек. Анын негизги максаты – тилдик бай материалга таянып, экономиканы, саясатты, түрк элдеринин рухий маданиятынын өзгөчөлүгүн, анын ичинде илимий билимдин жана техниканын, искусствонун жана адабияттын жетишкендиктерин, философиялык, этикалык жана эстетикалык дүйнөтаанымын, салт-санаа, каадасын, диндик ишенимдерин көрсөтүү. Мына ушуга байланыштуу Махмуд Кашкари ар тараптуу өнүккөн окумуштуу деп жыйынтык чыгарууга болот. Ал түрк тилдеринин сөздүк курамын, лексикасын үйрөнүп, «Диванда» адамдардын таанып билүүсүнүн деңгээлин чагылдырат. Эмгекте 7500дөн ашык терминдер жана сөздөр анализденет. Ар түрдүү сөздөрдү жана түшүнүктөрдү ар тараптуу ачып берүү үчүн Махмуд эмгекте адабий чыгармалардан 240 куплет ыр, 290 макал-лакаптарды мисал келтирет. Ошондой эле ошол мезгилдеги адамдардын дүйнөтаанымын чагылдырган жалпы категориялар жана түшүнүктөр да камтылган.

«Сөздүктө» ошол учурдагы түрк элдеринин илимий билимин, маданиятын чагылдырган категориялар кездешет. Түрк урууларынын алгачкы лингвисти катары Махмуд Кашкари тил маселесине өзгөчө көңүл бурат. Анда тилдин социалдык функциясы, сөздүк запастын өзгөрүү проблемаларын, тилдердин өз ара өнүгүүсүн изилдөөгө аракет жасайт. Ал түрк тилдерин ар түрдүү топторго бөлүп классификациялайт. Фонетикалык-морфологиялык белгиси боюнча Махмуд Кашкари түрк тилдерин чыгыш жана батыш тайпаларга бөлөт. Чыгыш тайпасына чигил, огуз, хакан (уйгур) жана кытайдын чегине жакын жердеги түрк урууларынын тилдери кирген. Батыш тайпа – йемек, кыпчак, печенег, болгар жана башка уруулардын тилдери. Тилчи ар түрдүү уруулардын тилдеринин жалпы окшоштугун, спецификалык өзгөчөлүгүн, айырмачылыгын көрсөтөт. Негизинен, М.Кашкари чыгармасында дүйнө караштык түшүнүктөр менен категорияларды талдап, түрк элдеринин дүйнө таанымын жана адамдын дүйнөгө жана өзүнө карата болгон мамилесин, ишенимдерин, баалуулук ориентациясын, идеясын чагылдырат.

М.Кашкаринин философиялык ой жүгүртүүлөрүнүн борборунда түрк элдеринин жаратылыш жөнүндөгү түшүнүктөрү.. Анын география жаатында рельеф, климаттык шарттар, калктын жайгашуусу жөнүндөгү маалыматтары чоң мааниге ээ. «Сөздүктө» түрк элдеринин медицина тармагы боюнча таанымдары чагылдырылат. Окумуштуунун эмгегинен түрк элдеринин медицинасы жөнүндө, ар түрдүү ооруларды дарылоо жөнүндө, минералдык жана өсүмдүктөн дары-дармектерди даярдоонун жолдору жөнүндө маалыматтарды билүүгө болот. Махмуд бул чыгармасында замандаштарына ар түрдүү ооруларды дарылоонун жол жобосун түшүндүрөт, дары өсүмдүктөрү жөнүндө системага салынып топтоштурулган маалыматтарды берет.

«Сөздүктүн» 1-томунда эле 200дөн ашык дарынын түрлөрүн жана 30дан ашык кеңири таралган оорунун атын айтып анын өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт.

**Легендарлуу ойчулдардын дүйнөкарашы**

Кыргыз элинин дүйнөтаанымында белгилүү акылман-ойчулдардын – Асан кайгы, Санчы сынчы, Толубай сынчы, Жайсан ырчы, Кет бука ж.б. социалдык-философиялык көз караштары жогору бааланат. Алардын идеялары санат-насыят, моралдык аң сезимдин негизи, философиялык накыл сөздөр катары оозеки түрдө муундан муунга өткөрүлүп келген. Алар өздөрүнүн философиялык-этикалык көз караштарында дүйнө түзүлүшү, адам жашоосу, моралдык-нравалык баалуулуктарга кайрылат. Адам жана анын жашоосунун маңызы, максаты жөнүндө эмпирикалык деңгээлде, турмуштук практиканын негизинде ой жүгүртүшкөн.

Легендарлуу даанышман-ойчулдардын сап башында белгилүү акын, комузчу **Жайсан ырчы** турат. Ал XI кылымда жашап өткөн, анын кайсы жерде жана качан төрөлгөндүгү жөнүндө маалымат жок, бир гана кушчу уруусунан экендиги жөнүндө айтылат. Ал Кыргызхан башкарган мезгилде жашаган. Акын хандын баатырдыгын, акылмандыгын ырдаган. Ошондой эле ал ханды «кыз келиндер кадырлап, үкү менен сыйлагандыгын», чачылган элди чогултуп, басып келген душманды кууп чыгып, эли-жерин сактап калгандыгын айтат. Муну менен катар эл башкарган хан көптөгөн кыргыз урууларын бириктирип басып келчү душмандан кегин алганы, эллин чогултуп бирдиктүү кылганы жөнүндө ырдайт. Ал көркөм-образдуу түрдө адам экзистенциясына, анын жашоосунун маңызына карата ой жүгүртөт. Философиялык ой жүгүртүүлөрүндө адам жашоосунун маңызы гумандуу мамиледен көрүнөт. Биримдик, ынтымак, боорукердик аркылуу максатка жетүүгө болот.

**Асан кайгы** – орто кылымдагы кеңири белгилүү даанышман-ойчул. Аны көпчүлүк учурда «көчмөндөрдүн белгилүү акылманы» дешет. Б.Аманалиевдин оюу боюнча Асан кайгы XVII кылымда жашаган, жердеген жери – Ысык-Көл өрөөнүндөгү Жыргалаң. Ал эми А.Байбосунов Асан кайгы XIV-XV кылымдарда жашап өткөндүгүн айтат. Акыркы мезгилдеги изилдөөлөрдө ойчулдун жашаган мезгили XIV-XV кылымдар деп белгиленет. Ал казак адабиятында да айтылып, тарыхый инсан болгондугу белгиленет.

Изилдөөчүлөрдүн оюу боюнча Асан кайгы Жаныбек хандын башкарган мезгилинде жашаган. Бул жөнүндө Асан кайгынын чыгармаларынан билсек болот. Анткени ойчул өзүнүн жашаган доору жөнүндө айтып, Жаныбек хандын башкаруусунун адилетсиздигин белгилеп кеткен. Асан кайгынын дүйнөтаанымында адам жашоосу нравалык аспектиде каралат. Анын ой жүгүртүүсү боюнча жашоодо жакшылык менен жамандыктын күрөшү жүрөт, алар бири бирин жеңип турат. Жамандык үстөмдүк кылганда адам жашоосунда гармония бузулат, адамдар бири бирине сый-урмат кылбай калат. Акындын философиялык көз карашында адамдык сүйүү жогору бааланат, социалдык теңсиздик сындалат. Адамдар ортосунда гумандуулук, кайрымдуулук, ынтымак орногондо жамандыкты жакшылык жеңет.

Асан кайгынын көз карашындагы негизги идея кубулуштардын, нерселердин, буюмдардын маңызын жана мазмунун анализдегендиги. Анын оюу боюнча ар кандай предметтин белгилүү бир мазмуну жана формасы бар. Эгерде мазмуну жок болсо анда формасы, маңызы да жок болот. Анын бул идеясы «пайдалуулук», «зарылдык» түшүнүктөрү аркылуу анализденет. Ал «калк алдына беттешип жоо келсе, же доо келсе, калк алдына чыгып, калыс кебин айтпаса, анда чечендиктен не пайда» деп белгилейт. Ошондой эле «жоону сүрүп, тосуп барбаса, калкын сактай албаса, баатырдыктан не пайда» деп суроо коет да гумандуу, адилеттүү адамды калыптандыруу негизги баалуулук деп кабылдайт.

Легендарлуу ойчулдардын бири катары **Кет Бука** эсептелет. Ал найман уруусунан чыккан ойчул, комузчу. Анын жашап өткөн доору Чынгызхан жана анын баласы Жучунун жашаган мезгилине дал келет. Ошондуктан ал XIII кылымда жашагандыгын жана тарыхый инсан болгондугун айтышат. Өз мезгилинде аны «улуу акын», ойчул деп айтышкан. Анын ойчулдугун ыр, күүлөрүнөн билебиз. Мисал катары Чынгызхандын уулу Жучунун өлгөндүгү жөнүндөгү ырды айтсак болот. Кет Бука Жучунун өлүмүн тулпар, шумкар, дулдул, туйгун, булбул менен салыштырып айтат. «Туу куйругу бир кулач тулпар качты, туурунан бошонуп шумкар качты, алтын така, күмүш мык дулдул качты. Алтын туур ордунан туйгун качты. Алтын ордо багынан булбул качты. Деңиз толкуп чайпалып, көл бөксөрдү. Касиеттүү башкача чырак өчкөнүн» ырдап айтат. Бул аркылуу Кет Бука адам жашоосунун баалуулугун, ал бир гана жолу бериле турганын түшүндүрөт. Анын көз карашы боюнча жашоо менен өлүм диалектикалык байланышта. Өлүм табигый кубулуш, андан эч ким кутула албайт.

Дагы бир акылман – **Токтогул ырчы**. Белгилүү изилдөөлөр боюнча ал XIV кылымда Жаныбек хан башкарган мезгилде жашаган. Алгачкылардан болуп «Манас» эпосун айткан акын катары белгилүү. Өзү жөнүндө «жалпы түрккө сайраган булбул элем, чарчабаган аргымак дулдул элем, Толубайга жапжакын тууган элем» деп эскерет. Токтогул ырчы карапайым калктын арасынан чыккан, анын негизги байлыгы ыр болгон: «Ырымдан башка дүйнөм жок, ырдасам жүрөк күйгөн жок». Ал адилетсиздик, адамды эзүү жөнүндөгү ырларды ырдоо менен бирге адам жашоосу жана өлүмү жөнүндө ойлонот. Анын дүйнө кабылдоосунун негизинде адам болмушу турат. Жеке адамдын жашоосу түбөлүк эмес, жашоонун маңызы адептүү, ыймандуу, туруктуу жашоодо. Эртеби, кечпи өлүм ар бир башта бар. Адам өлгөндөн кийин анын ишмердиги, кылган кызматы, эмгегинин жыйынтыгы гана калат. Ошондуктан, акыл эстүү жашоо – ар бир адамдын жашоосунун маңызы.

Даанышман-ойчулдардын ысымын **Толубай сынчы** толуктап турат. Кыргыз элинде аны сынчы, акылман, аналитик катары баалашат. Ал XIV кылымдын аягы XV кылымдын башында жашаган. Толубай сынчынын философиялык көз караштары учкул сөздөрүндө, акыл-насааттарында чагылдырылган. Анын дүйнө таанымы эмпирикалык тажрыйбага, турмуштук акылмандыкка негизделип калыптанат. Ага өзгөчө талант – жаныбарлар

жөнүндө, адамдардын тагдыры жөнүндө, жаратылыш кубулуштары жөнүндө алдын ала айтуу таандык.

Толубай сынчынын ой жүгүртүүсү боюнча биримдик, элдин ынтымагы адам экзистенциясынын негизи. Эгерде ынтымак, өз ара түшүнүү болбосо адам коомунун өнүгүүсү болбойт. Ал мындай дейт: «Ырыс алды ынтымак, ынтымак барга ырыс токтойт, ынтымаксыздан ырыс качат». Адамдагы негизги баалуулук – анын акылы. Эл арасында «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» денен накыл сөз бар, бул калетсиз айтылган.

Ошентип, легендарлуу акылман, даанышман аталган ойчулдар өз доорунда социалдык чындыкты айтуу менен философиялык проблемаларды тигил же бул аспектиде чагылтып берүүгө жетишишкен.

**XIX жана XX-кылымдын башындагы философиялык ойлордун өнүгүшү**

Кыргыз элинин бул мезгилдеги социалдык-философиялык ой жүгүртүүлөрү ошол учурдагы социалдык чындык, саясий окуялар, экономикалык өнүгүүлөрү менен шартталган. Ушуга байланыштуу «заманизм» жана демократиялык көз караштагы акын-ойчулдардын ой жүгүртүүнүн белгилүү болот. «Заманчы» акын-ойчулдар шарттуу түрдөгү аталыш, анын белгилүү өкүлү болуп Молдо Кылыч эспетелет

**Молдо Кылыч (1866-1917-жж.).** Молдо Кылычтын дүйнө таанымынын анализдеп келип коомдун кээ бир кубулуштарына пессимисттик көз караш менен карагандыгын байкоого болот. Патриархалдык-феодалдык мамилелердеги өзгөрүүлөр, капиталисттик мамилелердин элементтеринин пайда боло башташы адамзаттын жок болуу коркунучуна, замандын бузулуп, талкаланышына алып келе турган белги экендигин ынандырууга аракет жасайт. Уруу башчыларынын, төбөлдөрдүн ата-бабалардын жолун жолдобой, андан алыстоосун жалпы тартиптен баш тартуу деп белгилейт. Анткени анын оюу боюнча адамдын иш-аракеттери, жүрүш-турушу алдын-ала аныкталат. 1911-жылы Молдо кылычтын «Кыса-и-Зилзала» деген поэмасы жарык көргөн. Анда 1910-жылы декабрда болуп өткөн жер титирөө жөнүндө жазып, жаратылыштын стихиялуу күчтөрү кудайдын күчү катары баяндалат. Молдо Кылычтын оюу боюнча стихиялуу кырсыктар адамдарды диндин жолунан чыккандыгы, эрежелерди бузгандыгы үчүн аларды жазалоо катары кабылданат

Молдо Кылычтын эң көлөмдүү чыгармасы «Зар заман». Бул чыгармасын анализдеп келип мындай жыйынтык чыгарууга болот: адамдардын жер бетиндеги жашоосу өтмө мааниге ээ. «Тиги дүйнө» түбөлүктүү; бул дүйнө тиги түбөлүктүү дүйнөгө карата болгон даярдык. Бул чыгарма санат түрүндө жазылган.

**Калыгул Бай уулу (1785-1855-жж.)** кыргыз элинде аттын кашкасындай таанымал акын. Калыгул чыгарган ырларын обонго салбай, жөн эле маселдентип айтып берген. Ал кезде ырларын обонго салып, комузга кошуп ырдагандарды «ырчы» дешкен. Ал эми Калыгул болсо, чечендик искусствосунун өкүлү катарында өзүнүн терең образдуу, санат, накыл, макал-лакап иретиндеги сөздөрүнө философиялык маани киргизип даанышмандык

көркөмдүк менен бергендиктен, аны «акын» аташкан. Анын үстүнө анын манаптык даражасы да ырдап отурууга же комуз кармоого жол бербеген. Мындай даражадагы адамдардын ырдашы ал кездин шарты боюнча «чоң намыстын иши болгон» деп жазат Ыбырай Абдрахманов.

Калыгул Бай уулунун жазган кээ казалдарын санат-насыят түрүндө жазгандарын атасак «Калыгулдун өмүр жөнүндө айтканы», «Калыгулдун масел-санаттары», «Калыгулдун хан Ормонго айтканы», «Санаттар», «Ысык-Көл жөнүндө айтканы».

Анын кээ бир ырлары терең лирикалуу. Алардын баарын элдин ар кандай катмары терең урматтай турган. Калыгул Бай уулу өзүнүн укмуштуудай санат, насыят, ырларына жана терме-насилдерине адамдын философиялык ой-жүгүртүүлөрүн, аны менен бирге жүрүш туруш жактарын көзөмөлдөп жана дагы дүйнө жөнүндөгү не бир ой жорумдарды албетте өз чыгармаларына жана санаттарына чагылдырган десек жаңылышпайбыз. Көп кырдуу акындын «Акыр заман» жана «Кыямат кайым» деген мистикалык философиялык ырлары эл оозунда айтылып калган.

**Арстанбек Буйлаш уулу.** XIX кылымдын орто чениндеги Калыгул акындан кийин «Заман» темасында ырдаган акындардын бири Арстанбек Буйлаш уулу. Анын дүйнө таанымы чыгармачылык багыты патриархалдык-феодалдык коомдо түзүлүп жана калыптангандыктан, ошол мезгилде социалдык чындыкты ырдоодон сырткары боло алган эмес. Чыгармаларында өзү көргөн, күбөсү болгон реалдуулукту чагылдырат. Кыргыз коомундагы өзгөрүүлөр, жаңыдан пайда болуп келе жаткан акча-товар мамилелеринин өсүшү Арстанбектин «Заман» темасына кайрылып, ырдоосуна негиз болгон. Кыргызстан Россиянын карамагына кошулгандан кийинки реалдуулук, коомдук өзгөрүүлөр акынга «тар замандын» белгиси катары кабылданган. Падышалык Россиянын жүргүзгөн агрардык реформасы жана жергиликтүү ири феодалдардын бийлигине чек коюуга жасаган аракети кыргыз төбөлдөрүнүн ичинде да наразылыкты жараткан. Ушуга байланыштуу «Замана» темасында ырдаган акындардын чыгармачылыгындагы орустарга болгон көз караштар белгилүү даражада ошол маанайдын чагылышы болгон.

Арстанбектин негизги чыгармасы «Тар заман» деп аталат. Бул Калыгулдун «Акыр заман» деген чыгармасына окшош. Бирок Арстанбек Калыгулду көргөн эмес, аны менен жолугуп, беттешип сүйлөшпөгөн. Ошентсе да Калыгулдун чыгармачылыгынын таасири болгондугун айтпай кетүүгө болбос. Анткени Арстанбектин ырларынын багыты мазмуну Калыгулга окшошуп кетет.

Ушундай эле тарыхый шартта элдин мүдөөсүн, кайгы муңун, социалдык оор турмушун өздөрүнүн чыгармачылыгы аркылуу чагылдырган акындардын жаңы мууну пайда болот. Алар – Тоголок Молдо, Токтогул Сатылганов, Барпы Алыкулов жана башкалар.

**Тоголок Молдо (Абдрахманов Байымбет) (1860-1942-жж.).** Т.Молдо – кат таанык, сабаттуу жана төкмө акын эле. Ал өмүрүнүн көп бөлүгүн жалаң чыгармачылыкка арнады. Ошол мезгилде ар түрдүү темадагы чыгармаларды,

көбүнчө: кошоктор, армандар, сүйүү ырлары, тамсилдер, лирикалык жана эпикалык жанрдагы чыгармаларды, аллегориялык поэмаларды жараткан. Тоголок Молдо жаш кезинен эле элдик оозеки чыгармачылыкка көп көңүл буруп, угуп келгендиктен анын элдик поэзия жана жомоктор, тарыхый санжырасы менен тыгыз байланышкан бир нече жомоктору, армандары бар. Мейли кошоктордо болсун, мейли армандарда болсун, теңсиздик ашкереленип, эмгек даңазаланат. Армандарында болсо көбүнчө кыргыз кыздарынын, аялдарынын оор турмушу баяндалып, үмүт тилектери жазылган. Тоголок Молдо «Куштардын аңгемеси» деген чыгармасында адамдардын кадимки турмушун сүрөттөгөн. Негизинен бул поэма ошол маалдагы бай-кедей ортосунда жүргөн күрөштөрдү баяндайт.

Тоголок Молдо «Жер жана анын балдары» поэмасын бөтөнчө ыкма менен жазган. «Талым кыз менен Көбөктүн айтышында» биринин табышмагына экинчиси жооп берип, чыныгы айтыш түрү колдонулса, бул поэмада жердин балдары: жамгыр, суу, шамал, от – төртөө кезек менен өз пайдасы жөнүндө сөз кылышат. Тоголок Молдо жаратылыштагы кубулуштардын өз ара айланышы, башкаларга тийгизген пайдасы жөнүндө поэзия аркылуу чагылдырууну көздөгөн. Тоголок Молдонун чыгармалары бири биринен өзгөчө айырмаланат.

**Токтогул Сатылганов (1864-1933-жж.).** XIX-XX кылымдардагы кыргыз эл ырчыларынын көпчүлүгүнүн устаты болгон улуу акын Токтогул Сатылганов эки доордо өмүр сүрүп, чыгармачылыгын да ошол мезгилде улантып, ар кандай темадагы чыгармаларды жаратып, мезгил сыноосунан ийгиликтүү өткөн чоң талант. Анын калтырган мурасы тематикалык жактан көп кырдуу. Демек, улуу акындын чыгармачылыгы эки доордун тарыхый окуялары менен социалдык абалын камтыды. Ошого карап, биз акындын жалпы чыгармачылыгын эки доорго бөлөбүз.. Философиялык маанидеги бир катар ырларды жараткан. Анын акындар чыгармачылыгында өмүр темасына көп кайрылып, бир нече чыгармаларды жараткан. Кыргыздын Токтогул башында турган Тоголок Молдо Барпы, Коргоол сыяктуу акындары өмүр темасына бир топ ырды арнаганын, ушундай мазмундагы чыгармаларында тигил же бул кубулуштарды өз көз карашында түрдүүчө чагылдырганын билебиз. Токтогулдун «Балалык», «Күлгүн жаш өтүп эскирет», «Өмүр», «Карылык» жана башка өмүр темасына арнаган ырлары бар. Булардын ичинен өмүргө, жаратылыштагы өзгөрүү кубулуштарына ой жүгүртүү жана көркөмдүгү жагынан «Өмүр» аттуу чыгармасы өзүнчө өзгөчөлүккө ээ. Акындын өмүрүндөгү акыркы чыгармасы. Анын: «Кайран өмүр жыйырма беш жашка барар болсочу» - деп, өмүрүнүн өткөнүнө кейийт. Мында жашоо менен өлүмдүн маңызы чечмеленет. Акындын философиялык ой чабыты улам тереңдеп, адам өмүрүнүн, жашоо маңызынын маанисин чечмелөө жагындагы нукура даанышман түшүнүктөрү «Дүнүйө» аттуу көлөмдүү чыгармасынан көрүнөт. Токтогул дүйнөнүн чексиздигин учкай эскерип өтүп («Опосу жок дүйнөнүн, түбүнө ким жетерсиң»), улам оюн тереңдетип олтуруп, дүйнөнүн жарык-караңгы тарабы жөнүндө ой жүгүртөт. Дүнүйө келеринде «толукшуп чыккан айга окшоп, асмандагы күнгө окшойт», «өзөндөгү тал менен мөмөлүү дарак, шакка окшойт. Аргымак минип ойногон,

алтымыш күнү тойлогон, байгеден чыккан атка окшойт». Токтогул мында төкмөлүк өнөрдүн зор күчү менен өзүнүн турмушка, дүйнөгө, адам жашоосуна болгон мамилесин айланага жүз берип жаткан табият кубулуштарына философиялык мамилесин, табият диалектикасын өз алдынча түшүнгөнүн билдирет. Жашоо – бул жарык менен караңгынын, ак менен каранын, бийик менен жапыздын, жаратуу менен кыйроонун, өлүм менен өмүрдүн, сулуулук менен ырайсыздыктын, адилет менен жалгандын түбөлүк элдешпес күрөшү. Демек, өлүм көздү байлай электе адамда кайрат-күч барында жашоонун кубанычын көрүп, адамдык милдет-парсты аткарып, өрнөктүү өмүр сүрүш керек.

**Барпы Алыкулов (1884-1949-жж.)** турмуштун оорчулугун социалдык теңсиздикти жаштайынан көрөт. Турмуштук байкоолору, реалдуу чындык анын дүйнө кабылдоосуна чоң таасир тийгизген. Барпы он үч жашка чыкканда ошол учурдагы социалдык тартиптерге карата нааразычылык билдире баштайт. Ичкен тамагы «жүгөрүдөн атала», жаткан жери «саманкана» экендигин, кара кетмен колунан түшпөй жүргөнүн, кийген кийими жеңи жок чапан, бутунда чокой экенин ырында айтат. Алгачкы чыгармаларынан болгон «Барпы жана Назар» деген чыгармасында байдын ач көздүгүн, суктугун көргөзөт. Мындан Барпынын дүйнө таанымы эмоционалдык-поэтикалык сезимдерге таандык экендиги көрүнөт.

Ал Октябрдын жеңишин даңазалаган адамдардын катарында болгон, жаңы тартипти, совет бийлигинин жүргүзгөн саясатын чыгармачылыгында кеңири чагылдырууга аракет жасаган. Өзү Кыргызстандын Түштүгүндө Совет бийлигин орнотуу ишине катышып, «Кошчу» союзунда иштеген, социалдык кайра түзүүлөрдүн чыныгы куруучусу болгон. XX кылымдын 30-жылдары коомдогу социалдык, саясий, маданий өзгөрүүлөрдүн таасири менен Барпынын дүйнө карашы да өнүгүп өсөт. Ушул учурда анын көзү көрбөй калат, бирок талантынан ажыраган жок. Анын чыгармачылыгынын негизги тематикасы болуп социалисттик чындык, экономикалык жана социалдык шарттар, адам анын эмгеги эсептелген. Ал эми 40-жылдары, айрыкча согуш жылдарында, акындын дүйнө таанымында социалдык оптимизмди көрө алабыз. Бир катар чыгармаларында адам жашоосунун баалуулугун даңазалап, аны барктай билүүгө чакырат.

Согуш жылдарында Барпы Алыкулов патриоттук маанайдагы чыгармаларды жаратат. Анын ырлары адамдарга шык берип, жеңишке үндөп турган. Көзүнүн көрбөй калганына карабастан согушка жөнөп жаткан жоокерлерди узатып, вокзалга келип ыры менен жеңишке
үндөгөн. «Кас душманды кармашта, жеңип алса баатырдык, борошолоп ок жааса, тосо билген баатырдык» - деп патриоттуулукка, эрдикке чакырат. Ал өзүнүн согуш майданына барып, душман бетме-бет келе албаганын түшүнүп, ыры менен жеңишке жетишүүгө жардам берет. Анын жилософиялык маанидеги ырлары дүйнө, адам жана анын ишмердиги тууралуу болуп, терең маңыздуу ойлорду берет.

**Совет доорундагы философиялык ойлордун өнүгүүсү**

Совет бийлиги орногондон кийин кыргыз элинин социалдык-философиялык көз караштарынын өнүгүүсү, ой жүгүртүүдөгү жаңы категориялардын системасынын, жаңы дүйнө караштын бекемделиши менен коштолгон. Октябрь революциясынын жеңиши менен социалисттик коомду куруу башталат. Калктын сабатсыздыгын жоюу, элге билим берүү, маданиятты өнүктүрүү боюнча иш чаралар колго алынат. Улуттук жазма пайда болот, алгачкы газета-журналдар басылып чыга баштайт. Китеп басып чыгаруу негизделе баштайт.

XX кылымдын 20-30-жылдарында жаңы дүйнө тааным калыптанат. Ал диалектикалык-материалисттик дүйнө таанымга негизделет. Философиялык ой жүгүртүүлөрдүн категориалдык системасынын калыптануусунда интеллигенциянын ролу чоң. Ушул жылдары Б.Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхынан», Т.Жолдошевдин «Көрктүү адабиятыбыз менен акындарыбыз», К.Тыныстановдун «Касым ырлар жыйнагы», Ж.Абдрахмановдун «Предвестник октября» деген чыгармалары тарых, адабият, тил проблемаларын көтөрүп чыккан. Белек Солтоноев чыгармасында «акыл», «илим», «эл», «тарых», «адабият» деген категорияларды колдонот да мындай деген жыйынтыкка келет: «Тарыхты эч ким жазбайт жоктон кайып, жазылса жалган кабар өтө айып». Анын түшүнүгүндө тарыхты үйрөнүү өтө узак убакытты кучагына алат анын түбүн терең дарыя менен салыштырат.

Эң негизгиси 50-жылдардын ортосунда квалификациялуу илимий кадрлар өсүп чыккан, 1954-жылы СССРдин министирлер Советинин токтому менен Кыргыз ССРнин Илимдер Академиясы уюшулган. Анын биринчи Президенити болуп И.К.Ахунбаев дайындалган. Илимдер Академиясында жаңы институттар, лаборатория, бөлүмдөр түзүлгөн. 50-жылдардын аягында 13 институт, 4 өз алдынча бөлүм, эки музей, 3 тажрыйба станциясы, Ботаникалык бак болуп, 450 илимий кызматкер эмгектенген. Анын ичинен 17 илимдин доктору, 130 илимдин кандидаты эмгектенген.

Эң негизги көңүл бура турган нерсе философия жана укук бөлүмү коомдук ой жүгүртүүлөрдү изилдөө менен алектенгендиги. XX кылымдын 60-80-жылдарында коомдук илимдердин өнүгүшү менен бирге философия да бир топ өнүгүүгө жетишкен. Бул мезгилде кыргыз профессионал философтор өсүп чыгып онтология, гносеология, антропологиялык проблемаларды изилдөө менен бирге кыргыз элинин социалдык-философиялык ой жүгүртүүлөрү да изилдөөнүн предмети болуп калган. Философиялык изилдөөлөрдүн сап башында Асылбек Алтымышбаев, Баатырбек Аманалиев, Азиз Салиев, Аскар Какеев, Азиз Нарынбаев, Асанбек Таабалдиев, Таабалды Абдылдаев ж.б. турат.

А.Алтымышбаев 1954-1960-жылдары Кыргыз Илимдер Академиясынын Философия жана укук институтунун директору болгон. Философия илимдеринин доктору деген илимий даражасына 1960-жылы алгачкылардан болуп жетишкен. 1954-жылы Илимдер Академиясынын Академиги болгон. Ал кыргыз элинин коомдук, философиялык, саясий ой жүгүртүүлөрүн изилдөөгө өзүнүн зор эмгегин кошкон. Анын ири чыгармалары катары «Октябрь жана кыргыз элинин коомдук аң сезиминин өнүгүшү», «Революцияга чейинки

Кыргызстандын коомдук саясий жана философиялык ойлорунун өнүгүү тарыхынын очерки» эсептелет. Бул чыгармалары XX кылымдын 80-жылдары жарык көргөн. Мындан сырткары А.Алтымышбаев чыгыш элдеринин социалисттик маданиятынын калыптануу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, социалисттик маданияттын калыптануусундагы аң сезимдеги кээ бир терс көрүнүштөрүнө да анализ берген.

Ушул эле 60-жылдарда өзүнүн философиялык ойлору менен белгилүү болгон философ Баатырбек Аманалиев эсептелет. «Кыргыз элинин философиялык ойлорунун тарыхынан», «Токтогул жана Тоголок Молдонун социалдык-саясий жана философиялык идеялары», «Кыргыздардын эркин ойлоо жана диний ишенимдеринин тарыхынан» деген эмгектери жарык көргөн.

Кыргыз профессионал философу катары Азиз Салиевди өтө жогору баалоого татырлык. Анын «Ырдагы жашоо», «Ой деген эмне», «Ойлом система катары», «Адам психологиясы жана искусство», «Адам дүйнөгө кирүүдө», «Акыл жашоосу жана образды ойлоо», «Акыл жана убакыт», «Ой жөнүндө окуу» деген чыгармалары фундаменталдуу философиялык эмгектер болуп калды. Бул чыгармалры аркылуу ал тааным теориясын, логикалык проблемаларды изилдеген философ эле эмес психологиялык, педагогикалык проблемаларды да анализге алган окумуштуу.

Кыргыз Республикаынын Илимдер Академиясынын Академиги Аскар Какеев да кыргыз элинин социалдык философиялык ой жүгүртүүлөрүн иликтөөгө зор салым кошкон. Совет доорунда белгилүү философтордун катарына Аманбек Карыпкулов, Асанбек Таабалдиевдин, Таабалды Абдылдаевдин келип кошулушу кыргыз философиясынын өнүгүү жолунда бара жаткандыгын күбөлөндүрөт. Азыркы учурда кыргыз философиясын өнүктүргөн философтордун ысымын атаганда А.А.Брудный, Теңдик Аскаров, Осмон Тогусаков, Жээнбек Жаныбеков, Асеин Исмаилов, Мааметайып Жумагулов, Шайлообай Ниязалиев, Ысманалы Мукасов, Жамгырбек Бөкөшов ж.б. өзгөчө бөлүнүп көрүнөт. Философиялык проблемаларды тигил же бул аспектиде изилдөө менен кыргыз илиминин өнүгүшүнө зор салым кошуп келишүүдө.

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Байыркы кыргыздардын дүйнө кабылдоосунун өзгөчөлүгү эмнеде?
2. Мифологиялык дүйнөкараштын өзгөчөлүгү эмнеде?
3. Кыргыз элинин эстетикалык дүйнө кабылдоосун анализде.
4. Орто кылымдардагы социалдык-философиялык ойлордун өнүгүшү эмне менен мүнөздөлөт?
5. М.Кашкаринин «Диванынын» мазмунун анализде.
6.Ж.Баласагындын онтологиялык жана гносеологиялык көз караштары кайсы чыгармасында чагылдырылат?
7. XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башындагы ой жүгүртүүлөрдүн өзгөчөлүгү эмнеде?
8. «Заманчы» акындар кимдер?
9. Акын-демократтардын чыгармачылыгынын багытын аныкта.

10. Тоголок Молдонун философиялык маанайдагы негизги чыгармаларына анализ жаса.
11. XX кылымдын 20-30-жылдарындагы коомдук философиялык ой жүгүртүүлөргө анализ жаса.
12. Заманбап кыргыз философиясы жөнүндө эмне билесиңер?

**Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси:**


1. Арстанбек. Ырлар. / Түзгөн Б. Кебекова. Б.: Кыргыз Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1994. – 180 б.
2. Байбосунов А. Философские воззрения легендарных мыслителей. – Бишкек, 2001.
3. Барпы Алыкулов Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. – Т.1. – Б.: Кыргыз Энциклопед. Башкы редакциясы, 1995. – 319 б.
4. Бөкөшов Ж.Кыргыз философиясы. – Б.: “Бийиктик”, 2013. 392 б.
5. Женижок. Ырлар. / Чогулткан жана түзгөн А Жусупбеков – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 264 с.
6. Какеев А. Ч. Философская мысль в Кыргызстане: Поиски и проблемы: Учебное пособие. / Ред. Кол. А.И.Нарынбаев и др., – Б., 1995. – 194 с.
7. Мукасов С. Традиции социально-философской мысли в духовной культуре кыргызского народа. – Бишкек, 1999.
8. Молдо Кылыч. Казалдар. – Фрунзе, 1991.
9. Ниязалиев Ш.М., Токоева Г.С. Мировоззрение Барпы Алыкулова. – Бишкек, 2003.
10. Общественно-философская мысль народов Средней Азии. – Б.: Илим, 1991. – 282 с.
11. Салиев А.К. Разум и время: Избранные произведения. – Ф: Кыргызстан, 1984. – 437 с.
12. Тоголок Молдо. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. – Т. 1- 2. – Ф.: Кыргызстан, 1970
13. Токоева Г. Кыргыз философиясындагы адам болмушу. –Б: “Махпринт”, 2015.
14. Токоева Г.С. Философия тарыхы. Окуу куралы. –Б., 2009. – 324 б
15. Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. – Т. 1-2. – Ф.: Адабият, 1989.


## Тема 8. Заманбап философия

1. Позитивизмдин тарыхый типтери жана негизги маселелери
2. Экзистенциализмдин негизги маселелери.
3. Азыркы учурдагы диний философиялык окуулар
4. Философиялык ой жүгүртүүнүн учурдагы моделдери.
5. Марксизм жана неомарксизм

**Позитивизм.** XIX-XX кылымдардагы философиялык агымдардын бири болуп позитивизм эсептелет. Ал XIX кылымдын 30-40-жылдарында пайда

болот. Бул мезгилде кол өнөрчүлүк өндүрүшү машиналык өндүрүш менен алмаштырылыт. Техникалык ачылыштар илимий-техникалык билимдин андан ары өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Позитивизимдин негизги идеясы – материализм менен идеализмдин ортосундагы карама каршылыкты жоюуга чакыруу. Бул үчүн философияга үлгү катары эмпирикалык илимди алыш керек, анткени ал философиянын негизги маселесине карата нейтралдуу мамиледе турат. Позитивистердин оюу боюнча дүйнө, адам, коом жөнүндөгү билимдердин негизги массиви практикалык турмушта зарыл болуп атайын илимдер аркылуу алынат. Бул билим («позитивдүү билим») традициялуу философияга «метафизика» катары каршы коюлат. Бардык традициялуу философия алынып салынып атайын билимдер менен алмаштырылат. Позитивизм илимди догматикалык философиялык концепциядан бошоткон көз караш катары «оң мааниге ээ болгон» коргоочу катары мүнөздөлөт да илимдин жеңиши үчүн күрөшүүчү катары чыгат..

Позитивизмдин узак убакытка созулган тарыхы бар. Мында биринчи позитивизм, махизм («экинчи позитивизм»), неопозитивизм айырмаланат. Позитивизмдин биринчи этабынын өкүлдөрү болуп О.Конт, Э.Литтре, Е.де Роберти (Франция), Д.С.Милль, Г.Спенсер, Дж.Люис (Англия), Ю.Охорович (Польша), Г.Вырубов, В.Лесевич, Н.Михайловский (Россия), Г.Каттанео, Д.Феррари, Р.Ардиго (Италия) ж.б. эсептелет.

Позитивизмдин негиздөөчүсү – **Огюст Конт** (1798-1857-жж.). Ал чиновниктин үй бүлөсүндө төрөлүп, лицейде, андан кийин Жогорку техникалык мектепте окуган. 1818-1834-жылдары социалист-утопист Сен-Симондун секретары болуп иштеген. Анын негизги идеясы 6 томдуу «**Позитивдүү философиянын курсу**» (1830-1842) жана «**Позитивдүү философиянын духу**» деген эмгектеринде чагылдырылган. О.Конт традициялуу философияны илим менен алмаштыруу зарыл экенин айткан. Ал ар кандай теорияны «метафизика» деп, обьективдүү реалдуулуктун бар экенин жана тааанып билүүгө боло турганын айтат.

О.Конттун позитивдик идеяларын Англияда **Джон Стюарт Милль** (1806-1873-жж) уланткан жана өнүктүргөн. Анын негизги чыгармасы «Логика системасы» (1843) деп аталат. Юмдун агностицизминин негизинде Милль сырткы дүйнөнүн жашагандыгын далилдөө мүмкүн эмес деген ойду айтат, бирок ушул эле учурда сырткы дүйнө жашабайт деп да далилдей албайбыз. Милль материя белгисиз себеп же туюмдарды пайда кылуучу туруктуу мүмкүндүк, аң-сезим кыжалаттануунун туруктуу мүмкүндүгү деп айткан. Дүйнө туюмдар аркылуу таанылат. Туюмдар аркылуу жаратылган жөнөкөй идеяларды биздин акыл аркылуу татаал түзүлүшкө бириктирилет. Милль жаңы билим эмпирикалык ыкмалар менен гана алынышы мүмкүн деп далилдөөнү каалаган. Ал турсун математика да эмпирикалык негизде келип чыккан, анын аксиомалары байкоо жана жалпылооого негизделген.

**Индукция метод катарында.** Милль индукцияны илимдин методу деп эсептеп индуктивдүү логиканы иштеп чыккан. Ал себептик байланыштарды изилдөөнүн төмөнкү методдорун айтат:

- *Окшоштук методу*, *Айырмалоо*, - *Калдык методу*, - *Кошо жүрүүчү өзгөрүүлөр методу*

Англис позитивизминин негизги өкүлү болуп **Герберт Спенсер** (1820-1903-жж.) эсептелет. Г.Спенсердин идеологиялык ой жүгүртүүсүнүн негизи – агностицизм булагында туруп ишеним менен билимди, илим менен динди келиштирүүгө болгон аракет. Спенсер боюнча бардык кубулуштарга эволюция закону таандык. Эволюция жөнүндөгү окуу философиянын бир бөлүгү. Эволюция – бардык нерселердин жогорку закону, прогрессивдүү өнүгүү жалпы мүнөзгө ээ деп айткан, эволюцияда төмөнкүдөй абалдар айырмаланат:

- интеграция (байланышсыздыктан байланышка өтүү);
- дифференциация (бир түрдүүлүктөн көп түрдүлүккө өтүү);
- тартиптин өсүшү (аныкталбагандыктан аныкталуулукка өсүп өтүү).

**Махизм.** Позитивизмдин өнүгүүсүнүн экинчи этабы махизм же эмпириомонизм деп аталат. Ал Эрнст Мах (1838-1916), Рихард Авенариус (1843-1886), Карл Пирсон (1857-1936), Анри Пуанкаре (1854-1912) ж.б. ысымдары менен байланышкан. Мах менен Авенариустун алгачкы эмгектери XIX-кылымдын 70-жылдары жарык көрө баштаганына карабастан, 90-жылдары гана белгилүү боло баштаган. Махтын оюу боюнча табигый илимдерден философияны бөлүп албастан, андагы эски, керектен чыгып калган идеяны алып салу керек, субьект менен обьектинин, аң сезим менен болмуштун философиялык түшүнүктөрү күмөн саноону пайда кылат, алардын ортосундагы айырмачылык анча байкалбайт, булар пайдаланган философиялык системалар керексиз. Махистердин ой жүгүртүүсүндө бардык жашап турган нерселер туюмдардын жыйындысы. Илимий анализдин предмети болуп түс, үн, кысым көрсөтүүнүн ар түрдүү баскычтары эсептелет.

Мах материяны обьективдүү реалдуулук деп түшүнүүгө каршы болот. Ал буюм, тело, материя элементтердин, түстүн, үндүн байланыштары эмес, белгилер гана болуп саналат.

Мах «**Тажрыйбаны тазалоо**» деген эмгегинде тажрыйбаны ар кандай антропологиялык жана баалуулук ой жүгүртүүлөрдөн тазалоого чакырат. Ал адамдын бардык ой жүгүртүүлөрүн эки түргө бөлөт: билим жана ой пикир. Билим «дүйнө элементтери» ээ болгон түстү, үндү, кыймылды туюп сезүүчү негизге ээ. Ал эми ой-пикир
сезимдик кабылдоолорго ээ эмес.

**Неопозитивизм жана постпозитивизм**

Бул XX кылымдын белгилүү философиялык багыттарынын бири, өзүнүн багыты боюнча позитивизмдин идеясын улантат. Неопозитивизмдин чегинде логикалык позитивизм, логикалык эмпиризм, аналитикалык философия, лингвистикалык философия,
илим философиясы турат. Классикалык позитивизмден айырмаланып, неопозитивизм аң
сезимдин тилдик формаларын анализдөө илимдердин философиялык милдети болуп саналат деген. Философиянын предмети болуп тил эсептелет. Баарынан

мурда билимди билдирген илимдин тилин изилдөө – философиянын предмети болуп саналат. Неопозитивизмдин ичиндеги алгачкы негизи варианты болуп **логикалык позитивизм** эсептелет. Анын башатында Д.Э.Мур, Б.Рассел, Л.Витгенштейн турган. Б.Расселдин оюу боюнча «чыныгы философиялык» проблемалар «логикалык проблемаларга келип токтолот». Ал илимий билимдин логикалык структурасын анализдөөгө бардык күчүн жумшаган. Биринчи планга аң сезимдин мазмуну коюлбастан, тилдин эрежеси коюлат. Б.Расселдин ой жүгүртүүсүндө философиянын милдети – илимдин айтылышын, маңызын логикалык анализ кылуу жана билимди аныктоону камсыз кылуу эсептелет. Ошондуктан логиканын негизинде уюшулган жасалма тилге кайрылуу зарыл. Философия илимий билимди логикалык анализ кылууну негизги милдети катары карашы зарыл.

Людвиг Витгенштейн Б.Рассел сыяктуу философияны илим дебестен, илимдин тилине логикалык жактан анализ кылган ишмердүүлүк деген. «Чыныгы сүйлөмдөрдүн жыйындысы – толугу менен болгон илим (б.а. илимдердин жыйындысы). Философиянынк
максаты – ойду логикалык жактан тактоо. Философия окуу эмес, ал ишмердик» - деген Л.Витгенштейн. Философия ойду ачып бериш керек, ансыз «караңгы», «туңгуюк» болушу мүмкүн. Л.Витгенштейндин тилдин логикалык структурасы дүйнөнүн логикалык структурасына окшоштурулат.

**Логикалык позитивизм. Б.**Рассел менен Л.Витгенштейндин идеялары Вена ийрими тарабынан улантылган. Бул ийрим 1922-жылы Вена университетинин индуктивдик илимдер кафедрасынын алдында уюшулуп логикалык позитивизмдин идеялык жана уюштуруучулук борбору болуп калган. Аны кафедра башчысы Мориц Шлик негиздеген. Ага О.Нейрат, Г.Ган, Ф.Вайсман, В.Крафт, К.Гедель, Ф.Кауфман, Г.Фейгл ж.б. кирген. Бул ийримге 1926-жылы австриялык логик, философ Рудольф Карнап чакырылган. 1929-жылы анын мүчөлөрү биргеликте, «Илимий дүйнө караш. Вена ийрими» деген эмгекти жаратышат. Ийрим 1929-жылдан – 1938-жылга чейин 7 жолу конгресс уюштурушкан. Вена ийриминин концепциясын Львов-Варшава мектеби да бөлүштүргөн. Р.Карнап «Илимдин тили логикалык анализ менен метафизиканы жоюу» деп аталган эмгегинде мындай дейт: «Философиялык окуулар сүйлөмдөрдөн (ой жүгүртүү) туруп, чыныгы ой жүгүртүү болуп эсептелбейт. Иш жүзүндө чыныгы ой жүгүртүү же чын, же жалган болот, ал эми философиялык ой жүгүртүү – «жалган сүйлөмдөр», алар илимий маңыздан ажырап калган». «Эмне себептен философиялык сүйлөмдөр – жалган сүйлөмдөр?» – деген суроо коет да Р.Карнап анын үч себебин көрсөтөт: 1) алар «жалган түшүнүктөрдөн» түзүлгөн; 2) ага кирген түшүнүктөр грамматика менен логикага дал келбеген эрежелер менен сүйлөмдөргө бириктирилген; 3) бул сүйлөмдөр логикалык жыйынтык принцибин бузуу менен башка сүйлөмдөрдөн алынган. Жалган түшүнүктөргө
мисал болуп «рух», «өзүндөгү буюм», «дүйнөлүк принцип» ж.б. кирет. Булар «мааниси жок метафизикалык сөздөр», чындыкка дал келбейт. Логикалык

позитивизмдин эволюциясында биринчи планга верификация, физикализм же конвенционализм концепциясы коюлат.

**Лингвистикалык позитивизм.** Неопозитивизмдин 50-60-жылдарындагы экинчи негизги формасы болуп лингвистикалык позитивизм эсептелет. Эгерде логикалык позитивисттер формалдашкан тилге өзгөчө көңүл бөлүп илим тилин анализ кылса, лингвистикалык позитивизм тилдин прагматикалык аспектисине таянып табигый, турмуштук тилге көңүл бурушкан. Лингвистикалык философиянын программасы Мур жана Витгенштейн тарабынан сунушталган. Витгенштейн өзүнүн жаңы позициясын «Философиялык изилдөөлөр», «Философиялык кыскача жазуу», «Математиканын негизги жана кыскача жазуулар», «Чыныгылык жөнүндө» деген чыгармаларында баяндаган. Ал мындай деген жыйынтыкка келет: «Чындыгында элементардуу сүйлөмдөрдү табуу мүмкүн эмес, жөнөкөйлүк дайыма салыштырмалуу болот. «Идеалдуу тил» да болушу мүмкүн эмес. Ар түрдүү сөздөр түрдүү объектилерди түшүндүрөт, сүйлөмдөр болсо фактыны же иштин абалын сүрөттөйт». Ошондуктан Л.Витгенштейн турмуштук сүйлөмдөгү тилди анализдөөнү сунуштайт.

**Постпозитивизм.** Неопозитивизмдин «антиметафизикалык» программасынын кризиси 60-жылдары постпозитивизм деп аталган жаңы методологиялык концепциянын клыптанышына алып келген. Бул окуунун башталышы катары К.Поппердин «Илимий ачылыштын логикасы» (1959) жана Т.Кундун «Илимий революциялардын структурасы» (1963) деген эмгектеринин жарыкка чыгышы менен байланыштуу. Постпозитивизмде илимдин ар түрдүү образы жана анын өнүгүү модели сунушталат, илим логикасынан илим тарыхына өтүү байкалат. Эгерде логикалык позитивизмде илимий билимдин структурасы изилденсе, постпозитивизм илимий билимдин өнүгүшүн анализге алат. Ушундай планда жаңы теория кантип келип чыгат, ал кантип таанылууга жетишет, альтернативдүү теориянын жактоочуларынын ортосунда коммуникация мүмкүнбү? Деген сыяктуу суроолорду коет.

Постпозитивизмдин көрүнүктүүү өкүлү болуп англис философу, социолог Карл Раймунд Поппер (1902-1994) эсептелет. 1937-жылга чейин Венада, 1937-1945-жылдары жаңы Зеландияда, 1946-жылдан баштап 70-жылдарга чейин Лондондун экономика жана саясий илимдер мектебинде профессор болгон. Ал философияга болгон мамилени кайрадан карап чыгат. Философия акыл-жөндөмүнүн системасы болгону менен илимий прогрессти стимулдаштырат, илимдин багытын жана тенденциясын көрсөтөт. К.Поппер ар тараптан илим үчүн болгон философиянын ролун көрсөтөт: - метафизикалык теориялар аңдалган; - алардын кээ бирлери – изилдөө программасынын тарыхый прототиби болуп саналат, билимдин өнүгүшү менен алар текшерилүүчү теория болуп кайра түзүлгөн (м: атомизм теориясы); - психологиялык көз караш менен алганда ишенимсиз жаратылыш боюнча метафизикалык болгон идеяны изилдөө мүмкүн эмес; - метафизикалык идеялар илимге таандык эмес болуп (фальсификация болбостон) сынга таандык.

**Томас Сэмуэл Кун** (1922-1996). Бирдиктүү система болгон илимдин образынын ордуна Т.Кун социалдык институт, илимий коомдордун ишмердиги катары илимдин образын сунуш кылат. Ар бир коомчулуктун ишмердигинин жолу, ой жүгүртүүсүнүн стили, илимийлүүлүктүн жана рационалдуулуктун өзүнүн критерийи бар. Буларды Т.Кун «парадигма» түшүнүгү менен белгилөөнү сунуштайт. Ал мындай дейт: «Мен парадигма деп белгилүү бир убакытта илимий коомчулукка проблеманы коюунун жана чечүүнүн моделин берген, бардыгы тарабынан таанылган илимий жетишкендикти түшүнөм». Тигил же бул илимдин областында изилдө . менен алектенген белгилү . коллектив парадигманы кабыл алат. Кундун парадигмасы төмөнкүнү камтыйт:

- окумуштуулар коомчулук тарабынан кабыл алынган символикалык белгилөөлөр жана формалдашкан конструкциялар;
- «метафизикалык» жалпы методологиялык элестөөлөр;
- коомчулук тарабынан кабылдаган баалуулуктар (м: тактык, жөнөкөйлүк, илимий концепциялардын логикалуулугу).
- илимий жетишкендиктердин таанылган үлгүлөрү – «образдар».

**Имре Лакатос** – илимий изилдөө программасынын идеясына негизделген илим концепциясын сунуштайт. Лакатостун илимий изилдөө программсы буларды камтыйт:

1. «Темирдей бекем ядро» - ойломдун стилинин теориялык негизи болгон ой жүгүртүүлөрдүн жыйындысы.
2. «Сактоочу белдик» - кошумча гипотезадан турат, ал «темирдей бекем ядронун» сакталышын камсыз кылат, илимий программаны эмпиризм менен байланыштырат.
3. «Негативдүү эвристика» - изилдөөнүн баш тарта турган жолдорун көрсөтүү.
4. «Позитивдүү эвристика» - изилдөөнүн мүмкүн болгон жолдорун сунуштоо.

Лакатостун оюу боюнча илимдин ички жана сырткы тарыхы бар. Ички тарыхы идея, методика жана илимий изилдөөнүн методологиясына таянат. Сырткы тарыхы илимди уюштуруу формаларына жана илимий изилдөөнүн личносттук факторуна таянат. Лакатос боюнча илим тарыхы программалардын алмашышы катары түшүнүлөт. Илимий ревалюция – жаңы илмий изилдөөчү программалардын эскини сүрүп чыгаруу процесси.

**2. Экзистенциализм жана анын негизги мазмуну**

Бул жашоо философиясы XX кылымдын биринчи жарымында пайда болуп, 40-60-жылдары Батыш Европадагы белгилүү философиялык багыт болуп калган. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин коомдук аң сезиминде зор өзгөрүүлөр болгон. Коомдо ишенбөөчүлүк, коркунуч, чочулоо, маанайдын пастыгы байкалат. Экзистенциализм цивилизациянын, акылдын, гумандуулуктун кризисине реакция катары пайда болгон. Негизги проблема катары адам проблемасы эсептелет. Экзистенциализмдин идеясын улантуучулар болуп Кьеркегор, Ницше, Гуссерль эсептелет.

**Эдмунд Гуссерль** жаратылыш жана тарых жөнүндөгү илимдер негиздөөнү талап кылат. Аны аң сезимдин феномени жөнүндөгү илим гана

(феноменология) бере алат. «Рух өзү гана өзүнчө жана өзү үчүн бытие». Бул гана чыныгы илимий жана рационалдуу үйрөнүүгө карата автономдуу жана жеткиликтүү. Ошондуктан жаратылыш жөнүндөгү илим рух жөнүндөгү илимди сунуштайт». Феноменологиядагы негизги түшүнүк – феномен түшүнүгү. Ал кубулуш дегенди билдирет. Бирок бардык эле кубулуш феномен боло албайт. Кубулушта буюмдардын жаратылышы көрүнгөндө феномен боло алат.

Гуссерлдин идеялары Р.Ингарден, Э.Штрекер жана экзистенциализмдин өкүлдөрү Хайдеггер, Ясперс, Марсель, Сартр, Камю тарабынан улантылган. Экзистенционализмде диндик (Ясперс, Марсель, Бубер, Бердяев, Шестов) жана атеисттик (Хайдеггер, Сартр, Камю, С.де Бовуар) түрлөрү айырмаланат. Хайдеггер боюнча философия – илим эмес, ал ой жүгүртүүнүн өзгөчө ыкмасы болуп саналат. «Философия биз акылмандык кылганда» гана бар болуп турат. «Философия бул – философиялык кылуу». Анын оюу боюнча адам күнүмдүк турмушта конкреттүү жашоосу менен байланышат. Күнүмдүк карым-катнаш адамды зеригүүгө, кусалантууга, ал турсун коркунучка алып келет. Инсан өзүн жалгыз, обочо сезет. (Ясперс, Сартр, Марсель).

Заманбап философияда XIX кылымдагы философиялык концепциялар андан ары улантылат. Марксизм, позитивизм, иррационализм ж.б. көптөгөн философтор «натуралисттик» жана сциентисттик (илимий билимге таянган) философиялык концепцияларды сынга алынат. Философиянын болмуш жана тааным теориясы катары мамилесине карата пессимисттик маанайлар күчөйт, антропологиялык маанай популярдуу болуп калат. 20-30-жылдары биринчи планга неотомизм, позитивизм, экзистенциализм чыгат. 60-жылдардан тартып франкфрут мектебинин социалдык философиясы, структурализм, герменевтика өнүгөт. Андан кийин фрейдизм популярдуулукка жетишет, ал эми 70-80-жылдары постмодернизм өнүгөт.

**3. Азыркы учурдагы диний философиялык окуулар**

**Неотомизм.** Бул философиялык окуу XIX кылымдын аягында пайда болуп католик чиркөөсү үстөмдүк кылган өлкөлөрдө философиялык ой жүгүртүүнүн модели катары үстөмдүк кылат. Анын Эл аралык борбору болуп Белгиядагы жогорку философия институту жана Римдеги Папалык католиктик Академия эсептелет. Неотомизимдин негизин орто кылымдагы схоластиканын негиздөөчүсү Фома Аквинскийдин окуусу түзөт. Неотомизм эмпиризм менен рационализмди, индивидуализм менен собордуулукту, дин менен илимди синтездештирүүгө аракет жасайт. Неотомизмдин негизги өкүлдөрү **Жан Мартен** (1882-1973), **Этьен Жильсон** (1884-1978) болгон. Негизги эмгектери «Томизм», «Орто кылым философиясы», «Болмуш жана маңыз» деп аталат. Мындан сырткары белгилүү неотомистер болуп А.Ж.Сертийанж, Р.Гарригу-Лагранж (Франция), М.Грабман, А.Дениф, Ю.Бохеньски (Германия), Д.Мерсье, А.Дондейн, Ж.Лардьер (Белгия), Ф.Ольджати, У.Падовани, К.Фебро (Италия), Э.Корет, Г.Веттел (Австрия), К.Войтыла, М.Кромлец (Польша) ж.б. эсептелет.

Неотомизмдин негизги идеясы – акыл менен ишенимдин гармониялык биримдик принциби. Э.Жильсон образдуу түрдө философия менен ишенимдин

ортосундагы гармонияга жетүү – томизмдин сыры деп айткан. Неотомисттердин оюу боюнча ишеним менен акыл бири бирине каршы турбаш керек, диний ишеним жана рационалдык тааным туура пайдаланган учурда бири бирин толуктайт. Ишеним акылдын өнүгүүсүнө тоскоолдук кылбашы керек, ал эми акыл болсо ишенимге жана диндин жашоосуна тийишпеси зарыл. Маритен жазат: «Бүгүнкү күндө акыл иррационалистик күчтөргө каршы күрөшүш керек, анткени ал цивилизацияны талкалоо коркунучун пайда кылууда. Бул күрөштөгү акылдын негизги милдети – интеграция милдети». Ошондуктан акыл менен ишеним чогуу иррационализмге каршы күрөшүшү керек.

Мындан сырткары ислам философиясы, буддизмдин, йоганын философиясы өнүгүүдө

## 4. Философиялык ой жүгүртүүнүн учурдагы моделдери.

**Иррационализм** XIX кылымдын башында материалисттик жана революциялык идеяларга, рационалисттик традицияга, баарынан мурда немецтик классикалык философияга реакция иретинде калыптанган. Анын көрүнүктүү өкүлдөрү Артур Шопенгауэр жана Серен Кьеркегор. Алардын негизги душманы – Гегель. Логикада алар
эмоция, кыжалаттануу, кумарды каршы коюшкан. **Артур Шопенгауэр** (1788-1860) европалык философиядагы прогресивдүү-оптимисттик традициядан алыстап, иррационализмди сунуштаган биринчи философ. 1819-жылы анын негизги чыгармасы болгон **«Дүйнө эрк жана элестеттүү катарында»** жарык көрөт. Анын эмгегине кызыгуу 1848-жылдагы төнкөрүштөн кийин гана пайда болгон. Шопенгауэрдин философиясындагы эң негизги түшүнүк – эрк. Адам – дүйнөнүн бир бөлүгү. Философия дүйнөнүн маңызын аңдап билиш үчүн, адам сыяктуу эле, анын да негизинде эрк тургандыгын тааныш керек. А.Шопенгауэрдин түшүнүгүндө эрк – «өзүндөгү буюм» («вещь в себе»), бул априордук иррационалдык интуиция аркылуу гана берилет. Интуиция эркти талдоого алып келет. Эрк – аң сезимсиз жашоо күчү; жаратылыштын жогору жагы, бөлүнбөйт, ажырабайт.

**Серен Къеркегор** (1813-1855) – даниялык философ, диний үй бүлөдө төрөлгөн, өмүрүнүн бардык бөлүгүн өзү төрөлгөн Копенгаген шаарында өткөргөн. Өспүрүм кезинде эркин жашоо образын өткөргөн, андан кийин этикалык ригоризм, кийинчерээк динге өткөн. Ал өзү философ деген атка жетүүгө умтулган эмес, анда бирдиктүү философиялык система да болгон эмес. Анын негизги чыгармалары «**Же же**» («Или или» 1843), «**Коркунучту түшүнүү**»(1844), «**Жашоо жолундагы баскычтар**» (1845), «**Акыркы илимий посткриптум**» (1846). Анын негизги кызыгуусу адам личностун жана анын тагдырын үйрөнүүгө багытталган. Анын чыгармасындагы карман «Мен каердемин?», «Дүйнө деген эмне?», «Биздин сөздүн мааниси кандай? «Мен киммин? «Дүйнөдө мен кантип пайда болуп калдым?», «Мен кимге кайрылып, айта алам?» деген сыяктуу суроолорду коет.

Иррационализмдин бирден бир көрүнүктүү өкүлү болуп **Фридрих Ницше** (1844-1900) эсептелет. Ницше аң сезимдин ролун төмөндөтүүгө аракет жасайт. «Аң сезимдин абалына жана бийиктигине караганда, телонун функциялары миллион эсе принципиалдуу маанилүү. Ал логикалуулукка, акылга, чындыкка умтулуучулукка каршы болгон. Баалуулуктарды кайрадан карап чыгууга чакырат. XIX-кылымдын экинчи жарымында иррационалисттик багыттын чөлкөмүндө **жашоо философиясы** пайда болгон. Анын негиздөөчүсү болуп **Вильгельм Дильтей** (1833-1911) эсептелет. Анын дүйнө таанымына Ницше таасирин тийгизген. Ал Ницшенин пессимисттик маанайын колдойт. Жашоо философиясынын негизги идеясы – толук бүтүндөй дүйнө карашты билдирүүгө акылдын чамасы жетпейт, ошондуктан жашоону түшүнүү маселеси келип чыгат. Азыр илим жашоонун үстүнөн үстөмдүк кылууда, бул абалды радикалдуу өзгөртүү зарыл. Бул философиянын негизги түшүнүгү – «жашоо».

**Анри Бергсон** (1859-1941) – жашоо философиясынын француз вариантынын өкүлү. А.Бергсон «**Чыгармачыл эволюция**» деген эмгегинде өзүнүн философиясынын негизги милдетин ачып көрсөтөт. «Тааным теориясын жашоо теориясы менен толуктоо» негизги идея болуп эсептелет. Ал «сырткы реалдуулуктун» жашай тургандыгын тааныйт, бирок, аны «жашоо» кыймыл, «узактык», «байланыш» катары түшүнүү керек. Материя жана аң сезим жашоонун жалпы «агымында» «сиңип жок болуп» кетет. Бул позиция аны материализм жана идеализмден жогору туруруга мүмкүндүк берет. Ал «чыгармачыл эволюция» деп аталган өнүгүү концепциясын иштеп чыгат. Механицизмге каршы чыгып эволюцияны «жашоо» деп түшүнөт. Бирок А.Бергсондун түшүнүгүндө жашоо – биологиялык жашоо эмес, «узактык», «жашоо агымы».

Иррационалисттик мотивдер **Освальд Шпенглердин** (1880-1936) чыгармачылыгынан да кездешет. Ал XX кылымдын башындагы белгилүү **«Европанын өмүр акыры»** («Закат Европы») деген чыгарманын автору. О.Шпенглер философиянын негизги милдети болуп дүйнөнү «тарых катары» түшүнүү эсептелет деген. Анын философиясынын негизи болуп чыгармачыл жашоо башталышы жөнүндөгү түшүнүк эсептелет. Ал идеализм духунда дүйнө Менге көз каранды деген. Эч бир реалдуу дүйнө жашабайт, дүйнө жөнүндө бир гана субьективдүү, индивидуалдуу элестетүү бар, ал адамдан адамга, маданияттан маданиятка карай алмашып турат. О.Шпенглер дүйнөлүк бирдиктүү, мыйзам ченемдүү ырааттуу процесс катары дүйнөлүк тарыхты четке кагат. Тарых циклы менен тегерек түрдө өнүгөт. Ал циклдер – төрөлүү, өнүгүп-гүлдөө, өлүп жок болуу – муну бардык маданият басып өтөт. Ар бир маданият адамдын жаш курагын алып жүрөт. Балалык чак, өспүрүм, калыптанган мезгил жана карылык убакка жетет. Чыныгы тарыхчы тарыхый процесстин жүрүшүн сезет, кыжалаттанат, аны индуктивдүү аңдап билет. О.Шпенглер аягына чыккан, бүткөн 8 маданиятты санап көрсөтөт: Кытай, Вавилон, Египет, Индия, античтик, араб, батыш, Майя. Орус маданияты келип чыгуу стадиясында. Ар бир маданияттын негизинде өзгөчө жан турат. М: Античтик маданияттын негизинде – аналогиялык жан, арабда – логикалык жан,

батыш европалык маданиятта – фаустук жан турат. Диний ишеним жандын жашоосунун терең көрүнүшү болуп эсептелет.

**Фрейд жана фрейдизм**

**Фрейд Зигмунд (1856-1939-жж.)** изилдөөнүн негизинде жыйынтыкка келет – ооруну билдирүүчү белги (симптом) басырыңкы абалда турган импульстун алмаштыргычы (заменитель) болуп эсептелет. Ал материяны дарылоонун жаңы методун (катарсический метод) ачкан. З.Фрейд «энергетикалык теория» жөнүндө жыйынтык чыгарат. Ал теория боюнча организмде белгилүү өлчөмдөгү психикалык энергия жайгашкан. Эгер ошол энергия өз убагында жана тоскоолдуксуз иштелбесе, ал кармалып же басылып турса анда күчү боюнча эквиваленттүү болгон патологиялык симптом пайда болот. Бул эмгек З.Фрейддин көп жылдык изилдөөлөрүн жыйынтыктайт. Бул эмгекте бир нече ойлор айтылган, алар – аң сезимдүү жана аң-сезимсиз жан дүйнө актылардын айырмачылыгы жөнүндөгү, эмоцияны маанилүү жөнгө салуучу ролу жөнүндөгү ойлор. Изилдөө процессинин негизинде З.Фрейд биринчи жолу аң сезимсиздик проблемасы (проблемы бессознательного) менен кезигишет.

Неврозордун пайда болуу механизмдерин ачууга аракет кылып жатып ал канааттанбаган кумардануу менен реакцияланбаган конфликтик эмоциянын тийгизген натыйжасына көңүл бурат. Бул организмге жат, аң сезимдин биримдигине (бузуучу) ажыратуучу эффекттер З.Фрейд тарабынан аң сезимсиздиктин жашоосунун алгачкысы жана негизги деп кабылданат.

Психоанализдин өнүгүүсү менен З.Фрейддин аң сезимдер жөнүндөгү түшүнүгү такталып, толукталган. Ал өзүнүн аң сезимсиз психологиялык ишмердүүлүк жөнүндөгү окуусун түзө баштайт.

Аң сезимдик деген бул аң сезимсиз каалоолор топтоштурулган психиканын бөлүгү. Кеңири мааниде алып караганда субъектин аң сезими тарабынан берилбеген психикалык процесстердин, операциялардын жана абалдардын жыйындысы. Аң сезимсиздик концепциясы боюнча зарыл эмес идеялар өз ара конфликте болушат, анда өтө начарлары аң сезимден сыртка чыгарылат, бирок динамикалык касиетин жоготпостон ага таасир эте берет. Аң сезимдеги сырткы дүйнөгө карата болгон көрүнүш (окно) – аң сезимсиздик аң сезимге чейинкилик (предсознательное) областы менен чектелген.

З.Фрейддин теориясынын концептуалдык ядросу болуп психоаналитикалык система түзөт. Дагы бир башка негиз болуп либидо жана балдардын сексуалдуулугу жөнүндөгү окуу эсептелет. Либидо жөнүндөгү окуу менен байланышта психикага болгон энергетикалык мамиле эсептелет. Психикалык энергия алгачкы мезгилдерде (90-жж.) З.Фрейд тарабынан Либидо энергиясы деп интерпретацияланган З.Фрейд Либидого айлануунун жолдорун көрсөтүп жазган.

Инстинктивдүү импульс аракетке айлануусу мүмкүн же кайра аң сезимсиздикке түртүлүп чыгышы мүмкүн же реактивдүү түзүлүштөрдүн (уялуу, мораль) аракети астында энергиясынан ажырашы мүмкүн.

Либидо жөнүндөгү окуунун көз карашы менен алганда адамдын психикалык өнүгүү процесси бул өзүнүн маңызы боюнча сексуалдык инстинкте айлануу процесси болуп саналат.

З.Фрейд өзүнүн «Я и Оно» (1923-ж.) деген эмгегинде психиканын структуралык концепциясын иштеп чыгат. Анда бардык психикалык динамика өз ара тыгыз байланышта болгон 3 инстанциядан – «Я, Оно, Сверх-Я» («Супер Его и турат).

Аң сезимсиздик «Ал» («Оно»)- З.Фрейд боюнча, - «инстинкттер кайнаган казан».

«Мендин» милдети социалдык реалдуулуктун талаптарына каршы чыкпаган. «Анын» («Оно») импульстарын канаттандыруу. Бул талаптардын сакталышын «Жогору мен» (Сверх-Я) көзөмөлдөйт. Мына ушундай жаңы ачылыштар менен биринчи психоаналитикалык система экинчиси болуп кайра түзүлгөн З.Фрейддин окуусу чыныгы философиялык болбосо да дүйнө караштык потенциалга ээ. Ал адам менен маданияттын өзгөчө ойлонуп аңдоо менен байланышкан. З.Фрейд боюнча адамдагы табигый башталыш, сексуалдык жана агрессивдүү импульстар жана маданият карама каршылыкта турат.

З.Фрейддин оюу боюнча маданият аң сезимсиздиктин каалоосун орундатуудан баш тартууга негизделген жана Либидонун энергиясынын эсеби менен жашайт. «Неудовлетворенность в культуре» (1930) деген эмгегинде мындайча тыянакка келет: «Маданияттын өсүшү адам бактысынын азайышына жана табигый каалоолорду реализациялоонун чектелинишинен күнөлүү деп сезүүнүн күчөшүнө алып келет».

З.Фрейддин окуусунун негизинде XX кылымдын 20-30-жж. неофрейдизм пайда болот жана З.Фрейддин теориясына негизделгени менен психоанализдин кээ бир түшүнүктөрү кайра иштелип чыгат. Анын белгилүү өкүлдөрү катары Альфред Адлер, Эрих Фромм, Г.Маркузе, Карл Густав Юнг, Карен Хорни, В.Райх ж.б. эсептелет.

**4. Марксизм жана неомарксизм**

Марксисттик философиянын пайда болушу коомдун жашоосунун материалдык шарттарынын өнүгүүсү менен шартталат. XIX кылымдын биринчи жарымында капиталисттик өндүрүш жолу биротоло калыптанып бүтөт, капитализмдин антагонисттик карама каршылыгы ачык көрүнө баштайт. Бул антагонизм пролетариат менен буржуазиянын ортосунда болгон. Бул учурда жумушчу табы өзүнүн экономикалык жана социалдык кызыкчылыктары бар тап катары калыптанат. Марксизм Германияда пайда болот жана ал немецтик кыймыл болбостон, бүткүл дүйнөлүк жумушчу табынын кызыкчылыгын көздөгөн окуу катары калыптанат. Анын башында К.Маркс жана Ф.Энгельс турган.

**Карл Маркс (1818-1883-жж.)** Карл Маркс адамзаттын тарыхында көрүнүктүү, гениалдуу, илимге революциячыл көптөгөн жаңылыктарды киргизген адам. К.Маркс биринчи жолу философия илиминде диалектикалык-материалисттик көз караштy бир илимий система катары иштеп чыккан.

Эгерде К.Маркска чейин диалектика менен материализм бири-бири менен байланышсыз, өз алдынча метод жана көз караш болуп келсе, К.Маркс аларды бири-бири менен илимдин негизинде өз ара айкалыштырып, байланыштырып, бүтүндөй бир философиялык илимий методикалык көз караш катары, илимий курал кылып, бүт илимдерди куралдандырды. Ушунун негизинде, К.Маркс биринчи жолу диалектикалык-материалисттик көз караштыны жана методу коомду изилдеп таанып-билүүгө колдонуп (жайылтып), коомдун негизин материалисттик түрдө түшүнүп, аны илимий негизине койду. Ошондуктан, К.Маркстан баштап коом биринчи жолу материалисттик түрдө түшүндүрүлүп, билүүгө мүмкүнчүлүк алды жана коомдук өсүп өнүгүүнүн негизинде объективдүү закондор жаткандыгын илим биринчи жолу системалуу түрдө өз далилин берди.

**Фридрих Энгельс (1820-1895-жж.). А**нын «Үй бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы», «Людвиг Фейербах жана немецтик классикалык философиянын бүтүшү» аттуу эмгектеринде марксизмди толуктап, кеңейтип, тереңдетип, иштеп чыккан. Өзгөчө Ф.Энгельстин – «тарыхты материалисттик негизде түшүнүү, тарыхый процесстин жүрүшүндө жана анын акыркы аныктоочу учуру болуп коомдук өндүрүш эсептелинет» деген оюу марксизмдеги чоң ырастоочулук. Ф.Энгельстин оюу боюнча – бул деген, - коомдук өнүгүүдө коомдун башка тармактары: акыл-эс, ой-пикир, саясат, идеология, илим, искусство, мамлекет ж.б.у.с. коомдо эч кандай мааниге ээ эмес, алардын эч кандай ролу жок дегендикке жатпайт. Алардын да коомдук өнүгүүдө, шартка жараша, өз орду жана ролу бар. Бирок, коомдук өнүгүүнүн эң негизги аныктоочусу болуп коомдук өндүрүш болуп саналат деген. Булардын идеяларын **Ленин (Ульянов) Владимир Ильич (1870-1924-жж.)** уланткан. 1908-жылда жазган «Материализм жана эмпириокритицизм» деген философиялык эмгегинде табигый илимдердин ачылыштарына материалисттик көз караш менен карап, аларга терең анализ берген. Алсак, «материя» деген түшүнүккө лениндин берген аныктамасы – «материя» бул объективдүү реалдуулук, ал чексиз, жоголуп, жок болуп кетпейт, ал эми илимдеги материянын жаңы түрлөрүн ачуу – бул материя жок болуп кетти дегендикке жатпайт, тескерисинче материяны мурдагыга караганда дагы тереңирээк билип, биз билим чегибизди дагы алдыга жылдырдык дегендикти билдирет.

Марсизмдин идеяларынын заманбап улантуучулары неомарксизм деген атка бириккен. Бул ар турдүү социалдык-философиялык агымдарды бириктирет. Солчул партиялардын көз караштары, Батыш Европада социалисттик тартитин орнобой калышы, нацисттик кыймылдын жогорулашы жөнүндөгү маселелерге кайрылат. Белгилүү өкүлдөрү Макс Хоркхаймер, теодор Адорно ж.б. эсептелет

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Позитивизмдин пайда болушунун тарыхый шарттары кандай болгон?.
2. Позитивизм жана анын тарыхый формалары кайсылар?
3. Махизмдин маңызы эмнеде?

4. Вена философиялык ийриминин философиясы эмнени изилдейт?
5.  Иррационалисттик окуунун пайда болуш шарттары кайсылар?
6. Позитивизмдин негизги өкүлдөрү жөнүндө эмне билесиң?
7. Марксисттик философиянын орду кандай?
8. XX кылымдагы диндик философиялык ой жүгүртүүнүн моделдери кайсылар?
9. Неотомизмдин негизги идеяларын белгиле.
10. З.Фрейддин философиялык көз караштарын эмнеден көрөбүз?
11. Фрейдизм жана анын өнүгүүсүн анализде
12. Неопозитивизмдеги аналитикалык философияга анализ жаса.
13. Лигвистикалык позитивизм жана постпозитивизмдин маңызы эмнеде?
14. Экзистенциализм жана анын негизги мазмунун эмнеден көрүүгө болот?

**Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси**

1. Бергсон А. Собрание сочинений. – М.: Московский клуб, 1992.
2. История философии: Запад-Россия-Восток: Учебник для вузов. – М., 2000. – Кн. 1. – 449 с.
3. История философии: Запад-Россия-Восток: Учебник для вузов. – М., 1999. – Кн. 3. – 444 с.
4. Камю А. Бунтующий человек. – М.: Политиздат, 1990.
5. Конт О. Курс позитивной философии. – Т. 1-2. – Спб., 1991.
6.  Кьеркегор С. Страх и трепет. – М.: Республика, 1993.
7. Ленин В.И. Материализм и эмпириокритицизм. / Изб. соч.: В 10 т. – М.: Изд-во полит. литер., 1985.
8. Маркс К. Нищета философии / Избр. соч.: В 9 т. – Т. 7. – М.: Изд-во полит. литер., 1985.
9. Ницше Ф Сочинения: В 2 т. – М.: Мысль, 1990.
10. Поппер К. Открытое общество и его враги. – Т. 1-2. – М.: Феникс, 1992.
11. Рассел Б. История западной философии: В 2 т. – М.: МИФ, 1993.
12. Сартр Ж.-П. Стена. Избранные произведения. – М.: Изд-во полит.литер.,1992
13. Современная западная философия: Словарь. М.: ТОН – Остожье, 1998. – 544 с.
14. Токоева Г.С. Философия тарыхы. Окуу куралы. –Б., 2009. – 324 б.
15. Фрейд З. Психология бессознательного. – М.: Просвеүение, 1989.
16. Фромм Э. Душа человека. (Сборник). / Общ. ред. П.С.Гуревича.– М.: Республика, 1992. – 429 с.
17. Фромм Э. Здоровое общество // Психоанализ и культура: Избр. труды Карен Хорни и Эриха Фромма. – М.: Юрист, 1995. – С. 273-610.
18. Хайдеггер М. Время и бытие: статьи и выступления. – М.: Республика, 1993.
19. Шопенгауэр А.Мир как воля и представление. / Немецкая классическая философия. – Т. 1. – М.: ЗАО Изд-во ЭКСМО-Пресс; Харьков: Изд-во «Фолио», 2000. – 784 с.
20. Хайдеггер М. Основные проблемы феноменологии / Пер. А.Г.Чернякова. – СПб.: Высшая религиозно-философская школа, 2001.

21. Шпенглер О. Закат Европы. - Мн.: Харвест, М.: АСТ, 2000. – 1376 с.
22. Ясперс К. Смысл и назначение истории. – М.: Республика, 1994.
23. Фрейд З. Я и оно: Сочинения. - М.: ЗАО Изд-во ЭКСМО-Пресс; Харьков: Изд-во Фолио, 1999. -848 с.

## Тема 9. Болмуш жөнүндөгү окуу. Болмуштун өзүнөн өзү уюшулушу

1. Онтология философиялык окуу катары. Болмуш категориясы жана анын маңызы
2. Болмуштун негизги формалары

Бул теманын алкагында студенттер «болмуш» категориясы, анын маңызы жана өзгөчөлүгү, негизги формалары жөнүндө билимдерге ээ болушат. Ар бир илимдин тутумунда негизги аныктоочу түшүнүктөр же категориялар бар. Алар тышкы дүйнөнүн өнүгүүсүнүн тенденцияларын жана багыттарын аныктайт. Философияда мындай баштапкы түшүнүктөр катары "болмуш" (бытие) жана "материя" эсептелип, тышкы дүйнө жөнүндөгү терең философиялык билимди өзүнө камтыйт. Бул түшунүктөрдүн аныкталышы жана мазмунунун ачылышы дайыма ар түрдүү доорлордогу ойчулдардын көңүлүнүн борборунда болуп келген. Тактап айтканда, реалдуулук, материя, кыймыл, убакыт, мейкиндик жөнүндөгү ойлор. Философияда пайда болгон табият жөнүндөгү түшүнүктөрдү билүүдө жана дүйнөнүн сүрөтүн тартууда жардам берет.

"Болмуш", "материя" түшүнүктөрү аркылуу айланадагы чындыктын манызы, анын адамдын аң сезиминде, оюнда көрүнүшү аныкталат. Ушуга ылайык адамдын айланадагы чындыкка болгон мамилесинин формалары түзүлөт.

### 1. Болмуш категориясынын философиялык маани-маңызы

Философияда болмуш жөнүндөгү окуу "онтология" деген аталат. Онтология грек тилинен которгондо бар, болум, барлык, болмуш жөнүндөгү окуу дегенди билдирет. Термин XVII кылымда немис философу П.Г.Гоклениус тарабынан киргизилген. Философияда онтологиянын маңызы "адам", "дүйнө", "кыймыл", ж.б.у.с категориялардын жана түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыштарды жана айкалыштарды анализдөөдө аныкталат. Болмуш терминин жөн гана жашоо тиричиликти аныктоо үчүн эмес, ал өзгөчө мазмунга ээ болгон категория экендигин билүү зарыл. Бул болмуштун маани-маңызына ар тараптуу талдоо жасоо аркылуу гана мүмкүн. Болмуш маселеси философиянын "түбөлүк суроолору" деп аталган маселесине таандык, себеби ал адамдын жашоосунун эң маанилүү параметрлерин, ошондой эле, адамдын көз карашын талдайт. Болмуштун негизи жөнүндөгү суроо, анын жашоосунун формалары жана ыкмалары байыркы дүйнөнүн философтору тарабынан каралып келген. Байркы грек философу Пармениддин оюу боюнча болмуш бар, ал өзгөрүлбөс, бир түрдүү, андан башка эч нерсе жок.

Платон болмушту чечмелөөдө карама каршы келген салтты негиздеген. Болмуш – бул идеялардын дүйнөсү, түбөлүк жашоочу, өзгөрүлбөстүк. Чындыкка туура келген болмуш чындыкка дал келбеген болмушка каршы коюлган. Анын астында адамдын сезимдерине жеткиликтүү болгон нерселер жана кубулуштар түшүнүлөт. Ал эми Гераклит стабилдүү, туруктуу болмуш жок, болмуштун маңызы анын түбөлүк орундалышында, болмуш менен болмуш эместин биримдүүлүгүндө турат деген. Гераклиттин космостук оту (дүйнөнүн негизи) көркөм образдуу формада болмуштун түбөлүк орундашуусу катары кабылданган.

Заманбап философиялык ойлордо болмуштун мааниси жөнүндө карама каршы көз караштар да бар. XX кылымдын 20-60-жж. олуттуу таасир алган экзистенциализм окуусу философиянын объектиси катары "экзистенция" деп аталуучу адамдын ички болмушун эсептеген. Ал эми учурдагы диндик окуулардын бири нетомизм жогорку реалдуулук деп "таза болмушту" билет жана аны диний мазмунга ээ деп түшүндүрөт. Неопозитивизмдин өкүлдөрүнүн оюу боюнча философиялык анализ объективдү реалдуулукка жайылтылбай, түздөн түз тажрыйба менен чектелгендиктен ой жүгүртүүнүн болмушка болгон мамилесин псевдопроблемдүү деп атаган.

Азыркы учурдагы материалисттик философия болмушту жалпы барлыкты – материалдык да, идеалдык да феномендерди өзүнө алуучу категория катары түшүнөт. Болмуш окшоштурулбайт жана материалдык түзүлүштөргө деп кабылданбайт. Ал адамдын акыл оюунун дүйнөсүн, мааниси боюнча идеалдуу болуп саналган бардык руханий кубулуштарды өзүнө камтыйт. Ошону менен бирге болмуш кандайдыр бир аморфтуу нерсе эмес, ал дайыма өзүнүн анын түзүмүнө ээ. Ушуга байланыштуу анын өз алдынча формаларын белгилөөгө болот.

1.**Табияттын болмушу** – деталдаштырылган жана өз кезегинде кол тийбеген табияттын болмушу (б.а. адамдын жана анын ишмердүүлүгүнөн көз карандысыз жашооочу нерселердин жана процесстердин болмушу) жана адамдын колу менен жаратылган болмуш (же болбосо адамдар тарабынан жасалган нерселердин жана процесстердин болмушу) болуп бөлүнөт. Табият мейкиндикте жана убакытта чексиз жана түбөлүк. Экинчи – адамга ылайыкташтырылган табият биринчиден көз каранды. Бир жагынан, экинчи табиятка биринчинин материалы жандандырылган. Башкача айтканда, объективдүү башкы реалдуулук катары болгон экинчи табиятка адамдын билимдери, эмгеги жана эрки жандандырылган. Экинчи табият – бул эмгектенүүнүн куралдары жана шарттары, байланыш каражаттар, адамдын муктаждыктары – цивилизацияланган болмуш, материалдык жана акыл ой маданияты.

2. **Адамдын болмушу**. Мында адамдын денеси табияттын бир бөлүгү катары жана анын мыйзамдарынын аракетине баш ийген буюмдардын бири же телолордун катардагы саны болуп саналат. Ал башка телолордой эле пайда болуу, орундашуу жана жок болуу абалдарын басып өтөт. Адам телосу табияттын бардык телолору сыяктуу энергия жана заттын сакталуу

мыйзамынын аракетине кабылат, телосунун өмүр сүрүүсү үчүн аны күндөлүк кайра калыбына келтирүү керек (тамактануу, сууктан, кырсыктан, коркунучтардан коргоо). Материалисттик көз карашка ылайык материя алгачкы, ал эми рух, аң сезим андан кийинки деп эсептейт Ой жүгүртүү үчүн адам телосуна өмүрдү камсыздап берүү керек. Мындан өмүрдү коргоонун, адамдын өзүн сактоосунун жана тирүүлүктө калуусунун керектүүлүгү келип чыгат. Бул азык, кийим-кече, турак-жай, таза айлана чөйрөгө болгон муктаждыгын билдирет.

3.**Руханий болмуш** индивидуалдаштырылган руханий жана объективдүү (тышкы индивидуалдык) руханийлик катары жашайт. Индивидуалдаштырылган руханий болмуш – бул адамдын ички жан дүйнөсү; өзүнө аң сезимдүү жана аң сезимсиздикти да камтыйт. Мындай мамиледе рух – бул индивидуалдык аң сезимге окшоштурулган түшүнүк. Ал эми тар мааниде – бул ой жүгүртүү. Аң сезим – дүйнөнүн болмушун максаттуу чагылдыруу, аны образдарга жана түшүнүктөргө айландыруу. Ал таасирлердин, туюп сезүүлөрдүн, кайгыруу же кубануулардын, ой жүгүртүүлөрдүн көрүнбөгөн процесси. Ошондой эле идеялардын, көз караштардын, баалуулуктардын, көрсөтмөлөрдүн жана стереотиптердин процесси. Акыл эс, аң сезим кайталанбас, тез жүрүүчү жана түрдүү мүнөзгө ээ. Формасы боюнча бул процесс ар түрдүү, бирок анын белгилүү тартиби, туруктуулугу, структурасы, жүрүм турумунун жана эркиндигинин тигил же бул даражасы бар. Адамдын аң сезими – анын өздүк аң сезими да болуп саналат. Б.а. өзүнүн телосун, ойлорун, сезимдерин, башка адамдарга болгон мамилесин жана коомдогу ордун түшүнүп билүүсү, өзүн таанып билүүсү. Өздүк аң сезим – бул биздин акыл-эсибиздин реалдуулугу.

Индивидуалдык аң сезимдин өзгөчөлүгү – бул жеке адамга гана таандык болгондугу, бирок анын кээ бир бөлүктөрү тышкы индивидуалдык руханий формага айланат. Адамдын иш аракеттеринде анын аң сезиминин фрагменттери объективдештирилет. Аны менен адамдын ойлому, мотивдери, максаттары, идеалдары предметтешет. Тышкы индивидуалдык руханий болмуштун өзгөчөлүгү – анын элементтеринин сакталышы, өсүп өнүгүүсү жана социалдык мейкиндик жана убакытта реалдуулук катары көрүнүүсү.

4.**Социалдык болмуш**. Коомдогу жеке бир адамдын болмушу жана коомдун өзүнүн болмушу болуп бөлүнөт. Ар бир адам башка адамдар менен тынымсыз байланышка кирет, ар түрдүү социалдык топтор: үй бүлө, коом (коллектив), улуттук жалпылык ж.б. менен мамиледе болот жана тыгыз байланышта жашайт. Адамдардын ишмердүүлүгү коомдук мамилелердин социумуна таандык рамкаларда жүрөт: саясат, укуктук, экономикалык, моралдык ж.б.

Болмуш категориясы – бул жалпы философиялык абстракция, табияттагы түрдүү кубулуштарды жана процесстерди, коомду жана адамдарды, социалдык институттарды, адам аң сезиминин абалын, деңгээлдерин, формаларын бириктирет. Бул кубулуштар жана процесстер болмуштун ар кандай чөйрөлөрүнө кирсе да, алардын баары жалпы негиз менен бириккен.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор**

1. Болмуш жөнүндөгү окуулардын пайда болгон мезгили кайсы учур?
2. Болмуштун уюшулушу жөнүндө эмне айта аласыңар?
3. Онтология эмне жөнүндөгү окуу?
4. «Болмуш» категориясы, анын маңызы жана өзгөчөлүгү жөнүндө эмне билесиңер?
5. Болмуштун негизги формалары кайсылар?

**Бул тема боюнча төмөндөгүдөй адабияттар сунушталат:**


1. Алексеев П.В., Панин А.В. Философия: Учебник.- М.: Проспект, 2020. – 592 с..
2. Боженов А.Э. Основы философии. Учебное пособие. – М.: Аспект Пресс, 2019. – 608 с.
3. Введение в философию: Учебное пособие/под ред. И.Т. Фролова и др. - М.:Республика, 2005.
4. Демина Л.А., Малюкова О.В., Бучило Н.Ф. Философия: Учебник. - М.: Проспект, 2020. – 360 с.
5. Спиркин А.Г. Философия. Учебник. – 2-е изд. – М.: Гардарики, 2006. – 736 с.
6. Якушев А. В. Философия : Конспект лекций : Учеб. пособие / Якушев А. В. - М. : А-Приор, 2009. - 241 с. - URL: http://www.biblioclub.ru/book/56282/


## Тема 10. Материя философиянын баштапкы категориясы катары

1. Материя философиянын категориясы катары.
2. Материянын атрибуттары (түзүмгө ээ болуу, системдүүлүк, өз ара таасир этүү, кыймыл, өзүнөн өзү уюшулушу, мейкиндик, убакыт, узактык, чагылдыруу).
3. Материянын кыймылынын негизги формалары

Бул темада материя фундаменталдуу философиялык түшүнүк экендиги, анын атрибуттары, материянын жашоосунун формалары жөнүндө билимдер берилет. Жалпы реалдуулуктун негизи жөнүндө суроону чечүүгө болгон аракеттер "субстанция" түшүнүгүнүн пайда болушуна алып келди. Субстанция деп бардык нерселердин кандайдыр бир жалпы баштапкы негизин түшүнүшкөн. Эгерде ар түрдүү предметтер жана кубулуштар пайда болуп жана кайра жок болсо, анда субстанция жаралбас жана жок болбос, ал өзүнүн болмушунун формасын өзгөртөт. Бир абалдан экинчи абалга өтөт. Ал – өзүнүн себепкери жана бардык өзгөрүүлөрдүн негизи, реалдуулуктун эң көп фундаменталдуу жана туруктуу катмары.

Философтор субстанциялардын саны жөнүндөгү суроону да чечүүгө аракеттенишкен. Натыйжада, дуализм, монизм жана плюрализм деген окуулар пайда болгон. Дуализм дүйнөнүн маңызын түшүндүрүүдө эки баштапкы негиздердин бардыгынан келип чыгат – рух жана материя, идеалдык жана

материалдык. Дүйнөнү бир субстанция аркылуу түшүндүрүүчү окуулар монисттик деп аталат. Монизмдин системасында дүйнөнүн идеалисттик же материалисттик сүрөтүн түзүү мүмкүн. Эмне баштапкы (алгачкы) деген суроого рух же материя дегенди айтышат. Ал эми плюралисттик көз карашка ылайык дүйнөнүн негизин көптөгөн реалдуулук түзөөрүн билдиришет.

Материя деген эмне? "Материя" сөзүнүн этимологиясы латындын "material" деген сөзүнөн келип чыгат жана зат, нерсе, дегенди түшүндүрөт. "Материя" түшүнүгүнүн мазмуну философиянын тарыхында бир нече жолу өзгөргөн. Философиянын жана табият таануунун өнүгүүсүнө ылайык эволюцияланат.

Биринчи этап антикалык философиянын доорун камтыйт. Антикалык көз караштардын негизинде бардык телолор жана предметтер түзүлүүчү баштапкы материя жөнүндөгү түшүнүк жатат. Мисалы, өсүмдүктөргө, жаныбарларга жана адамдарга суунун керектүүлүгүн белгилеп, байыркы грек философу Фалес барык нерселердин негизи катары сууну айткан. Гераклит – отту, Анаксмен абаны негиз катары кабылдаган. Кийинчерээк Демокрит бардык нерселер эң жөнөкөй бөлүнбөс бөлүкчөлөрдөн турат деген идеясын алдыга чыгарган.

Ошентип, антикалык философтордун көз карашы боюнча материя – нерселердин курамын түзүүчүлөр. Бул байыркы даанышмандардын божомолу эле, алардын материализми жөнөкөй мүнөздө болгон, себеби, ой корутундулары чындыкка сырттан байкоо жүргүзүү мамилесинин жана табиятты эксперименталдык изилдөөнүн жоктугунун натыйжасы болгон.

Материя жөнүндө түшүнүктөрдүн өнүгүүсүнүн экинчи этабы жаңы доорго таандык. Ал убакта материя түшүнүгү анык, өзгөрүлбөс касиеттердин суммасы катары "зат" деген физикалык түшүнүк менен окшоштурулган. Мисалы, англиялык материалисттер Ф.Бэкон, Т.Гоббс материяга созулгандык, өткөрбөстүк, салмак, форма ж.б.у.с таандык деп айтышат. Кээде материя түшүнүгү кандайдыр бир алгачкы касиет менен окшоштурулган. Мисалы, созулгандык же масса менен. Мындай талдоо XIX кылымдын аягына чейин дүйнөнүн илимий сүрөтүнө каршы келбеген.

Метафизикалык дүйнөкараш XIX – XX кылымдардагы улуу ачылыштарга тоскоол болгон. Радиоактивдүүлүктүн ачылышы атомдун өткөрбөстүгү жөнүндө окууну четке каккан. Электрондун ачылышы анын бөлүнбөстүгү жөнүндөгү тезисти алып таштаган, рентгендик нурдануунун ачылышы менен заттын талаага айлануусунун мүмкүнчүлүгү далилденген. Телолордун массасы ылдамдыкка көз каранды өзгөрүүсү белгиленген.

Материя жөнүндөгү түшүнүктөрдүн өнүгүүсүнүн үчүнчү этабы XX кылымдагы философияга таандык. Мында материяны түшүнүүдө биринчи орунга табигый илимий эмес, философиялык аспект коюлган. Бул буюмдардын жана кубулуштардын жалпы түрдүүлүгүнүн ички биримдигинин негизинде туруучу субстанция катары кароочу көз караш болуп саналат. Материяны объективдүү реалдуулук катары карай башташкан.

"Материянын" азыркы учурдагы түшүнүгүнүн конкреттүү мазмуну бар жана "болмуш" категориясына салыштырмалуу, объекттердин чөйрөсү анчалык

кенен болбогон реалдуулукту билдирет. Анын жалпы кабыл алынган аныктамасы болуп төмөнкүдөй мазмуну эсептелет:

Материя – объективдүү реалдуулукту белгилөөчү философиялык категория, адамга анын туюп сезүүлөрүндө берилет, аны таанып билүүгө болот жана таанып билүүгө аракеттенет. Бирок материя адамдын өзүнө көз карандысыз жашайт. Демек:

1. Материя таза көрүнүштө сан жеткис көп түрдүү; объекттердин жана касиеттердин түгөнгүс көп түрдүүлүгүнө ээ болгон табияттын системаларын өзүнө алат;
2. “Болмуш” категориясында объективдүү реалдуулуктун көпчүлүк түзүлүштөрү жалпы бир касиетке алып келинген – адамдын туюп сезүүлөрүнөн көз каранды жашоо жана адамдын аң сезиминде чагылуу;
3. Материянын философиялык чечмелөөсү мурда илим тарабынан таанылган объектерди гана эмес, келечекте ачылышы мүмкүн болгондорду да түшүндүрөт. Потенциалдуу объекттер принципиалдуу жаңы касиеттерге ээ болушу мүмкүн болсо дагы алар баары бир материалдуу болуп калышат, себеби ал адамдын сезимдеринен тышкары реалдуу жашайт.
4. Бардык материалдык процесстер жана кубулуштар адам тарбынан таанылат же туюмдар менен кабыл алуунун негизинде анын аң сезиминде чагылдырылат. Муну менен сөз түздөн түз сезүү аркылуу кабыл алууга мүмкүн болгон нерселер жана кубулуштар жөнүндө гана эмес, ошондой эле аны кабылдоо үчүн колдонулган адамдын сезүү органдарынын мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүүчү заманбап аспаптар жана куралдар жөнүндө болот.

Материя объективдүү реалдуулук катары анын ар кандай түрлөрүнө жана абалдарына таандык көп касиеттерге ээ. Мындай касиеттерге төмөнкүлөр кирет: активдүүлүк, кыймыл (өздүк кыймыл), жашоонун мейкиндик убакыттык формасы, объективдүүлүк, структуралуулук, абсолюттуулук.

Материянын белгилүү уюшулушу катары анын структуралуулугу; дайыма жана ар кандай жерде белгилүү жол менен материалдык системаларга уюштурулгандыгында турат. Б.а. ушундай бирдиктүү түзүлүштөр, алардын элементтеринин ортосундагы байланыш аздыр-көптүр туруктуу жана узакка созулган болуп саналат. Айлана-чөйрөнүн башка элементтеринин ортосундагы байланышка караганда материалдык системалардын төмөнкүдөй негизги типтери жана аларга ылайык келген материянын структуралык деңгээлдүү уюштурууларын белгилешет:

- Жансыз жаратылыш
- Жандуу жаратылыш
- Социум

Бул деңгээлдердин ар бири өз кезегинде уюштуруунун деңгээлдеринин өз катары менен мүнөздөлөт. Жансыз материянын системасы төмөндөгүдөй деңгээлдерден турат:

а) микромир (микроэлементтик деңгээл) – талаалардын жана элементтердин, бөлүкчөлөрдүн өз ара аракеттенүүсү мүнөздүү. Бул өтө кичине объекттердин дүйнөсү. Жашоо мезгили секундданын миллиарддык бөлүктөрү

менен ченелет, ал эми кыймылынын ылдамдыгы жарыктын ылдамдыгына жакындашат;

б) макродүйнө. Буга атомдор, молекулалар, макротелолор, планеталар жана жылдыздар, планетардык системалар кирет. Макродүйнөдөн жогору түгөнгүс алыстыкка кеткен мегадүйнө мейкиндиги жашайт. Табияттын бул областынын изилдөөсүнүн негизги объектилери – жылдыздар аралык мейкиндик галактика жана метагалактика.

Жандуу материянын системасы азырынча жерде гана таанылган. Анын пайда болушу – материянын табигый жана мыйзам ченемдүү өсүп өнүгүүсүнүн натыйжасы. Жандуу материянын деңгээлине өзүн өзү жөнгө салуу жана көбөйүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон бардык жандыктар кирет. Жандуу материяга клеткага чейинки деңгээлди (ДНК кислоталары, РНК жана белоктор), клеткалуу жана көп клеткалуу организмдер – өсүмдүктөр, жаныбарларды белгилөөгө болот.

Биосферанын өнүгүүсүнүн анык бир этабында материалдык системанын бөлөк түрү – социалдык уюштурулган материя же коом пайда болду. Бул ой жүгүртүүлөрдүн жана индивидуумдардын чындыгын баамдап айландыруу жыйындысы. Кезегинде коом өз ара кайчылашкан системалардын көп типтерин түзөт: адам, социалдык түзүлүштөр, материалдык маданият – адам тарабынан жаралган эмгек куралдары, техникалык жабдуулар ж.б.

Материянын структуралуулугун кароодо, анын абалын үзгүлтүктүүлүк жана үзгүлтүксүздүк көз карашынан мүнөздөөгө мүмкүндүгүн белгилөө керек. Материя көпчүлүк айрым структуралык системалардын түрүндө жашагандыктан үзгүлтүктүү болуп эсептелет. Ошону менен бирге материалдык, структуралык системалардын ортосундагы мейкиндик абсолюттук боштук болбогондуктан, өзүнө материалдык талааларды: гравитациялык, электромагниттик, ядролук ж.б. камтыгандыктан үзгүлтүксүз да болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу материянын эки түрүн ажыратышат: **зат жана талаа**. Бул сапаты жагынан окшош эмес, материянын түрлөрү бири биринен, баарынан мурда тынч абалдагы салмагы менен айырмаланышат. Заттын бөлүкчөлөрү тынчтык массасына ээ, ал эми электромагниттик жана гравитациялык талаалар андайга ээ эмес. Зат жана талаа кыймыл мыйзам-ченемдүүлүктөрү менен айырмаланышат.

Материянын ар түрдүү касиеттерин жана түрлөрүн өзгөчөлүктөрүн, анын формаларын жана түрлөрүн изилдөө дүйнөдө материядан башка эч нерсе жок деп айтууга мүмкүндүк берет. Эгерде бул чын болсо, анда дүйнөнүн материалдык биримдиги жөнүндө корутунду чыгарууга болот. Дүйнөнүн биримдиги жөнүндө суроо ар дайым өзүнө көңүл бурган. Эгерде материалдык процесстер менен жанаша руханий процесстер бар экендигин эсепке алса, анда ал өзгөчө курчтукту алат. Ушуга байланыштуу алардын биримдиги эмнеде деген суроо жаралат. Буга дуйнөнүн биримдиги анын материалдуулугунда турат деп жооп беришет. Мындай жыйынтык материяын жалпы универсалдуу касиеттери жана анын кыймылынын мыйзамдары жөнүндөгү билимдерге негизделген.

Материянын проблемасына анын конкреттүү типтери жана түрлөрүнө, дүйнөнүн, материалдык биримдигине карата азыркы замандагы көз караштар мына ушундай. Бирок илимий дүйнө түшүнүү үчүн материянын кыймыл, мейкиндик жана убакыт сыяктуу атрибуттук касиеттери жөнүндө суроону туура чечүү чоң мааниге ээ.

**Материянын жашоосунун формалары**

Материя жөнүндөгү окуунун ажырагыс бөлүгү кыймыл жөнүндөгү түшүнүк болуп саналат. Ар кандай илимдин маселеси – кыймылдын конкреттүү формаларынын мыйзам-ченемдүүлүктөрүн аныктоо. Бирок кыймылды философия да таанып үйрөтөт. Ушуга байланыштуу кыймыл проблемасын талдоодо философиянын маселеси кандай деген суроо пайда болот.

1) Башка илимдердин жетишкендиктеринин баарын жалпылап, философия кыймыл табиятын аныктоого умтулат. Кыймыл табияты жөнүндөгү суроо ар кайсы мезгилдердин ойчулдарын дайыма кызыктырган. Мисалы, Гераклиттин белгилүү сөзү: “Баары өтөт, Баары өзгөрөт” дүйнөдөгү бардык нерсени үзгүлтүксүз кыймылда, өзгөрүүдө болуусун көрсөтүү аракети болгон. Бирок философиянын тарыхында философтор кыймылды таанымга албаган учурлар да болгон. Мисалы, Парменид, Зенон ж.б. Зенондун окуучуларынын бири, устатынын сөзүн төгүнгө чыгарууну каалап, анын алдында ары-бери басып баштаган: “Карасаңыз устат, мен кыймылдап жатам: кыймылдоо мүмкүн” – деп айткан. Мындай төгүнгө чыгаруу Зенонду ишендирүүгө мүмкүн болбогон. Анын оюу боюнча биз кыймылды сезүү аркылуу кабыл алабыз, сезимдер ар дайым адашууга алып келет.

Механика илиминин өнүгүү мезгилинде философтордун басымдуу көпчүлүгү кыймыл – бул мейкиндиктеги жөнөкөй орун алмашуусу деген ойго кошулушкан. XVIII к. акыры XIX кылымдын башында табият таануунун өнүгүүсү кыймыл жөнүндө жаңы түшүнүктөрдү түзүүгө, анын татаал мүнөзүн ачууга, кыймыл түшүнүгүн аныктоого мүмкүндүк берген. Кыймылдын мазмунун түшүнүүдө энергиянын сакталуу жана айлануу мыйзамынын ачылышы, эволюциялык теориянын жаралышы, ошондой эле, организмдин клеткалык түзүлүш теориясы өзгөчө мааниге ээ болгон.

Табият таануунун маалыматтарын философиялык талдоодо төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылган:

Кыймыл – бул кубулуштун же буюмдун кандай болбосун өзгөрүүсү, ал ааламда болуп жаткан бардык процесстерди, телолордун жөнөкөй орун алмашуусунан баштап ой жүгүртүү менен өткөндү камтыйт.

2) Философия кыймылдын булагын ачуу маселесин коет. Бул эң байыркы проблема, ага жооп дайыма чындыктан алыс болгон. Мисалы, метафизиктер механикалык өз ара аракеттенүүсүнөн көрүшкөн.

Азыркы замандагы материализм боюнча кыймылдын бардык конкреттүү формаларынын булагы – бардык объекттерге таандык ички карама каршылыктар. Ошондой эле, алардын ортосундагы тышкы өз ара аракеттенүү болуп эсептелет. Демек, материянын кыймылы табигыйдан тышкары менен шартталган эмес. Ал ички карама каршылыктардын күрөшүнүн натыйжасы

катарында келип чыккан табияттагы жана коомдогу кыймыл болуп саналат. Мында кыймыл туруктуулук жана өзгөрүлмөлүүлүк, жөнөкөй жана татаал, эски жана жаңы, прогрессивдүү жана регрессивдүүнүн ортосундагы карама каршылыктардын натыйжасы. Ошентип, механикалык кыймылга мейкиндикте жана убакыттагы телонун өзгөрүүчү абалы, башка абалдардын байланышынын ортосундагы карама каршылык таандык. Жандуу оганизмдердин өсүп өнүгүүсүндө туруктуулук алардын тукум куучулук белгилерин сактап калуусунда табылат, ал эми өзгөрүүчүлүк – организмдин чөйрөнүн жаңы шарттарына ыңгайлануусу катары болот.

Өздүк кыймыл материянын түзүлүшүнүн бардык деңгээлдерине таандык – механикалык, физикалык, химиялык, биологиялык жана социалдык. Мында өзүн өзү өнүктүрүү жана өздүк кыймыл жүрөт.

3) Философия материя менен кыймылдын, кыймыл менен тынч абалдын өз ара байланышын ачып көрсөтөт. Философиялык материализм материя менен кыймыл ажырагыс деп билдирет. Биз кандайдыр бир кыймылда турбаган, абсолюттук тынч абалында болгон материалдык системаны эч байкаган эмеспиз. Мындай кыймылсыз система айланадагы заттар жана кубулуштар менен өз ара аракеттенмек эмес, өзүнүн эч кандай касиеттерин айкындай алмак эмес. Ошондуктан, толук негиздүү жыйынтык: кыймыл – материянын ажырагыс, атрибутивдик мүнөздөмөсү, анын жалпы жана керектүү касиети деген аныктама саналат. Материя кыймылда жашайт, ошондуктан, кыймыл материянын жашоосунун ыкмасы; ал материя сыяктуу б пайда болбойт, жана жоголбойт, бир формадан башкага айланат. Рене Декарт “кыймыл жок нерседен пайда болбойт, жана эч нерсеге айланбагандыктан анын дүйнөдөгү саны туруктуу” деген оюн айткан. Ф.Энгельс болсо бул идеяны өнүктургөн: кыймыл өзүнүн санында гана туруктуу эмес., ошондой эле өзүнүн сапатында да туруктуу болот. Кийинчерээк, табият таануу айтылган идеяларды илимий маалыматтар менен ырастаган, мисалы, энергиянын сакталуу жана айлануу мыйзамын ачуу менен.

Муну менен философиялык материализм тынчтыкты четке какпайт. Ал тынч абалды таанып билет, бирок аны салыштырмалуу деп эсептейт. Тынч абал тигил же бул материалдык объекттерге салыштырмалуу орунга ээ, бардык материяга таандык эмес.

4) Философия материянын кыймылынын ар түрдүү формаларынын диалектикалык биримдигин жана өз көрүнүштөрүнүн проблемасын карайт

Кыймыл жалпысынан –абстракция, ал чындыкта реалдуу жашабайт; реалдуу жашоого кыймылдын конкреттүү формалары ээ, алар анык бири бирине багынууда болушат, ошондуктан, аларды классификациялоого болот. Кыймылды классификациялоонун негизине материянын сапаттуу башка түрлөрүнө кыймылдын өзүнүн өзгөчө формалары ылайык келүүсү жөнүндөгү тезис коюлган. Бул тезиске карай, материянын кыймылынын төмөндөгүдөй формаларын белгилешет:

- Механикалык – бул ар түрдүү телолордун мейкиндикте алмашуусу, эң майда бөлүкчөлөрдүн жана чоң телолордун кыймылы;

- Физикалык – электромагнетизм, гравитация, жылуулук, жарыктык, заттардын агрегаттык абалынын өзгөрүүсү;
- Химиялык – ар түрдүү химиялык реакцияларды, органикалык жана органикалык эмес табияттагы химиялык синтез процесстерин өзүнө алат;
- Биологиялык - бул жандуу организмдердеги ар түрдүү биологиялык процесстер;
- Социалдык – коомдук өзгөрүүлөр, ошондой эле, ой жүгүртүү процессин да камтыйт.

Кыймылдын ар бир түрү салыштырмалуу өз алдынча болсо да, алар баары бири бири менен байланышкан. Кыймылдын татаалыраак формасы мурункулардын негизинде пайда болот, жөнөкөйлөрү алардын синтези болуп саналат, бирок аларга жөнөкөй сумма катары алып келинбейт. Мисалы, кыймылдын биологиялык формасы анын жөнөкөйүрөөк, физикалык-химиялык формаларынын негизинде пайда болот, өзүнүн шарты катары ичине камтыйт жана мурункуларга салыштырмалуу кыймылдын сапаттуу жаңы формасы болуп саналат. Ушул сыяктуу кыймылдын социалдык формасы – адам коомунун пайда болуусу жана өнүгүүсү – биологиялык жана кыймылдын бардык мурунку формаларын өзүнүн шарты катары алат, бирок алардын суммасына алып келинбей кыймылдын сапаттуу жаңы формасы болуп саналат.

Кыймылдын формаларынын ортосундагы өз ара мамилелерди туура түшүнүү материянын кыймылынын ар түрдүү формаларынын өз ара аракеттенүүсү менен мүнөздөлүүчү татаал объекттер жана процесстерди илимий таанып билүүдө чоң мааниге ээ.

Материя жөнүндөгү окуунун дагы бир ажырагыс болүгү – мейкиндик жана убакыт жөнүндөгү окуу болуп саналат. Ар бир материалдык тело көлөмдүк мүнөздөмөлөргө ээ: узундугу, туурасы, бийиктиги; ал айланасындагы башка телолор менен жанаша жашайт, аныкталган бир глобалдык системада өзүнүн ордун ээлейт. Бул нерсенини өзүнүн жайгашкан жери жана башка нерселер менен жанаша жашоосу “мейкиндик” түшүнүгүндө чагылдырылат. Ошентип, **мейкиндик** – бул материянын болмушунуун формасы, анын структуралуулугун, бардык материалдык системалардагы элементтердин өз ара аракеттенүүсүн жана жанаша жашап туруусун мүнөздөөчү формасы.

Бирок реалдуулукта ар бир материалдык түзүлүш процесс болуп саналат. Анын ичинде анык бир өзгөрүүлөр жүрөт. Андан тышкары бир кубулуш кийинкиге алмашууга келет. Материянын ушул аспектин мүнөздөө үчүн философияда убакыт түшүнүгү колдонулат.

**Убакыт** – бул материянын болмушунуну формасы, жашоосунун узактыгы, бардык материалдык системалардын өнүгүүсүндө абалдардын өзгөрүүсүнүн кезектүүлгүн мүнөздөөчү. Убакыт болмуштун процессуалдуулугун көрсөтөт.

Убакыт жана мейкиндик жалпы да, айырмалоочу да касиеттерге ээ. Жалпы касиеттери: объективадүүлүк (адамдын аң сезиминен көз карандысыз), жалпылык (убакыт жана мейкиндиктен тышкары жашаган жана жашоочу эч бир кубулуш болбойт жана болушу мүмкүн эмес); түбөлүктүүлүк, чексиз

түгөнбөстүк жана салыштырмалуулук (ылдамдыктан көз каранды). Ошондой эле убакыт жана мейкиндик айырмалоочу касиеттерге ээ. Мисалы, мейкиндик үч өлчөмдүүлүк менен мүнөздөлөт. Убакыт бир өлчөмдүү; мейкиндик кайтарымдуу, убакыт болсо өзүн кайтарымсыз деп көрсөтөт; мейкиндик бардык багыттарда бирдей мазмундуу, ал эми убакыт бир багыттуу, башкача айтканда, азыркы учур аркылуу өткөн мезгилден келечекке багытталган.

Убакыт жана мейкиндик бири биринен жана материядан бөлүнбөс. Бул азыркы замандагы физикадагы салыштырмалуулук теориясынын мисалында жакшы түшүндүрүлгөн. Материалдык объектилердин мейкиндик-убакыттык мүнөздөлүшү көлөмгө ээ: алардын үчү – мейкиндиктик, бири – убакыттык. Убакыт жана мейкиндик материянын жашоосунун объективдүү формасы катары жаратылган же жок кылынган болушу мүмкүн эмес.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор**

1. Материя философиянын башкы категориясы катары болгонун эмнеден көрөбүз
2. Материя дегенди кантип түшүнөсүңөр?
3. Материянын атрибуттары кайсылар?
4. Материянын жашоосунун формалары кайсылар?
5. Кыймыл деген эмне?
6. Кыймылдын кандай формалары бар7
7. Убакыт деген эмне?
8. Мейкиндик деген эмне?
9. Убакыт менен мейкиндиктин карым катнашы кандай?

**Бул тема боюнча төмөндөгүдөй адабияттар сунушталат:**


1. Бокошов Ж.Б. Философия. Окума. – Жалал-Абад, 2001.
2. Введение в философию: Учебное пособие/под ред. И.Т. Фролова и др. - М .: Республика, 2005.
3. Канке В.А. Философия. Курс для бакалавров: Учебник. - М.: Логос, 2005.
4. Чуешов В. И. Философия : Курс лекций / Чуешов В. И. Таркан И. И. - Минск : ТетраСистемс, 2012. - 272 с. - URL: http://www.biblioclub.ru/111909_Filosofiya_Kurs_lektsii.html


## Тема 11. Диалектика жана анын альтернативалары

1. Диалектика жана анын тарыхый типтери. Диалектиканын альтернативалары (Метафизика, Эклектика, Софистка, Догматизм, Релятивизм)
2. Диалектиканын кош категориялары Диалектикадагы детерминизм жана индетерминизм.
3. Диалектиканын негизги мыйзамдары. Динамикалык жана статистикалык мыйзам ченемдүүлүктөр.

## 1. Диалектика жана анын тарыхый типтери

Диалектика байыркы грек сөзү "диалетике" – сүйлөшө, аңгемелеше билүү өнөрү, искусствосу деген сөздөн башталат. Бизге тааныш "диалог" деген сөзгө жакын. Байыркы грек философиясында диалектика аңгемелешүү маалында суроо-жооп аркылуу тигил же бул түшүнүктүн (алсак: "жакшылык деген эмне?", "адамгерчилик деген эмне?", "сулуулук деген эмне?" ж.б.у.с.) маанисин ачуу, тактоо өнөрү катарында (Сократ), идеялар дүйнөсүн талдап-түшүнүүнүн илими, жолу катарында (Платон) колдонулган.

Элеялык Зенон "апория" (мазмуну чечилгис карама-каршылыкты камтыган түшүнүк, ой) жолу менен кубулуш, нерселердин кыймылына тиешелүү татаал маселелерди койгон. Аны Аристотель диалектиканы түзгөн ойчул катары баалаган. Софисттер диалектиканы каалаган, ар кандай ой-пикирди далилдөөнүн жолу, методу катарында колдонушкан. Философиянын өнүгүшү менен диалектика ойлоо, ой жүгүртүү, далилдөөнүн өзгөчө түрү катары калыптанган.

Философия тарыхында диалектиканын төмөндөгүдөй тарыхый формалары айырмаланат:

1. Стихиялуу, жөнөкөй диалектика
2. Идеалисттик диалектика
3. Орусиядагы реолюциячыл демократтардын диалектикасы
4. Материалисттик диалектика

Стихиялуу, жөнөкөй диалектиканын белгилүү өкүлү катары Гераклит эсептелет. Ага таандык тезис: "Баары агат, баары өзгөрөт". "Бардык нерсенин атасы – күрөш" деп эсептеген

Идеалисттик диалектика – XVIII жана XIX кылымдын биринчи жарымында пайда болгон (И.Кант, Г.Фихте, Ф.Шеллинг, Г.Гегель).

Орусиядагы реолюциячыл демократтардын диалектикасы XIX кылымга таандык Өкүлдөрү: А.И.Герцен, В.Г. Белинский, Н.Г.Чернышевский, Н.А. Добролюбов ж.б.

Материалисттик диалектика - XIX- XX кылымдагы К.Маркс, Ф.Энгельс жана В.И.Лениндин окуулары менен байланыштуу өнүккөн.

Диалектика – болмуштун жана өнүгүүнүн универсалдуу байланыштары жөнүндөгү окуу; таанып билүүнүн жана ишмердиктин теориялык жана методологиялык негизи; табияттын, коомдун, аң сезимдин өнүгүүсүнүн жалпы мыйзамдары жөнүндөгү илим.

## 2. Диалектиканын альтернативалары:

**Метафизика** диалектиканын негизи альтернативасы. Ал төмөндөгүлөр менен түшүндүрүлөт:

- диалектика сыяктуу өнүккөн, баарын камтыган теория;
- көптөгөн маселелерди диалектикага каршы көз караншта карайт;

Диалектикадан төмөндөгүлөрү аркылуу айырмаланат:

- **эски менен жаңынын байлышында** – эгерде диалектика байланышта караса, метафизика толугу менен эскини четка кагат;

- **кыймылдын себеби жөнүндөгү маселеде** – метафизика боюнча кыймыл материядан келип чыкпайт, кыймылдын себеби болуп сырткы алгачкы түрткү эсептелет;
- **сан менен сапаттын карым-катнашы жөнүндөгү маселеде** – метафизикада сан менен сапаттын өз ара байланышы таанылбайт, сан санга байланыштуу гана, сапат сапатка байланыштуу гана өзгөрөт;
- **кыймылдын, өнүгүүнүн багыты боюнча** – диалектика өнүгүүнү жогору карай багытталган спираль түрүндө караса, метафизика өнүгүүнү түз сызык түрүндө же айлана түрүндө, кээде өнүгүүнүн багытын таанproblemы байт;
- **ой жүгүртүү системасында** – метафизика ой жүгүртүүдө ийкемдүү боло албайт, ал бир жактуу гана каралат;
- **курчап турган чөйрөгө карата** – диалектика дүйнөнү ар түрдүү, “түстүү” караса, метафизика “ак-кара” принцибинде карайт;
- **жалпы дүйнөгө карата** – диалектика дүйнөнү бүтүн, карым-катнашта караса, метафизика буюм-нерселер башка-башка, бөлөк турат деп эсептейт.

Ошентип, метафизика жана диалектика чындыкты, өнүгүүнү таанып билүүнүн эки карама каршы теориялык системасы. Алардын айырмачыгы эски менен жаңынын байлышынан, кыймылдын себеби жөнүндөгү маселеде, сан менен сапаттын карым-катнашы жөнүндөгү маселеде, кыймылдын, өнүгүүнүн багыты боюнча, ой жүгүртүү системасында, курчап турган чөйрөгө карата, жалпы дүйнөгө карата көз караштa көрүнөт.

Советтик, постсоветтик, россиялык философияда диалектикага басым жасалат. Ошол эле учурда “негативдүү” диалектиканы да тааныйт. Бул жалпы диалектиканын (“консервативдүү”) ичиндеги альтернативдүү багыты. Өкүлдөрү – Теодор Адорно (1903 - 1969), Жан-Поль Сартр (1905 - 1980).

**“Негативдүү” диалектиканын негизги идеялары:**

- диалектика “негативдүү” – сынчыл болушу мүмкүн, ал эскирген, туруп калгандарга көңүл бөлүүсүнүн кажети жок;
- диалектика ар бир предметтен, кубулуштан сын издөөсү керек, күмөн санабастан баарын сындап, баарын тануусу (четке кагуу) керек;
- жаңы эскини толук четке кагуусу жана сындоосу керек;
- “негативдүү” диалектика объективдүү мааниге ээ эмес, ал аң сезимге гана маани берет, анткени аң сезим гана баарын сындайт жана четке кагат;
- Танууну тануу позитивге (идеалдуу табууга) өтпөшү керек, бардык кубулуштарды тынымсыз сындап, аны тануусу зарыл.

Демек, метафизика жана “негативдүү” диалектика өз алдынча иштелип чыккан диалектикага каршы теориялар болуп саналат. Булар менен катар өз алдынча теориялар болуп эсептелбеген философиялык ыкмалар (жол-жоболор) жашайт. Алар: эклектика; софистика; догматизм; релятивизм.

**Релятивизм** – таанып билүүнүн даяр жыйынтыктарын интерпретациялоо.

**Эклектика** – өз алдынча, ар түрдүү байланышта болбогон фактыларды бириктирүү, аралаштыруу, жасалма интеллектуалдык түзүмдөрдү жасоо аркылуу теориялык чындыкты берүү ыкмасы.

**Софистика** – маңызы боюнча жалган, бирок формасы боюнча туура деп кабыл алынган ой корутундуларды бөлуп алуу ыкмасы.

**Догматизм** – далилденбеген, абсолюттук чындык деп таанылган абалдарды кабылдоо; курчап турган дүйнөгө карата мамиледе, ой жүгүртүүдө, ойломдо ийкемсиздиктин көрүнүшү.

**3.Диалектиканын кошмок категориялары. Детерминизм жана индетерминизм**

Диалектиканын категориялары – табияттын, коомдун жана аң сезимдин өнүгүү мыйзамдарын, жалпы жана маанилүү байланыштарын чагылдыруучу философиянын өтө жалпы жана кеңири түшүнүктөрү

Бүгүнкү күндө диалектиканын төмөндөгүдөй категориялары айырмаланат:

Жалпы жана жеке (жалкы)
Бүтүн жана бөлүк
Мазмун жана форма
Сан жана сапат
Маңыз жана кубулуш (көрүнүш)
Себеп жана натыйжа
Зарылдык жана кокустук
Мүмкүндүк жана чындык

Жалпы жана жеке (жалкы), Бүтүн жана бөлүк, Мазмун жана форма, Сан жана сапат – болмуштун горизонталдуу байланышын көрсөтөт. Маңызы боюнча болмуштун түзүмүн, түзүлүшүн мүнөздөөчү, координациялоочу байланыштарды билдирет.

Ал эми Маңыз жана кубулуш (көрүнүш), Себеп жана натыйжа, Зарылдык жана кокустук, Мүмкүндүк жана чындык – болмуштун вертикалдуу универсалдуу байланышын көрсөтөт. Бул болмуштун динамикасын мүнөздөөчү **детерминация** байланышын билдирет

**Детерминизм жана индетерминизм. Детерминизм** – чектөө, белгилөө, аныктоо деген латын сөзү. Бардык кубулуштардын жана процесстердин өз ара байланышы жана өз ара алдан ала аныкталуусу жөнүндөгү окуу; жалпы себептүүлүк жөнүндөгү философиялык доктрина. **Индетерминизм** – детерминизмдин каршысы; себептик байланыштардын объективдүүлүгүн четке каккан же илимде себептик жактан түшүндүрүүнүн маанисин таанууну жокко чыгарган методологиялык позиция жана философиялык көз караш.

**Диалектиканын мыйзамдары**

Мыйзамдар жеке, жалпы жана өтө жалпы (универсалдуу) мыйзамдар деп бөлүнөт. Ошондой эле жалпылыгы же предметтик тармагы боюнча да классификацияланат. Философияда жана башка илимдерде динамикалык жана статистикалык (вероятностный) мыйзамдар айырмаланат.

**Мыйзам** – кубулуштар жана процесстер ортосундагы зарыл, олуттуу, туруктуу, кайталанма мамиле; философияда мыйзам: кимге же эмнеге белгилүү же белгисиз болгонун карабастан объективдүү жана субъективдүү дүйнөнүн маңызын чагылдырат.

**Динамикалык мыйзамдар** – бул физикалык мыйзам; физикалык чоңдуктардын ачык байланышы түрүндөгү объективдүү мыйзам ченемдүүлүктү сандык түрдө көрсөтүү. Ал эми динамикалык теория – динамикалык мыйзамдардын жыйындысын билдирген физикалык теория. Тарыхый жактан алганда бир түрдөгү биринчи жана эң жөнөкөй теория И.Ньютондун классикалык механикасы болгон.

Динамикалык мыйзамдар универсалдуу мүнөзгө ээ, б.а., алар изилденүүчү бардык объекттерге тиешелүү. Мыйзамдардын бул түрүнүн айырмалоочу өзгөчөлүгү – алардын негизинде алынган божомолдор ишенимдүү жана ачык айкын болуп саналат.

Аны менен бирге табият таанууда божомолдоолору так эмес, ыктымал мыйзамдар формулировкаланат. Бул мыйзамдар **статистикалык же ыктымал мыйзамдар** деп аталат.

Ыктымал деп аталганын себеби – аларга негизделген корутундулар маалыматтарга логикалык жактан ээрчишпейт, демек, ишенимдүү жана ачык айкын эмес. Маалыматтын өзү статистикалык болуп, табият таануу илиминде кыйла кеңири таралган да, **статистикалык мыйзам** деп аталат.

Диалектиканын мыйзамдары – универсалдуу мыйзамдар. Алар:

1. Сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттыкка өтүү мыйзамы
2. Карама каршылыктын биримдигинин жана күрөшүнүн мыйзамы
3. Тануунун тануу мыйзамы

**Сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттыкка өтүү мыйзамы** - сандык мамилелердин өзгөрүүсүндө белгилүү бир баскычтан кийин сапаттык өзгөрүүсү жүрөт. Бул ченемдин бузулушунан улам пайда болот. Натыйжада сапат өзгөрөт; ал сан менен сапаттын диалектикалык байланышын мүнөздөйт

**Карама каршылыктын биримдигинин жана күрөшүнүн мыйзамы** – бул мазмун менен форманын, мүмкүндүк менен чындыктын карама-каршылыгы. Мында үч негиз боюнча каршылык жүрөт: өз ара жок кылуу, тиги же бул жак тарабынан иллюминация кылуу же компромисс. Диалектика болмуштун, маңыздын жана түшүнүктүн тынымсыз кыймылда, өзгөрүүдө жана өнүгүүдө болоорун негиздейт. Ошондой эле бири бирин жок кылуучу жана бир эле учурда бири бирин шарттоочу карама каршылыктардын биримдиги жөнүндөгү идеяга негизделет

**Тануунун тануу мыйзамы** – өнүгүүнүн багытын аныктайт (тануунун тануу) жалаң жокко чыгаруу – берилген предметтен кийин келип, аны толугу менен жок кылуу. Диалектикалык тануу: биринчи предметтен бир нерсе сакталып калат – бул объекттин кайра жаралышы, бирок башка сапатта жаралышы.

Мисалы, майдаланган дан – жалаң тануу, ошол эле данды себүү – диалектикалык тануу. Андан жаңы дан пайда болот. Саны жагынан да көп алынат. Мында өнүгүү спираль түрүндө жүрөт.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

1. Диалектика дегенди кандай түшүнөсүнөр?

2. Диалектиканын пайда болушунда Байыркы доордогу философиянын орду кандай?
3. Диалектиканын альтрнатвалыр кайсылар?
4. Диалектиканын категориялаы эмне себептен кошмок деп айтабыз?
5. Диалектиканын мыйзамдарынын унивкерсалдуулугу эмнеде?

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**


1. Алексеев В.О. Философия. Конспект лекций. - М.,2008.
2. Балашов Л.Е. Философия: Учебник. - М., 2009.Канке В.А. Философия. Курс для бакалавров: Учебник. - М.: Логос, 2005.
3. Чуешов В. И. Философия: Курс лекций / Чуешов В. И. Таркан И. И. - Минск : ТетраСистемс, 2012. - 272 с. - URL: http://www.biblioclub.ru/111909_Filosofiya_Kurs_lektsii.html


## Тема 1 2. Дүйнөнүн диний, илимий жана философиялык түзүлүшү

1. Дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшү. Дүйнөнүн диний сүрөттөлүшү
2. Дүйнөнүн философиялык сүрөттөлүшү

Философия илиминде дүйнө деген эмне, ал кандай түзүлгөн, анын пайда болушу кайдан жана кантип жаралган, кандай таанылат жана кантип жашап турат? - деген сыяктуу суроолор коюлуп келген. Натыйжада дүйнө жөнүндөгү элестөөлөр, көз караштар пайда болгон да анын сүрөтү тартыла баштаган. Натыйжада "Дүйнөнүн сүрөтү" же "дүйнөнүн сүрөттөлүшү" (орусчасы "картина мира") деген түшүнүк пайда болгон. Буга карата философиянын өзүнүн жообу да келип чыккан. Ошондуктан, дүйнөнүн сүрөттөлүшү же сүрөтү – бул адамзаттын өнүгүүсүнүн белгилүү бир этабында дүйнөтаанымынын баштапкы принциптеринин негизинде калыптанган жана топтолгон билим менен тажрыйбаны бириктирген чындыктын түзүлүшү, анын жашап турушунун жана өзгөрүүсүнүн жолдору жөнүндөгү көз караштардын жыйындысы.

Дүйнөнүн сүрөттөлүшү, бир жагынан, дүйнөтаанымдын ажырагыс бөлүгү катары, экинчи жагынан, дүнөтаааныкмдын оригиналдуу принциптеринин негизинде жана адамзат топтогон билимдерди жана тажрыйбаны интеграциялоодо болуп саналат.

Дүйнөнүн сүрөттөлүшү – бул дүйнөнүн сүрөтүнүн концептуалдык бөлүгүн жана адамдын, анын дүйнөдөгү ордун чагылдырган визуалдык образдардын жыйындысын камтыган татаал түзүлүштөгү бүтүндүк. Бул элементтер дүйнө түзүлүшүндө белгилүү бир доорго, этникалык топко же субмаданиятка мүнөздүү түрдө биригет. Дүйнөнүн сүрөттөлүшү жеке адамда, коомдук аң сезимде чагылдырылат. Ушуга байланыштуу **диний, илимий жана философиялык** дүйнөнүн сүрөттөлүшү айырмаланат. Булардын бири биринен айырмачылыгы төмөнкүлөрдөн көрүнөт: 1) дүйнө түзүлүшү жөнүндөгү маселени кароосу; 2) ар кимиси өзүнүн маселесин чечүү боюнча жеке идеяларын берүүсү боюнча.

Диний дүйнөнүн сүрөттөлүшүндө Кудай менен адамдын ортосундагы мамиле негизги талдоого алынган суроо болуп саналат. Башкы идеясы – Кудайдын дүйнө менен адамды жараткандыгы. Ал эми дүйнөнүн философиялык сүрөттөлүшүндө дүйнө менен адамдын карым катнашы каралат да, диалектикалык жана метафизикалык, материалисттик жана идеалисттик, монисттик, дуалисттик, плюралисттик көз караштардын маани-маңызы талдоого алынат. Ушулар менен катар эле дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшү да өз ордун тапкан. Анын негизги маселеси катары билимдин ар түрдүү тармактарын бир бүтүндүккө бириктирүү, карама каршы болгондугуна карабастан бири бирине каршы болбогон бүтүндук катары эсептөө орун алган. Дүйнөнүн, табияттын мыйзамдарына ылайык процесстер жүрүп турат.

**Дүйнөнүн диний сүрөттөлүшү –** бул дүйнө, анын жаралышы, түзүлүшү, абалы, анын бар болуп турушу менен келечеги тууралуу көз караштардын жыйындысы. Бул көз карашка ылайык дүйнө табигый (естественный) жана табигыйлыктан жогору (сверхъестественный) дүйнөдөн туруп табигый дүйнө экинчисине баш ийет. Кудай жок нерседен дүйнөнү жаратты, ал эми Кудай жогорку абсолют, аны адам акылы менен да тааный албайт. Адамдын жашоосундагы жүрүм-туруму, адеп-ахлагы, аракети менен умтулуулары Кудай тарабынан таразаланат жана ошого жараша шыбага алат. Дүйнөнүн диний сүрөттөлүшү орто кылымдарда христиан, ислам диндеринин калыптанышы менен жаралган. Провиденциализм идеясы (Кудай жараткан дүйнө менен адамдын жана анын калыптанбагандыгынын алдын ала аныкталышы) үстөмдүк кылат да, болмушун себепкери Кудай деген көз караш уланып келет.

**Дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшү** табият, коом жана адам жөнүндөгү идеяларды чагылдырып, адамзаттын цивилизациясынын өнүгүүсүнө байланыштуу эволюцияланып отурган. Ал эмпирикалык жана теориялык билимдерди системалаштырып, бүтүндөй бир сүрөтүн жаны доордо берүүгө жетишкен. Дүйнөнүн илимий сүрөтү түрдүү илимдерде топтолгон билимдердин синтезинин негизинде тарыхый өнүгүүнүн талаптарына ылайык пайда болгон жана табият жана коом жөнүндөгү көз караштарды камтыйт. Бул дүйнөтаанымдын табияттын түзүлүшүнө жана өнүгүүсүнө дал келген аспектисин дүйнөнүн табигый-илимий түзүлүшү катары билишет.

Дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшү – табигый-илимий түшүнүктөрдү жана принциптерди жалпылоо жана синтездөөнүн негизинде келип чыккан дүйнөнүн эң жалпы касиеттери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү бүтүндөй бир элестөөлөрдүн системасы. Дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүнүн башкалардан айырмачылыгы парадигма деп аталган илимий жетишкендиктерге негизделип, элестөөлөрдү бергендигинде. Алгачкы мындай элестөөлөр антикалык философияда жаралып, натурфилософиялык мүнөздө болуп, дүйнөнү илимге чейинки түшүнүү жолу орун алган. Илим руханий ишмердиктин тиби жана социалдык институт катары XVI – XVII кылымдарда калыптана баштайт. Ушул мезгилден тартып дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүндө кайсы илим үстөмдүк кылса, ошого жараша дүйнөнүн сүрөтү тартылат. XVII – XIX кылымдардагы алгачкы дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшү механика илиминин

жетишкендиктерине негизделсе, заманбап илимий сүрөттөө кванттык механика, салыштырмалуулук теориясына басым жасайт. XX кылымдын башына чейин механикалык сүрөттөө үстөмдүк кылган. Анда механика, астрономия, математика алдыңкы орунга чыгып, илимий тастыктоолору менен белгилүү болгон. Р.Декарт, И.Ньютондун идеяларына негизделген сүрөттөө, XVIII кылымдын аягында А.Клеро, М.Эйлер, Ж.Лагранжа, П.Лапластын эмгектеринин натыйжасында бүтүндөй бир дүйнөнүн сүрөтүн берет.

**Дүйнөнүн философиялык сүрөтүндө** дүйнө жалпы категориялар жана түшүнүктөр аркылуу чагылдырылат. Адам бардык башка болмуштан айырмаланат жана дүйнөнү жана өзүн өзү таанып билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Бул адамдын негизги багытталышы жана анын болмушунун маңызы катары болот. Философиялык сүрөттөлүштө мейкиндик сырткы кабылдоолордун тартипке келтирүү жол-жобосу, ал эми убакыт болсо ички кыжалаттануулары тартипке келтирүү жолу деп билинет. Дүйнөнүн философиялык сүрөтүндө негизги маселе болуп дүйнө менен адамдын карым катнашы эсептелет. Бул карым катнаш же материалисттик, же идеалисттик, диалектикалык же метифизикалык, объективдик же субъективдик жактан түшүнүлгөн. Адам менен дүйнөнүн ортосундагы мамиле гносеологиялык, онтологиялык, методологиялык, аксиологиялык аспектиде каралат. Ушуга байланыштуу дүйнөнүн философиялык сүрөтү көп түрдүү болгону менен бири бирине окшобойт. Дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүндө философиялык дүйнөнүн сүрөттөлүшү кээде диндик, ал эми кээ бир учурда илимий сүрөттөлүшкө жакын болгону менен ар дайым айырмаланып келген. Тигил же бул илимдеги илимий жыйынтыктар жана натыйжалар философиялык анализдин предмети болуп келген, билимдин бардык тармагындагы изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын философия бир бүтүндүккө алып келип болмуш менен таанымдын жалпы мыйзамдарынын синтези катары түзөт жана дүйнөтааным катары калыптанат. Натыйжада философиялык дүйнөнүн сүрөттөлүшү реалдуулуктун өнүгүү мыйзамдарын жана маңыз жөнүндөгү окууну гана камтыбастан, адеп-ахлак, эстетикалык жана башка идеяларды жана ишенимдерди бириктирген.

Жогоруда аталган дүйнөнүн сүрөттөлүшүнүн түрлөрүнүн ортосунда карым катнаш бар экендигин айта кетүү зарыл. Анткени акыркы мезгилде өнүгүп жаткан синергетика бардык материалдык тутумдун өзгөрүүгө учурашын жана өзүнөн өзү уюшулушу аркылуу кандайдыр бири ирээттелүүгө багытталарын айтууда. Адамзат дүйнөнүн теориялык моделин тандоо менен келечекке көз чаптыруусу учурдагы маанилүү маселе бойдон калууда.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

1. Дүйнөнүн сүрөтү деген эмне?
2. Дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшү деген эмне?
3. Дүйнөнүн диний сүрөттөлүшү кандай негизде берилет?
4. Дүйнөнүн философиялык сүрөттөлүшү эмнеге негизделет?

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**

1. Введение в философию: Учебное пособие/под ред. И.Т. Фролова и др. - М.:Республика, 2005.
2. Губин, В.Д. Философия: учебник / В.Д.Губин. – М.: Проспект, 2017. – 332 с.
3. Марков, Б.В. Философия: для бакалавров и специалистов / Б.В.Марков. –Санкт-Петербург [и др.]: Питер, Питер Пресс , 2017. - 426 с.

## Тема 13. Аң сезим жөнүндөгү философиялык окуу

1. Аң сезим философиянын маселеси катары. Аң сезим – объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы
2. Аң сезим, тил жана эмгектин пайда болуу маселеси жана алардын диалектикасы
3. Инсан жана анын өздүк ан сезими. Философиядагы аң сезимсиздик маселеси

Философияда болмуш маселесин карап кеткенде руханий болмуштун да реалдуулугу тууралуу сөз болгон. Бул теманын алкагында аң сезим деген эмне, анын болуму эмнеден көрүнөт, тил, эмгек менен байланышы кандай, жеке жана коомдук аң сезимдин ортосундагы карым катнаш тууралуу сөз болмокчу.

Философияда аң сезим маселеси – пайда болуу механизми, ички маңызы, материяга болгон тасири ж.б. бүгүнкү күнгө чейин талкууну жаратып, табышмактуу жактарынын болгондугу тууралуу айтып келишүүдө. Бул маселеде философия да ой толгоп, талаш-тартыштарды жаратып, кээ бир учурда божомолдорду алдыга талкууга таштап, бир пикирге келүү мүмкүндүгү болгон эмес. Философия бир канча талкуулардан кийин аң сезим жашайт, ал өзгөчө идеалдуу табиятка жана маңызга ээ деген ойду берет.

Натыйжада аң сезим маселесесине карата бир нече философиялык көз караштар пайда болгон. алар: физикализм, солипсизм, объективдүү идеализм жана мелүүн материализм.

Физикализм аң сезим маселесин изилдөөдө айдан ачык материалисттик көз караашта туруп, аң сезим өз алдынча субстанция катары жашабайт, ал материядан улам гана пайда болгон деп, физика жана андан бөлөк табигый илимдердин көз карашы аркылуу түшүндүрүлөт деп билдирет. Мындай көз караш төмөндөгүдөй табигый илимдин фактыларына таянат:

- адамдын мээси табияттын татаал түзүлүштөгү жана жогорку уюшулган материясы;
- адамдын аң сезими анын мээси аркылуу гана болот, ал эми мээ болсо анын биологиялык органдарынын бири;
- адамзат жасалма интеллекти түзүүгө жетишкен, ал материалдык объект түрүндө көрүнөт;
- адамдын организмине карата колдонулган дары-дармек анын мээсине таасирин тийгизет.

Солипсизм – аң сезимдин маңызына карата ашынган идеалисттик көз караш катары индивиддин аң сезими бирден бир чыныгы реалдуулук жана материалдык дүйнө анын туундусу деп ырастоого аракет кылат. Бул субъективдүү идеализмдин көз карашы катары белгилүү.

Объективдүү идеализм аң сезим менен материя – экөөнү тең тааныйт да, аң сезимге биринчиликти, чыгармачыл мүнөздү таандык кылат. Бул көз караште аң сезим жекеликтен сырткары, "дүйнөлүк аң сезимдин" бөлүгү катары каралат.

Мээлүүн материализм аң сезимди материянын өзгөчө көрүнүшү, жогору уюшулган материянын өзүн өзү чагылдыруу жөндөмдүүлүгү деп билет.

Ан сезимдин келип чыгышы жөнүндөгү маселеге карата төмөндөгүдөй көз караштар бар:

1. Ан сезим космостук же ыйык Кудай тарабынан пайда болгон;
2. Аң сезим бардык жандуу организмдерге таандык;
3. Аң сезим бир гана адамга таандык касиет.

Заманбап философияда, айрыкча советтик жана учурдагы россиялык философияда аң сезимдин табиятына карата диалектикалык-материалисттик түшүндүрүү, б.а. чагылдыруу теориясы белгилүү. Бул теориянын маңызы боюнча аң сезим материяны чагылдыруучу анын жогорку уюшулган касиети болуп саналат. Чагылдыруу – материалдык объектилердин өзүндө башка материалдык объектилердин таасир этүүсүнүн натыйжасында алардын касиетин кайра өндүрүү жөндөмдүүлүгү. Чагылдыруу теориясында анын формалары айырмаланат. Философияда чагылдыруунун механикалык, физикалык, химиялык, биологиялык формалары айырмаланат. Чагылдыруунун биологиялык формасы жандуу организмдерге гана таандык, жандуу организмдер жандуу жана жансыз табиятты чагылдыруу жөндөмдүүлүгүнө ээ. Биологиялык чагылдыруунун формасы катары кыжырдануу, сеезимталдык, психикалык чагылдыруу эсептелет.

Кыжырдануу – жандуу организмдердин, анын ичинде өсүдүктөрдүн курчап турган дүйнөнүн буюм-нерселерине, кубулуштарына карата реакция кылуусу. Мисалы, күндүн өтө ысыганынан же кургакчылыктан өсүмдуктөрдүн куурап калуусу, жамгырдан кийин өсүмдуктөрдүн кайра ордуна келиши, күн караманын күнгө карап жылышы ж.б.у.с.

Сезимталдык – биологиялык чагылдыруунун жогорку формасы, жандуу организмдердин курчап турган дуйнөнү туюп сезүү түрүндө чагылдыруу жөндөмдүүлүгү.

Психикалык чагылдыруу – туюп сезүүлөрдү систематизациялоо, курчап турган чөйрөгө ыңгайлашуу максатында жүрүм турумду моделдештирүү жөндөмдүүлүгү; стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарга карата көп варианттуу ыңгайлашуу жолу.

Демек, аң сезим биологиялык чагылдыруунун жогорку формасы, адамга жана кээ бир жандыктарга тешелүү болгон жөндөмдүүлүк; курчап турган чөйрөнү толук бойдон чагылдырууга, абстракциялоого жана рефлексияга

болгон жөндөмдүүлүк, аңдап билгендик, б.а. ойдун жардамы менен жаңы ойду алуу; рефлексия – аң сезимдин өзүнө карата багытталышы, кайрылышы.

Адамдын аң сезиминин башкы айырмачылыгы – идеалдуулугу, интенционалдуулугу жана идеатордуулугу. Бул эмнени билдирет ушуга токтоло кетели.

Идеалдуулук – аң сезимдин өзгөчө, материалдык эмес, маңызы; табияты боюнча материалдык дүйнөгө карама каршы, аң сезимде пайда болгон образдар материя болуп саналбайт; ал материяга карама каршы.

Интенционалдуулук – предметке багытталгандык, аң сезим предметсиз болбойт, бир нерсе анын предмети болуп турат. Мында аң сезим эмнеге багытталса, ошол анын предмети, аң сезим предметти кабылдоосунун жол-жобосу анын формасы. Аң сезимдин формасы катары кабылдоо, аңдап билүү, баалоо, эскерүү, фантазия, турмуштук тажрыйба эсептелет.

Идеатордуулук – аң сезимдин идеяларды түзүү жана кайра чагылдыруу жөндөмдүүлүгү; абстрактуу идеяларды жаратуу дегендикти билдирет. Бул идеялар тил аркылуу берилет; мында тилдин ролу чоң.

Аң сезимдин пайда болуп, өнүгүшүндө эмгек менен тилдин ролуна чоң маани беришет. Мында Ф.Энгельстин адамдын маймылдан адамга айлануу процессиндеги тил менен эмгектин ролу жөнүндөгү гиоптезасы мааниге ээ. Марксисттик философия ар дайым ушул гипотезага таянып келген жана аң сезимдин табиятын изилдөөдө анын оюн негизги тезис катары кабылдаган.

Инсандын аң сезими ар дайым кыймылдап, өнүгүүдө турат жана ал жеке адамга тиешелүү, ар бир инсандын жеке аң сезими бар жана ал ошол индивидге гана таандык болот.

Ошентип, **аң сезим** – бул жогорку уюшулган «ой жүгүртүүчү материянын» (адам мээсинин) материалдык дүйнөнү руханий образда чагылдыруу касиети. Аң сезим адамдардын практикалык кайра түзүүчү ишмердүүлүгүнүн негизинде пайда болуучу жана өнүгүүчү өзгөчө информациялык чагылтуу. Ал көзгө көрүнбөгөн адамдын маанайы, сезими, сар санаасы, оюу, идеясы, ишенимдери, баалуулуктары, нормасы, стереотиптери ж.б. катары жашайт да аң сезимдин мазмунун, анын элементин түзөт. Аң сезим ар дайым коомдук мүнөзгө ээ, анткени ал коомдон сырткары пайда болбойт. Анын элементтери адамдар тарабынан биргелешкен коомдук практика жана мамиле процессинде иштелип чыгат жана тилдин жардамы менен белгиленип жана билдирилет. Ар бир жеке адамдын индивидуалдуу аң сезими менен бирге ар түрдүү коомдо тарыхый жактан коомдук аң сезим пайда болот. Аң сезим менен болмуштун мамилеси: болмуш жана аң сезим тыгыз байланышкан жана өз ара таасир этип турат, аң сезим рухий жактан болмуштун системасынын элементи.

Өзүн өзү аңдоо аң сезимдин көрүнүшү. Ал ар түрдүү деңгээлде жана ар кандай формада көрүнүүчү динамикалуу тарыхый жактан өнүгүүчү түзүлүш. Анын алгачкы формасы өзүн өзү сезүү деп аталып, өзүнүн телосун жана курчап турган буюмдар менен адамдар дүйнөсүнө таандык экенин элементардуу түрдө аңдайт. Өзүн өзү аңдоонун жогорку деңгээли катары адам өзүн тигил же бул

маданиятка жана социалдык группага таандык экендигин сезүү менен байланышкан. Бул процесстин өнүгүүсүнүн эң жогорку деңгээли болуп – өзгөчө калыптанган түзүлүш катары «Мен» деген аң сезимдик түзүлүштүн келип чыгышы. Ал түзүлүш башка адамдардын «менине» окшош жана ошону менен бирге уникалдуу жана кайталангыс, эркин аракеттерди жасоочу жана анын жоопкерчилигин алып жүрүүчү, өзүнүн аракеттеринин жана анын баалуулугунун үстүнөн көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнүн зарылдыгын жөнгө салат.

Философияда өздүк аң сезим менен катар аң сезимсиздик маселеси да каралат. Өздүк аң сезим – адамдын сырткы дүйнөдөгү кубулуштарды жана окуяларды бир эле убакта чагылдыруу жөндөмдүүлүгү, аң сезимдин өзү жөнүндө билүү. Өздүк аң сезим маселеси алгачкылардан болуп Сократ тарабынан негизделген да, өздүк аң сезимди философиянын маңызы катары көргөн.

Аң сезимсиздик – акылдын сферасынан (чөйрөсүнөн) сырткары турган, ан сезимдүү эрктик талдоого кирбеген, аңдап билинбеген психикалык кубулуштардын жана процесстердин жыйындысы. Аң сезим менен аң сезимсиздиктин чектерин айрып билүү үчүн З.Фрейд “подсознание” (аң сезимдин астындагы) деген терминди киргизет. Ал эми К.Г.Юнг болсо аң сезимсиздик маселесине карата башка көз караштa болгон. Анын пикиринде аң сезимсиздик биологиялык эмес, символикалык мааниге ээ жана архетип түрүндө көрүнөт; ал адамдын бардык кыжалаттануударын, көз караштарын, жүрүм турумун аныктайт.

Демек, аң сезим маселеси философиялык маселелердин бири экендигин айта кетүү эп. Анткени анын пайда болуу, жаралуу, жашап туруу табияты жөнүндөгү маселенин өзү философиялык болуп саналат жана аны изилдөө философиянын изилдөөсүнүн бири катары болот.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

1. Аң сезим деген эмне?
2. Аң сезим – объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы деенди кандай түшүнөсүнөр?
3. Аң сезим менен тилдин байланышы кандай?
4. Аң сезимдин калыптануусунда эмгектин ролу кандай?
5. Инсан жана анын өздүк ан сезимин анализдегиле
6. Философиядагы аң сезимсиздик маселесин талдагыла

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**

1. Алексеев П.В., Панин А.В. Философия: Учебник.- М.: Проспект, 2020. – 592 с..
2. Боженов А.Э. Основы философии. Учебное пособие. – М.: Аспект Пресс, 2019. – 608 с.
3. Демина Л.А., Малюкова О.В., Бучило Н.Ф. Философия: Учебник. - М.: Проспект, 2020. – 360 с.

4. Канке В.А. Философия. Курс для бакалавров: Учебник. - М.: Логос, 2005.

## Тема 14. Тааным жөнүндөгү философиялык окуу

1. Таанып билүү философиянын башкы маселеси катары
2. Таанып билүүнүн негизги этаптары Чыгармачылык жана практика. Ишеним жана билим.
3. Түшүнүү жана түшүндүрүү. Таанып билүү ишмердигиндеги рационалдык жана иррационалдык

Философияда аң сезим менен катар таанам теориясы же таанып билүү да чоң мааниге ээ. Бул темада таанып билүү анын мүмкүнчүлүктөрү, чектери жана өнүгүү этаптары жөнүндө маселелелер каралат. Философияда таанып билүү, таанымдын негизин жана табиятын, мүмкүнчүлүгү менен чындыгын изилдеген бөлүм **гносеология** деп аталат. Термин илимий чөйрөдө 1832-жылдан баштап киргизилген. Гносеологиянын башкы маселеси – дүйнөнү танып билүү, объект менен субъектин карым катнашы, чындык жана анын критерийи эсептелет. Таанымдын булагы катары табияттагы мыйзам ченемдүүлүктөр, дүйнөдөгү болгон туруктуу байланыштар. Булар таанууга жаткан реалуулук; ошол эле учурда таанууучу реадуулук да айырмаланат. Таанып билүүнүн объектиси жана субъектиси негизги элементи катары болот; анын объектиси – таанып эмнеге багытталган болсо, ошол анын объектиси болот; ал эми субъектиси – таанам ишмердигинин алып жүрүүчүсү: индивид, таанылуучу сырткы дүйнө, коом, маданият, адамзат.

**Таанып билүү** – бул адамдын максаттуу, активдүү, түрдөгү объективдүү дүйнөнү үйрөнүү жана жаңы билимдерге ээ болуу процесси; адамдын керектөөлөрүн канааттандыруу жана практикалык ишмердигинде колдонуу максатында жүрөт. Таанып билүүнүн максаты – билимдерге ээ болуу, анткени билим дүйнөдө адамдын жашоосу, кубулуштарды түшүнүү жана ар түрдүү күтүлбөгөн жагдайлардын алдын алуу үчүн колдонулат. Билим реалдуулукту кайра түзүү, өзгөртүү үчүн керек; андыктан билим системалуулук мааниге ээ.

Таанып билүүнүн формалары бар жана бир нече этаптан жана деңгээлдерден турат. Таанымда сезимдик жана рационалдык таанып билүү айырмаланат. **Сезимдик таанып билүү** – сезүү органдарынын, нерв системасынын жана мээнин жардамы менен таанымдын объектилерине түздөн түз таасир этүүнүн негизинде реалдуулукту таануу. Көрсөтмөлүүлүк, чагылдыруу аркылуу дүйнөнүн сырткы, байкалган жактары жана байланыштары таанылa баштайт. Сезимдик таанып билүүдө негизги формалары катары *туюп сезүү, кабылдоо, элестетүү* каралат. Туюп сезүүдө объектилердин кээ бир касиеттери чагылдырылса, кабылдоодо түздөн түз катыштык болгон объектилер чагылдырууга алынат. Элестетүү – шарттуу психикалык байланыштардын негизинде мурда кабыл алынган предмет, кубулуштардын образдуу кайра чагылдырылышы.

**Рационалдык таанып билүү** – абстрактуу ой жүгүртүүнүн жана логикалык ойломдун негизинде чындыкты таануу процесси. Анын негизги

формалары катары *түшүнүк, ой жүгүтүү, ой корутунду* таанылат. *Түшүнүк* – тигил же бул топтогу объектилердин жалпы жана маанилүү белгилерин жалпылап чагылдыруучу кыска ой. Мисалы конкреттүү жеке илимдердин өзүнө тиешелүү болгон терминдери. Мисалы, өсүмдүктөр, жаныбарлар, революция, формация, цивилизация ж.б.у.с. *Ой жүгүртүү* - кээ бир түшүнүктөрдү логикалык жактан бириктирүү жолу аркылуу предметтердин жана алардын касиеттеринин ортосундагы байланыштардын бардыгын же жоктугун бекемделет же четке каккан ойдун формасы. М.: Алюминий электр тогун өткөрөт. Бардык адамдар өлүшөт (Все люди смертны). *Ой корутунду* – бир ой жүгүртүүдөн (булактан) экинчи бир жаңы ойлом келип чыккан жана жаңы маанини берген логикалык ой жүгүртүү. Мисалы классикалык үлгү катары болгон төмөндөгүлөрдү келтирели:

| | |
|---|---|
| *Кыргызча котормосу*: | Орусчасын берели: |
| Бардык адамдар өлүшөт. | Все люди смертны. |
| Сократ – адам. | Сократ – человек. |
| Натыйжада, Сократ өлөт. | Следовательно, Сократ смертен. |

Мында биринчи жана экинчи тезис ой корутундунун булагы, ал эми үчүнчү ой жүгүртүү жаңы ой корутунду болуп саналат.

Таанып билүүдө чыгармачылык жана практика да маанилүү. Чыгармачылык – сапаттык жактан жаңы, мурда болбогон материалдык же руханий баалуулуктарды жаратууга багытталган адамдын ишмердүүүүгүнүн процесси. **Чыгармачылык** – эмгек жараяны учурунда коомдук керектөөлөрдү канаттандыруучу адамдын белгилүү бир материалдан жаңы реалдуулукту жаратуу жөндөмдүүлүгү. Чыгармачылыктын түрлөрү түзүүчү ишмердүүлүктүн мүнөзүнө жараша аныкталат. Мисалы, ойлоп табуучунун, уюштуруучунун, чыгармачылыгы же болбосо илимий, көркөм чыгармачылык ж.б.

Практика категориясы адамдын активдүү сезимдик-практикалык ишмердүүлүгү катары таанылат жана диалектикалык-материалисттик философиянын башкы категориясы болуп саналат. **Практика** – адамдын атайын ишмердигинин формасы, ал ишмердүүлүктө жаңы реалдуулукту жаратат, материалдык жана руханий маданияттын дүйнөсүнүн жашоосунун жаны шарттарын пайда кылат. Практиканын негизги формасы болуп материалдык өндүрүш, коомдук болмуштагы социалдык өзгөрүүлөр, илимий эсперименттер эсептелет. Ушуга байланыштуу таанып билүүдө практиканын аткарган кызматын билүү да маанилүү. Биринчи кезекте практика таанып билүүнүн булагы катары болот, экинчиден, танымдын негизи жана кыймылдаткыч күчү; үчүнчүдөн, таанып билүүнүн максаты катары болуп, адамдардын ишмердүүлүгүн багыттайт, төртүнчүдөн, чындыкты жалгандан бөлүүдө чечүүчү критерий болуп калат.

Заманбап коомдо диндин ролунун жогорулашынын алкагында ишеним менен билимдин карым катнашы жөнүндөгү маселе да жанданды. Бир нече

философиялык көз караштарда диний ишенимдерди философиялык жактан анализдөө, диндин эпистемологиялык статусун аныктоо, алардын рационалдуулугун жана чындыгын аныктоо, диний тилдин маңызын экспликациялоо, диний тажрыйбанын табиятын жана кызматын мүнөздөө, мүмкүн болгон “ишенимдин моделин” иштеп чыгуу аракетин жасашат.

Түшүнүү жана түшүндүрүү маселеси да гносеологиянын алкагында маанилүү маселелерден. Түшүнүү жана анын менен карым катнашта болгон түшүндүрүү бири бири менен байланышта. Заманбап илимде түшүнүүнүн түрлөрү, типтери жана деңгээлдери айырмаланат. Түшүнүү – тигил же бул кубулуштун маңызын, анын дүйнөдөгү ордун, аткарган кызматын билүү. Бул илимий таанымдын процедурасына кирет да интеллектуалдык процесстер менен гносеологиялык операциялардан айырмаланат. Түшүнүүнүн негизги максаты – үйрөнүп жаткан объектинин, предметтин маңызын ачып берүү, жашап турушунун себебин жана шарттарын, өнүгүүсүнүн булагын жана аракетинин механизмдерин ачыктоо. Түшүндүрүүнү конкреттүү фактыны же кубулушту кандайдыр бир жалпылоо катары билебиз. Заманбап методологияда түшүндүрүүнүн дедуктивдүү-номологиялык модели үстөмдүк кылат. Бул модель же схема түшүндүрүп жаткан кубулушту белгилүү бир мыйзамга алып келип такап көрсөтөт.

Учурдагы ой жүгүтүүдө таанып билүүдөгү сезимдик жана рационалдык деңгээлдерден сырткары иррационалдык маселеси да талдоого алынат. Иррационалдык – бул акылга баш ийбеген, рационалдуу ой жүгүртүүгө жатпаган, акылдын мүмкүнчүлүгү менен ченелбеген дегенди билдирген философиялык түшүнүк. Иррационалисттик окууларда интуиция, ой жүгүртүү, кыялдануу, аң сезимсиздик ж.б.у.с.  адам жөндөмдүүлүгүнүн түрлөрү алдыңкы планга чыгат. Илимий таанып билүү ишмердигинде окумуштуунун интуициясына чоң маани берилет жана бул жеке жана коллективдүү аң сезимсиздикке негизделет.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

4. Таанып билүү деген эмне?
5. Таанып билүүнүн негизги этаптары кайсылар?
6. Сезимдик таанып билүү деген эмне?
7. Рационалдык таанып билүү деген эмне?
8. Чыгармачылык жана практиканы кантип түшунөсүңөр?
9. Түшүнүү жана түшүндүрүү деген эмне?
10. Таанып билүүдөгү рационалдык жана иррационалдыкты талдагыла

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**

1. Введение в философию: Учебное пособие/под ред. И.Т. Фролова и др. - М.:Республика, 2005.
2. Губин, В.Д. Философия: учебник / В.Д.Губин. – М.: Проспект, 2017. – 332 с.
3. Марков, Б.В. Философия: для бакалавров и специалистов /

Б.В.Марков. –Санкт-Петербург [и др.]: Питер, Питер Пресс , 2017. - 426 с.

## Тема 15. Чындык теориясы

1. Чындык теориясы. Практика – чындыктын критерийи.
2. Чындык жана ой жүгүртүү, логика жана тил
3. Илимий жана илимийликтен сырткары билим. Илимийлүүлүктүн критерийи. Илимий таанып билүүнүн түзүмү, анын ыкмалары жана формалары
4. Илимий билимдин өнүгүшү. Илимий революциялар жана рационалдуулуктун типтеринин алмашышы. Илим жана техника

Таанып билүүнүн эң башкы максаты – илимий чындыкка жетүү. Философияда чындык таанымдын максаты гана болбостон изилдөөнүн предмети да болуп саналат. Чындыкты таанып билүүчү тарабынан объективдүү реалдуулуктун чагылышы деп билебиз; аң сезимден эч бир көз карандысыз туруп, реалдуулук кандай болсо ошондой абалда адамдын чагылдырышы. Объектинин же предмет, буюм нерселердин турушунун жана анын маани-маңызынын болушун кандай жолдор менен билебиз деген суроого анын критерийи жооп берет.

Рационалисттик багыттагы философияда чындыктын критерийи катары ой жүгүртүүнү алса, И.Кант акылдын мыйзамдарына дал келген чындыктын формалдуу-логикалык критерийин тааныган. Сенсуалисттик көз караштты жактаган ойчулдар сезимдерди критерий катары кабылдашат да верификация (чыныгылыгын текшерүү) принцибин тутунат. Бул принципке ылайык ар кандай ой жүгүртүү (илимий бекемдөөлөр) текшерүүдөн өткөндө гана аңдалып билинет же мааниге ээ болот.

Чындыктын критерийи – бул акыйкатты негиздеген жана аны жалгандан айырмалоого мүмкүндүк берген ченем. Анын белгиси катары логиканын мыйзамдарына дал келүүчүлүгү, илимде белгилүү болгон мыйзамдарга дал келүүсү, фундаменталдуу мыйзамдарга төп келгендик, анын белги системасынын жөнөкөй жана экономдуу болуусу, идея менен практиканын парадоксалдуулугу эсептелет.

Чындык объективдүү жана субъективдүү болот; анын объективдүүлүгү таанып билип жаткан буюм-нерселердин, кубулуштун реалдуу жашагандыгы менен шартталат. Бул аң сезимдин жетишкендиги болгон жана билимге объективдүү мүнөздү таандык кылган реалдуу объект тууралуу маалымат. Ошол маалымат аң сезимде чагылып абстрактуу ой жүгүтүүнүн формасы болот. Жана да билим субъективдүү мүнөзгө ээ болот. Ар кандай объективдүү турган реалдуулук адамдын аң сезиминде түрдүү көрүнүштө жана деңгээлде. Бир же бир нече түшүнүктөр ар тилде болот жана айтылышы жагынан ар башка. Ошондуктан, чындык мазмуну боюнча объективдүү формасы боюнча субъективдүү.

Чындык абсолюттук жана салышырмалуу мүнөздө кездешет. Чындыктын салыштырмалуулугу – объективдүү дүйнөнү толук эмес, жакындаштырып кайра жаратуучу билимди бергендиги. Салыштырмалуу чындыктын белгиси жана чеги болуп бири бири менен байланышкан жакындаштыруу жана толук эместик эсептелет. Дүйнө бири бири менен тыгыз байланыштагы элементтердин тутуму катары көрүнөт жана ал жөнүндөгү толук эмес билим ар дайым так эмес, фрагментардуу, жарым-жартылай болот. Муну менен катар абсолюттук чындык түшүнүгү да мааниге ээ. Анын жардамы менен тааным процессинин өнүгүүсүнүн маанилүү жактары жана маани-маңызы мүнөздөлөт. Абсолюттук чындык термини ар кандай чыныгы билимдин атайын маанилүү маңызын мүнөздөө үчүн колдонулат жана ал объективдүү жана салыштырмалуу чындык түшүнүктөрүнө жакын. Абсолюттук чындык тааным процесси менен тыгыз байланышта каралат, анткени таанып билүү өзү этаптардан турган процесс болуп эсептелет. Мындай этаптардын жүрүшүндө билимдердин негизинде жаңы билимдергээ болуу жүрөт, жаңы илимий ачылыштар мурдагыларына таянат, билимдин ыраттуулугу, ички жана сырткы бүтүндуктүн болушу, чындыкты процесс катары кароо абсолюттук чындыктын маани-маңызын берип турат.

Чындыктын конкреттүүлүгү – конкреттүү, белгилүү бир объекттерди, предметтерди таанып билүүнүн негизинде келип чыккан жана белгилүү, конкреттүү объект, предмет, кубулуштар жөнүндөгү элестөөлөрдү чагылдырган чындык. Абстрактуу чындык - абстрактуу ой жүгүртүүнүн негизинде калыптанган кандайдыр бир жалпылоочу мүнөзгө ээ чындык.

Чындык теориясын талдоодо логика менен тил маселеси да манилүү. Тил – кеңири мааниде – бул маданияттын бардык системасы, анын жардамы менен адамдардын ортосундагы байланыштар жөнгө салынат. Тар мааниде тил – бул кеп аркылуу берилген атайын адистешкен информациялык белги ишмердүүлүгү. Кептин жардамы менен мамиле процессинде эффективдүүлүктүн жогорку чегине жетишүүгө болот. Тил табигый жана жасалма болушу мүмкүн. Табигый тил – күнүмдүк, турмуштук жашоодогу тил катары түшүнсө болот, ал адамдын оюн жана мамиле байланышын билдирүүнүн формасы катары кызмат кылат. Жасалма тил адамдар тарабынан кандайдыр бир керектөөлөрү үчүн жаратылат (математикалык символиканын тили, физикалык теориянын тили, ар түрдүү сигнал берүү системасы ж.б.).

Демек, ч**ындык** – бул ой-пикирде, билимде практика менен текшерүү аркылуу реалдуулукту, болгон нерсени так жана туура чагылдыруу. Реалдуулукту, болгон нерсени, ой-пикирди, билимди так, туура чагылдыруу деген, таанып билүүнүн үстүндө иштеген адамдын өзү аң сезиминде, билимде ошол объектини өзү кандай болсо дал ошондой боюнча, ошол адамдын жана анын аң сезиминин көз карашы боюнча карап, объектиниин нукура маанисине дал келтирип чагылдыруу. Чындык – бул таанып билүү процессинде билимдин тыянагынын изилдеген буюм нерселердин, кубулуштардын, процесстердин ички мазмунуна дал келиши. Чындыктын мындай деген аныктамасы байыркы доордун ойчулдарына таандык, алсак, Аристотелге. Ушундай мазмунда

чындыкты түшүнүү жаңы мезгилдин философиясында улантылган: Ф.Бэкон, Б.Спиноза, Гельвеций, Дидро, Гольбах, М.Ломоносов, Л.Фейербах жана башкалар.

Чындыктын ачык-айкындыгы илимде талкууланып, аны тигил же бул кубулуштун, процесстин кандайдыр бир шарттын, анын шарттуу ордуна жана убакытка байланыштуулугун эсепке алууга негизделген чындык, чындыктын бир касиети, түрү деп билебиз. Чындык абстрактуу түрдө эмес, бардык убакта ачык-акын болот. Ар кандай таанып билүүнүн максаты – бул чындыкка жетүү болуп саналат. Чындык бардык убакта таанып билүү менен тыгыз байланышта, таанып билүүсүз чындык өзүнчө болбойт, ал эми чындыксыз илимий тыянак жана натыйжа болбойт, илимий тыянаксыз же бекемдөөсүз илимдин өзү болбойт. Илим чындыкка негизделинет, б.а. чындык менен илим тыгыз диалектикалык байланышта.

Чындыкты далилдөөнүн жолдору, мүмкүнчүлүгү – тигил же бул теориялык тыянактын, гипотезанын (божомолдун) теориялык ой-жүгүртүүнүн чындык экенин далилдөөнүн жолу болуп коомдук практика саналат, б.а. коомдук практика дегенибиз ошол теориялык ой жүгүртүүнү адамдар иш жүзүндө колдонуу аркылуу алардын чындык экенин же чындык эмес экенин далилдеши. Бул пикир биринчи жолу байыркы грек философу Аристотель тарабынан айтылган. Илимий теориялар эң акыркы жолу өзүнүн бекемдөөсүн практикада текшерүү менен, б.а. ошол теорияларды өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүндө, адамдардын коомдук ишмердүүлүгүндө колдонуу жолу аркылуу алат. Тигил же бул илимий ой-пикирлерди практикада текшерүүнүн жолу ар түрдүү болушу мүмкүн: эксперимент, байкоо, ченөө, лабораториялык анализ (текшерүү) ж.б.у.с. Практика аркылуу бекемделиниши тигил же бул илимий теориянын, ойдун, идеянын тууралыгын далилдейт.

Гносеологиянын изилдөөсүнүн чегине илимий тааным да кирет. Илимий таанып билүүнүн негизги максаты катары объективдүү мыйзамдарды жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилдөө эсептелет. Илимий тааным рационалдык мүнөзгө ээ, ал системалуу, өз ара карым катнашта жана байланышта болгон түшүнүктөр, ой жүгүртүүлөр, илимий теорияларды жаратат. Ал диалектикалык мүнөздө болуп, билимди ишенимге каршы коет.

Илимий таанып билүүнүн ыкмалары катары философиялык ыкмалар, жалпы илимий ыкмалар, жеке илимий ыкмалар эсептелет. Эмпирикалык изидөөнүн ыкмалары – байкоо, эксперимент. Ошо эле учурда илимий таанымдын түзүмү да айырмаланат. Ал эмпирикалык, теориядык билимдер, философиялык-дүйнөтаануулук жана практикалык бөлүктөрдөн турат. Илимий таанымда эмпирикалык жана теориялык тааным анын деңгээлдери катары болот. Ал эми илимий таанымдын формалары катары илимий факт жана эмпирикалык мыйзам эсептелет. Илимий формалары: проблема, гипотеза жана теория. Проблема – тааным процессинде келип чыккан жана ошого жараша жоопту талап кылган аң сезимдүү түрдө суроону калыптоо (формулировка кылуу). Гипотеза – негиздүү түрдөгү божомол, кээ бир толук эмес изилденген объект, предмет, кубулуштар жөнүндө мүмкүн болгон маңызын алдын ала

табуу жана айтууга негизделген ой корутунду. Теория – чындыктын тигил же бул кубулушу жөнүндөгү жалпыланган илимий билимдин системасы.

Илимий революциялар – илимдеги кайра түзүүлөр, илимий таанымдын мазмунунун өзгөрүшү, жаңы ой корутундунун бекемделиши. Ушуга байланыштуу илимий революциялардын төмөндөгүдөй типтери айырмаланат:

- дүйнөнүн сүрөтүнүн радикалдуу өзгөрүүсү болбогон кайра куруулар;
- дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүндөгү кээ бир жактарынын радикалдуу өзгөрүүсү менен коштолгон кайра куруулар.

Илим техника менен байланышкан. Техника заманбап коомдо изилдөөнүн премети болуп келүүдө: аны табигый, гуманитардык илимдер изилдөөсүнүн предмети катары көрүүдө. Анткени техникалык колдоосуз табигый илимдерде эксперимент жүргүзүү мүмкүн эмес болгондой эле гуманитардык илимдердин өнүгүшү да техника менен байланышкан. Техника философиясында табигыйлык менен жасалмалыкты айырмалоо илим менен техниканын байланышын көрсөтөт. Мында илим биринчи, техника экинчи деген ой жаралган. Заманбап коомдо техника өз алдынча мүнөзгө ээ экендигин айтышат.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

1. Чындык теориясынын маңызы эмнеде?.
2. Чындык жана ой жүгүртүүнүн байланышы кандай?
3. Логика жана тил кандай байланышта?
4. Илимий таанып билүүнүн түзүмү, анын ыкмалары жана формаларын талдагыла
5. Илимий революциялар жана рационалдуулуктун типтеринин алмашышы дегенди кантип түшүнөсүнөр?
6. Илим жана техниканын байланышы кандай?

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**

1. Введение в философию: Учебное пособие/под ред. И.Т. Фролова и др. - М.:Республика, 2005.
2. Губин, В.Д. Философия: учебник / В.Д.Губин. – М.: Проспект, 2017. – 332 с.
3. Марков, Б.В. Философия: для бакалавров и специалистов / Б.В.Марков. –Санкт-Петербург [и др.]: Питер, Питер Пресс , 2017. - 426 с.

## Тема 16. Адам, коом жана маданият

1. Адам коому жеке адам жандыктарынын көп түрдүүлүгү, тарыхый процесстин жандуу жана активдүү агенттери катары
2. Адам жана табият. Адам жеке феномен катары, коомдук мамилелердин продуктысы жана субъектиси катары
3. Маданият жана цивилизация

Адам жашоосу коомдо жүрөт жана коомдогу башка адамдар менен карым катнашта болот. Ушуга байланыштуу жеке инсан менен коомдун карым катнашы кандай деген суроо жаралат. Бул суроого ушул теманын алкагында жооп издеп көрөлү. Адам деген ким жана анын болмушунун маңызы эмнеде деген суроолорго азыноолак болсо да болмуш темасынын алкагында сөз болгон. Ал эми бул темада адамды коом менен байланыштуу карайбыз. Заманбап изилдөөлөрдө жана окумуштуулар арасында адамдын социалдык жана биологиялык жагынын кайсынысы үстөмдүк кылаары тууралуу дискуссия бар. Акыркы изилдөөлөрдө  бул маселеге маданият да кошулуп,  адамга карата дагы бири ченем пайда болду. Адам төрөлгөндөн баштап коомдук мамилелерге биригет, бардыгы үчүн бирдей болгон биргелешкен жашоого аралашат. Мындай мааниде алганда коом адамдардын биргелешкен жашоосу болуп саналат. Анда карым катнаштын экономикалык, саясий, моралдык, диний ж.б. формалары калыптанат. Андан сырткары адамга маданият да таасирин тийгизип, менталдуулук, б.а., өзгөчө этникалык-улуттук ой жүгүртүү стили, идеалы калыптанат. Коом адамдардын биргелешкен жашоосун камсыздаса, маданият болсо жеке, өзгөчө маани берет, себеби маданият адамдын жашоосунун өзгөчө кайталангыс жолу, ал адамдардын өз ара белги-символикалык алмашуусунун негизинде пайда болот. Маданият менен коомдун өнүгүүсү тарыхый мүнөзгө ээ болуу менен социомаданийгенез деген термин менен аталат.

Табият – адам жайгашкан жер, ал ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жай.  Табият адам үчүн анын жашоосунун табигый шарты, табияттагы өзгөрүү адамга таасирин тийгизгендей эле, адамдын ишмердиги табиятка таасирин тийгизет, анын түрүнүн, түсүнүн өзгөрүүсүнө алып келет. Ошондуктан адамдардын табиятта пайда болушу менен коэволюция процесси башталат. Коэволюция деген эмне? Бул – табияттын, коомдун, адамдын жана маданияттын биргелешкен эволюциясы. Окумуштууладын бир тобу адамдагы биологиялык жакты жогору баалап, ошого басым жасаса, социалдык жагы басымдуулук кылат деген да философтордун тобу бар.

Коомдун социалдык тутумунда адам маанилүү роль ойнойт. Ал коомдун тутумунун негизги, алгачкы элементи; ансыз коомдук институттар, мамилелер, ар түрдүү коомдук уюмдар жана топтор болбойт. Ошондуктан ал бир эле учурда коомдук мамилелердин объектиси жана субъектиси.

Индивид, индивидуалдык жана инсан айырмаланат түшүнүктөрүн айырмалоо жана жакындаштуу маселеси да филосфияда каралат

Философияда инсан деген түшүнүк – адамды, коомдук сапатты алып жүргөн – бирөө, коомдун бир мүчөсү деген маанини түшүндүрөт. Инсан деген түшүнүктүн ички мааниси – бул биосоциалдык сапаттагы жандын өзүнүн ички маани негизи, мазмуну коомдук мамилелерди өзүнө сиңирип алган адамдын сапаты. Инсан – коомдун жеке адамдагы чагылдырылышы. Ар бир адам – инсан, анткени, учурдагы коом ал адамдын ички дүйнөсүнүн, жүрүш турушунун аныктоочусу, эң башкысы, негизи. Коомдо адамдын коомдук жан катары жашашы, адамдардын бири бири менен байланышын зарыл кылат, ошол

зарыл болгон өз ара байланышта, адам жашап турган коомдук сапаттарын өзүнө сиңирип алып, инсан катары коомдун мазмунуна окшош болуп калат. Инсандын ички маңызы анын биологиялык белгилер менен эмес, анын кыймылы менен аныкталат. Адамдардын инсандык сапаттарга ээ болууда анын табийгый белгилери башталышы болуп саналат. Индивиддер – жеке адамдар, биологиялык кээ бир белгилер, өзгөчөлүктөр менен айырмаланат, бирок инсан катары ал коомдо гана калыптанат. Ошондуктан, инсанга таандык болгон касиеттер ал инсан менен кошо төрөлбөйт, ал коомдук түзүлүшкө жараша болот. Ар бир коомдун өз дооруна жараша, аны бүт камтып чагылдырган инсаны болот. Ар бир инсанда генетикалык, биологиялык өзгөчөлүктөр болот, бирок алар инсандын инсандык негизин, сапаттарын аныктай албайт. Инсандын негизги мазмунун аныктаган коом болуп саналат.

Маданият жана цивилизация учурдагы философияда да өзүнчө талкуунун предмети. Булар мааниси жана келип чыгуусу боюнча окшош болгону менен бири биринен колдонуу контексти жагынан айырмаланат. Булар адамдын табияттан айырмачылыгын билдирген жалпы түшүнүк болуп саналат жана маданияттын бир тибин аныктайт. Алсак, антикалык маданият же антикалык цивилизация деп айтабыз же болбосо чыгыш маданияты же чыгыш цивилизациясы деген түшүнүк бар. Бирок маданият түшүнүгү же жалпы эле маданият цивилизациядан мурда пайда болгон деп айта алабыз. Эки терминдин ортосундагы айырмачылк кандай деген суроо баарыбызда жаралат. Маданият түшүнүгү адеп-ахдак, диндин аймагынан пайда болот да, руханий маданият менен байланыштуу талдоого алынат жана ошол жааттагы өнүгүү катары билебиз (М., билим берүү, илим, искусство, адеп-ахлак, диндик көз караш ж.б.). Ал эми цивилизация материалдык маданияттын кубулуштарына таандык колдонулат. Мында өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшү, техникалык прогресс, экономиканын өнүгүүсү башкы орунда туруп коомдук турмушка багытталат.

Философтордун кээ бири маданият менен цивилизацияны так ажырымын изилдөөгө алып келишүүдө. Мунун белгилүү өкүлү катары О.Шпенглер эсептелет. Анын пикиринде маданият менен цивилизация айрым бир маданияттын алгычкы жана андан кийинки стадиялары. Буга каршы маданият менен цивилизацияны окшоштурган К.Ясперстин концепциясы бар. Цивилизация бардык маданияттардын баалуулугу болсо, маданият анын негизи.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

1. Адам коому жана жеке адамдын байланышы кандай?
2. Адам жана табияттын карым катнашы эмнеден көрүнөт?
3. Адам коомдук мамилелердин продуктысы жана субъектиси дегенди кандай түшүнөсүнөр?
4. Маданият жана цивилизациянын маанисин талдагыла

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**


1. Алексеев П.В., Панин А.В. Философия: Учебник.- М.: Проспект,

2020. – 592 с..
2. Боженов А.Э. Основы философии. Учебное пособие. – М.: Аспект Пресс, 2019. – 608 с.
3. Демина Л.А., Малюкова О.В., Бучило Н.Ф. Философия: Учебник. - М.: Проспект, 2020. – 360 с.
4. Канке В.А. Философия. Курс для бакалавров: Учебник. - М.: Логос, 2005.
5. Спиркин А.Г. Философия. Учебник. – 2-е изд. – М.: Гардарики, 2006. – 736 с.

## Тема 17. Коом система катарында. Жарандык коом жана анын тутуму

1. Коом өзүнөн өзү өнүгүп туруучу система катары. Материалдык өндүрүш жана өндүрүш жолу түшүнүктөрү
2. Жарандык коом жана анын түзүмү
3. Социалдык байланыштар системасындагы адам. Адам жана тарыхый процесс. Инсан жана масса, эркиндик жана зарылдык
4. Коомдук өнүгүүнүн формациялык жана цивилизациялык концепциясы

Коом – бири бири менен активдүү карым катнашта болгон адамдардын биргелешкен жашоосу. Алар өздөрүнүн турмуштук зарыл керектөөлөрүн канаттандыруу үчүн бири бири менен байланышка барат. Коом – кең мааниде – жаратылыштан айырмаланган материалдык дүйнөнүн бир бөлүгү, адамдардын өз ара байланышы жана мамилесин бирге караган адамдардын тарыхый жактан өнүккөн турмуш тиричилигинин формасы. Коом тарыхый жактан калыптанган социалдык уюшулуш же индивиддердин структурасы, жыйындысы, социалдык группалар, эмгек коллективдери ага кирген мүчөлөрдүн жашоосун камсыз кылуу үчүн зарылдык катары калыптанат. Ошондой эле билимдерди, салт-санааны, маданиятты, чарбалык түзүлүштү сактоо, өнүктүрүү жана өткөрүп берүү үчүн материалдык, экономикалык байлыктарды өндүрүү жана турмуштук керектөөлөрдү канаттандыруу үчүн зарыл болуп эсептелет.

Коом – өзүнөн өзү өнүгүүчү, өзүн өзү башкаруучу бирдиктүү система, анда өз ара тыгыз байланышкан социалдык топтордун, таптардын, социалдык группалардын, үй бүлөнүн, индивиддин экономикалык, маданий, илимий, ишмердүүлүгү ишке ашат.

Коомдо мамлекеттин, анын органдарынын, коомдук институттарынын, уюмдардын, социалдык кыймылдардын ишмердиги ачык көрүнөт. Коом өзүнүн жашоосу жана өнүгүүсүнүн жолу менен башка бардык реалдуу системадан айырмаланат. Адамдар ортосундагы мамилелер туруктуу мүнөзгө ээ болуп коомдук мамилелердин жыйындысын түзөт. Коомдук мамилелер – адамдардын биргелешкен практикалык жана рухий ишмердиги процессинде жөнгө салынуучу мамилелери. Ал материалдык жана идеологиялык болуп бөлүнөт. Материалдык байлыктары өндүрүү адам коомунун жашоосунун жана өнүгүүсүнүн негизин түзөт. Ошондуктан коомдук мамилелердин ичинен

негизги болуп экономикалык, өндүрүштүк эсептелет. Өндүрүштүк мамилелер бардык башка – саясий, укуктук, нравалык, диндик ж.б. коомдук мамилелердин мүнөзүн аныктайт.

Адамдардын ишмердүүлүгү жана алардын коомдук мамилелери коомдук болмуш деп аталат. Коомдук болмуш – бул коомдун турмушунун экономикалык материалдык жагы, б.а. баарынан мурда материалдык байлыктар, б.а. материалдык байлыктарды өндүрүү жана аны менен байланышкан коомдук мамилелер. Коомдук болмуш бул объективдүү коомдук чындык, социалдык материя.

Базис жана надстройка – бул бүтүндөй бир коомдун өз ара ажырагыс жана тыгыз бир бири менен байланышта болгон эки жагын көрсөтүп туруучу философиялык түшүнүктөр. Базис жана надстройка коомдун экономикалык жана ой пикир (идеясы) мамилелеринин байланышын ачык дааны көрсөтөт. «Базис» деген түшүнүк коомдун өндүрүштүк мамилелеринин, анын экономикалык түзүлүшүн, негизин көрсөтүп турат, ал эми «надстройка» деген коомдо экономика менен катар эле коомдук ой пикир (идеялар), уюмдар жана уюмдук мамилелердин бар экендигин көрсөтөт. Надстройкага, идеяларга, ой пикирлерге саясий, укуктук, моралдык, көркөмдүк, философиялык-диндик көз караштар кирет. Бул идеялар коомдук аң сезимдин түрлөрү деп аталат. Алар коомдо үстөмдүк кылган экономикалык мамилелерди, коомдун экономикалык түзүлүшүн экономикалык негизин чагылдырат. Надстройкага идеологиялык мамилелер да кирет. Идеялар, уюмдар жана мекемелер надстройка делип аталышынын себеби, анткени булар өзүнүн ички мазмуну боюнча коомдук-экономикалык түзүлүшүнүн негизин чагылдырат жана пайда болот. Базис надстройкага салыштырганда биринчи, негизи жана анын ички мазмунун аныктоочу.

Материалдык өндүрүшсүз коом жашабайт, ошондуктан ар кандай коом аны өнүктүрүүгө өзгөчө маани берет. Мында адамдардын жашоо деңгээлин жогорулатуу, социалдык жана руханий сфераларын өнүктүрүү маселеси чечилет. Материалдык байлыктарды өндүрүү жолунун эки жагы бар: өндүргүч күчтөр жана өндүрүштүк мамилелер. Өндүргүч күчтөр – биринчи кезекте билимге, ык-машыгууларга ээ болгон адамдар жана эмгек предметтерин, сырье, материалдар, курал-жарактар, курулуш, транспортту өзүнө камтыган өндүрүш каражаттары. Ал эми өндүрүштүк мамилелер – бул өндүрүш процессинде адамдар ортосунда пайда болгон мамилелердин жыйындысы; баарынан мурда өндүрүш каражаттарына болгон менчик мамилелси дегендик. Өндүрүштүк мамилелер – эмгектин бөлүнүшүнүн натыйжасында адамдар ортосундагы ишмердикти алмашуудагы мамилелер. Мисалы, дыйкан же фермер өзүнүн эмгегин коомго же башка адамдарга сунуштайт, ошол учурда ал башка адамдардын кызматынан пайдаланат; натыйжада ал башка кесиптеги адамдардын эмгегин пайдаланат жана ишмердикти алмашат. Тагыраак айтканда өндүрүштүк мамилелер – бул материалдык байлыктарды өндүрүү, бөлүштүрүү, алмашуу жана керектөө процессинде түзүлгөн адамдар ортосундагы мамилелер.

**Коомдун негизги сфералары.** Коомдо өндүрүштүк-экономиклаык, социалдык-турмуштук, саясий, диний, эстетикалык ж.б. коомдук ишмердик ишке ашат. Натыйжада, коомдун негизги сфералары калыптанат. Алар: экономикалык, социалдык, саясий, руханий.

Экономикалык сфера – материалдык байлыктарды өндүрүү, алмашуу, бөлүштүрүү, керектөөнү камтыган экономикалык мейкиндик. Анда өлкөнүн чарбалык турмушу уюштурулат, экономиканын бардык тармактарынын өз ара таасир этүүсү, эл аралык экономикалык кызматташтык ишке ашат. Мында адамдардын экономикалык аң сезими, алардын өздөрүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына болгон кызыкчылыктары камтылат. Бул сферада экономиканы өнүктүрүүнүн объективдүү жана субъективдүү факторлорунун өз ара таасир этүүсү ишке ашат.

Социалдык сфера – коомдогу социалдык топтордун, анын ичинде таптардын, кесиптик, социалдык-демографиялык катмарынын карым катнашынын сферасы. Бул мейкиндикте адамдардын өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн зарыл болгон шарттарын түзүү, калктын бардык катмарына зарыл болгон жашоо деңгээлинин камсыз кылуу, саламаттыкты сактоо, билим берүү, социалдык жактан камсыздоо, калктын бардык тобун социалдык жактан коргоо.

Саясий сфера – таптардын, улуттук жалпылыктардын, саясий партия жана түрдүү коомдук уюмдардын ишмердигинин мейкини. Мында саясий бийлик, аны ишке ашыруу, саясий укуктар жана эркиндиктер ишке ашат. Бир субъект үстөмдүк кылып турган саясий бийликти бекемдөөгө кызыкдар болсо, экинчиси – аны жок кылууга аракет жасайт. Ал эми үчүнчүлөрү саясий бийликти башка субъектилер менен бөлүшүүсүнө умтулат. Натыйжада бардык субъектилер жеке кызыкчылыктары үчүн тигил же бул формада саясий процесстерге таасир этүүнү каалайт.

Руханий сфера – руханий баалуулуктар, аларды жаратуу, жайылтуу жана өздөштүрүү менен байланышкан мамилелердин сферасы. Руханий баалуулук катары живопись, музыка, көркөм адабий чыгарма, адамдардын билими, илим, адеп-ахлак нормалары, жүрүм-турум ж.б. эсептелет. Бул сфера тарыхый жактан калыптанат жана географиялык, улуттук жана башка өзгөчөлүктөрдү камтыйт да элдин жан дүйнөсүндө, улуттук мүнөзүндө чагылдырылат.

Коомдун руханий турмушунун башкы көрсөткүчү болуп коомдук аң сезим эсептелет. Коомдук аң сезим – коомдук турмуштун идеалдык, рухий жагы б.а. коомдогу идея, көз караш, идеал, традиция, маанайлардын жыйындысы. Коомдук аң сезим коом тарабынан өзүн өзү, өзүнүн коомдук болмушун жана курчап турган чындыкты аңдоосу. Коомдук болмуш жана коомдук аң сезим коомго таасир этүү менен бири бири менен диалектикалык байланышта. Мында коомдук өнүгүүнүн негизин, импульсун коомдук болмуш түзөт.

Коомдук аң сезимдин тутумунда төмөндөгүдөй жактары айырмаланат: турмуштук жана теориялык аң сезим, коомдук психология жана идеология. Бул аталгандардын ичинен идеология маселесине кайрыла кетели.

Идеология (гр. idea – идея, logos - учение) – саясий-укуктук, адеп-ахлактык, эстетикалык, философиялык, диндик идеялардын жана көз караштардын системасы. Идеология адамдардын бүтүндөй ааламга, турмушка, бири бирине болгон мамилесин, сезүүсүн, баалай билүүсүн, коомдогу проблемаларды жана карама каршылыктарды чагылдырат; алардын коомдук мамилелерди бекемдөөгө же өзгөртүүгө (өсүп-өнүгүүгө) багытталган ишмердүүлүгүн камтыйт. Идеология – надстройканын бир бөлүгү катары коомдун экономикалык мамилелерин чагылдырат. Таптык коомдо идеология таптык мүнөздө болот, анткени, ал таптардын коомдогу ээлеген ордун, негизги кызыкчылыгын чагылдырат. Идеология идеялардын жана көз караштардын системасы катары таптардын өкүлдөрү тарабынан атайлап, аң сезимдүүлүк менен иштелип чыгылат. Идеологдор теория аркылуу, жалпы социалдык топ практика аркылуу тыянакка, жыйынтыкка келишет. «Идеология» деген термин француз философу жана экономисти Дестют де Трасси тарабынан идея жөнүндөгү илимде көрсөтүлүп, ошол илим аркылуу саясатты, этиканы теориялык жактан бекем негизге коюш үчүн киргизилген.

**Жарандык коом жана анын түзүмү.**

Жарандык коом – коомдук көзөмөл жүргүзүү, белгилүү максаттарга жетүү, адамдардын тигил же бул тобунун кызыкчылыктарын коргоо максатында түзүлгөн коомдук институттардын жыйындысы. Анын негизги белгиси: инсандын укугу менен эркиндигинин камсыздалышы; өзүн өзү башкаруунун у; ар түрдүү саясий күчтөрдүн ортосунда конкуренциянын; коомдук аң сезимдин жана көп пикирдүүлүктүн; көз каранды болбогон ММКнын; укуктук мамлекеттин болушу ж.б.

Жарандык коомдун түзүмүнө калктын тигил же бул катмарынын кызыкчылыгын коргогон коомдук институттар кирет. Алар: коомдук уюмдар жана укук коргоочу уюмдар; саясий партиялар жана уюмдар; көз каранды эмес ММК; коомдун негизин түзгөн үй бүлө, дин менен байланышкан ишмердүүлүк; мамлекеттен сырткары коомдук институттар.

Социалдык байланыштар системасындагы адам. Адам жана тарыхый процесс. Инсан жана масса, эркиндик жана зарылдык.

Адам өзүнүн жашоосунда көп түрдүү байланыштар менен карым катнашты түзөт. Ал байланыштар бири бири менен өз ара ишмердүүлүк процессинде түзүлөт. Социалдык байланыштардын жана мамилелердин материалдык, базистик жана идеологиялык (экинчилик) түрү айырмаланат. Социалдык байланыштар системасында материалдык, экономикалык, өндүрүштүк мамилелер негизги ролду ойнойт. Алар саясий, укуктук, адеп-ахлак мамилелерин аныктайт. Жеке инсан жалпы эл менен, көпчүлүк (масса) менен карым катнашта болот. Инсан жеке бир адамды билдирсе, көпчүлүк - адамдардын тарыхый жалпылыгынын түрүн билдирет. Коллектив, жамаат көпчүлүктү түзөт да бир кылка болбойт, өзгөрүлмөлүү, туруксуз абалда. Мында лидер деген түшүнүк чоң роль ойнойт. көпчүлүк лидерди угушу мүмкүн, анын идеяларын өзүнө алат жана аны ээрчийт.

Коомдук мамилелердин өнүгүшүндө эркиндик менен зарылдыктын диалектикалык байланышы чагылдырылат. Эркиндик өзүнүн каалоолоруна гана баш ийүү, башкалардын укуктарын таануу, андап билинген зарылдык, “негативдүү жана позитивдүү эркиндик” катары каралат. Ал эми зарылдык адамдын ишмердигин аныктаган жана баштатан эле коюлган шарттар.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

1. Коом деген эмне?
2. Материалдык өндүрүш жана өндүрүш жолу дегенди кантип түшүнөсүнөр?
3. Жарандык коом деген эмне?
4. Жарандык коомдун түзүмү кандай?
5. Адам жана тарыхый процесстин маанисин аныктагыла
6. Эркиндик жана зарылдык кандай байланышта?
7. Коомдук өнүгүүнүн формациялык жана цивилизациялык концепциясын талдагыла.

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**


1. Спиркин А.Г. Философия. - М.: Гардарики, 2006.
2. Философия. Учебник / ред. Чумаков А.Н. – М.: Вузовский учебник. Инфра-М, 2016. – 432 с.
3. Философия: Учебник / Под ред. Лавриненко В.Н. - М.,2004.
4. Философия: Учебник/Под ред. Миронова В.В. - М.: Норма, 2005.
5. Алексеев В.О. Философия. Конспект лекций. - М.,2008.
6. Алексеев П.В. Социальная философия: Учебное пособие. - М., 2004.
7. Барулин В.С. Социальная философия. - М.: ФАИР-Пресс, 2000. – 560 с


## Тема 18. Адам философиясы

1. Адам болмушунун маңызы. Адам жашоосу, өлүмү, өлбөстүк маселеси. Зомбулук жана эркиндик. Адам эркиндиги жана жоопкерчилиги
2. Мораль, адилеттүүлүк жана укуктун карым-катнашы

Философияда адам маселеси башкы маселелерден. Адам – биологиялык жана социалдык жандык, тарыхый процесстин субъектиси, б.а. биосоциалдык эволюциянын продуктысы (Homo sapiens өкүлү). Адамзат тукумунун бир өкүлү, тиги же бул адам коомунун бири. Индивид катары адам социалдык мамилелердин продуктысы, анын жүрүм туруму өзү жашаган коом тарабынан аныкталат жана анда инсан катары калыптанат. Экинчи жактан адам – өзгөчө белгилерге ээ болгон белгилүү индивидуалдуулукту алып жүрүүчү. Инсан катары адам социалдык мамилелердин субъектиси б.а. ал «коомду пайда кылган», коомдогу мамилелерди «жараткан» аракет кылуучу катары эсептелет.

Адептүүлүк, адеп-ахлактык – коомдук турмушта адамдардын жүрүш турушун бардык жактан жөнгө салуу милдетин аткарган коомдук институт, коомдук аң есзимдин бир түрү. Адеп-ахлактыкта коомдук турмуштагы жүрүш туруштун сапаттары чагылдырылат жана бекемделинет (жагымдуулук, жакшылык, жамандык, кара ниеттүүлүк ж.б.у.с.). Адептүүлүк же адеп-ахлактык адамдардын жүрүш турушунун, жалпы жашоосунун, бири бирине жана коомго болгон мамилелеринин жыйындысы болгон чегин көрсөтөт. Адептүүлүктүн мүнөзү коомдук экономикалык түзүлүш менен аныкталат. Адеп-ахлактын өлчөмү, мүнөзү таптардын, коомдун катмарларынын, элдердин улуттардын кызыкчылыгын чагылдырат жана жактайт. Адеп-ахлактык жалаң гана жүрүш туруштун өлчөмүнүн системасы эле болбостон, адамдардын руханий көрүнүшүнүн, таптардын, коомдук катмарлардын жана элдин ички дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн мүнөздөйт. Адеп-ахлактык адам коому менен бирге пайда болгон, б.а. мамлекет жана укукка чейин пайда болгон жана узак тарыхый жолду басып өткөн, коомдук түзүлүштүн жана өндүрүштүн өзгөрүшү менен кошо өзгөрүлүп турат. Адеп-ахлактык чектер жана мамилелер түбөлүктүү нерсе эмес, акылдан жана ойдон пайда болгон. Ал коомдун өзүнөн пайда болгон реалдуулук, адамдын жүрүш турушу коомдук пикирдин күчү менен жөнгө салынып, башкарылып, тартипке салынат. Адеп-ахлактык адамдын жүрүш турушун, тартибин чектеп башкаруунун түрүнө кирет, ал эми укук, салт, адат менен айкалышып турат. Эгерде укукта адамдардын жүрүш турушу атайлап жазылып, чектелип, бекемделип жана турмушка атайын уюмдар аркылуу ишке ашырылса, ал эми адеп-ахлактын талабы турмушта эл массасынын өзүнүн практикасында, алардын өз ара мамилелеринин жүрүшүндө, турмуштук практиканы жана тарыхый тажрыйбаны чагылдыруунун негизинде коомдук турмушта сакталып, ишке ашырылып келет, ага коомдук ой пикирдин күчү менен көз салынып, колдоого алынып турат. Моралдык нормалар (чектер) массалык адаттын күчү менен коомдук ой пикир аркылуу колдоого алынат. Ал бардык адамдар тарабынан ар бир адамга, эч ким эстен чыгарылбай көзөмөлдүн алдында болот.

Адам антропосоциогенез процессинин продуктысы. **Антропогенез** (греч anthropos – адам, genesis – чыгышы, пайда болушу, жаралышы) – адамдын пайда болушу жана анын өсүп-өнүгүүсүнүн процесси. Дарвин, Гексли, Геккель далилдешкендей, адам эң жогорку сапаттагы адамга окшош маймылдан чыккан. Ф.Энгельстин көрсөткөнү боюнча, маймылдын адамга айланышынын эң негизги себепчи күчү болуп коомдук эмгек, ишмердүүлүк саналат. Адамдын пайда болушу миңдеген жылдарга созулган жана көптөгөн баскычтар аркылуу өткөн жөнөкөй аңчылык, табигый куралдарды пайдалануудан баштап, жасалма эмгек куралдарын системалык түрдө даярдоого чейин. Ал эми коомдук өнүгүү сезимдин жана тилдин пайда болушуна шарт түзүп, адамдардын азыркы анатомиялык тулку бой мүчөсүн калыптандырды. Ушуга байланыштуу антропологизм идеясы үстөмдүк кылып келген. Антропологизм (грек anthropos – адам, logos - илим) – адам жөнүндөгү илим. Адам эмне жана ким экенин түшүнүүдө, табияттын эң жогорку деңгээлде, табият өзү жараткан жана анын

өзгөчөлүктөрү, сапаттары жалаң гана табияттын өзү менен аныкталынат деген илимдеги концепция. Мындай илимдеги кадам, адамдын маңызын түшүнүүдө, адам менен табияттын ортосундагы тыгыз байланышты көрсөтүүдөгү зарылдыктан келип чыккан. Мындай түшүнүк адамдын түпкү маңызын түшүнүүдөгү адамдын жанын анын денесинен бөлүп экөөсүн эки башка, барабар катары караган дуализмге жана идеалисттик түшүнүккө каршы жасалган кадам. Адамдын маңызын илимий жактан түшүнүү – адам жалаң гана табияттан жаратылган эмес, ал коомдун өсүп өнүгүшүнөн пайда болгон. Адам – бул табияттын да, коомдун да өсүшүндө пайда болгон эң жогорку деңгээлдеги жан, адамдын келип чыгышында коом чечүүчү ролду ойнойт.

Ал эми кайра жаралуу доорунда антропоцентризм жана гуманизм чоң роль ойногон. Антропоцентризм – адам ааламдын борбору жана аалам түзүлүшүнүн акыркы чеги, максаты катары караган көз караш.

Гуманизм (лат. humanus - адамкерчиликтүүлүк) – бул термин кыргызча деле «гуманизм» деп бардык илимий жана саясий тармактарда колдонулуп жүрөт. Гуманизм – бул адамдын адамдыгын жана укугун сыйлоо, адамдардын жыргалчылыгы жөнүндө кам көрүү, анын өсүшүнө коомдо жагымдуу шарттарды түзүүнү, ж.б.у.с. камтыйт. Биринчи башталышында гуманизмдин идеялары эл массасы тарабынан, эзүүгө каршы уюшпаган түрдө болгон күрөштө иштелип чыккан. Ал эми Кайра Жаралуу доорунда (XV-XVI кк) гуманизм ой пикир катары калыптана баштайт. Кайра жаралуу доорунда гуманизмдин ири өкүлдөрү Петрарка, Бокаччо, Леонардо да Винчи, Коперник, Бруно, Ф.Бэкон, Эразм Роттердамский ж.б. адамдын эркиндигин, адамдын ырахаттануу үчүн укугун билдиришкен.. Бул турмушта талаптарын канаттандырарын көтөрүп чыгышып, диндик аскетизмге каршы чыгышкан. Чыныгы гуманизм – бул адамды адам эзүүнү, социалдык жана улуттук теңсиздикти жоюу, ошондой эле бардык адамдардын арасында таптык, улуттук, расалык айырмачылыкка карабай тең укуктуулук идеясынын салтанаттанышы, коомдо инсандын ар тараптан жана гармониялык өсүшүнө шарт түзүү. Адамдын жыргалчылыгы үчүн кам көрүү жана адамдын адамдык турпатын сыйлоо болуп саналат.

Адамдагы социалдык жагы инсан. Инсан – бул түшүнүк биринчи жолу байыркы грек театрында актердун бетке кийген маскасы, ойногон ролун билдирген. Ошол эле мезгилде бул түшүнүк байыркы грек философиясында инсанды полистен же жалпы уюмдан ажыратып, дененин бир мүчөсүн бүтүн денеден ажыратып кароого болбойт деген маанини билдирет. Инсан деген түшүнүк көптөгөн гуманитардык илимдерде колдонулат. Философияда инсан деген түшүнүк – адамды, коомдук сапатты алып жүргөн – бирөө, коомдун бир мүчөсү деген маанини түшүндүрөт. Инсан деген түшүнүктүн ички мааниси – бул биосоциалдык сапаттагы жандын өзүнүн ички маани негизи, мазмуну коомдук мамилелерди өзүнө сиңирип алган адамдын сапаты. Инсан – коомдун жеке адамдагы чагылдырылышы. Ар бир адам – инсан, анткени, учурдагы коом ал адамдын ички дүйнөсүнүн, жүрүш турушунун аныктоочусу, эң башкысы, негизи. Коомдо адамдын коомдук жан катары жашашы, адамдардын бири бири

менен байланышын зарыл кылат, ал байланышта, адам жашап турган коомдук сапаттарын өзүнө сиңирип, инсан катары коомдун мазмунуна окшошот. Инсандын ички маңызы анын биологиялык белгилери менен эмес, кыймылы менен аныкталат. Адамдардын инсандык сапаттарга ээ болууда анын табийгый белгилери башталышы болуп саналат, индивиддер – жеке адамдар, биологиялык кээ бир белгилер, өзгөчөлүктөр менен айырмаланат, бирок инсан катары ал коомдо гана калыптанат. Ошондуктан, инсанга таандык болгон касиеттер аны менен кошо төрөлбөйт, ал коомдук түзүлүшкө жараша болот. Ар бир коомдун өз дооруна жараша, аны бүт камтып чагылдырган инсаны болот. Инсанда генетикалык, биологиялык өзгөчөлүктөр болот, бирок алар инсандык негизин, саппаттарын аныктай албайт. Инсандын негизги мазмунун аныктаган коом.

3. Адам жашоосу, өлүмү, өлбөстүк маселеси. Зомбулук жана эркиндик. Адам эркиндиги жана жоопкерчилиги

Адам жашоону, өмүрдү ага берилген бир гана мүмкүнчүлүк деп билет. Ал эми өлүм анын болмуш эмеске кетиши. Адамдын өзүнүн өлүшү жөнүндөгү маселени билиши өмүрдү баалаганга, ар бир убактысын чыгармачылык менен өткөрүүсүнө түрткү берет. Өлүм феноменине карата рационалисттик-стоиктик, диндик, романтико-сентименталдык, атеисттик көз караштар бар.

Зомбулук маселеси эркиндик менен байланышта каралат. Бул маселеге карата эки көз караш бар: абсолюттук жана прагматикалык. Кеңири мааниде зордук-зомбулук адамды бардык түрдөгү басынтуу деп билебиз. Ага физикалык, экономикалык, саясий, психологиялык ж.б. кирет. Булар адамдын инсандык өнүгүүсүнө таасирин тийгизип, басынтуунун ар кандай деңгээлинде болот.

Ал эми зордук-зомбулукту тар мааниде дене түзүлүшүнө зыян алып келүү жана экономикалык жактан зыянга учуратуу катары билебиз. Зомбулук үстөмдүктү, бир адамдын экинчисине карата бийлигин көрсөтөт. Зомбулук бирөөнүн эркинин экинчисине болгон үстөмдүк кылуусунун жолу жана ал үчүн чечимдерди кабыл алуусу ж.б. Бул үй бүлөдөгү атанын бийлиги, мыйзамдын бийлиги же басып алуучунун бийлиги аркылуу да көрүнөт.

Зомбулуксуздук коомдун тарыхында зомбулукка каршылык көрсөтүү катары каралат. Көп учурда момундуктун, пассивдүүлуктүн, алсыздыктын чагылдырылышы катары кабыл алынганы менен каршылык көрсөтпөө менен туюнтулуп келген. Зомбулуксуз жүрүм турумдун принциптери болуп чындык үчүн үстөмдүктөн качуу, өзгөрүүгө даяр болуу, компромисс үчүн сүйлөшүүгө баруу; жеке өзүнүн журум турумун сындоо; каршы тараптын көз карашында кырдаалга анализ жасоо; жамандык менен күрөшүү; каршы турган тарапка карата ачык көз караште болуу.

Эркиндик маселесин талдоодо эрктин эркиндигине кайрылуу философиянын алдына койгон максатынын бири. Эрк эркиндиги – инсандын белгилүү бир максаттарын жана милдеттерин аткарууда адамдын тоскоолдуксуз ички өзүн өзү аныктоо мүмкүнчүлүгүн билдирген түшүнүк. Философияда жана диний дүйнөтаанымда эрк эркиндиги адамдын акыл

эстүүлүгү, анын иш аракети үчүн жоопкерчилиги, өз милдетин аткаруу, өз тагдырын аңдап билүү менен байланышкан.

Жоопкерчилик – инсандын, жамааттын, коомдун ортосундагы объективдүү, тарыхый спецификалык түрүн аларга коюлган өз ара талаптарды аң сезимдүү ишке ашыруу көз карашын мүнөздөгөн негизги фиософиялык түшүнүк. Жоопкерчилик адамдын жүрүм турумунун жана иш аракетинин ички мотивациясынын негизи. Мында абийир чоң мааниге ээ. Жоопкерчиликтин тарыхый, саясий, моралдык, укуктук ж.б. түрлөрү бар. Ошондой эле жоопкерчилик жеке жоопкерчилик жана топтук жамааттык жоопкерчиик түрүндө болот. Жоопкерчилик адамды коомдун кызыкчылыгына ылайык өзүн алып жүрүүсүн шарттайт. Ошондуктан эркиндик менен жопкерчилик диалектикалык байланышта: адамдын эркиндиги көбөйгөн сайын жооперчилиги да жогорулайт.

4. Мораль, адилеттүүлүк жана укуктун карым-катнашы

Мораль менен укук жана нравалуулук байланышта: мораль белгилүү бир баалуулуктарды камтыйт; укук негизги нравалык баалуулуктарды сактоо, жалпы таанылган мамилелерди жана баалуулуктарды өнүктүрүү милдетин аткарат. Укук мораль тарабынан пайда болот. Мораль адамзаттын өнүгүүсүнүн белгилүү бир этабында пайда болот; ошондо гана адам өзүн коомдун мучөсү катары сезет. Ал бир нече этаптан жана баскычтан турат. Мораль болгон жерде гана укук болот, анткени коом нравалык атмосфераны сактоого муктаж, укук коомдо коргоо милдетин аткарат.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

1. Адам болмушунун маңызы эмнеде?
2. Адам жашоосу, өлүмү, өлбөстүк маселесин талдагыла
3. Зомбулук жана эркиндик. Адам эркиндиги жана жоопкерчилиги деген эмне?
4. Мораль, адилеттүүлүк жана укуктун карым-катнашы кандай?

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**

1. Алексеев П.В., Панин А.В. Философия: Учебник.- М.: Проспект, 2020. – 592 с.
2. Боженов А.Э. Основы философии. Учебное пособие. – М.: Аспект Пресс, 2019. – 608 с.
3. Демина Л.А., Малюкова О.В., Бучило Н.Ф. Философия: Учебник. - М.: Проспект, 2020. – 360 с.
4. Канке В.А. Философия. Курс для бакалавров: Учебник. - М.: Логос, 2005.
5. Спиркин А.Г. Философия. Учебник. – 2-е изд. – М.: Гардарики, 2006. – 736 с.

## Тема19. Баалуулуктар жөнүндөгү философиялык окуу

1. Аксиология философиялык окуу катары
2. Нравалык баалуулуктар. Ар түрдүү маданиятта калыптанган адам жөнүндөгү көз караштар

Баалуулуктар жөнүндөгү окуу **аксиология** деп аталат. Аксиология - кыргызча түшүндүрмөсү кененирээк айтканда – бул кымбаттуулук, баалуулук, көөнөрбөс, өлбөс-өчпөс, кылымдар карыткан табияттан, адамдардын колунан жаралган, адамдардын өз ара мамилесинен пайда болгон баалуу, ажайып ачык турган, адамдардын турмушунун негизинде келип чыккан реалдуу айкындык. Аксиология – бул философия илиминин кымбат, баалуу дегенди философиялык жактан түшүндүрүү, анын пайда болушунун, коомдогу ээлеген ордун үйрөтүүчү окуу. Кымбат, баалуу түшүнүгү тарыхтын, илимдин өнүгүшүндө көп жолу адамдардын, коомдун, мамлекеттин, ааламдын, буюмдардын накта негизин, адамдардын колунан жаралган материалдык жана руханий чыгармачылыктын маңызын баалай билүүдө келип чыккан.

Бул түшүнүккө тарыхый көз чаптырсак, ал байыркы доордо эле пайда болгон (ал Сократтын заманына таандык), ар кандай түшүнүктөрдө камтылган. Кымбат баалуу деген – бул адамдардын ишмердигинин кызматындагы абал, баалуулукка болгон мамиле. Баалуулуктун деңгээлин адамдын коомдук турмуштагы чөйрөгө болгон мамилеси аркылуу ченөөгө болот. Табияттын кубулуштары, табигый нерселер адамдын чыгармачылык эмгеги чегерилгенде гана ал кымбат – баалуулук касиетке ээ болуп, анын сапаттарын камтый алат. Баалуулук – бул коомдук касиет жана анын ажырагыс бөлүгү, ал адамдан ажырабайт. Кымбат баалуу болуш бул адамдын нравалык, коомдук-саясий, ишмердүүлүк сапаттары аркылуу мааниге ээ болот. Баалуулук – ишмердик аркылуу аныкталат. Баалуулук ар түрдүү болушу мүмкүн, айтсак: оң же тескери, объективдүү жана субъективдүү, материалдык жана руханий, жалпы адамзаттык жана жеке, этикалык жана эстетикалык. Баалуулук баа берүү аркылуу аныкталынат, ал эми баалоо адамдын ишмердүүлүгүнүн бөлүнгүс касиети. Баалоо – бул табияттын жана коомдун, дүйнөнүн баалуулугун сезе билүүнүн куралы, баалоодо коомдук жана жекече баалуулуктун биримдиги ачылып көрсөтүлөт.

**Нравалык баалуулуктар.** Адеп-ахлак маселелери менен алектенген философиялык илим этика деп аталат. Адеп-ахлак коомдук жана жеке турмуштун белгилүү бир чөйрөсүн, маданиятты бириктирет. Адеп-ахлак ар кандай кубулуштарды камтыйт: жүрүм турумдун эрежелерин жана нормаларын, баалуулуктарды, идеалдарды, адамдын мүнөзүнүн касиеттерин жана жөндөмдөрүн, адамдардын жүрүм турумунун өзүн. Алгачкы этикалык идеялар байыркы доордо эле пайда болгон. Мораль – өздүк аң сезимдин формасы, ал аркылуу адам өзүнүн болмушун, каалоосун, максатын жана ойлорун ишке ашырат. Ал социалдык-тарыхый жактан калыптанган жана адеп-ахлактык милдетти аткарган баалуулук. Моралдын жардамы менен социалдык баалуулуктар системасында өзүн аңдап билет: нормалар, баалуулуктар,

идеалдар аркылуу адам өзүнүн жүрүм турумун жөнгө салат. Дүйнөтаануучулук кызматты аткаруу менен мораль өзгөчө система катары да болот. Моралдын өзгөчөлүгү анын функцияларынан көрүнөт.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

1. Аксиология деген эмне?
2. Нравалык баалуулуктар кайсылар?
3. Маданияттагы адам жөнүндөгү көз караштарды анализдегиле

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**


1. Алексеев В.О. Философия. Конспект лекций. - М.,2008.
2. Алексеев П.В. Социальная философия: Учебное пособие. - М., 2004.
3. Философия. Учебник / ред. Чумаков А.Н. – М.: Вузовский учебник. Инфра-М, 2016. – 432 с.
4. Философия: Учебник / Под ред. Лавриненко В.Н. - М.,2004.
5. Философия: Учебник/Под ред. Миронова В.В. - М.: Норма, 2005.


## Тема 20. Диний жана эстетикалык баалуулуктар жана алардын адам жашоосундагы ролу

1. Дин дүйнөгө болгон көз караштын бир формасы катары
2. Диний аң сезим жана анын адам жашоосундагы ролу
3. Эстетикалык баалуулуктар жана анын коомдук турмуштагы ролу

Аксиологиянын алкагында эстетикалык жана диний баалуулуктар да талдоого алынат. Анткени дүйнөнү сулуулук мыйзамы менен кабыл алуу өтө маанилүү болуп саналат. Философияда эстетикалык баалуулук жөнүндөгү илимди эстетика деп айтабыз. Эстетиканын предмети болуп адамдын сезимдери, дүйнөнү бүтүндөй бир толук, образдуу таануу эсептелет. Анын негизги түшүнүктөрү катары сулуулук жана сонундук, көтөрүңкүлүк жана жогорулук эсептелет.

Дин дүйнөтаанымдын формасы катары дүйнөнү табигый жана табигыйлыктан жогору турган дүйнө деп бөлөт. Жогорку күчтүн барлыгы, ал дүйнөтүзүлүшүнө, адамдардын жашоосуна таасирин тийгизээри айтылат. Натыйжада ишеним пайда болот. Ишеним – диний аң сезимдин жашоосунун жолу, өзгөчө маанай, адамдын жан дүйнөсүн мүнөздөөчү кубулуш. Диний көз караштар коомдун өнүгүүсүнүн продуктусы. Мындай көз караштын пайда болуусу менен диний салтты, идеяларды сактоочу, системага салуучу жана жайылтуучу адамдардын тобу жаралат. Ишеним аркылуу Кудай тарабынан дуйнөнүн жаралышы (креационизм), ал тарабынан дүйнөдө болуп жаткандардын алдын ала аныкталышы (провиденциализм), дүйнө түзүлүшүнүн максаттуулугу (телеология), жан адамдын башкы маңызы экендиги, адам менен Кудайдын карым катнашы, тиги дүйнөдөгү жашоосу сыяктуу көз караштар калыптанат

Дин боюнча адам Кудайга кайрылуу аркылуу ага жакындайт; негизги диний баалуулуктар катары эркиндик эсептелет. Кудай адамга эркиндик берген; ар намыстын эркиндиги – башкы баалуулук. Бул ар кандай ишенимге ээ болууну шарттаган табигый укук. Ар намыстын эркиндиги адамга динди тутунуу аркылуу динчил болууга же атеист болууга негиз болот. Диний ишенимге болгон эркиндикке караганда ар намыстын эркиндиги кеңири мааниде колдонулат. Динде толеранттуулук, сабырдуулук, башка диндегилерге сабырдуулук менен кароо сыяктуу баалуулуктар бар.

Руханий баалуулуктар – кылымдар бою калыптанган адамдын жан дүйнө байлыгы. Рух – адамдын эң жогорку жөндөмдүүлүгү; ал адамдын инсандык жактан өзүн аныктоосуна, өзүн түшүнүүсүнө жардам берет. Адам жашоосунда курчап турган кубулуштарга күбө болот, аларды билип-тааныйт, башка адамдар менен ар турдүү социалдык топтор менен мамилелерге катышат, аң сезимдүү же аңдап билинбеген деңгээлде аларга карата оюн билдирет. Табияттагы, социалдык болмуштагы сулуулук, өзгөчөлүк, кооздук, сонундук тууралуу көз караштары калыптанып, аларды кабылдоого жөндөмдүү болот. Ошол кубулуштарды жан дүйнөсү аркылуу туюп сезип, же кубанат, же кайгырат, кээ бир учурда кыжалаттанат. Кубануу сезимин пайда кылган учурда адамда канааттануу, кубанычты сезгендик, таң калуу, өзгөчө көтөрүңкү маанай жаралат. Табияттын сулуулугун жана анын предметтерин кайра жаратуу эстетикалык мүнөздө болуп, искусствого тиешелүү кубулуш катары болот.

Эстетикалык баалуулук катары искусство эсептелет. Искусство – бул ааламды, дүйнөнү эстетикалык жактан өздөштүрүүнүн бирден бир башкы жолу, бизди курчап турган жана жашап жаткан реалдуулукту көркөмдүк жолу менен чагылдырган коомдук аң сезимдин бир түрү жана адамдын ишмердүүлүгү. Көркөмдөп чагылдыруу сүрөтчүлөр тарабынан (жазуучулар, сүрөтчүлөр, скульпторлор, режиссерлор, артисттер ж.б.у.с.), турмушту терең, жакшы билгендигинен жана көркөмдүк устатчылыгынын жогорку деңгээлинин негизинде жаратылат. Искусствонун предмети жана реалдуу чындыкты чагылдыруу өзгөчөлүгү анын айырмасын, кызматын аныктайт, б.а. адамдын эстетикалык талаптарын эң жакшы жаркыраган чыгармаларды жаратуу менен, ааламга сүйүнүч, ырахат алып келүү жолу менен канаттандырат, анын ички дүйнөсүн байытып, ошол эле мезгилде художниктин өзүнүн ишмердүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн ойготуп, өстүрүп, сулуулуктун закону аркылуу жаңы чыгармаларды жаратып, ошол сулуулукту турмуштун бир бөлүгү катары толуктоого шыктандырат. Искусство адамзаттын тарыхынын алгачкы башталышында, дүйнөнү эмгек жолу менен өзгөртүүгө аракет кылганда эле келип чыккан.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

1. Дин жана дүйнөгө болгон көз караштын карым катнашы эмнеде?
2. Диний аң сезим деген эмне?
3. Диндин адам жашоосундагы ролун талдагыла
4. Эстетикалык баалуулуктар кайсылар?

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**

1. Алексеев В.О. Философия. Конспект лекций. - М.,2008.
2. Алексеев П.В. Социальная философия: Учебное пособие. - М., 2004.
3. Спиркин А.Г. Философия. Учебник. – 2-е изд. – М.: Гардарики, 2006. – 736 с.
4. Философия. Учебник / ред. Чумаков А.Н. – М.: Вузовский учебник. Инфра-М, 2016. – 432 с.
5. Философия: Учебник / Под ред. Лавриненко В.Н. - М.,2004.
6. Философия: Учебник/Под ред. Миронова В.В. - М.: Норма, 2005.

## Тема 21. Адамзаттын келечеги. Учурдагы глобалдуу маселелер

1. Футурология философиялык окуу катары
2. Адамзаттын илимий-техникалык жактан өнүгүүсүнүн гуманисттик потенциалы
3. Азыркы учурдагы глобалдык кырдаал: саясий, экологиялык, демографиялык ж.б.

Адамзаттын келечегин изилдеген философиялык окуу **футурология** деп аталат. Келечекти көрө билүү – бул келечек тууралуу билим; чындыкта азыр болбогон, бирок келечекте реалдуу болуусун болжогон ишмердик. Келечекти болжоону үч мезгилге бөлүшөт: түздөн түз, байкоого болоор (обозримое) жана алыскы же ыраакгы аралыкты болжоо. Түздөн түз болжоо 20-30 жылды алдын ала болжосо, байкоого болоор 100 жылды, ал эми алыскы аралыкты болжоо андан кийинки жүз жылдыктарды болжойт. Биринчи мезгили жетишээрлик так аныктоо аракетин жасайт. Мисалы, демографиялык маселелерди, минералдык сырьенун сарпталышын, илимий ачылыштарды. Экинчи мезгили чындыкка жакындашкан болжолдоо берсе, үчүнчүсү гипотетикалык мүнөздө. Келечекти изилдөө социалдык прогноздоону түзүү жана адамзаттын өнүгүүсүнүн перспективасын ачыктоо дегенди билдирет. Социалдык прогноздоонун төмөндөгүдөй ыкмалары белгилүү: 1) экстраполяция; 2) тарыхый аналогия; 3) компьютердик моделдөө; 4) келечектин сценарийи; 5) эксперттик баалоолор.

Заманбап өнүгүүдө илимий-техникалык прогресс өзгөчө мааниге ээ. Анткени дүйнө техникалык прогресстен жапа чекпеши керек жана аны адамзаттын социалдык прогресси үчүн гана жумшаш керек. Бардык илимий-техникалык прогресс адамдын гуманисттик потенциалын өнүктүрүүгө багытталса цивилизациянын бүтүндүгү жана өнүгүшү уланат. Экологиялык маселе жеке адамдын жүрүм турумунан башталат. Эгерде ал өзү жашаган жерди таза кармап, таштандыларды орду менен таштап, көчө, шаарды булгабай жашоо образын жүргүзсө экологияга кыянаттык кылбаган болот. Адеп-ахлак жактан, эстетикалык жактан тарбияланбагандык айлана-чөйрөнү булганышына, адамдардын бири бирин сыйлабагандыгына алып келет. Бул болсо экологиялык катастрофанын келип чыгышы менен адамзаттын моралдык-нравалык

кризисинин башталышы болуп калат. Табият адамга муктаж, ансыз ал көркүнө чыкпайт, адам да табиятка муктаж, ансыз адам техникага жакындашкан жандык катары болуп калат. Бирок адам аны ар дайым эле аңдап биле бербейт, коомдук мамилелерди гана биринчи планга коют, табияттын ролун унутта калтырат. Ошондуктан адам өзүнө, табиятка гумандуу мамиле жасоосу зарыл.

Глобалуу маселелер – адамзат биргелешип чечүүнү талап кылган жалпы адамзаттык көйгөйлөр. Анын чечилиши цивилизациянын андан ары жашоосун шарттайт. Алар кайсылар деген суроо жаралышы мүмкүн. Төмөндө аларды санап кетели:

- Түндүк-Түштүк маселеси;
- жакырчылык маселеси;
- азык түлүк маселеси;
- энергетикалык маселе;
- экология жана туруктуу өнүгүү маселеси;
- демографиялык маселе;
- Дүйнөлүк океанды өздөштүрүү маселеси;
- согуш жаа тынчтык маселеси

Бул маселелерди чечүүнүн жолу кайсылар? Аталган глобалдык маселелерди чечүүдө эң биринчи кезекте дүйнөлүк согуштун алдын алуу керек. Экономикалык жана маданий жактан теңсиздикти жок кылуу; мында өнүккөн Европа өлкөлөрү менен Азия, Африка жана Латын Америка өлкөлөрүнүн айырмачылыктарын жоюу маанилүү. Адам менен табияттын ортосундагы кризистик абалды жөнгө салуу: табияттын булганышын, аны ашыра пайдалануу, ага зыян келтирүүнүн өтө чоң өлчөмдө болуусун жөнгө салуу. Калктын жайгашуусун жөнгө салуу: демографиялык жарылуу болгон жерди жана калктын төрөлүүсүнүн темпинин төмөндөп кеткен аймактарын жөнгө салуу ж.б.у.с. Жогоруда аталган глобалдык маселелерди төмөндөгүдөй үч топко бириктиришет: 1. адамзаттын дүйнөлүк термоядролук согушта жок болуу коркунучу; 2. дүйнөлүк экологиялык катастрофанын коркунучу; 3. адамзаттын руханий-нравалык кризиси.

Учурда демографиялык кырдаал адамзат үчүн өтө маанилүү. Жер планетасынын калкынын саны орточо эсеп менен 2% көбөйүп жатат, бул демографиялык жактан жарылууну пайда кылышы мүмкун. Калктын санынын өсүшү жөнгө салууну талап кылат. анткени өнүккөн мамлекеттерде калктын санынын өсүшү кескин төмөндөп кетсе, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө төрөлүүнүн саны көп экендигине карабастан, ошол эле учурда өлүмдүн саны да ошончолук жогору. Демографиялык процесстерде эки тенденцә байкалат: 1. Азия, Африка, Латын Амерка өлкөлөрүндө калктын тез темпте өсүшү; 2. Батыш Европа өлкөлөрүндө калктын санынын өсүшүнүн кескин төмөндөшү. Биринчисинде социалдык-экономикалык көйгөйлөр жаралат. Адамдардын ачкачылык, оору, билимсиздик маселесин жаратып жатат. Ал эми экинчисинде улгайган адамдардын кескин өскөндүгүн жана шитеп жаткандар менен пенсия курагындагылардын ортосундагы баланстын төмөндөгөндүгүн көрсөтүп жатат

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

1. Футурология деген эмне?
2. Футурологиянын маселелери кайсы?
3. Адамзаттын илимий-техникалык жактан өнүгүүсүнүн гуманисттик потенциалын талдагыла
4. Азыркы учурдагы глобалдык маселелер кайсылар?
5. Саясий, экологиялык, демографиялык маселелерди талдагыла

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**


1. Алексеев П.В., Панин А.В. Философия: Учебник.- М.: Проспект, 2020. – 592 с..
2. Алексеев П.В. Социальная философия: Учебное пособие. - М., 2004.
3. Боженов А.Э. Основы философии. Учебное пособие. – М.: Аспект Пресс, 2019. – 608 с.
4. Демина Л.А., Малюкова О.В., Бучило Н.Ф. Философия: Учебник. - М.: Проспект, 2020. – 360 с.
5. Деррида Ж. Глобализация. Мир. Космополитизм. Пер. с фр. Д. Ольшанского // «Космополис», 2004. - № 2 (8). - С. 125-140
6. Канке В.А. Философия. Курс для бакалавров: Учебник. - М.: Логос, 2005.


## Тема 22. Цивилизациялардын өз ара карым-катнашы жана келечектин сценарийи

1. Цивилизация түшүнүгү жана ар түрдүү концепциялар
2. Маданияттын жана цивилизациялардын көп түрдүүлүгү жана алардын диалектикасы

“Цивилизация” француз сөзү катары XVIII кылымда пайда болгон да прогресс менн окшоштурулуп келген. А.Смит “байлык” түшүнүгү менен жакындаштырып караган. Кээ бир изилдөөлөрдө адамдын жүрүм туруму, өзүн өзү тескөөсү катары кабылданган. Л.Морган адамзаттын өнүүгүсүнүн баскычы деп билген.

Цивилизация менен маданият байланышта жана жакындаштырылган түшүнүк болуп саналат. XX кылымда маданиятты антропологиялык түшүнүүдө цивилизация категориясы менен алмаштырыла баштаган.

Цивилизация – коомдун өнүгүүсүнүн материалдык жана рухий жетишкендиктеринин жыйындысы. Цивилизация – адам тарабынан кайра түзүлгөн, маданиятташтырылган тарыхый жаратылышты камтыйт (табигый жаратылышта цивилизациянын жашоосу мүмкүн эмес) жана кайра түзүүлөрдүн каражатын маданиятта өздөштүргөн жана өзүнүн жашоосунда маданиятташтырылган чөйрөдө жашоого жана аракеттенүүгө жөндөмдүү адамды камтыйт. Ошондой эле жашоосун жана улануусун камсыз кылуучу, маданияттын социалдык уюштурулушунун формасы катары болгон коомдук

мамилелердин жыйындысы. Коомдун формацияга бөлүнүүсү цивилизацияга социалдык аныктама, тарыхый конкреттүүлүк берет. Бирок цивилизация коомдук формацияга караганда глобалдуу түшүнүк. Алгачкы коомдук абалдан келип чыккан коомдогу формациялык айырмачылыктар – бул цивилизациянын өзүнүн ичиндеги айырмачылыктар. Цивилизация – бул социомаданий түзүлүш. Эгерде «маданият» түшүнүгү адамды, анын өнүгүүсүнүн чегин, ишмердүүлүктөгү, чыгармачылыктагы көрүнүү жөндөмдүүлүгүн аныктаса, цивилизация түшүнүгү маданияттын өзүнүн социалдык болмушун мүнөздөйт. Цивилизация түшүнүгүнүн алкагында технологиялык детерминизм мааниге ээ. Бул азыркы учурда Европада жаралган концепция. Бул боюнча өндүрүштүн техникалык каражаттары б.а. машиналар, механизмдер, компьютерлер, роботтор ж.б. ошондой эле илимий жактан негизделген технологиялык билимдер чечүүчү фактор болуп саналат, социалдык өнүгүүнүн мүнөзү жана багыты. Технологиялык детерминизмдин рамкасында эки агым бөлүнүп көрүнөт: технологиялык эвдемонизм – техника жана технологиядагы процесс автоматташтырылган түрдө социалдык каршылыктарды, таптык күрөштү, байлыктын, маданияттын бирдей эмес өлчөмдө бөлүнүшүн четке кагат. Технологиялык алармизм ушул прогресстин терс жыйынтыгын гана көрөт: социалдык-экономикалык каршылыктын күчөшү, инсандын үстүнөн болгон зордук зомбулуктун күчөшү, коомдук турмушта гуманизмге каршы туруу ж.б. Технологиялык детерминизм өзүнүн бардык көрүнүшүндө илимий техникалык революцияга дал келбеген мамиле жасайт. Ал техника жана технология тарыхый өнүгүүнүн ар кайсы стадиясында социалдык-экономикалык системага түрдүү натыйжаларды алып келерин эске албайт.

Цивилизация качан пайда болгон жана кандай цивилизациялар болгон деген суроого ар түрдүү жооптор болгон. Алсак, Н.Я.Данилевский болжол менен он бир түрүн көрсөтсө, О.Шпенглер сегиз цивилизация болгонун айтат: вавилон, египет, майа, антикалык, индия, кытай, араб, батыш. А.Тойнби анализдеп отуруп, жыйынтыгында он үч цивилизацяны белгилейт.

Цивилизациянын типтери катары булар белгиленет: 1. жашоосунун прогрессивдүү эмес формасы; 2. циклдүү өнүгүү; 3. прогрессивдүү өнүгүү. Н.Я.Данилевскийдин пикиринде тарыхтын жүрүшүндө цивилизация бир маданий-тарыхый типтен экинчисине өтпөйт, бирок таасирин тийгизет. Ал кандай жолдор менен таасирин тийгизет деген суроого басып алып колония кылуу менен ишке ашарын айтат. Экинчиден кошуп алуу жолу аркылуу болот. Жер бетинде көптөгөн маданияттар бар, алар дүйнөлүк тарыхтын өнүгүүсүнө өзгөчө түр берүү жөндөмдүүлүгүнө ээ жана бири бири менен байланышта.

**Өз алдынча даярдануу үчүн суроолор:**

1. Цивилизация деген эмне?
2. Цивилизацияга карата концепцияларды талдагыла
3. Маданияттын жана цивилизациялардын көп түрдүүлүгү жана алардын диалектикасы дегенди кантап түшүнөсүнөр?

**Тема боюнча окуп-үйрөнүүчү адабияттардын тизмеси:**


1. Алексеев П.В., Панин А.В. Философия: Учебник.- М.: Проспект, 2020. – 592 с..
2. Алексеев П.В. Социальная философия: Учебное пособие. - М., 2004.
3. Боженов А.Э. Основы философии. Учебное пособие. – М.: Аспект Пресс, 2019. – 608 с.
4. Демина Л.А., Малюкова О.В., Бучило Н.Ф. Философия: Учебник. - М.: Проспект, 2020. – 360 с.
5. Деррида Ж. Глобализация. Мир. Космополитизм. Пер. с фр. Д. Ольшанского // «Космополис», 2004. - № 2 (8). - С. 125-140
6. Канке В.А. Философия. Курс для бакалавров: Учебник. - М.: Логос, 2005.


## IX. Практикалык сабактарга даярдануу боюнча методикалык сунуштар:

Философия предмети боюнча түзүлгөн жумушчу программага ылайык практикалык сабактар уюштурулат. Лекциялык сабактарда өтүлгөн темалар кайра эле практикалык сабактарда кайталанат. Ошондуктан бул жерде темаларды кайталабастан, берилген тематиканы **“Дисциплинанын түзүмү”** бөлүмүн кароо менен студенттердин практикалык сабактарга даярдануусу сунуш кылынат. Практикалык сабактарга студенттер алдын ала берилген темалар боюнча даярданып келүүсү зарыл. Өтүлүп жаткан темалар боюнча конспектилерди жазышат, оозеки даяданып келип жупта, топто талкууларды жүргүзүшөт. Ар бир практикалык сабакта студенттердин даярдап келген жазуу иштери жана оозеки даярдыгы бааланат. Мындан сырткары алдынча изилдөө иштери, издеп табуу чыгармачылык иштери да жүргүзүлөт. Айрым темалар боюнча студенттер презентацияларды даярдап келишет.

**МАЗМУНУ**

**Киришүү ………………………………………………………………………. 3**

**Дисциплинанын аннотациясы ………………………………………………. 4**

**Предметтин түшүндүрмөсү …………………………………………………. 4**

**Дисциплинанын түзүмү ……………………………………………………… 6**

**Билим берүү технологиялары ………………………………………………. 7**

**Студенттердин билимин текшерүү**

**системасы ……………………………………………………………………… 8**

**Баалоо каражаттары ………………………………………………………….. 9**

**Дисциплинанын окуу-усулдук жана**

**маалыматтык жактан камсыздалышы ………………………………….. 9**

**Дисциплинанын кыскача мазмуну ………………………………………… 11**

**Практикалык сабактарга даярдануу боюнча методикалык**

**сунуштар ……………………………………………………………………… 136**

**Токоева Гүлдана Самидиновна** – философия илимдеринин доктору, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессор Ш.М.Ниязалиев атындагы философия жана гуманитардык илимдер кафедрасынын профессору

## ОКУУ-УСУЛДУК КОМПЛЕКС

# ФИЛОСОФИЯ

(“Экономика” жана “Юриспруденция” багытынын бакалавр квалификациясы үчүн)